**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Кол жазма укугунда

УДК 372.82 (3752)(0433)

**Джумабаева Гулайым Абдысаматовна**

# ДИН ТААНУУ БИЛИМИНИН МАЗМУНУН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы.

Педагогика илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражасын изденүү үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи:
педагогика илимдеринин
доктору, профессор
Добаев К.Д.

Бишкек – 2017-ж.

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ.................................................................................................3**

**I ГЛАВА. ДИН ТААНУУ МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ, РОЛУ ЖӨНҮНДӨ ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕР**

1.1. Диний маданият – адамзаттын жашоосунун ажырагыс бөлүгү, дин таануу илиминин калыптанышы жөнүндө кыскача маалымат.....................10

1.2. Илимдин жана диндин адамды өнүктүрүүчү өзгөчөлүктөрү...............21

1.3. Окуучулардын руханий өсүшү үчүн дин таануу билиминин зарылдыгы......................................................................................40

Биринчи глава боюнча корутунду...................................................55

**II ГЛАВА. ГЛОБАЛДАШУУ ШАРТЫНДА МЕКТЕПТЕРДЕ ДИН ТААНУУ БИЛИМИН КИРГИЗҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ**

2.1. Глобалдуу проблемалардан чыгуу үчүн дин таануу билиминин мааниси.............................................................................................57

2.2. Илимге жана дин таанууга бир жактуу мамиле кылган элдердин проблемалуулугу боюнча статистикалык анализ....................................... 66

2.3. Мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн максаты жана анын мазмуну.............................................................................................73

Экинчи глава боюнча корутунду..................................................................85

**III ГЛАВА. ОКУУЧУЛАРГА ДИН ТААНУУ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

3.1. Чет өлкөлөрдө жана Кыргызстанда динди таанууга арналган билим берүүнүн практикаланышы..............................................................86

3.2. Динди таануунун негизиндеги таалим-тарбия иштерин уюштуруу боюнча аракеттер............................................................116

3.3. Мектепте динди таануу сабагы боюнча таалим-тарбиянын усулдары жана алынган жыйынтыктар.................................................123

Үчүнчү глава боюнча корутунду..................................................................143

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**..........................................................................................144

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР**........................................................152

**ТИРКЕМЕ**.............................................................................................168

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Жаңыча социалдык-экономикалык мамилелердин орношу, мамлекеттин демократиялашуусу, элдин улуттук педагогикага кайрылуусу коомду өзгөрүүгө дуушар кылууда. Өспүрүмдөр арасында динди таанууга кызыккандар көбөйүүдө. Республикабызда 30дан ашык секталар, диний коомдор каттоодон өткөн. Каттоодон өтпөстөн, бийликтен жашырынып, тымызын аракетин жүргүзгөн экстремисттик уюмдар да бар. Диний чөйрөдө проблемалар көбөйүп, коом ичинде кооптуулук күчөөдө. Диний факторлор коомдогу абалды туруксуз кылып жиберүүгө жөндөмдүү экендигин эл аралык тажрыйбадан көрүүгө болот.

Методологиялык негизи коммунисттик идеологияга таянган педагогика кризиске келди. КМШнын курамына кирген өлкөлөрдө коммунисттик идеологиянын ордуна балдарды адептик-рухий (ыймандуулукка) тарбиялоого конструктивдүү идея издеп, улуттук салттарга, өткөн тарыхый тажрыйбаларга жана динди таанууга кайрылышууда.

РББАнын (РАО) экс-президенти Н.Д. Никандров: “Диний тарбиясыз жана аракетсиз коомдун рухий өнүгүүсү кечеңдейт. Динге мамилени жакшыртуу аркылуу рухий баалуулуктарга тарбиялоо Конституциянын принциптерине каршы келерин түшүнөбүз” – дейт. Ошого карабастан дүйнө жүзүндөгү көп өлкөлөр дин таануу же башка аталыштагы предметти окуу планга киргизүүдө [125].

КРнын “Диний билим берүү тууралуу” мыйзамы жалпысынан эл аралык укуктук актыларга туура келет: “Ар ким өзү тандаган динди тутууга жана жекече же башкалар менен бирдикте диний билим алууга укуктуу”. [54]. Мындай кырдаалда туура жол таап кетүү үчүн Кыргыз Республикасынын 2009-2015-жылдарда диний сферада мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн стратегиясынын долбоору талкуудан өтүп жатат. “Биздин өлкө эки ынкылапты жүзөгө ашырды, бирок өнүгүү байкалбайт, биздин аң-сезимибизде, ички рухий дүйнөбүздө өзгөрүү болмоюнча өнүгүү кыйын, андай өзгөрүү диний билим берүү аркылуу гана ишке ашуусу мүмкүн” – дейт

А. Жуманазарова [55, 21-б].

Ата-энелердин дин таануу боюнча билимсиздигинен пайдаланышып, секталар, “диний” коомдор өспүрүмдөрдүн аң-сезимине туура жана далилденбеген (туура эмес) маалыматтарды аралаштырып таңуулоодо. Секталардын ар биринин өз идеологиясы болот. Мындай көп идеологиясы бар өлкөдө жашаган элдин биримдигин сактап калуу, балага туура жолду аныктоо кыйын, көп идеология менен жашаган эл бири-бирине ишенбейт. Эл ичинде саясый-социалдык ишеним болбосо, эл бир нече диний жоболордун негизинде бөлүнүп, пикир келишпестик болсо, мамлекетте стабилдүү тартипти камсыз кылуу кыйын. Ынтымагы жок элде өнүгүү болбойт. Анда өкмөт жетекчилерине элди бириктирүү боюнча туура саясат жүргүзүп, эл ичинде ишенимди камсыз кылуу кыйын болот, бирок эл ичинде ишенимди камсыз кылуу – мамлекеттин жана анда кызмат кылган бардык органдардын милдети экендигин унутпашыбыз керек [113].

Коомдо рухий проблемалар (баңгилик, аракечтик, ыймансыздык ж.б.), окуучулар арасында психикалык проблемалар (депрессия, апатия, суицид ж.б.) көбөйүүдө. Ошондой эле жалган маданий окуулар (оккультизм, экстрасенсорика, сыйкыр ж.б.) окуучулардын аң-сезимине чабуул жасап жатышат. Өспүрүмдөрдүн көз караштары бири-бирине карама-каршы болуп, жаштар арасында келишпестик арбып, криминалдык проблемалардын масштабы кеңейүүдө. Республикабызда диний, сектанттык ж.б. ойломдогу адамдар өлкөбүздү бир нече саясый-идеологиялык топторго бөлүү коркунучун пайда кылууда. Мамлекеттик мектептерде “диндердин” (экстремизмдин, радикализмдин, деструктивизмдин ж.б.) зыяндуулугун түшүндүрбөсө, келечекте мамлекеттүүлүктү сактап калуу кыйын болот. Анткени сектанттар да, жалган маданий окууну таңуулагандар да активдүү аракеттенип жатышат [52].

Чыгыш элдеринин көпчүлүгүнүн интуициялык ойлому, Батыш элдеринин көпчүлүгүнүн логикалык ойлому жакшы өнүккөндүгү психологиялык адабияттарда белгилүү [75, 164, 151]. Чыгыш элдери динден

кол үзгөн эмес. Мамлекеттин өнүгүшү мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн интуициясынын өнүккөндүгүнөн көз каранды. Ал динди таануу менен байланыштуу деп ырасташат неотомисттик көз караштагы педагогдор [135]. Республикабызда “Дин маданиятынын тарыхы”, “Дин таануу” курсун (предметин) киргизүү зарыл экендиги айтылууда [52, 55, 73, 76]. Андыктан дүйнөлүк практикада жалпы билим берүүчү мектептерде дин таануу боюнча билим берүү жана тарбиялоо тажрыйбасын изилдөө зарылчылыгы пайда болду. Булар дин таануу билиминин мазмунун илимий негизде түзүүнүн актуалдуулугун аныктады.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги изилдөө иштери менен байланышы**: Диссертациялык иш КББАнын илимий изилдөө иштеринин тематикалык пландарына туура келет.

**Изилдөөнүн максаты:** Башка мамлекеттердеги мектептерде диний таалим-тарбиянын тажрыйбаларын үйрөнүү менен Кыргызстандагы мектептерде “Дин таануу” курсун киргизүүнүн жолдорун жана мазмунун аныктоо.

Изилдөөнүн максатын ишке ашыруу үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду.

1. Дин таануу боюнча билим берүү жөнүндө философиялык, педагогикалык, психологиялык адабияттарды талдоонун негизинде мектептерде дин таануу боюнча билим берүүнүн ролун ачуу.
2. КРда мектептерге дин таануу билимин киргизүүгө карата коомчулуктун мамилесин аныктоо.
3. Дин таануу билимин мектептерге киргизүүнүн себептерин, максатын тактоо.
4. Дин таануу курсунун мазмунун, аны окутуунун усулдарын иштеп чыгуу, мектептерде апробациялоо, изилдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн ролу аныкталып, аны киргизүүнүн зарылдыгы теориялык жактан негизделди; дин таануу билиминин мектепке киргизүүнүн себептери, максаты такталды; дин

таануу курсунун 8-11-класстарда окутулуучу мазмуну (программа) иштелип чыкты; мектептерде дин таануунун негизинде тарбия-таалимдин усулдары, формалары, мугалимге, окуучуга коюлган талаптар аныкталды.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** "Дин таануу" курсунун программасынын алгачкы варианты даярдалды. Аны азыркы шартта тандоо боюнча окутулуучу курстун программасы катары мектепте колдонууга болот. Изилдөөнүн негизинде табылган теориялык материалдарды жогорку окуу жайлардын теология бөлүмүндө педагогдорго окуу процессинде пайдаланууга болот. Сектага, экстремисттик коомдорго кирген, жалган маданий окууларга кызыккан окуучулардын кыйынчылыктары аныкталып, ага жараша тарбиялоо усулдары сунушталды. Дин таануу курсун окутуунун усулдары, мугалимдер үчүн методикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациялык коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Дин таануу билими адамдын ыймандык сапатынын калыптанышына, аң-сезиминин өнүгүүсүнө, жалпы дүйнө таануусуна өбөлгө түзөт, дин – дилди тазартуунун каражатынын бири.

2. Дин таануу билими дүйнөлүк конфессиялар жөнүндө маалымат берет, башка конфессиянын (иудаизм, христиан, буддизм ж.б.) өкүлдөрү менен толеранттуу мамиле түзүүнүн, тынчтыкта жанаша жашоонун жол-жоболорун үйрөтөт.

3. Дин таануу билиминин мазмуну – окуучуларга секталардын, экстремисттик, террористтик, радикалдык, деструктивдик коомдордун зыяндуулугун түшүндүрүүгө арналууга тийиш.

4. Учурда дин таануу билиминин максатын, милдеттерин аныктоо, аны окутуунун жолдорун иштеп чыгуу актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы**. Кыргызстанда алгачкылардан болуп, дүйнөлүк билим берүү системаларында мектептерде динди таанытуунун логикасы, тажрыйбасы, табылгалары боюнча теориялык изилдөө жүргүзүлдү, мектептерде дин таануу билиминин педагогикалык процесстеги орду

бөлүнүп көрсөтүлдү. Кыргыз Республикасынын конфессиялык абалын эске алып, жалпы билим берүүчү мектептерде окутулуучу “Дин таануу” курсунун программасы иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.** Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиясынын демилгеси менен “Дин таануу” курсунун программасы www Reliqion. kg адреси боюнча интернет сайтка (2009) элдин сынагына коюлду. Изилдөөнүн негизги жоболору төмөнкү иш-чараларда талкууланды: Бишкек шаарында 2002-ж. өткөн “XXI кылымдагы билим берүү: Баалуулуктар жана келечектеги багыт” аттуу эл аралык конференцияда (КББА), 2010-жылы Ж. Баласагын ат. КУУнун демилгеси менен уюштурулган “Адамзаттын өнүгүүсүндө диндин орду” деген аталыштагы эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 2011-жылы ОшМУнун, КББАнын демилгеси менен өткөн “Инновациялык билим берүү: абалы жана келечеги” – деген IVсимпозиумда, 2013-ж. КРлык “Исламда илим жана билим” аттуу I илимий симпозиумда (И. Арабаев ат. КМУ, Ислам Университети), 2014-ж. Бишкек шаарында өткөн “Ханафизм жана Кыргызстандагы азыркы учурда диний кырдаал” аттуу симпозиумда (И. Арабаев ат. КМУ), 2016-ж. Москвада өткөн «Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии» аттуу XLIX эл аралык илимий-практикалык конференцияда, проблема боюнча баяндамалар, макалалар мугалимдердин август кеңешмелеринде талкууланды. Диссертациянын негизи, жоболору, жыйынтыктары “Адамзаттын рухий өнүгүүсүндө диний билимдин ролу” – деген аталыштагы китепте (2013) чагылдырылды. Изилдөөнүн жыйынтыгы жарыялоо аркылуу жүргүзүлдү. Бардыгы болуп 19 илимий иш, анын ичинде 5 мугалимдер үчүн методикалык колдонмо чыкты. Изилдөө № 11 мектептин базасында, И. Арабаев ат. КМУнун теология факультетинде 2-5-курста “Дин таанууну окутуунун методикасы”, “Диний педагогика” боюнча өз практикабызда эксперименттик сынакта тастыкталды. Сектага кирип кеткен окуучулар менен иш алып барууга, окуучуларды динге толеранттуулукка тарбиялоого карата (мугалимдерге) методикалык сунуштар жазылды.

Сынакка 140 адам (71 окуучу 48 сектант, 19 студент, 2 мугалим) катышты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 5 методикалык колдонмо, 14 макала жарык көрдү.

**Изилдөө үч этапта өткөрүлдү. Биринчи этабында** (1999-2006-жж.) педагогикалык, философиялык, психологиялык, адабияттарды анализдөө аркылуу окуучулардын интуициялык ой жүгүртүүсү жашоодо чечүүчү роль ойной тургандыгы, анын аң-сезимдин өнүгүшүнө түздөн-түз байланышы бар экендиги жөнүндө маалымат табылды. Интуицияны өнүктүрүү үчүн диний билимдин, тарбиянын ролу жөнүндө маалымат чогултулду.

**Экинчи этабында** (2007-2011-жж.) окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүнүн педагогикалык, психологиялык, диний негиздери изилденип, адептик аң-сезимди, жогорку аң-сезимди өнүктүрүүнүн, адептик-рухий тарбиянын диний жана илимий мазмуну, методдору салыштырылып, педагогика илимдеринин негизиндеги тарбиялык мазмундун, методдун кемтиктүү жери жөнүндө материалдар топтолду.

**Үчүнчү этабында** (2012-2016-жж.) Дүйнөлүк билим берүү системасындагы диний билим берүү тажрыйбасы, мектептерде диний билим берүүнүн максаты, жалган маданий чөйрөлөрдүн окуучулардын аң-сезимине тийгизген таасири, диний билимсиз коомдордун, элдердин психикалык проблемалары, исламий, христиандык чөйрөлөрдүн баалуулуктары, илимий жана диний билим менен чектелген элдердин проблемалары боюнча статистикалык анализ жасалды. Өспүрүмдөргө терс таасирин тийгизип жаткан “диндердин” (секталардын) коркунучтуу жактары жөнүндө маалымат табылды. Илимий билим менен чектелген коомдордун рухий сыркоодон (баңгиликтен, аракечтиктен, сойкулуктан, кылмыштуулуктан ж.б.) кутула албастыгынын себеби жөнүндө материалдар чогултулду. Мектептер үчүн «Дин таануу» курсунун программасын иштеп чыктык.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** Изилдөө ишинин актуалдуулугун, изилдөө багытын камтыган киришүүдөн, үч бөлүмдөн,

189 пайдаланылган маалымат булактарынын тизмесинен, тиркемеден турат. Тиркемеден тышкаркы жалпы көлөмү – 167 бет.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу, максаты, милдети, коргоого алып чыгуучу жоболору жазылды. Изилдөөчүнүн илимге кошкон салымы, изилдөөнүн апробацияланышы, изилдөө этаптары, жүрүшү тууралуу маалымат берилди.

**Биринчи бөлүмдө** дин таануу илиминин изилдениши, адептик-рухий тарбияда илимдин жана диндин ролу, адамды өнүктүрүүчү багыттары, диндин адамды өнүктүрүүчү функциялары жана социологиялык мааниси жазылды. Адамдын логикасынын, интуициясынын өнүгүшүндө илим менен диндин ролу, ыймандык-рухий өсүү үчүн диний билимдин зарылчылыгы, илимий билимдин жетишсиздигине карата аргументтер келтирилди.

**Экинчи бөлүмдө** глобалдашуу шартында дин таануу билиминин мааниси, адамды өнүктүрүү боюнча педагогика илимдеринин, билим берүү системасынын мүчүлүштүктөрү, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн себептери жазылды. Илимий жана диний билимге бир жактуу мамиле кылган элдердин проблемалуулугу боюнча статистикалык анализ жасалды. Дин таануу билимисиз коомдо ыймандык-рухий тарбиянын жетишсиз болоруна карата аргументтер көрсөтүлдү. Мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн себептери, максаты, мазмуну кыскача баяндалды.

**Үчүнчү бөлүмдө** чет өлкөлөрдө жалпы билим берүү системасында дин таануу билимин берүү тажрыйбалары, дин таануунун негизиндеги таалим-тарбиянын түрлөрү, христиандык, исламий баалуулуктар кыскача берилди. Окуучуларды адептик-рухий тарбиялоодогу диний методдор, практикалык аракеттердин түрлөрү, мектепте дин таануу

боюнча таалим-тарбиянын милдети, мугалимге, окуучуга коюлуучу талаптары жазылды.

**Корутундуда** жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары жалпыланып, изилдөөдөн келип чыккан жыйынтык чыгарылып, илимий-методикалык сунуштар берилди.

# I ГЛАВА. ДИН ТААНУУ МАДАНИЯТЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ, РОЛУ ЖӨНҮНДӨ ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕР

## 1.1. Диний маданият – адамзаттын жашоосунун ажырагыс бөлүгү, дин таануу илиминин калыптанышы жөнүндө кыскача маалымат

Дин таануу билими – бардык тарыхый доорлорду ичине камтыган, маданияттардын өнүгүшүн изилдөөгө салымы бар, тарбиянын башка тармактарындай эле окуучунун аң-сезимине, рухий дүйнөсүнө таасири бар илимий билимдердин бири. Азыр дин таануу предмети дүйнө жүзүнүн көп өлкөлөрүндө мектептерге киргизилген. Мектептерге диний билимдин зарылчылыгы жөнүндөгү идеяны чет өлкөлүк окумуштуулар: Р. Стоундун [164], О.Н. Топбаштын, М.К. Гюлчурдун, Россиялык окумуштуулар: Г. Алимованын, П.М. Булатова-Захаричеванын, Р. Гайнудиндин, Б.С. Гершунскийдин, А.И. Ильиндин, В.С. Кукушиндин, Б.А. Козыконун, Ф.Н. Козыревдин, С.Н. Лазаревдин, М.Ф. Муртазиндин, М.М. Манасеинанын, Н.Д. Никандровдун, А. Некрасовдун В.А. Турковскийдин, А.М. Хазановдун, Л.А. Харисованын, Е.В. Чмелеванын ж.б. [23, 131, 166, 177] эмгектеринен кезиктирүүгө болот. Азыркы саясый, социалдык, экономикалык кризистин себеби элдин адептик-рухий кризиске келиши менен байланыштуу деп эсептеген окумуштуулар: Т.Б. Аскарова, Б.С. Гершунский, Г.Д. Глейзер, Т.Н. Любан, Н.Д. Никандров, Н.Г. Лыкова, Л.А. Харисова ж.б., алар бул кризистен чыгуу үчүн мектептерге диний билимди киргизүүнүн зарылдыгын [39, 66, 85, 110, 125, 177] эмгектеринде белгилешүүдө.

КРда бул идеяны Т.А. Абдырахманов, Т. Бакир уулу, Э.Ш.Бектуров, А.К. Жумабаев, М.К. Иманкулов, Н.У. Курманова, К. Осмоналиев, А.С. Ормушев К.Үтүров ж.б. эмгектеринде көтөрүүдө. Азыркы тарбиялык системада окуучулардын адептик-рухий тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүү зарылчылыгын: Т.И. Власова, Г.Д. Глейзер, И.С. Колесова, А. Остапенко, Б.С. Суворов ж.б. [26] педагогдор белгилеп жүрүшөт.

Диндин маданияттагы орду, илим менен диндин өз ара байланышы

жөнүндөгү маалыматтарды В.Л. Бачанинанын, В.И. Гараджанын, А.И. Клибанованын, И.В. Метликтин, Л.Н. Митрехинанын, И.Н. Яблокованын ж.б. [35, 110] ж.б. эмгектеринен табууга болот. Диний билимди өздөштүрүү окуучулардын жалпы маданиятынын, гуманисттик көз карашынын калыптанышына оң таасири жөнүндө: Ю.С. Гурованын, И.А. Галицкийдин, М.Е. Калашникованын, Ф.Н. Козыревдин, Е.С. Королькованын, А.М. Леонованын, А.В. Митолягинанын, Р.К. Мухаммеддин, Т.В. Склярованын, А.Л. Соколованын, Т.Г. Человенконун, В.Л. Ширяеванын ж.б. [79, 117] эмгектеринде кездешет. Россияда революциядан мурдагы жана чет элдик диний билим берүү тажрыйбасын педагогикага киргизүү боюнча эмгектенген окумуштуулар: В.В. Зеньковский, С. Слободский (христиандык педагогика), Е. Шестун (православдык педагогика), А. Гармаев (чиркөөлүк педагогика), Л.А. Харисова, М.Ф. Муртазин (исламий педагогика). К.Д. Давлетин, С.Ю. Дивногородцева, В.М. Филиппов ж.б. окумуштуулар салттуу динди (православиени) калыбына келтирүү, окуучулардын адептик-рухий тарбиясына оң таасирин тийгизери жөнүндө адептик-рухий тарбияга арналган конференцияларда белгилеп жүрүшөт [115, 177].

“Илимий билимдер аркылуу эл жетишерлик өстү, бирок, рухий өсүү үчүн ал билимдер жетишсиз болуп калды. Элдин мындан аркы өсүшүнө диний билим зарыл. Эгерде өсүмдүктүн тамыры мурунку идишке батпай калса, аны чоңураак идишке отургузуш керек, болбосо ал өспөй калат. Ал идишти алмаштырбаса, өсүмдүк солугандай эле диний билимсиз эл солуйт. Дубдун өсүшү үчүн чоң идиш да жетишсиз. Элдин өсүшү үчүн илим жетишсиз”, – деген сыяктуу ойлор азыр көп айтылууда (Пегги Джейс Дженкинс) [53].

Диний билимсиз мектепте адептик-рухий тарбиянын өксүктүү боло тургандыгы жөнүндөгү ойлорду П.Дж. Дженкинстин [53]., Н.Д. Никандровдун [125],

Р. Стоундун [164], А.Свияштын [177], Л.А. Харисованын ж.б. [ ] эмгектеринен табууга болот. Адамзаттын эң көрүнүктүү ойчулдары,

акылмандары Конфуций, Будда, Анаксагор, Сократ, Платон, Аристотель ж.б. байыркы замандан баштап акыйкатты таанууга умтулушкан. Орто кылымдарда Вольтер, Руссо, Локк ж.б. орустун улуу ойчулдары Ф.М. Достоевский, В.С. Соловьев, Н.А. Бердяев ж.б. акыйкатты жана рухий өнүгүү жолун издешкен.

Адамзаттын өнүгүү тарыхында диндин ролу жөнүндө ойлорду Н.Д. Никандровдун [125], О.Н. Топбаштын 131 [], Р. Стоундун [] ж.б., 164] эмгектеринен кезиктирүүгө болот. КРда бул ойлорду Т.А. Абдырахмановдун, М. Арстанбектин, И. Букарбайдын, Э.Ш. Бектуровдун, А.К. Жумабаевдин, Э. Дуйшеновдун, М.К. Иманкуловдун, А. Калмаматовдун, Н.У. Курманованын, С. Мырзаибраимовдун, Б. Мурзараимовдун, К.Осмоналиевдин, А.С. Ормушевдин, Ө.Чотоновдун ж.б. [16, 52, 73, 113, 119] макалаларынан кездештирүүгө болот.

Эми дүйнөлүк айрым диндердин пайда болушу жөнүндө кыскача токтололу. Байыркы Чыгыштагы диндер б.з.ч. IV кылымдын аягында Нил, Тигр, Ефрат, Карун, Керхе, Инд дарыяларынын боюнда, Египеттин, Месопотамиянын, Эламдын, Харапптын дыйканчылык өнүккөн жерлеринде пайда болгон. Дин жөнүндө байыркы доордун адамдары да ойлонушкан. Ал жаңы пайда болгон мезгилде, диндин өнүгүшүндө алардын жалпылыктары (бирдейлиги) көп болгон. Байыркы Грециянын дини Эгей деңизинин Балкан жарым аралында Кичи Азиянын батыш жээгинде б.з.ч. II миң жылдыкта пайда болгон. Ал индоевропалык (эллиндерде) ахей, дорий, ионий, эолий деп аталган гректердин урууларында калыптанган. Байыркы грек ойчулдары диндин табиятын түшүнүү үчүн, ал кантип, качан пайда болгонун билиш керек дешкен. Буддизм б.з.ч. I миң жылдыктын ортосунда Индиянын түндүгүндө пайда болгон. Иудаизм б.з.ч. II миң жылдыктын башында, Жер Ортолук деңиздин жээгинде, Чыгыш семиттердин урууларында, христианчылык б.з. I миң жылдыктын башында Рим империясында, ислам дини б.з. 570-жылы Сауд Аравиясында пайда болгон. Христиандын үч багыты бар: католицизм, православие, протестантизм. Православие

христианчылыктын чыгыш багыты, ал 1054-жылы пайда болгон [141,150-б ].

Орусияда биринчи исламий адабияттар IX кылымда жазылган. Алар байыркы орус адабиятына грек тилинен котормолор, хроника жана христиан чыгармалары аркылуу кирген. Даниил Паломниктин (XII к), Стефан Новгородецтин (XIV к) эмгектеринде Орусиянын территориясында мусулмандар жашагандыгы белгиленет. XIII кылымда Орусиянын территориясында Алтын Ордонун саясый жана маданий таасири башка маданияттагы элдердин исламий билимге кызыкчылыгын пайда кылган. XVI кылымга чейин орус адабиятында исламга карата душмандык мамиле байкалбайт. И. Грозныйдын 1552-жылдагы окуясынан кийин ал (душмандык) пайда болгон. 1681-жылы Иван V падышанын буйругу менен православие полимисти И. Галятовский (1688) Куранды поляк, орус тилине которгон. Тилекке каршы ал исламий окуунун негизи, мазмуну, духу менен тааныш эмес болгон. Ошондон баштап исламий салттуу дин жөнүндө бурмаланган маалыматтар орус тилиндеги адабияттарга кире баштаган [141, 28-б].

XVIII кылымдын аягында немец ойчулу И. Г. Гердердин «Адамзаттын тарыхында философияга жакындоо идеясы» (1784-1791) деген китебинде: «Дин – адамзаттын биримдигин максат кылган окуу» – деген. Ал китепте ар бир маданияттын баалуулуктары, европалыктардын, дүйнө элдеринин улуттук салттары, адеби, үрп-адаттары жөнүндө жазылган, ал элдин кызыгуусуна түрткү болгондуктан, башка элдердин тилин, элдик поэзиясын, чыгармачылыгын үйрөнүп, изилдей башташкан. Мындай аракет этнографияны (элдердин рухий маданиятынын чыгышын, салтынын үрп-адаттарын өзгөчөлүктөрүн изилдей турган илим), фольклористиканы (фольклор жөнүндө илимди) жана мифологияны изилдеп үйрөнүүгө себеп болгон. Европада «Дин жөнүндөгү илим» деген түшүнүк Магдебург университетинде жылына жарык көрүүчү (1804-1806) китепчесине кирген. Британиялык диндин тарыхын изилдөөчүсү Э. Берноу менен Фридрих Макс Мюллердин (окуучусу менен бирге жазган) «Семиттик монотеизм” – деген китебинде да «Дин жөнүндөгү илим» (1860) деген термин колдонулган.

Батышта динди таануу илими философия менен тарых тогошкон аймагында калыптанган. Ал башка социалдык илимдер (социалдык психология, социалдык гигиена ж.б.) менен бирге өнүккөн. Ушул мезгилде немец интеллигенциясынын таасири аркылуу орус эли дин таануу, этнография илимин таанышып, Россия империясында жашаган элдердин дини, ишенимдери жөнүндө материал чогултушкан. Өзгөчө В.Н. Татищевдин жана М.В. Ломоносовдун эмгектери жана көптөгөн илимий экспедициянын натыйжасында ойлонуу динди таанууда чоң роль ойногон.

1720-ж. Сибирге Илимдер академиясынан экспедиция жөнөтүлгөн. XVIII кылымдын биринчи жарымында Камчатка жана Улуу түндүк экспедициясы, Урал, Поволжье экспедициясы иштеген, алар пайдалуу маалыматтарды табышып, жергиликтүү элдин ишеними, үрп-адаты, флора жана фауна жөнүндө маалыматтарды борборго жөнөтүшкөн.

Тарыхый, методологиялык салыштыруу, тилди, этномаданиятты үйрөнүү, социологиялык изилдөөлөр өнүккөндөн баштап “Дин таануу” илими өз алдынча тааным жолу катары таанылган. «Дин таануу» предмети өз алдынча комплекстүү билим берүүнүн областы катары калыптанууга ылайыктуу жагдай XIX кылымда пайда болгон, бирок анда берилүүчү билимдер көп кылымда топтолгон. Ал конституциялык статуска социалдык философия, тарыхый философия, антропология, психология жана башка илимдердин тогошкон областын үйрөнгөн мезгилде ээ болгон. “Дин таануу” өз алдынча илимдин тармагы катары XIX кылымдын экинчи жарымында калыптанган [141].

Орус маданиятынын жана рухий дүйнөсүнүн калыптанышында христиан, кыргыз маданиятынын калыптанышында ислам дининин таасирин танууга болбойт. Советтер Союзунда 70-жылдардын аягында динди изилдөө академиялык практикага кирген, бирок дин таануу түшүнүгү англисттин «Religous studies» - динди изилдөө; Cultuals studies – маданияттарды изилдөө деген сөзү сөзмө сөз которулуп, культурологияга аналогиялуу мааниде колдонулган. Дин таануу илимин атеисттик көз караштагы адамдар

изилдешинин натыйжасында дин бурмаланган, азыр да дин жөнүндө негативдүү маалыматтар бар [141].

Кыргыз жергесинде орто кылымдын башында ислам динин жайылтуу максатында мектеп, медреселер ачылып, башталгыч окуу жайлар болгон. Мектептер араб тамгасы менен балдардын сабатсыздыгын жоюп, эл диний билимди өздөштүргөн. Мындай мектептен билим алган акын, философ, Жусуп Баласагын (1069-1070) жазган «Кут алгы билим» жана Махмуд (Барскани) Кашгари (1072-1074) жазган «Дивани лугат-ат тюрк» (Түрк сөздүгүнүн жыйнагы) аттуу эмгектери – даанышмандардын ислам маданиятына кошкон салымы, педагогикалык мурастын үлгүсү. Ж. Баласагын менен М. Кашгаринин эмгектери жөнүндө философия илимдеринин доктору Ш. Базарбаев «Орто кылымда алгачкы эки ири илимий-адабий эстелик түзүлгөн», – деп белгилейт. Орто кылымдарда (IX-X) араб тили менен ислам дини Орто Азиянын маданиятына таасирин тийгизип, өтө тездик менен өнүгүшүн камсыз кылган мезгилин А. Мец «Мусулмандардын ренессансы» – деп белгилеген. Орто кылымдарда илим менен дин бири-бирин толуктап турган [12, 20-б].

Ислам дининин тарыхын, анын таасири астында адамдардын коомдук аң-сезиминин, дүйнө таанымынын калыптанышын Орто Азияга жана Казакстанга белгилүү окумуштуулар Х.З. Акназаров, А. Артыков, С.А. Табышалиев, А.П. Ярков, ж.б. изилдешкен. Булардын ислам таанууга арналган эмгектеринде материалисттик көз караш үстөмдүк кылат. Алардын эмгектери Совет мезгилиндеги марксисттик-лениндик окууга негизделген методологияга таянып жазылган. Азыркы мезгилде исламга, диний таанымга карата мамилелер өзгөрдү, жогорудагы эмгектер күчтүү идеологиянын курмандыгы болгондугун, ал акыйкатка каршы, бир жактуу болгондугун турмуш көрсөтүүдө. Мусулман жана христиан элдердин ортосунда диалог түзүшүндөгү маселелерди изилдеген окумуштуулар: Р. Бухараева, М. Хатами, Ю.А. Михайлова, Л.И. Медведко ж.б.

Б.Н. Кузык менен Ю.В. Яковецтердин: «Цивилизациялар: теория,

тарых, диалог, келечек» – деген фундаменталдуу эмгегинде исламий дүйнөнүн (христиан дүйнөсү үчүн) «жаңы жактары ачылган» [90]. Э. Исханоглынын «Тынчтыкта жанаша жашоонун маданияты», Тарих Алинин «Фундаментализмдердин кагылышы», көрүнүнүктүү ислам таануучу М. Бахунскийдин «Россия жана ислам» деген эмгектеринде ислам маданиятынын жакшы жактары жазылган. Россиядагы диний (христиандык) билим берүүнүн негизинде адептик-рухий тарбиянын методологиялык негизин В.А. Бердяев, С.Н. Булгаков, В.В. Зеньковский, И.А. Ильин, В.О. Ключевский, Н.О. Лосский, В.В. Розанов, П.А. Флоренский диний-философиялык эмгектеринде негиздешкен. Диний билим берүү боюнча азыркы мезгилде РББАнын (РАОнун) экс-президенти Н.Д. Никандров, көрүнүктүү окумуштуулар: В.И. Слободчиков, Л. Харисова, Д.Д. Зуев, Н.Н. Моисеев ж.б. демилгелүү эмгектеринде жазып жатышат [114].

Эми айрым диний түшүнүктөргө токтололу. Латынча «religio» деген сөз – ыйык, уяттуулук, такыбалык, дин деп которулат. Дин деп жалгыз Кудайдын бардыгына ишендирүүчү, дүйнөгө көз карашты калыптандыруучу, жашоого даярдануунун жол-жобосун үйрөтүүчү, атайын жүрүм-турум аракетин калыптандыруучу окууну аташат. “Дин таануу” предмети (курсу) деп – жалпы билим берүүчү мектептерде диний маданияттын негизин, адеп-ахлак нормаларын түшүндүрүүгө, дүйнөлүк диндер жөнүндө кыскача маалымат берүүгө арналган предметти (курсту) аташат, б.а. дин таануу предмети дегенибиз – бүткүл дүйнөлүк диндердин, улуттук диний ишенимдердин негизин үйрөтүүгө арналган сабак.

Ислам дини деп VII кылымда Аравиянын семиттик (семиттер деп арабдарды, еврейлерди, абиссинияндарды ж.б. аташат) элдерде калыптанган монотеисттик динди аташат, ал дүйнөлүк диндердин бири, аны Ибраимдин (ас) дини деп да аташат. Ислам дини – мусулмандардын жашоосуна сиңген адептик-рухий баалуулуктардын системасы, илимий, маданий казына, пайгамбарлардан калган мурас [91]. Теология (грекче theos – Кудай, логос – окуу) деп – дин ажыттарын, Кудайдын аракети жана анын бардыгы

жөнүндөгү доктриналарды (теориялардын системасын) үйрөтүүчү окууну, дин илимин, диндин жыйнагын аташат. Теология илими иудаизм, христиан, ислам диндерин салыштырып окутат, изилдейт. Теологиянын мазмуну авторитардык мүнөздө, аны сындоого болбойт, текшерүүдөн өтүүгө мүмкүн эмес деген жобого негизделген. Эркин философиялык ойлорго, принциптерге ал – туура келбейт [159]. Азыр дин таануу илими өз алдынча комплекстүү предмет аралык байланыштагы сабак, ал диндердин методологиялык принциптерин изилдейт, гуманитардык предметтердин парадигмасына, теориясына үндөш. Азыркы «дин таануу» илими беш илимий тармактан турат: диндин тарыхы, диндин социологиясы, диний антропология, диний феноменология, диндин психологиясы. Алардын ар биринин методологиялык традициясы бар, алар бири-бирин толуктап турушат [141].

XX кылымда диндерди салыштырып изилдөө аркылуу ар кандай маданияттардын ар түрдүү формаларын көрүшүп, христиан изилдөөчүлөрү – ар бир дин өзүнчө уникалдуу деген жыйынтыкка келишкен [141,13-б]. Азыркы “дин таануу” илими бардык диндерди (христиан, ислам, иудаизм), диний-философиялык окууларды (буддизм, индуизм), салттуу, региондук, улуттук диндерди, азыркы диний кыймылдарды, ырым-жырымдардын жыйнагын, жалпы адамзаттык баалуулуктарды бирдиктүү изилдейт. «Дин таануу» предметин изилдөө өткөн мезгилде да, азыр да адамзаттын тарыхын кошо изилдөө аркылуу жүргүзүлөт. “Дин таануу” предметинин изилдөө объектиси болуп – бардык диндер эсептелет. Дин таануу курсун (предметин) өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу илимий-методикалык багыттар: окутуунун мазмунун гуманитарлаштыруу, гумандаштыруу, билим берүү системасын интеграциялоо, элдик мурастарга, улуттук рухий дөөлөттөргө кайрылуу ж.б.

Дүйнөлүк илимий коомчулукка дин көп кылымдан бери толук илим катары белгилүү, бирок Россияда аны азыркы күнгө чейин философиялык билимдердин областына таандык илим катары эсептешет, мунун Кыргызстандыктардын көз карашына таасири тийүүдө. “Дин таануу” – бул адамдардын көз караштарын, баалуулуктарын, этикалык системасын

үйрөтүүчү илим, адистик, коомдун конфессиялык проблемаларын чечүүгө жардам бере турган багыт (М.М. Шахнович) [141]. Муну өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр экстремизмдин, этносепаратизмдин (элдердин бөлүнүүгө умтулушунун) себептерин, коомдун этнос аралык, конфессиялык абалын прогноздоого (илимий маалыматтарга таянып алдын ала айтууга), стратегиялык (жалпы максатка жетүү үчүн жол башчылык кылууга керектүү) ой жүгүртүүгө үйрөтөт. «Дин таануу» предмети балдарга дүйнөлүк диндер жөнүндө маалымат берет, анда диний адамдын жалпы мүнөздөмөсү сүрөттөлөт.

Ар бир дүйнөлүк диндердин өзүнүн илимий мектеби, иштелип чыккан спецификалык методологиялык принциптери, динди изилдөө жолдору бар [176]. Ар бир дин экзистенциалдык (латынча exsistentia – тиричилик кылуу, бар болуу, жашоо философиясы, иррацианалдуу багыт) суроолорго жооп берет.

Белгилүү ислам таануучу, саясый илимдердин доктору Рафик Мухаметшиндин пикири боюнча «Мектептерде диний билим берүүнүн оптималдуу формасы – «Дүйнөлүк диндердин тарыхын» берүү эсептелет. Ал өзү ушул курстун программасын, окуу китебин түзүүгө катышкан. КРда окумуштуулар А.С. Ормушев, М.К. Иманкулов, Б. Мурзараимов ж.б. “Дин маданиятынын тарыхы” курсун киргизүүнүн үстүндө эмгектенип жатышат. Белгилүү ислам таануучу А.В. Малышеванын пикири боюнча «ислам таануу» илимий багыт катары калыптануусу совет доорунда башталган. «Ислам таануу» маселесине этнографтар, филологдор, философтор, тарыхчылар катышкан. «Бул факт азыр динди (исламды) Ата Мекендик историяграфияны (тарыхый маалыматтын өнүгүшү жана тарыхый булактар жөнүндөгү илимди) анализдөөгө терс таасирин тийгизип жатат. Ал убактагы ислам таануучулардын 80%ын эмгектери компиляциялуу (бирөөнүн эмгегинен алып жазылган) мүнөздө болгон, аны советтик саясатка ылайыкташтырган, атеисттик көз караштын таасири тийген». 1980-жылдардан бери этностук жана диний айырмачылыктын натыйжасында

пайда болгон чыр-чатактын табигатын А.В. Малышева, Э. Томе, М.Хишама ж.б. изилдешкен. Радикалдуу исламдагы айрым аспектилер А. Беннигсен, О.Карре, Н. Кедди, Ж. Кеппель, М. Крамер, Ш. Лемерсье-Келькеже, Е.Мартимер, М. Олькот ж.б. эмгектеринде кенен баяндалган. Дал ушул мезгилде ислам дүйнөсү жөнүндө коркунучтуу образ иштелип чыккан. Алар мусулмандарды дүйнө жүзүн бийлеп (башкарып) кетет деген «коркунучтуу» прогноз беришкен. Булардын айрым авторлору исламий окууну радикализм, терроризм, экстремизм менен идентификациялашкан (теңдештиришкен, окшоштурушкан). Жогоруда көрсөтүлгөн авторлордун пикирине карама-каршы пикирдеги чет элдик жана Россиялык окумуштуулар да бар. Алар: Д.Волл, Э. Сиван, М. Эткин, Д. Эспозито, З.С. Арухов, Р.Г. Гаджиев, Д.В. Макаров, Ю.А. Михайлов ж.б. [175].

1980-жылдан баштап «кайрадан куруу саясаты» башталган. Айрым окумуштуулар дин (ислам) жөнүндө өзүнүн оюн жазууну каалашкан, бирок эркин изилдөөгө бул тема жабык бойдон калган. Окумуштуулар марксисттик-лениндик методологиянын чегинен чыгып, альтернативалуу методология табуу үчүн алгачкы аракет кылган. Бул багытта Татарстандык жана Дагестандык окумуштуулардын 1990-жылдардагы алгачкы публикациялары ийгиликтүү болгон. А.В. Малышеванын пикири боюнча: политологиялык метод колдонбосо, ислам дүйнөсүндө диний жана саясый проблемаларды ажыратып өздөштүрүү кыйын. «Ислам таанууну» айрымдар ислам менен илимий (гуманитардык) билимдер тогошкон аймакта изилдешсе, айрым окумуштуулар исламды христиан позициясынан карашкан (А.М. Хазанов, М.А. Сабитов ж.б.). Ошондуктан айрым изилдөөчүлөрдүн эмгегинде «джихадизм», «неофундаментализм», «исламизм», «исламды саясый максатка пайдалануу», «исламий радикализм» деген сыяктуу терминдер көп кездешет. Исламий дүйнөгө негативдүү мамилеси бар авторлордун эмгектеринде «илимий» публикацияларда, ЖМКда, саясый ишмерлердин докладдарында ачык даана эмес маалыматтар көп кездешет [148, 175-б.].

“Дин таануу” илимин изилдөөдө мусулмандар илимий методологиялык платформа катары − исламий окууну карманышат. Ал окуу маданияттуулукка үйрөтүүнү, системалуулукту жана туура ой жүгүртүүгө үйрөтүүнү ичине камтыйт. Мусулмандар окумуштуунун эмгегин окугандан кийин терең ойлонуп, маалыматтардын маанисин анализдеп, автордун идеясын Куранга, хадистерге салыштырып, автордун сөзүнүн тууралыгын же жаңылыштыгын аргументтүү далилдер менен текшеришет. Алардын илимий изилдөө формуласы – теория-тажрыйба-анализ-практика түрүндө ишке ашат, алар жалаң эксперимент менен чектелишпейт, ар бир тажрыйбаны теориялык билим менен негиздешет. Буга мисалдарды О.Н. Топбаштын, М.К. Гюлчурдун, Ф.М. Муртазиндин ж.б. эмгектеринен табууга болот [130].

РИАнын (Россия Илимдер Академиясынын) этнология жана антропология институтунун изилдөөчүсү А.А. Ярлыкованын эмгектеринде «салттуу ислам» жана «салттуу эмес ислам» деген терминдер кездешет. Анын пикири боюнча: «салттуу эмес ислам − зыяндуу нерсе, аны менен күрөшүү керек». Ал «салттуу ислам» деп Советтер Союзунда 73-жыл саясат жүргүзүлүп, «элдин аң-сезими иретке келтирилип калган» исламды “салттуу ислам” – деп атайт. Ал эми чет элдик (арабдар билген) динди “коркунучтуу” – деп ырастайт. «Чындыгында Россиядагы ислам, диндин деформацияланган формасы болушу мүмкүн» – дейт А.М. Хазанов [175]. А.А. Ярлыкова чет өлкөлүк исламды «карылар гана билген ислам», аны айрым жерде “псевдоислам” деп атаган. «Мусулмандардын диний башкармалыгындагы адамдарды радикалдуу исламий адамдар» – деп атайт ал. «Өзгөчө Түндүк Батыш Кавказдын мусулмандарын радикалдуу мусулмандар», – деп эсептейт. Ал аймакта салттуу ислам катары суфизм агымын аташат, бирок ал жерде бардык мусулмандар суфисттер эмес. Биздин Республиканын мусулмандары эхли сүннөт вал жамаатты (пайгамбардын сүннөтүн кармангандарды, Ханифий мазхабын) салттуу ислам деп аташат.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин кыргыз жарандарынын диний жана маданий баалуулуктарын кайрадан калыбына

келтирүүгө аракети жандана башташы талашсыз. Республика демократиялык жолду тандап, Конституцияда расмий түрдө динди саясаттан бөлүп салды. Мындай бөлүнүүнүн оң, терс жагы коомдо азыр даана байкалып калды. Мамлекет диний билим берүүнү көзөмөлдүккө албагандыктан, адамдар динди мыйзамсыз жолдор аркылуу үйрөнө баштады. Айрым адамдар Батыштан келген иегова, баптист сыяктуу секталарга кирип, «динди» үйрөнүүгө аракет кылса, айрымдары сабатсыз «дин» кызматкерлеринен үйрөнүп, ахмедия, бахаит, шия сыяктуу диний агымдарга кирип, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч туудурууда.

Суверендүүлүккө жетишкен мезгилден бери Сауд Аравиясынан, Ливандан, Пакистандан, Иорданиядан, Индиядан ж.б. өлкөлөрдөн диний билими жок адамдар келип, балдарга «диний» (секталык) билим беришкен. Анын терс таасири тийген. Ал жаштардын арасында жокчулуктан, жумушсуздуктан аргасыз сектага киргендер да бар.

Азыр ОшМУда, И. Арабаев атындагы КМУда, Манас атындагы Кыргыз-Түрк университетинде, Арашан гуманитардык институтунда теология бөлүмү иштеп жатат. Ал бөлүмдө студенттерге динди таанууга карата билим берилет. Окуучулар ар кимден далилсиз маалыматтарды угуп, туура эмес көз карашы калыптанганга караганда, билимдүү адистердин колунан билим өздөштүрсө коомго да, мамлекетке да пайдалуу болот.

### *1.2. Илимдин жана диндин адамды өнүктүрүүчү өзгөчөлүктөрү*

Дин – маданияттын эң байыркы формасы. Америкалык Гэлапп институтунун изилдөөлөрү боюнча бүгүнкү күндө Азия элинин 89%, Латын Америкасынын 96%, АКШнын 89%, Африканын 90%, Батыш Европанын 78% динге (Кудайга) ишенишет [86]. Ю.Н. Кружковский «Адам жөнүндө окуу» (1993) деген китебинде «Илим менен дин бири-бирине кайчылаш эмес, ошондой эле карама-каршы да эмес, – деген ойду жазган. «Демек, алар кээде тогошуп, кээде бири-бирин толукташат».

«Дин адамдын табиятына, үй-бүлөгө жана коомго таасирин тийгизип

келген», – дейт  Ф.М. Достоевский «Бесы» деген китебинде. «Дин – адамзаттын жашап кетүүсүнүн зарыл бөлүгү», – дейт А. Свияш [151]. Диндин адамзатты аң-сезимдүүлүккө тарбиялоочу таасирин XXI кылымдын прогрессивдүү педагогдору танышпайт. Мисалы: В.С. Кукушин, Б.А Вульфсон, Б.С. Гершунский [30, 38, 86].

Көпчүлүк адамдар окумуштууларды динге ишенишпейт деп ойлошот. Киев университетинин профессору П.Я. Светлов (1914) илим менен динди чогуу алып жүргөн улуу окумуштуулардын 165 тизмесин атаган. Алар: Г.С. Ом, Д. Бернулли, А. Вольт, Р. Декарт, Д.И. Менделеев, Д.К. Максвелл, Б. Паскаль, В.К. Рентген ж.б. Көпчүлүк окумуштуулар диний кызмат өтөшкөн. Мисалы: математик О.Л. Коши, астроном И. Кеплер, химик Д.И. Менделеев ж.б. Орто кылымдарда Чыгыш, Жакынкы Чыгыш, Орто Азия окумуштуулары динге ишенишкен. Дүйнөдөгү биринчи алгебраны Аль-Хорезм, биринчи тригонометрияны Ат-Туси, биринчи эсептөө борборун Улугбек, эң так календарды Омар Хайям б.а. мусулмандар түзүшкөн.

Табигый илимдер диний илимдерге карама-каршыбы? – деген суроого Ренольд «Акыркы жылдардагы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча Кудайдын ар кайсы мезгилде адамзатка берген маалыматтарына каршы же шек келе турган эч нерсени көрө албадым», – дейт.  «Илим Кудайдын бар экендигин түшүнүүгө жана аны таанууга көмөктөшөт»,– дейт ал. «Бир нерсе жаратууда мен Кудайды сеземин», – деген астроном И. Кеплер. «Илим дегенибиз – ишенимге (динге) жол», – деп ырасташкан астроном А.Секки, химик Бойль, физиктер Эрстед, Кельвин, Ампер, Рэлей. «Биз Кудайдын жараткандарына табигат аркылуу байкоо жүргүзөбүз жана аны таанып, билүүгө көтөрүлөбүз», – дешкен [86].

Эми илимдин жана диндин адамды өнүктүрүүчү багыттары жөнүндө токтололу. Дин – адамдын рухий калыптанышынын негизи, өзөгү. Диндеги негизги тема – адам, анын ыймандык (рухий) тарбиясы, аң-сезимин өнүктүрүү, тартипке чакыруу, дилдин (психиканын) соолугу жөнүндө камкордук көрүү. Эгерде илим ойду өнүктүрсө, дин адамдын сезимдерин

тарбиялайт. Илим − акыл аркылуу дүйнө тааным жолу болсо, дин − аңдоо, көөдөн (көкүрөк) аркылуу дүйнө тааным жолу, б.а. дин – дүйнөнү түшүнүүнүн илимден башкача жолу, ал адамдагы рухий дүйнөнү калыптандырат. Илимий билимдер адамды рационалдуу, логикалуу ой жүгүртүүгө үйрөтсө, дин таануу билими − иррационалдуу ойломго, адамды космостук аң-сезимди сезүүгө, аны менен гармониялуу жашоого үйрөтөт [130]. «Илим адамзаттын келечегин акыл аркылуу жакшылыкка умтулуудан көрөт, дин адамзаттын келечегин Жаратkandын ыраазылыгы үчүн адеп-ахлагын жакшыртуудан жана рухий өнүгүүдөн көрөт» (Р. Стоун). Платон адамзаттын келечегин адамдын жакшылыкка умтулуусунан эмес, Жаратkandын өзүнүн бул дүйнөнү жакшыртуусунан көргөн. Илим акылды өнүктүрөт, б.а. адамдын ойлонуу, түшүнүү жөндөмүн өнүктүрөт, дин – ыймандуулукту калыптандырат [163].

Илимий тааным процессинде ойдун ар кандай аракети (операциялары) анализ, синтез, абстракция, жалпылоо, конкреттештирүү, системалаштыруу салыштыруу, корутундулоо ж.б. катышат. Акыл аркылуу адам материалдык дүйнөнү, коомду, адамдын денесин (анатомияны, физиологияны) тааныйт. Дин аркылуу адамдын рухий (дил, жан) дүйнөсүн тааныйт. Окуу планда каралган предметтердин (музыка, сүрөттөн башкасынын) баарынын (б.а. илимдин) негизги максаты – адамды акылдуулукка, жашоого үйрөтүү. «Планетада жашаган адамдардын көпчүлүгүн материалдык кызыкчылыктар көбүрөөк кызыктырат, көпчүлүк эл рухий кызыкчылык менен жашабагандыктан рухий жактан жеткиликтүү өнүкпөй калышкан. Биз азыр алыскы планеталардын, галлактикалардын түзүлүшү жөнүндө билимибиз көбүрөөк, ал эми адамдын аң-сезиминин табигаты жөнүндө билимибиз жетишсиз. Көзгө көрүнгөн нерселерди тааныйбыз, көрүнбөгөн (ой, рух, дил ж.б.) нерселер жөнүндө билимибиз жетишсиз» (Р. Стоун.) «Көзгө көрүнгөн нерсенин баары акылга таанылгандай талашсыз эмес». (Сократ) [163].

А.Эйнштейн: «Илим динсиз кынтыктуу (төкөр), дин илимсиз сокур» – деген. Гарвард университетинин профессору Е.О. Уилсон: «Динге жакын

адам үчүн ишеним – акыл-эстин өтө татаал кубаттуу күчү» экендигин ырастайт [84]. «Майда ойлогон, түшүнүгү тайыз адам гана дин менен илимди бири-бирине каршы коёт. Булар бири-бирине каршы эмес, илим жана дин дүйнөнү, ааламды, анда бийлик жүргүзгөн, адамдын акыл-эсинен алда канча жогору болгон акыл-эсти (Кудайды) түшүндүрүүчү (аныктоочу) эки башка жол», – деген А.Эйнштейн. «Диний терең ишеними болбогон адамдан чыныгы окумуштуу чыгышын мен элестете албайм. Илим динден бөлүнүп өнүгө албайт. Кудайдан бөлүнгөн илимге ишенүүгө болбойт, – деген А.Эйнштейн. (Science, Philosophy And Religion: A Sympo-im 1941.ch 13).

«Илимий билимдер – адамдын бул дүйнөдөгү жашоосуна зарыл нерсе, диний билим – пайдалуу илимдердин негизгиси, анткени ал адамдын эң чоң муктаждыгы дене менен рухтун түбөлүк бейпилдигин камсыз кылат. Пайгамбарлардын мураскорлору болуп илимий жана рухий (диний) билими барлар эсептелет» (Имам Газали). «Рак, инсульт, инфаркт – дененин дарты, текеберчилик, эки жүздүүлүк, кайдыгерлик ж.б. – рухий дарт. Илимий билимди өздөштүргөн акылдуу болот, диний билимдүүлөр ыймандуу болушат. Акылдуу бул жашоодогу ийгилик жөнүндө кам көрөт, ыймандуулар эки дүйнөнүн бактылуулугу жөнүндө кам көрөт» (О.Н. Топбаш) [130].

Эгерде адам акыл менен көөдөндү ыйман нуру менен айкалыштырса, акыл да, көөдөн да улуу максатка ылайык жамалга (кемелге) жетет. Бул оңой олтоң иш эмес. Аны үчүн диний билим, рухий тарбия зарыл. Акыл менен көөдөн эки башка багытта аракеттенет. Бири акыл, ой чабыты менен жараян этет (анализ, синтез, салыштыруу ж.б. операция жүргүзөт), бири сезим аркылуу аракеттенет. Көпчүлүк учурда акыл, ой чабыт менен сезим бири-бирине баш ийбейт, себеби акыл заттекке (материалдык дүйнөгө) жана напсиге, ал эми көөдөн рухка жакын болот. Акыл өзүмчүлдүктү (индивидуализмди), көөдөн камкордукту (коллективизмди) талап кылат. Акыл менменсинүүгө умтулат, көөдөн кичи пейилдикти каалайт. Акыл шектенүүгө, көөдөн ынанымга, чын ыкластуулукка ийкем. Акыл өз көмөчүн

ойлонсо, көөдөн көпчүлүккө кам көрүүнү ойлойт. Акыл көздөгөн максатына жетүү үчүн ак-караны ылгабай жан үрөйт, көөдөн болсо, акты карадан ылгап, таза жүрүүгө далбас урат. Акыл тапкычтыкка, көөдөн бейпилдикке ийкемдүү болот. “Элдик дидактикалык жоболорго ылыйык, акыл менен таанып, көөдөн менен туюлган гана чыныгы билим адамдын рухий көрөңгөсүнө айланат” (А. Алимбеков) [3, 35-б]. Муса (ас) пайгамбарга Кызыр алейхисаламдын жолугуу тарыхы, акылдын ыймандуу көөдөнгө салыштырмалуу алсыздыгын аңдап түшүнүүгө арналган [130]. Акыл бир тамчы суу сыяктуу болсо, көөдөн чалкыган деңиз сыяктуу болот. Акыл тизгин сыяктуу, көөдөн арабакеч сыяктуу. Эгер акыл көөдөнгө үстөмдүк кылса, адамдын өмүрүнүн тең салмактуулугу бузулат. Анда адамдын эки дүйнөсү коромжу болот. Анткени эки дүйнөнүн бактылуу жашоосун камсыз кылууга акылдын толук мүмкүнчүлүгү жок. Акылга сезим үстөмдүк кылса, (арабакеч менен тизгин орун алмашкан сыяктуу) денеси чоң кырсыкка учурайт. Андыктан аң-сезимге тизгинди берип, акылды ага жардамчы, жөлөк кылуу керек. Акыл ар качан, ар жерде аң-сезимдин көзөмөлдүгүндө болушу керек. Ошондо акыл, көөдөн экөө бири-бири менен айкалышып, ак жолду беттейт. Акылдын көөдөнсүз чабыт алышы, көөдөндүн акылдан алыс арыш ала элегинен коркунучтуу. Акыл көөдөн менен айкалышканда адам марифатуллох (динди, илимди өздөштүргөн) даражасына жетет, бул аң-сезимдүү аракет аркылуу ишке ашат. Адамдын көөдөнүндөгү ыйманы чабал адам – бир канаты сынык куш сыяктуу, анткени илимсиз дин сокур, динсиз илим төкөр. Акыл напсинин ырахатына багытталган билгиликке ээ кылат. Напсинин ырахатына багытталган билгилик рухка пайда бербейт, диний билгилик рухтун ырахатына багытталат. Напси – белге байлаган оор таш сыяктуу. Жашоодогу эң чоң жетишкендик – эч качан напсиге жеңилбегендик [130]. Диний билимден алыстап, илимий билимге (акылга) чектелген адам компасы жок кеме сыяктуу. Мисалы, юридикалык билими бар адам кара кылды как жарган калыстык керек болгондо акылына таянат. Адам акылы чектелүү. Адам билүүгө мүмкүн нерсени гана биле алат. Тарыхта бүгүн жакшы деп ойлогон

нерсе, кийин жаман болуп чыккан, бүгүн туура көрүнгөн нерсе, кийин туура эмес болуп чыккан учурлар аз эмес [130]. Мындай шартта жазыксыз адам (К. Тыныстанов, Т. Айтматов сыяктуулар) жазаланып, жазыктуу жазасыз калат. Өз акылына гана таянган көөдөнү бош кызматкерлер элге кызмат кылуунун ордуна түйшүк жаратат. Алган билимин элди өнүктүрүүгө жумшабай, өз кызыкчылыгына жумшайт [130].

Медицина илими адамдын анатомиясын, физиологиясын, жашоо мыйзамдарын үйрөтсө, дин – рухтун, дилдин купуя сырларын, өнүгүү мыйзамдарын үйрөтөт. Илимий билимдер табигатта кездешүүчү объективдүү (математикалык, физикалык, химиялык ж.б.) мыйзамдарды үйрөтсө, дин таануу билими дүйнөлүк диндерди тааныганды үйрөтөт. Экономикалык билимсиз адам материалдык баалуулукту ысырап кылышы мүмкүн, диний билимсиз адам өмүрдү ысырап кылышы мүмкүн. Илимий билимдер акыл аракетин талап кылат. Диний билим аңдап түшүнүүнү, сезүүнү талап кылат. Илимий билимдер диний билимге жакындыгына жараша ар бири өзүнчө баага арзыйт [130, 201-б].

Адамдын көөдөнү (ички дүйнөсү) изгиликтин да, түркөйлүктүн да түнөгү болот. Ички дүйнөсүндөгү изгилиги же түркөйлүгү аркылуу адамдын акыреттик тагдыры аныкталат. Адамдын ички дүйнөсүн изгиликтин түнөгүнө айландыруучу окуу – дин. Дүйнө – рух зынданы сыяктуу. Ар бир билимдүү адам өз талабына жараша математика, астрономия, медицина, философия ж.б. билимдерди өздөштүрүшү мүмкүн, бирок булар көз ачып жумгуча өтө турган дүйнөдө керектүү билимдер. Бул илимдер рухка азаптан кутулуунун жолун көрсөтө албайт (О.Н. Топбаш) [130] .

Акыл материалдык баалуулуктарды көбөйтүүгө керек, бирок ал напсинин туткунунда калса, адам азапка кабылат, өзү азапка кабылган адам башкаларды да азапка салат. Напсинин туткунунда калган адамды тарбиялагандан жырткычты үйрөтүү (дрессировкалоо) жеңил [131]. Диний жана илимий билимдерди акыл-эстүү түрдө айкалыштыра албагандар, адамдын рухий дүйнөсүн жана бытие менен байланышкан маселелерди терең

түшүнө алышпайт [131].

Идеалисттик көз караштагы окумуштуулар: «Илим менен динде чыр-чатакка себеп жок, – деп эсептешет. РТИАнын (Россиялык Табигый илимдердин академиясынын) академиги А. Акимов: «Исаак Ньютондун мезгилине чейин эч ким динди илимден бөлгөн эмес”, – дейт. “Механиканын мыйзамдарын Кудайдын мыйзамдарынан чыгардым», – деген И.Ньютон. «Дин – адамдын духун көтөрүү жолу, жогорку максатка, идеалга жетүү үчүн тырышып эмгектенүү, күрөшүү менен жүз жылдыктар талап кылган өнүгүүнү бир өмүрдө ишке ашыруу жолу», – дейт М.М. Манасеина [108].

Адамдын ой жүгүртүүсү рационалдуу же иррационалдуу, интуитивдүү же логикалуу болот. Илимий билимдерди өздөштүрүү менен чектелгендер логикага сыйбаган адамдын интуитивдүү ой жүгүртүүсүн жакшы түшүнө алышпайт. Илимий билимдерди өздөштүрбөгөндөр логикалуу ойлордун тизмегин оңой түшүнө алышпайт. Ошондуктан илимий билим менен чектелген адамдар менен диний билим менен чектелген адамдардын пикир келишпестиги көп учурайт. Иррационалдуу ойду логиканын негизинде түшүнүү кыйын. Акылы гуманитардык нуктагы адамдарга математиканын айрым маселелерин түшүнүү кыйын. Акылы математикалык нуктагы адамдарга гуманитардык илимдер менен чектелген адамдардын оюн түшүнүү кыйын. Өзү түшүнбөгөн билимди (адамдарды) жээрий берүү туура эмес. Ал маданиятсыздыкка жатат. Илимдерди үйрөн, үйрөнө албасаң, үйрөнгөндөрдүн пикирин сыйла, башкача ой жүгүрткөн адамдардын өздөштүргөн билими сиз билбеген (өздөштүрө элек) нерсе болушу мүмкүн. Демек, толеранттуу болуу керек .

Адептик-рухий (христианда), ыймандык (исламда) билимдин негизин дин түзөт. Биздин коомдо таланттуу, чыгармачыл, күчтүү саясый лидерлерди аздектешет (кумир, пир тутушат), пири көп элдин кири көп болууда, коомдун стабилдүү эместиги элдин рухий абалына терс таасирин тийгизүүдө. Материалисттик көз караштагы илимпоздор үчүн дин – эскиликтин калдыгы катары бааланат. Илимпоздордун айрымдары диндин аң-сезимдүүлүккө

тарбиялоочу мүмкүнчүлүктөрүн этибар алышпаган, бирок диндеги илимий тил менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон фактыларды (мисалы, дубанын аң-сезимге таасирин, акылы оопай болгон, б.а. жин оорусуна чалдыккан адамга дем салып айыктырууну ж.у.с.) ырым-жырымдарга ишеним катары көрсөтүүгө аракет жасашат.

«XXI кылымдын башында профессионалдуу педагогика кризиске келди. Азыркы күндө адептик аң-сезимди өнүктүрүү, рухий (ыймандуулукту) калыптандыруу боюнча эл кризиске келген», – дейт Б.А. Вульфсон [30]. «Адамзаттын тарбияланышына орчундуу салым кошкон улуу окутуучуларды: Будданы, Исаны (ас), Мухаммедди (сав) педагогикага жолотпой коюп, илим өзү кемтиктүү болуп калды», – дейт. Г.Н. Волков [28].

Диний билимдин адамды өнүктүрүүчү потенциалы көп түрдүү. П.Хрестиндин пикири боюнча: «Ой жүгүртүүнүн өзгөчө формасы менен таанышууга жана окуучуларды когнитивдик өнүктүрүүгө, келечеги кең боло турган тажрыйбага, билимге, ээ болууга, аларды түшүндүрүүгө диний билим керек. Мында диний символикалык тилди үйрөнүү өзгөчө роль ойнойт". "Символдордун көп функционалдуулугу жана семантикалык (айрым сөздөрдүн маанисин изилдөө) тилдеги айрым өзгөчөлүгүн, сыйымдуулугун диний практикада жана диний чеберчиликте көрсөткөндөй тааным каражаты катары бай, ачык, даана эч бир жерде көрсөтүлбөйт, диний билим аркылуу жаңы мүмкүнчүлүк ачылат», – дейт Р. Мухамедшин (Россия).

И.П. Павлов: «Динди жок кылууга пропагандалоо туура эмес. Мен динди адамдын табигый, мыйзамдуу, өзүн сактап калуу инстинкти катары карайм. Адам бардык жаныбардан жогору болуп көтөрүлүп бөлүнүшүнө, өзүн жана табигый дүйнөнү таанышына, алгачкы катаал, каардуу шартка ыңгайлашууга дин керек болгон. Азыр дин илимге жол берип жатат. Илимий билим динди толук алмаштырып адамды канааттандырат деген ишеним менде жок. Илим адамга кыйынчылыкты жеңүүгө мүмкүнчүлүк берсе, дин илимий жол менен жаңы шартка ыңгайланыша албаган чабал адамга керек нерсе. Дин көз караштардын системасы катары илимден мурда

калыптанган», – деген журналисттерге жазган катында. И.П. Павловдун бул сөзү "Өзүн сактап калуу мүмкүнчүлүгү төмөн окуучуларга дин таануу билими зарыл", – деген ойго алып келет.

Гарвард университетинин профессору, философ Уильям Жеймс: «Илим интеллектти өстүрөт, дин аң-сезимди негативдүү ойлордон тазалаганга жардам берет. Депрессиядан (кайгы, санаага баткан оорудан) айыктыруунун эң күчтүү каражаты – диний ишеним», – дейт. Биз буга макулбуз. Негативдүү эмоциялар менен жашоо, адамдын агрессиясынын жогоруланышына түрткү болот же депрессиялуу абалга жеткирет. Агрессиялуу адамдар айланасындагылардын багытына активдүү таасир этишет. Депрессивдүү адамдар өздөрү кош көңүл, сабыры суз болушат [94]. Акыл-эсти өстүрүүгө китеп – билим булагы болсо, аң-сезимди өнүктүрүүгө Куран – жээги көрүнбөгөн океан сыяктуу, – дешет теолог-окумуштуулар. Аны окуган сайын улам жаңы маалымат табыла берет, анткени андагы маалыматтардын тыгыздыгы өтө жогору болгондуктан бир окуганда мээ анын айрым гана бөлүгүн өздөштүрө алат, кийинки жолу мурда өздөштүрө албаган нерсени байкайт. Адам аны окуган сайын ниетин, оюн оңдоо, жүрөгүндө мээримдүүлүгүн арттыруу керек экендиги жөнүндө маалымат алып турат. Ниетин, оюн көзөмөлдөбөгөн адам толук кандуу рухий жактан өнүгө албайт. Аны көзөмөлдөбөсө, жаман ниет менен жаман ой адатка айланат, жаман адат жаман мүнөздүн калыптанышына себеп болот. Натыйжада трагедиялуу тагдырлар көбөйөт, криминал өсөт. Илимий билимдердин чегинде ниетин, оюн оңдоо, жүрөгүндөгү мээримдүүлүгүн көзөмөлдөө усулу колдонулуп келе жатат, бирок рухий кризистен чыга албай жатабыз.

Илимий билимдер: «Адамдын жашоосунун арты өлүм менен бүтөт», – деп ырастайт, диний билим: «Адамдын акыреттик жашоосу, тозогу же бейиши болот», – деп ырастайт. Жашоосу чектелүү деп эсептеген адамдын ойлому чектелүү болот. Жандын жашоосунун чексиздигине ишенген адам аны да ойлойт, ой жүгүртүүсү кенен, терең, масштабдуу болот. Адам илим

менен техниканы жакшы өздөштүрүүдөн рухий дүйнөсү тазарып кетпейт, андан акылы өсөт, акылдуу митайым, арам ойлуу, амалкөй, куулук-шумдукту билбеген карапайым адамдан коркунучтуураак [121].

Азыр илимий билим менен чектелип, Батышты карай багыт алып, индивидуализмди жактыргандар бар. Индивидуализм бар жерде өзүмчүлдүк бар болот. Өзүмчүл өз кызыкчылыгын гана ойлойт. «Өз кызыкчылыгын гана ойлогон скептикалык (чектелген, бардык нерсеге шектүү көз караш менен караган, объективдүү дүйнөнү таанып билүүгө мүмкүн эмес деген) ойлор менен чектелет. Андай адамдар аалам менен гармониялуу жашоо керек экендигин унутуп калышат. Гармония бузулган жерде жашап кетүү кыйын. Илимий билимдердин чегинде калган адам аалам менен гармониялуу жашоого жетише албайт» (А. Некрасов) [121].

Исламий окууда ладуний (диний педагогиканын зээндүүлүктү өнүктүрүүгө арналган бөлүгү) илим деген бар. Бул илим адамдын рухий жашоосуна арналгандыктан, напсини тарбиялоо жана жүрөктү аруулоо максатын көздөйт. Бул илим – Кызыр алейхисалам өздөштүргөн илим. Ал илим акыл менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон нерсени аңдап таанууга жардам берет. Ладуний илим жүрөктүн илхамынан алынган хикматтар менен куралдангандыктан, ал илимде суроо-жооп усулу жараксыз, өтүмдүү эмес. Суроого жоопту акыл ойлонот. Бул илим башка илимдер сыяктуу окуу менен чектелүү эмес, ихсан сезимин сезүүгө, ыймандык деңгээли боюнча көтөрүлүүгө арналат. Ал акыл-эсти өнүктүрүү менен чектелбейт. Зиректикти, зээндеги көрөңгүнү өрчүтүүгө, напсини тизгиндөөгө орчундуу маани берилет. Канчалык убаракерчилик, сабыр, чыдамдуулук менен алынуучу илимди «зуль-жаханнайн» (дүйнөлүк жана акырет илими) деп аташат [131].

Илимий тааным жолдун методологиялык негизи – бир философиялык (идеалисттик, материалисттик ж.б.) окуу, мамлекеттик документ эсептелет, динде философиялык окуу, илимий, саясый документтер методологиялык платформа боло албайт, дин философияга таянбайт. Дүйнөлүк диндердин (ислам, христиан, будда) өзүнүн илимий мектеби, иштелип чыккан

спецификалык методологиялык принциптери, диндердин көп түрдүүлүгүн изилдөө жолдору бар.

Философия илимин терең өздөштүргөн илимпоздун логикасы жакшы өнүгөт, ал өз акылынын өнүгүү деңгээлин башка адамдардын өнүгүү деңгээли менен салыштырып, аны адекваттуу баалайт. Өзүн жогору сезүү сезими пайда болот, бул текеберчиликке жол берип коюуга алып келет, өзүн жогору сезген адам андан ары өнүкпөй калат. Акылы башкаларга караганда өнүгүп кетсе, акылдан азап тартуу дайыма актуалдуу боло тургандыгы А.С. Грибоедовдун «Акылдан азап» деген китебинде айтылган. Ал эми адамдын динге кызыгуусу туруктуу болсо, ал текеберчиликтен кутулууга умтулат, анткени текеберчиликтин натыйжасында Иблис бейиштен чыгарылгандыгын дин эсине салып турат. Өнүгүү жолунда токтобой аракеттенген адам акылмандуулукка жетиши мүмкүн. Текеберчиликке келген философтор акылмандуулукка жетпей калып жатышат. Адамдын акылынын өнүгүүсүнүн чеги жок. Ошондуктан төрөлгөндөн өлгөнгө чейин адам билим алууга милдеттүү деп ырастайт диний окуу.

Рационалдуу ой жүгүртүү деп илимий билимге негизделген ойломду аташат. Рационалдуу ойлом – логикалуу ойломго синоним, ал адамдын акыл-эсинин аракетине негизделет. Илимий рационалдуулук, башкаруудагы рационалдуулук деген терминдер бар. Турмуштук маанилүү проблеманы чечүүдө рационалдуулукту тандаган адам, эмоцияны, кумардануну, субьективдүү пикирди максималдуу четке кагат. Рационалдуу ойлом билимге, алган маалыматка таянат, ал маалыматтын негизинде жүргүзүлгөн операцияларды (анализ, синтез, индукция, дедукция, салыштыруу ж.б.) толук бойдон колдонот. Илимий рационалдык ойломдун негизинде адамзаттын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү аз экендиги XX кылымдын экинчи жарымында (аягында) аныкталды. Аны азыр ыймансыз (бездуховный), псевдорационалдуу деп окумуштуулар аташууда (П.В. Алексеев). Анткени атмосферада, жер алдында көптөгөн атомдук жардыруулар болгон, Чернобыль АЭСиндеги авария он миңдеген адамдардын өмүрүн

курмандыкка чалып, табигый чөйрөнү масштабдуу зыянга дуушар кылды, техно-цивилизациянын таасири жаратылышты экологиялык кризиске алып келди. Адамзаттын акыл-эси адаша бере тургандыгын тарых өзү далилдеди [4]. Башкаруунун командалык-административдик системасы да акыл-эстин ойлоп тапканы. Ал айрым адамдардын тобунун кызыкчылыгын коргоп, элдин көпчүлүк бөлүгүнүн жашоосуна зыяны тийип турган система экендиги далилденди. Мисалы, СССРда 30-жылдары 40 млн. адам репрессияланып кеткен. «Акыл-эс менен зордоп, киргизилген сциентизм (илимди, маданиятты, коомдун идеалдуу жашоосун абсолютташтыруу) зыяндуу эле болуп чектелбейт, ал коркунучтуу», – дейт Н.А. Новиков [128].

Н.Н. Моисеев «Адамдын кылган ишинде, адам менен мамиле түзүшүндө, мүнөзүнүн калыптанышында рационализмдин принцибине негизделген ой жүгүртүүгө караганда иррационалдуу ойломдун ролу жогору», – дейт. Чындыгында эле көбүнчө адамдын жашоосунун толук же кемтигин сезиши, кубанычы же кайгысы, анын ички дүйнөсү, иррационалдуу ойлому, элестетүүлөрү менен байланыштуу. Ошол ички сезимдин, туюмдун, ойломдун (адамдын калыптанышында) ролу чоң. Педагогикалык коомчулуктун көңүлүнүн борборунда ушул нерсе турушу керек. «Адамдын келечегине жол ачууга жөндөмдүү ачкычы – элдин көрөңгүсүндө түптөлгөн акыл-эси менен иррационалдуу ойломун синтездөө (эки бөлүкчөнү бириктирүү) керек», – дейт Н.Н. Моисеев [114]. Азыркы мезгилде илимпоздор, прогрессивдүү адамдар дүйнө жүзүндөгү абалды баалоо менен рационалдуу ой жүгүртүү аркылуу дүйнө таануунун толук эместигине көзү жетип калды. Адамдын илимий билим менен гана чектелип, ал эми адептик-рухий (ыймандык) билими боюнча вакуумда калышы коркунучтуу экендигин прогрессивдүү адамдар билишет.

Акыркы жыйырма жылдыкта илимий рационализм көп сынга алынууда. Илимий рационализмге негативдүү мамиле кылган элдин саны өсүүдө. Азыр анын төгүн (туура эмес) жактарын издешүүдө. Көп адамдар төгүн рационализмге альтернативалуу багыт катары – гуманисттик көз

карашты, философияны, экзистенциализмди (20-кылымдын башында пайда болгон, тиричилик кылууда иррационалдык ойломду жактаган философияны), динди эсептешет. Европада илимий рационализмдин кризиске келиши, европа маданиятындагы кыйынчылыктардын көбөйүшү ага себеп болууда. Илимде, социалдык турмушта рационалдык ойломдун мындай үстөмдүгү мурдагы бир канча кылымдарда болгон эмес [135].

Көпчүлүк адамдар христианчылыктын адептик нормалары азыркы жашоонун негизи болушу керек, – деп эсептешет. Мусулмандар үчүн адамзаттын жашоосунун негизин ислам түзүш керек. Будданын адептик нормаларын жактоочулар да аз эмес. Диндин мазмунунда илимий маалыматтар, адептик-рухий тарбиялык сюжеттер бар. Диний билимдин өзөгү – ишеним. Диний ишенимдин өзөгү адамдын рухунун Кудай (исламда Алла, христианда үчилтик кудай) менен мамилелешүүсү түзөт. Дин караманча илимге каршы нерсе эмес. Диндин илимге каршы деген түшүнүктү чиркөө адамдары ойлоп табышкан. XIX кылымда табигый илимдерди таануу боюнча илимпоздорду куугунтуктоо, тыюу, жазалоо көп болгон. XIX кылымда француз философиясында адепсиз (вульгардуу) материализм, XX кылымда атеисттик түшүнүк үстөмдүк кылган. Ошондуктан көпчүлүктүн аң-сезиминде дин менен илим бири-бири менен чогуу болушу мүмкүн эмес деген мнимый (жалган) пикир калыптанган [4].

Илимий-техникалык билими терең, бирок диний билиминин деңгээли төмөн өлкөлөр моралдык, саясый, социалдык, экономикалык кризиске келишүүдө. Биз ошолордун катарына киребиз. Диний билими терең эмес элдердин аң-сезиминин деңгээли төмөн болот. Коом өзгөрсө баалуулуктар өзгөрөт, мындай шартта элдин аң-сезимине Батыштын, Чыгыштын саясый, «диний» (традициялуу эмес диндерди), мистикалык ж.б. нерселерин таңуулай берүүгө болот. Бизде азыр ошондой процесс жүрүп жатат. Элдин аң-сезими бош калганда ырым-жырымдарга ишенүүгө кенен жол ачылат. «Карынын ырымы жаман, суунун ирими жаман», – деп айтылат элде. Элдин ишеними, көз карашы туура эмес болсо, ошол көз карашына жараша ойлому,

жүрүм-туруму, аракети болот. Туура эмес багытта аракет кылган элдердин кризиси тереңдей берет. Мисалы марксисттик көз караштагы чоң державанын биримдигинин жок болушунун себеби мурдагы ишеними, көз карашы, багыты болгон, ал эми натыйжасы анын КМШга ажырашы болду. Биздин кризиске келишибиздин себеби мурдагы көз карашыбызга, ишенимибизге, багытыбызга түздөн түз тиешеси бар. Жыйынтыктап айтсак, илим менен диндин адамдын өнүктүрүү багыттары башка, анын бирин өздөштүрбөгөндөрдүн өнүгүүсүндө өксүктүү жери болот.

Азыркы философиялык адабияттарда диндин төмөнкү функциялары белгиленүүдө: компенсациялоочу, адептик-социалдык, дүйнөгө көз карашты калыптандыруучу (элди тынчтык үчүн), бириктирүүчү (адам, коом, табигат. ж.б. менен) мамиле түзүүгө үйрөтүүчү милдетти аткарат.

1. Компенсациялоочу функция. Турмушта адамга жамандык кылуу, калыссыздык көп кездешет. Конфронтация (каршылашып күрөшүү) болгон жерде тынчтык болбойт. Тынчтыкка умтулган адамдын бул жашоодогу жүрүм-туруму үчүн тигил дүйнөдөгү сыйлыгы жөнүндөгү үмүтү коомдун тынчтыкта жашоосуна ылаажы болот. Мындан диндин экинчи функциясы келип чыгат.

2. Адептик-социалдык функция. Дин – элдин жан дүйнөсүнө тынчтык, сүйүү, мээрим ж.б. сезимдерди таратууга арналат, ал өз ара мамиле түзүүнүн жана жүрүм-турум формаларын жөнгө салат. Адептик аң-сезимди калыптандырат, дин адамга социалдык чөйрөгө адаптацияланууга жардам берет.

3. Дүйнөгө көз карашты калыптандыруучу функция. Дин – жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөтүүгө багытталган, адамдын, коомдун, табигаттын, дүйнөнүн, ааламдын сырлары жөнүндө билим берет, дүйнөгө диний көз карашты калыптандырат.

4. Дин – маданиятты өнүктүрүүгө жана сактоого түрткү болот, ар кандай областтагы (илимий, практикалык) иш-аракеттерди интеграциялайт.

5. Дин – (тынчтык үчүн элдин) биригишине түрткү болот, бири-бирине

ырайымдуу, мээримдүү, жакшылыктуу мамиле түзүүгө өбөлгө болот [18].

Азыр айрым ойчулдардын диндин функциясы жөнүндөгү пикирин айта кетели. К. Маркс: «Дин инсандын социалдык алсыздыгын толуктоочу (компенсациялоочу) иллюзиялуу нерсе, ал баңгизатка окшошуп, адамдын оорусун жеңилдетет. Реалдуу дүйнөдөн оолактатып, түш, кыял дүйнөсүнө киргизет. Дин – эзилген күнөөкөр адамдын дем алуусу, мээримсиз дүйнөнүн жүрөгү, ырайымсыз дүйнөнүн духу. Дин – элдин апийиими», – деген .

М. Вебер, Р. Белла, Э. Фромм: «Дин адамдын жашоосун маңыздуу кылууга арналган, адамдын иррационалдуу проблемаларын чечүүгө жардам берет, адамды маанилүү социалдык маселени чечүүдө аракетке түрткү болот, дин дүйнөнүн картинасынын рухий жагын сүрөттөп көрсөтөт, социалдык моралдык-адептик мамилелердин иерархиясын түшүндүрөт. Дин көз караштыі калыптандырат же жашоонун маанисин түшүндүрөт» [4].

И.А. Ильин: «Диний маданияттын эң жогорку үлгүлөрүнө кайрылуу окуучуларды этикалык, эстетикалык тарбиялоодо чоң салымы бар. Алардын көркөм жана диний сезимди өнүгүшүнө, жекече диний тажрыйбага ээ болушуна түрткү болуп, маданияттуулукка үйрөтөт, социалдык маселелерди чечүүгө өбөлгө болот. Диний билим ар кандай көз карандылыктан (баңгиден, алкоголизмден, кылмыштуулуктан ж.б.) бошонууга жардам берет. Сапаттуу диний тажрыйбага ээ болуу окуучуну психикалык жактан майып кылуучу «диндердин» туура эмес формаларынан бошонууга айрым психотерапиянын милдетин аткарат» [66, 40-б].

В.С. Кукушин: «Диний билими болбогон, руханий баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү жок адам, адамзаттын өнүгүү тарыхын толук кандуу түшүнө албайт, себеби ар бир элдин интеграциялоочу күчү – дин. Анын негизги функциясы элди тынчтыкта жанаша жашоого тарбиялоо. Диндин функциясы катары адамды жогорку адептүүлүккө, этикалык идеалдарга, аң-сезимдүүлүккө тарбиялоону түшүнүш керек» [86].

Диндин функциясы ушуну менен бүтпөйт, ал толук изилдене элек. Диний дүйнөгө рухий өнүгүүгө талапкер индивиддер тартылышат.

«Кудайдын бар экендиги далилденген жок (бул атеисттик тезис), Кудайдын жок экендигин эч ким далилдеген жок, далилдей да албайт деген (идеалисттик) тезис кала берет» (П.В. Алексеев, А.В. Панин) [4, 47-б]. Диний аң-сезимдин функциясын изилдөөгө адамзат азырынча көп маани бере элек, ал өздөштүрүлө элек дың жер сыяктуу, бул жерде ачылбаган сырлар, илимий табылгалар келечекте көп болот деген ойдобуз.

Эми динге ишенген жана ишенбеген адамдардын мээсинин функциясынын айырмачылыгына көңүл бөлөлү. Кудайга ишенген адамдардын мээсинин функциясынын өзгөчөлүгүн изилдеген психологдор азыр көбөйгөн. Мисалы, Торонто (Канада) Университетинин психологдору Кудайга ишенген жана ишенбеген адамдардын мээсинин функциясынын айырмачылыгын изилдешкен. Френк Таймер жетектеген Торонтолук окумуштуулар адамга коркуунун, стресстин зыяндуулугун минимумга түшүрүүгө ишеним жардам бере тургандыгын белгилешет. Эмне үчүн дин стресстин зыяндуулугун минимумга түшүрөт, кантип түшүрөт? Психологдор мээнин аракетин өлчөөчү (электрод) аспаптын жардамы менен когнитивдүү көзөмөлдөө тестин өткөрүшкөн. Изилдөө аркылуу диний адамдардын мээсинин алдыңкы бөлүгүнүн аракетинин активдүүлүгү төмөн боло тургандыгы аныкталган. Мээнин алдыңкы бөлүгү адамдын башынан өткөн окуяга эмоцияналдык терс реакциянын (кайгыруу, санаага батуу, туталануу ж.б.) натыйжасында кунт коюусун, сигналдоосун (зарыл болгондо), жүрүм-турумунун өзгөрүшүн көзөмөлдөйт экен. Демек, диний адамдар коркунучту, стрессти жеңил көтөрүшөт, негативдүү эмоциялары аз болот. Адамдын диний ишенимге ынтаасы, тырышып аракеттенүүсү канчалык күчтүү болсо, мээнин жаңылыштыгы ошончолук аз боло тургандыгын белгилүү ишмер Френк Таймер белгилейт [94].

Канадалык невропатологдор Кудайга ишенген адамдардын атеисттерге салыштымалуу нервинин бузулушу сейрек кездеше тургандыгын белгилешет. Ошондой эле, турмуштан жолу болбой калуусуна, кырсыкка кабылуусуна диний адамдар анча нерви бузулбастыгын белгилешет. Муну

диний адамдардын мээсинин функциясынын өзгөчүлүгү катары баалашат. Ошондой эле диний ынанымдын адамды тынчтандыруучу таасири бар экендигин окумуштуулар байкашкан. «Дин адамзаттын өнүгүү тарыхында элдин аң-сезимин өнүктүрүүгө кылымдап кызмат кылып келген. Сезимдерди, эмоцияны, ойду, кеп маданиятын тарбиялоодо, жазуу маданиятынын калыптанышында диндин ролу чоң. Динсиз рухий өнүгүүнү элететүүгө болбойт», – дейт Москвадагы ислам университетинин ректору М.Ф. Муртазин [115].

«Илимий, диний билимди өздөштүргөндөрдүн аң-сезими жогору болот. Аң-сезими жогорулар ар бир суроого жооп, ар бир проблемага чечим, ар бир кризистен өнүгүүгө мүмкүнчүлүктү көрүшөт» (К.Теппервайн) [167]. Динди өздөштүргөн адамдар рухий дүйнөгө көңүл бөлүшөт, сөзмөр болушат, пассивдүү көрүнүшөт, искусствого кызыгышат, дүйнөнү бирдиктүү жалпы элестетишет. Планетабызда диний билимдүү адамдар болгону 10% түзөт, калган 90% адамдар логикалуу ойлонушат [163].

“Динди өздөштүргөндөр анча байкалбаган адамдар болушат, өз кызыкчылыгын ойлобойт, коомдун кызыкчылыгы үчүн аракеттенишет, чыгармачыл, кыраакы, конструктивдүү болушат. Адамдын тилеги, кызыгуусу, умтулуусу, метафизикалык мыйзамга негизделет, анын гравитациялык (физикалык) мыйзамдан айырмасы кээде байкалып, кээде байкалбайт. Алар өзгөчө миссия (милдет) аткарып жаткандыгын жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан өз кызыкчылыгынан элдикин жогору тутушат (Р.Стоун) [163]. Өз мүдөөлөрүн иш жүзүнө ашырууга демилге берген мугалим бактылуу. Инсанга багыттаган гумандуу педагогиканын маңызы ушунда», - дейт Н.Н. Моисеев [114].

“Мектепте интуицияны өнүктүрүүгө жеткиликтүү көңүл бөлүнгөн эмес, интуициясы өнүкпөгөн балдар өз проблемаларын оптималдуу чечүүгө акыл дарамети жетпейт. Алар логиканын жардамы менен чечишет, чечим оптималдуу эмес болот. Натыйжада балдар пессимизмге моюн сунушуп, проблемага, ооруга, кырсыкка чалдыгуу көбөйөт” (А.Свияш) [151].

“Интуициясы жакшы өнүккөн адамдарда билимдин жетишсиздиги боюнча проблема болбойт” (Т.Бьюзен) [25]. Бизде бул – азыр өтө маанилүү маселе.

Батыш (динге ишенбеген) элдеринин ойломунда иррационалдуу ой жүгүртүүгө караганда рационалдуу ой жүгүртүү үстөмдүк кылат. Рационалдуу ойго караганда сезим, негативдүү ойго караганда позитивдүү ой үстөмдүк кылган учурда гана адамга үй-бүлөнүн мүчөлөрү менен мамиле түзүү, биримдикте жашоо жеңил болот. Аял менен эркекти сезим бириктирип турат. Жоопкерчилик сезими төмөн болгон учурда үй-бүлөнү сактап калыш кыйын. Азыр Батышта акыл жоопкерчилик сезимге караганда үстөмдүк кылгандыктан ажырашуу көбөйүп кеткен. Үй-бүлөнүн толук эместиги баланы психикалык проблемага алып келе тургандыгы бегилүү, андыктан ал жакта мектептерде психикалык проблемалар өтө көп [94]. Биз алардын катарына кошулуп бара жатабыз.

Австриялык жазуучу С.Цвейг: “Диний билими жок коомдо акыл-эссиздердин кыймылынын толкуну көбөйүшү, мистикалык окуунун гүлдөшү, акылы оопайлыктын (жиндиликтин) эпидемиясынын тарашы, мезгил-мезгили менен акыл-эссиздердин аракети даана байкалып келген», – деп жазган. Дин коомдук аң-сезимдин бир формасы, жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү. ***Илимий билимди жакшы өздөштүргөн Батыш ойчулдары логикасы өнүккөн, экстраверт (сырткы дүйнөгө көңүл бурат, билими кенен), динди жакшы өздөштүргөн Чыгыш ойчулдары интуитивдүү интроверт (ички дүйнөгө көңүл бурат, билими терең) болот. Акылдуулар (илимий билимди өздөштүргөн адамдардан) Батыштан чыгат, акылмандар (диний билимди өздөштүргөн элден) Чыгыштан чыгат. Динди түшүнгөн адам дүйнөнүн картинасын толук көрө алат, стратегиялык перспективалуу проблемаларды жакшы чечет. Генийлердин интуициясы жакшы өнүккөн*** [164].

Диний аң-сезимде (адамга керектүү) негизги нерсе бар, ал − ишеним. Ишеним бар мээде акыйкатты сын көз караш менен карабаган ийкемдүү акыл бар болот. Илимий жол менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон нерсени илим

менен динди чогуу өздөштүргөн аң-сезим аркылуу түшүнсө болот. Анда мээрим менен ишеним биригет, сынчыл акыл-эс менен жаңы көз караш биригип, адамзаттын мындан ары өнүгүшүнө өбөлгө болот [94].

«Аалам көз ирмем сайын өзгөрүп турат. Оюн ааламдык аң-сезимге концентрациялаганды билген адам аалам менен гармониялуу жашайт. Илимий билимдердин чегинде ойду ааламдык аң-сезимге (Кудайга) концентрациялоого үйрөтүү каралган эмес, ал диний билимде бар. Илимий билимди жакшы өздөштүргөн адамдын акылы өсөт. Эгерде акыл мээримге (элди сүйүүгө) караганда үстөмдүк кылса, адамдын агрессивдүүлүгү жогорулап кетет. Андай адамдардын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү (шансы) аз болот. Аалам менен гармониялуу жашаган эл ааламдын кандай өзгөрүп жаткандыгын интуитивдүү сезет. Андай адамдардын ичинен акылмандар, даанышмандар чыгышат. Акылман, даанышман чыкпаган элдин келечеги кең болбойт», – дейт А.Некрасов [121].

«Диний башатынан ажыраган илим адамзатты кыйроого алып бара жаткандыгын моюнга алыш керек. Диний окуулар бири-бири менен атаандашканы менен алар адамдын рухий муктаждыктарын биринчи орунга коюшат. Диний билимсиздер башкача ой жүгүрткөн адамдарга карата агрессиялуу, догматтуу (сын көз караш менен кароого жөндөмсүз, сокур ишенимдеги) коомго бара жатканын түшүнүш керек. Илимдүү адамдар диндин адептик билими менен куралданыш керек, диний адамдар илимий билимдерди өздөштүрүш керек, болбосо, коом анархиядан, чеги жок (пределсиз) адепсиздиктен, фашизмдин тутанышынан, коммунизм идеясынан, социализмди «реставрациядан», ж.б. баш аламандыктан азап тарта берет» С.Н. Лазарев [94. 2б., 294-б.].

Жыйынтыктап айтсак, адамдын акылы өзгөрөт, анын өзгөрүшүнө жараша илимге өзгөрүү киргизет, аң-сезими өзгөрөт, анын өзгөрүшүнө жараша конституцияга өзгөртүү киргизет, бирок адамдын дилинин табигаты эч качан өзгөрбөйт. Библияда белгилүү каармандар: Абылды Кабылдын өлтүрүүсүнүн себеби көрө албастык, ичи тардык болсо, азыркы адам да

андай жаман сезимдерден кутула албай жашап келе жатат. Адамдын дили рухий баалуулуктар, дин аркылуу гана тарбияланат. Илимий жана диний билимдерди, Батыш, Чыгыш элдеринин ой жүгүртүүсүн, окууларын, адептик билимин өздөштүргөн, аны бириктирген адамдын келечеги кең болот. Адамдын диний ишенимге ынтаасы, тырышып аракеттенүүсү канчалык күчтүү болсо, мээнин жаңылыштыгы ошончолук аз, аң-сезими жогору болот (С.Н. Лазарев) [94]. Бул ойлорду адамдын рухунун, дилинин табигатын жакшы билген окумуштуулар жазып жатышат. Педагогика илиминдеги мындай жаңылыктарды эске албай таалим-тарбия берүү – чоң жаңылыштык.

### *1.3. Окуучулардын руханий өсүшү үчүн дин таануу билиминин зарылчылыгы*

Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн адептик-рухий жактан тарбиялангандыгы жана маданияттуулугунун жогору болушу келечекте саясатта, экономикада, айыл чарбада, өнөр жайда, эл аралык мамиледе ж.б. бардык чөйрөлөрдө элдин жашоосунун оңолушуна оң таасирин тийгизет. Өспүрүмдөрдүн рухий абалы алардын маданияттуулугуна түздөн түз тиешеси бар. Алардын рухий деңгээли жогору болсо, ошончолук маданияттуу болушат. Алардын рухий тарбия алгандыгы менен маданияттуулугу, ой жүгүртүү түрүн аныктайт. Адамдын рухий деңгээли канчалык жогору болсо, ысырапчылыгы ошончолук аз болот. Рухий өнүгүү жолундагы адам (коом) зарыл болгон нерсени гана жетишерлик өлчөмдө керектейт. Тескерисинче, рухий дүйнөсү жарды адамдардын керектөөлөрүнүн чеги жок сыяктуу. М.,үч этаж үйү, ичи толо дүнүйөсү, үч машинеси ж.б. мүлкү болсо дагы тиги-бул керек эле дей берет. Азыркы коомдо жашаган элдин рухий деңгээли төмөндөп кеткендиктен, материалдык баалуулуктарды керектөөсү чексиз өсүүдө. Материалдык жактан байлыкка (бир жактуу) умтулуу рухий жардылыкка (ач көздүккө, сарандыкка) алып барат. Анда элдин менталитетинин абалы начарлайт. Эгер ач көздүккө соргоктук кошулса, адам көп ооруп, аз жашайт. Материалдык баалуулукту

рухий баалуулуктан жогору койгон адамдар бактысыз болушат, анткени алардын маанайы керектөөлөрдөн көз каранды болуп калат, бирок жашоонун маңызы керектөөлөрдү канааттандыруу менен чектелүү эмес, ал чыныгы бакыт эмес [166].

Рухий (ыймандык) тарбияны эстетикалык, экологиялык, эмгектик же дене тарбиясы сыяктуу тарбиянын бир түрү катары кабыл алууга болбойт. Адептик-рухий (ыймандык) тарбия аркылуу эң жогорку баалуулуктар, терең мааниси бар түшүнүктөр баланын аң-сезимине, жүрөгүнө жеткирилет. Баланы жакшы этикетке, тартипке, жакшы адаттарга көндүрүүгө болот. Ошондой эле саясый ой жүгүртүүгө, аскердик эрежелерге, сүйлөшүүлөргө, келишим түзүүлөргө, социалдык аракеттерге үйрөтүүгө болот. Ал эми динсиз уяттуулукка, маңыздуу жашоого, баалуулуктарды туура аныктоого, аны тандоо эркиндигине, ыймандуулукка тарбиялоо кыйын. Мына ошону христианда адептик-рухий, исламда ыймандык тарбия деп аташат. Эгерде окуучулардын адептик-рухий (ыймандык) тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй калса, андай бүтүрүүчүлөр балким профессионализми боюнча жакшы даярдык көрүшү мүмкүн, бирок жер жүзүндө **адам** катары өздөрү да кыйналышып, башкаларды да кыйноого салып жашашат. Эгерде ал тарбияга көңүл бөлүнсө, андай мектептин бүтүрүүчүлөрү коомдун өнүгүшүнүн локомотиви сыяктуу болушат [166].

Рухий өнүгүү жолу деген эмне, рухий регресс деген кандай болот, ошого токтололу. Философтор, психологдор, педагогдор жана диний аалымдар рухий тарбиянын улуу сырларын түшүнгүсү келишет, бирок аны ар кимиси өз багытына жараша ар кандай деңгээлде түшүнүшөт. Рухий деген сөздүн уңгусу – рух (орусча дух). Рух деп адамдын кайратын, башканы жандандыруучу оюн же дем берүүсүн түшүнөбүз. Еврейлерде ал «руах», индустарда ал «прана», кытайларда ал сөз «ци», исламда ал «рух», оруста «дух» деп белгиленет.

Белгилүү инсандар тарыхый өзгөрүүгө, өз көз карашына жараша «рухий» деген түшүнүктү ар кими ар кандай интерпретациялап (тексттин

маанисин ачып, түшүндүрүп) келишкен. «Рух – ар бир адамда болуучу сүйүүдөн, мээримден (жакшы көрүү сезиминен) жаралган адамдын ички энергиясы, аны аракет кылууга шыктандыруучу күчү. Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялаш үчүн балага сырткы таалим-тарбия жетишпейт, баланын ички максаты, ниети, талабы, умтулуусу, шыктандыруучу күчү керек. Ал рухий өсүүнүн маанилүү бөлүгү», – дейт Н.Д. Никандров. «Рухий деген түшүнүк тагдыр, жазмыш, ишеним менен байланышкан чексиз көп мааниге ээ болгон фундаменталдуу (негиздүү, олуттуу) диний илимден келген түшүнүк болуп эсептелет. “Рухий” деген түшүнүк коомдук аң-сезимдин бардык: идеологиялык, диний, философиялык, социологиялык түрлөрүнө тиешеси бар. Рухтун касиеттери: сүйөт, тынчтыкка, тартипке умтулат, түшүнөт, акылмандуулукка жетишет ж.б.” (Я.С. Турбовской) [171].

В.И. Дальдын аныктамасы боюнча: бул феномен «Кудайга, чиркөөгө христиан ишенимине негизделген, адамдын жанына, акыл-эсине, адебине, эркине ж.б. нерселерге тиешеси бар нерсе», – деп ырасталат. И.С. Ожеговдун сөздүгүндө: бул феномен «Адамдын рухунун, акыл-эсинин көрүнүүсү (билинүүсү) – деп жазылган. В.Франкл “Рухий” деп – социалдыкка (коомдукка), денеге (физикалыкка), атүгүл психикага карама-каршы (антоним) маанидеги түшүнүктү атаган. Көрүнүктүү ойчул И. Ильин “Рухий” деп – чыныгы, анык реалдуулук, Кудайдын деми, бардык нагыз маңыздуулардын ички жарыгы», – деген  [65]. Өзүн ыйык деп эсептеген О.А. Мень “Рухий” деп – бытиенин (болмуштун) жогорку планы (программасы) менен байланыштырган адамдын уникалдуу касиети, кишини жогорку адам кылып турган «мени», маңыздуу бөлүгү», – деп атаган. «Ал адамды адилет, чынчыл, такыба, ыйык кылган, адептик улуу сезими сүйүүдөн жаралган нерсе», – деп ырастайт. Е.И. Рерих Чыгыштын диний-философиялык окуусуна таянып: «Рухий деген түшүнүктү эч нерсе менен салыштырууга мүмкүн эмес болгон адамдын ички энергетикасы. Ал адамдын ички абалын, анын маңызын туюнтуучу нерсе, атүгүл жашоосундагы, бешене тагдырындагы жазмышы», – деген . Платон, Гегель, Шеллинг, В.Соловьев,

Н.Бердяев ж. б. ойчулдардын пикирлери боюнча: «Рухий» деген түшүнүктүн гносеологиялык (гносеология – илимий таануунун булактары, мүмкүнчүлүктөрү жана жолдору жөнүндөгү окуу) мааниси бар, ал этикалык маңыздуу түшүнүк. Идеалист ойчулдардын позициясы боюнча: «Рухий» деген түшүнүк − дүйнөлүк духту, идеяны, акыл-эсти чагылдырган нерсе. Рухий жол адамдын акыйкатка, жакшылыкка, көркөмдүүлүккө (сулуулукка) умтулуу жолу». «Рухий» деген сөздүн маанисин (светтик) «этика» сабагын сунуш эткендер мындай түшүндүрүшөт: «Адамдын рухий дүйнөсү деп анын ички дүйнөсүн айтышат, ал тынчыбайт, аракетте болот, ачуусу келет, динамикалык өзгөрүүдө болот. Адамдын рухий дүйнөсү – идеалдуу башталманын салтанаты катары рухий туура максатка, кандайдыр бир идеалга кызмат кылат, ал адамдын эркин, мүнөзүн көрсөтүүсү» [148].

Адамзаттын эң көрүнүктүү ойчулдары, акылмандары Конфуций, Будда, Анаксагор, Сократ, Платон, Аристотель ж.б. байыркы замандан баштап акыйкатты таанууга умтулушкан. Орто кылымдарда Вольтер, Руссо, Локк ж.б. жана орустун улуу ойчулдары Ф.М. Достоевский, В.С. Соловьев, Н.А. Бердяев ж.б. акыйкат жолду, рухий өнүгүүнү издешкен. Алардын чыгармаларында адамды кылымдап кызыктырып келген суроолор, диний маселелер, адамдын жашоосунун маңызы, эмне үчүн адам жаман жашайт, адамзаттын жаркын келечеги барбы, ага кандай жол менен жетүүгө болот, эмне үчүн адам жаралган? – ж.у.с. суроолордун үстүндө ойлонушкан. “Алар материалдык баалуулук рухий баалуулукка караганда артыкчылык берилген идеологияны кармангандыктан, акыйкатты таппай кетишкен. Образдуу айтканда караңгы бөлмөдө кара мышыкты табуу кыйын, (тем более) ал жерде ал (мышык) жок болсо – деген фразеологияга келишкен”, – дейт М.А. Сабитов [148].

Материалисттик көз караштагы ойчулдардын пикири боюнча: «Рухий жол – коомдун жана инсандын талаптарына, мамилесине, кызыкчылыгына концентрациялоонун натыйжасындагы туунду. Адамдын жашап кетүүсү үчүн этикалык баалуулуктардын негизинде коомдун кызыкчылыгын эске

алып, мамиле түзүш үчүн зарыл, социалдык багытка арналган аракет, тарбия». Рухий тарбиялуу дегенибиз – бул өз кызыкчылыгынын чегинен аң-сезимдүү түрдө чыгууга даярдык, бул адамдын өз ыктыяры аркылуу ишке ашат. Рухий тарбияда мугалимдин тандаган методуна караганда В.И. Слободчиковдун оюу боюнча төмөнкүлөр маанилүүрөөк:

– мугалимдин балдар менен мамилеси, таанып билүү, кунт коюу, байкоо жүргүзүү, ойго батуу, билимдүү адам менен байланышуу, пикирлешүү;

– эмоциялык чөйрөдө шериктештик, кайгысын бөлүшүү, тилектештик, боорукердик менен мамиле кылуу, кайрымдуу болуу;

– өнүктүрүүдө эркин кызматташуу, ага жөлөк болуу, ишине кол кабыш кылуу, ийгиликке жетишине жардам берүү, туура эмес аракетине каршылык көрсөтүү [157].

Марксисттик көз караштагы окумуштуулардын пикири боюнча социалдашуу – рухий дүйнөнүн калыптанышынын негизги звеносу. Ал эми христиан динине ишенген адамдардын пикири боюнча «рухий» деп адамдын жүрөгүндө ыйык рухтун (кайраттын, уяттын, сабырдын ж.б.) болушун аташат. «Рухий» деген түшүнүктү К.Д. Ушинский: «Кишини жаныбардан айырмалап турган адамдык сапаттарынын баары. Мындай көз караштан караганда педагогикалык процесстин өзүн баланын адамдык сапаттарын жакшыртуу, рухий көрөңгүсүн өнүктүрүү, шыктандыруу, дем берүү – рухий өсүүнү түзөт». Рухий баалуулуктарга мээрим, сүйүү, адептүүлүк, ойдун бийиктиги, көңүлдүн көтөрүңкүлүгү, ниеттин тазалыгы ж.б. кирет [72].

Католик ишениминдеги ойчул, жазуучу Д.В. Григорьевдин пикири боюнча: “Рухий” деген сөз – адамдын акыл-ой мүдөөлөрү, ички таламдары, ал психикалык ийкемге таандык түшүнүк. «Кудайдын иши материалдуулукка да, рухийге да тиешеси бар, шайтандын иши – рухий гана», б.а. «рухий» деген түшүнүктүн ичине христиан дүйнөсү азгыруу, кызыктыруу, кумардануу, рухий зордук, зомбулук, рухий кулчулук, рухий алсыздык, рухий болмуштун жоктугун да киргизишет” [45, 49-б].

“Духовный” деген сөз “рухий” деген сөздүн маанисине жакын, бирок

“ыймандык” деген сөз – терең түшүнүк деп ырасташат аалымдар. “Рухий” деген сөздүн нукура маанисин жалпы адамзатка белгилүү баалуулуктарды билген адамдар гана жакшы билишет. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын калыптануусунда диндин ролун алар танышпайт. Андай адамдардын кылыгы, кылган иши, ойлонуусу түшүнүгүнө ылайык болот. Андай адам тынчтык, абийир, уят, адилеттик, (адамга) жакшылык каалоо, ак ниеттүүлүк, жоопкердик, милдетин түшүнүү, урматтоо (башкаларды), сыйлоо, жардам берүүгө даярдык, өз ара ынтымакта жашоонун ж.б. маанисин жакшы түшүнүшөт. Рух – максатка багытталган, жашоого түрткү болгон кубаттуу энергия.

Рухий өнүгүү деп – адамдын жогорку моралдык сапаттарды билүүсү менен нарктуулук системасын өздөштүрүүсүн, көз карашынын, позициясынын өзгөрүүсүнүн динамикалык процессин түшүнөбүз. Интеллектуалдык, адептик, этикалык тарбиясы шайкеш болгондо гана адам рухий жактан калыптанат» (Шевченко Г.П.) [182].

***«Диний билимсиз адам акыйкатты таанууга умтулбайт. Акыйкатты таанууга умтулбаган жандын рухий максаты жаңылыштуу болот. Рухий максаты жаңылыштуу адамда рухий өсүү болбойт. Рухий өсүүдө болбогондор деградацияга дуушарланышат*** [131]. Дин адамдын тышкы кийим, атрибут, формада көрүүнү каалабайт. Адам дили тазарып, жүрөгү таза сезим менен арууланып, ою бийиктеп турушу кажет. Рухий жашоого өтпөгөн адам ыйманы ыйык, акылы тунук, ою бийик, дили соо, жүрөгү таза абалга жете албайт», – деп белгилеген Осман Нури Топбаш. «Рухий жактан өнүгүүнүн жолуна түшпөгөн адам – кара жолдун жашоочусу. Ал караңгылыктын койнунда тумчугат, андай адамдан жадагалса өз руху иренжийт, ал рухий майып жанга айланат» [131, 135-б].

Рухий жактан өнүккөн жана өнүкпөй калган адамдын белгилери [164].

1-таблица

| Рухий өнүкпөгөн адамдын белгилери | Рухий өнүккөн адамдын белгилери |
|---|---|
| 1.Сараңдык, дүнүйөгө көзү тойбос.<br>2.Текебердик. | 1.Дүнүйөнүн болгонуна каниет кылат<br>2.Сыймыктануу. |

| | |
|---|---|
| 3.Көрө албастык. | 3.Бирөөнүн ийгилигине кубанат. |
| 4.Өз ден соолугуна кайдыгер. | 4.Ден соолугуна камкордук көрөт. |
| 5.Табийгаттын абалына кайдыгер. | 5.Табийгатты сүйөт, коргойт. |
| 6.Жалкоо. | 6.Эмгекчил. |
| 7.Түркөйлүк, наадандык. | 7.Дүйнө таанууга умтулат. |
| 8.Ичи тардык. | 8.Кең пейил. |
| 9.Адамга жакшылык каалабайт. | 9.Жакшылык каалайт. |
| 10.Кара ниет, адепсиз. | 10.Ак ниет, адептүү. |
| 11.Жоопкерчиликсиз. | 11.Жоопкерчиликтүү. |
| 12.Өлчөмүн билбейт (тамак, кийим). | 12.Өлчөмүн билет |
| 13.Жакындарга кайдыгер. | 13.Жакындарына жардам берет. |
| 14.Чыдамсыз. | 14.Чыдамдуу, сабырдуу. |
| 15.Милдетин билбейт. | 15.Милдетин билет. |
| 16.Таарынчаак. | 16.Таарынбайт. |
| 17.Кечиримсиз. | 17.Кечиримдүү. |
| 18.Улууларды урматтабайт. | 18.Улууларды урматтайт. |
| 19.Кичүүлөрдү ызааттабайт. | 19.Кичүүлөрдү ызааттайт. |
| 20.Эркиндикке карата кайдыгер. | 20.Эч кимден көз каранды эмес. |
| 21.Юмор сезими өнүкпөй калган. | 21.Юмор сезими бар. |
| 22.Пессимист. | 22.Оптимист. |
| 23.Патриоттук сезими жок. | 23.Патриот. |
| 24.Индивидуалист. | 24.Коллективист. |
| 25.Өзүмчүл. | 25.Альтруист. |
| 26.Мээримсиз. | 26.Мээримдүү. |

Рухий жашоосуна камкордук көрбөгөндөр көп оорушат, аз жашайт, үй-бүлөсүнөн ажырашат, рухий потенциалы анча жогору эмес болот. Материалдык кызыкчылык, илимий билим менен чектелген, рухий кызыкчылыгы жок адамдардын (коомдордун) жаңылыштыктары төмөнкүлөр:

– бири-бирине, бирөөлөргө кол салышат, бузат, майып кылат, өлтүрөт, согуш ачат, элдин кашыктап чогулткан байлыгын талап-тоношот;

– калп айтат, ант ичип жалган сүйлөйт, башкалардын үстүнөн үстөмдүк кылууга умтулат, жалган күбө болот;

– бири-бирин кордойт, шылдыңдайт, карактайт, колундагысын тартып алат, бири-биринин мал-мүлкүн, аялын алгысы келет;

– бири-бирине ишенбейт, социалдашууга көмөк көрсөтпөйт, өзүнүн духу түшкөнүн, моралдык жактан турмушка жөндөмсүздүгүн жашырып, ичкилик ичет, баңгизат колдонот, коррупцияланган коом түзөт, клан (уруу, жердешчилдик ж.б.) боюнча чөйрө түзүшөт;

– жаратылыш ресурстарын ырайымсыздык менен пайдаланып, табигатты булгашат, алардын жаңылыштыгынан планета бүлүнүү чегине келсе да, өз максатына жетүү үчүн бүтүндү бүлдүрөт, чарбаларды өзгөртүмүш болушуп пайда көрүшөт;

– коомдун, мамлекеттин казынасына кол салышат, уурдашат, авантюра (шектүү), афера (митайымдык, алдамчылык) менен пайда табышат, кылмыш иштери аркылуу болсо да пайда табууга умтулушат [163].

Мунун баары рухий дүйнөсү жарды адамдарга мүнөздүү. Алардын интеллектуалдык потенциалы жогору болушу мүмкүн. Турмушта кездешүүчү туруксуз жагдайларды алар өз кызыкчылыгына пайдалана беришет, туура эмес чечим чыгарышат, күмөндүү адамдар менен союз түзүшөт. Күнөөсүн мойнуна алышпайт, башкалардын жана өздөрүнүн аракетинен нерви бузулат, саламаттыгы начарлайт, башкалардын нервин бузат, стресске дуушар кылат. Рухий дүйнөсү жарды адамдар калыс эмес болушат [163]. «Материалдык жактан жардыларга жардам берүү оңой, рухий жактан жардыларга жардам берүү мүмкүн эмес» (М.Монтень).

Ричард Белл «Божественные чудеса» деген эмгегинде: «Европалыктар адептик-рухий жактан эң төмөнкү деңгээлде турат», – деп ырастайт. «Жакшынакай үйлөрдө алар тынч жашай алышпайт, акылдан адашуу, өзүн өзү өлтүрүү, уятсыздык, баңгизат колдонуу, аялдарды зордуктоо, уурулук, жыныстык оорулар көбөйгөн. Үй-бүлөнүн биримдиги, тууган арасында байланыш үзүлгөн. Мамлекет башчылары бул жагдайдан чыгуунун айласын таба албай калышууда. Мындай абалдан кутулуунун бир гана жолу бар, ал исламий окуунун негизиндеги рухий тарбия жолу», – дейт.

“Диний, илимий билимсиз элдердин адептик аң-сезимдүүлүгү пас болот. Коом өзгөрсө, баалуулуктар өзгөрөт, мындай шартта элдин аң-сезими бош калат. Анда ырым-жырымга, фетишизмге, астрологияга, жок нерсеге ишенүүгө кенен жол ачылат. Диний билимсиздер логика менен жашашат, алар театрлардын, түрмөлөрдүн, жумушсуздардын, стадиондогулардын, ооруканадагылардын, баңгилердин, жетимдер үйүнүн, аскердик аракет

кылгандардын (б.а. агрессиясы жогору адамдардын) катарын көбөйтөт. *Эгерде адам өз проблемасын дайыма логикалуу ойдун негизинде чечсе, ал интуициянын кызматынан куру калат. Интуициясы өнүкпөгөн адам бактыга, ийгиликке жетпей, маанайы пас жашайт*", – дейт Р. Стоун [163].

А.Свияш "Как формировать событие своей жизни с помощью силы мысли" (СПб – 1999) деген китебинде: "Динден баш тарткан адам оюн бир объектке (Кудайга) концентрациялай албайт б.а. бир маселенин үстүндө узакка ойлоно албайт. Маселени терең ойлонбогон адам аны үстүртөдөн түшүнөт. Андай адам маселени логикалык ойломдун негизинде чечим чыгарат, ал чечим дайыма эле оптималдуу боло бербейт (б.а. интуиция зарыл болгон жерде логика оптималдуу болбойт). Адамдын, адамзаттын проблемалуулугунун көпчүлүгү ушуга байланыштуу. Бизде адамдар мамлекеттик масштабдагы маселени аңдан (из подсознания) интуитивдүү маалымат алуу техникасын билбегендиктен, логиканын негизинде чечишет. Ал оптималдуу болбойт. Азыркы коомдогу көп проблемалуулук биздин интуицияга жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй, логикалуу ой жүгүртүү менен чектелүүбүз байланыштуу", – дейт [153].

Биздин жарандарыбыз 73 жыл тоталитардык режимде жашаган. Ал мезгилдеги тоталитардык режим жарандарынын интеллектуалдык-рухий мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүшүнө кызыккан эмес, диний билимдүү адамдар репрессияланып турган. Анткени акыл-эси өнүкпөгөн, аң-сезими уйкудагы элди башкаруу жеңил. Гейн: «Акыл-эстин өнүкпөгөнү, аң-сезимдин уйкудагы абалы – адамды катаал, кара мүртөз, бетпак кылат», – дейт. Эгерде адам өзүн өзү таанууга жана өнүктүрүүгө убактысы жок болсо, ал туура эмес жолго түшөт. Андай адамдар аны манипуляциялаган адамдардын багыты боюнча жашашат да, күн сайын абалы начарлай берет. Азыр рухий багытын аныктабагандардын абалы күн сайын начарлоодо. Натыйжада рухий проблеманын арты соматикалык проблемага өтүүдө. Э.М. Казиндин изилдөөсүнө караганда азыр 10-класстын окуучуларынын 50% алыстан көрбөйт, 65% омуртка келбети деформацияланган, 40% нерв-психикалык

дартка чалдыккан, 21% мектепте партада, үйдө телевизор менен компьютерде иштейт, 68,2% кыймыл аракетинин жетишсиздиги менен байланышкан ооруга чалдыккан, 20,8% балдар, 12,4% кыздар күнүгө тамеки тартышат. 12,9% балдар, 3,8% кыздар ичкилик ичишет, 60-65% күчтүү эмес баңгизат колдонуунун ден соолукка зыяны жок деп эсептешет [69].

КРда 20-30% окуучулардын рухий баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү терең эмес, 40-45% балдардын кызыкчылыгын табуу кыйын. Натыйжада инфекциядан 2008-жылы 3976 бала чарчаган. 2009-жылы – 3923, 2010-жылы – 3909, 2011-жылы – 3611, 2012-жылы – 3591, баары – 18932, нерв оорудан чарчагандар – 216, жугуштуу оорудан – 229, хромосом, омуртканын деформациясынан – 1994, дем алуу органдарынан – 2305 чарчаган [14]. ВИЧ инфекциясын жугузган адамдардын 32% 15-29жаштагы муунга, 7,8% 14 жашка чейинки муунга таандык [104]. Окуучулардын 1/3нин өнөкөт оорулары бар. 10-14% окуучулардын гана ден-соолугу чың [7]. Мектептердин адептик-рухий тарбия аркылуу балдары инсан (адам) катары көтөрүлө албай жатканы да кокусунан эмес. Биздеги педагогдордун арасынан рухий тарбиянын маанисин өздөрү терең өздөштүрө албагандары бар. Педагогика илиминде жана практикасында рухий тарбияны адамга жакшылык алып келүүчү тарбия же искусство, адабият аркылуу тарбиялоо катары интерпретациялагандар бар. Православиялык чиркөөнүн дъякону (чиркөөлүк наам) А. Кураевдин пикири боюнча: «Маңдайга жазылган рухий нерселердин баары эле адамга жакшылык алып келчү нерсе эмес, педагогдордун караңгы рухий күчтөр деген түшүнүк бар экенин билгени маанилүү, рухий мейкиндик – согуш мейкиндиги сыяктуу, бул жерде тузакты байкаш оңой эмес. Жароокерленген, мээримдүү көрүнгөн адамдын кучагындамын деп ойлогон шордуу, арам ойлуу айлакердин торунда болгон учур аз эмес. Согуштун ар кандай жарылуулары көп болот».

КМШ курамына кирген өлкөлөрдө иштеп жаткан мугалимдердин арасында атеисттик көз караштан, авторитардык окутуу системасынан кутула элек мугалимдер бар. Азыр сектага кирген, оккультизм менен кызыккан,

бирок өзүн «светтик педагогмун» деп эсептеген мугалимдер да бар. Өздөрү музейге, театрга, живописке, китептерге кызыктырууну рухий тарбия дешет. Кандай китепке кызыктырыш керек, аны өзү да жакшы билбейт. Рухий дүйнөдө айрым китеп өнүгүүгө, башкасы регресс жолуна түшүүгө өбөлгө болот. Православиялык диний илимдин үйрөтүүчүсү митрополит (диний епископтордун эң чоңу) А. Сурожскийдин пикири боюнча: «Рухий» деген сөз акыл ойго, мүдөөлөргө таандык болуп чектелген нерсе эмес. Рухий жашоодо өсүү үчүн ой адамга топтолбошу керек, ой Кудайга топтолушу керек». Исламий окуу да ушундай позицияда, бирок ал экөөнүн Кудайды таанымы ар башка. «Рухий нерсенин баары адамдын табигатынан келип чыкпайт, ал табигаттан тышкаркы күч», – дейт А.Кураев. Адам дайым рухий тарбияга муктаж. Андай тарбия болсо, адамдын табиятындагы жамандыгы өзүнөн өзү чыкпайт. Адамдын табиятында жакшылык менен жамандык, такыбалык менен бузукулук бар. Рухий тарбия адамдын табиятындагы терс сапаттарды тыйып, жакшы сапаттарын өнүктүрүүнүн жалгыз жолу.

Өткөн кылымда эркиндик, теңдик жөнүндө көп айтылып келди. Коомдо жашаган адам үчүн толук эркиндик болбойт. Адам мамлекеттен коомдон, партиядан, мыйзамдан ж.б. көз каранды. Мындан тышкары спирт ичимдигинен, баңгизаттан, тамекиден, музыкадан, каражаттан, саясаттан, адамдын аң-сезиминен ж.б. көз карандылар көбөйгөн. «Абсолюттуу эркиндик дегенибиз – миф, декларация, ураан, чакырык сыяктуу нерсе. Адептик-рухий мааниде адам эркиндикке (боштондукка) диний фундаменталдуу баалуулук аркылуу гана жетет [125]. Күнөөдөн, жек көрүүдөн, көрө албастыктан, ыймансыздыктан боштондукка чыгуу оңой эмес. Диний билимсиздиктин караңгылыгында жашагысы келгендердин өз эрки, динде зордук болбойт, бирок аны (эркиндикти) каалагандардын укугун тебелебеш керек. Эркиндик – рухий категория», – дейт Н.Д. Никандров. «Адамды рухий (диний) тарбия акыл-ой мүдөөлөрүн күндөлүк турмуштан кадыресе жогору көтөрөт, турмуштун (бытиенин) тышкы катмарлары ээлеген күчтөрдөн бошотот, ички эркиндикке жеткирет», – деп белгилеген А.

Швейцер.

Рухий өнүгүү жолунда кыйынчылыктар көп болот. Рухий өнүгүү жолундагылар артка чегинишпей рухий кубатын өстүрө беришет. Аны өстүрүү багытын билген адам өсөт, билбеген күчүнөн ажырайт. Анда камырабагандык – кош көңүлдүккө, элейип жүрө берүүчүлүккө өтөт, сезимталдуулук – көңүлүн оорутууга өтөт, терең ойлонуучулук – арсар, ыргылжың болууга өтөт, кайраттуулук, көңүлү көтөрүңкүлүк – фанатизмге өтөт, объективдүүлүгү «максатка ылайыктуу», «жөндүү» деген шылтоо менен ылайыкташууга өтөт, боорукердиги, тилектештиги, кайрымдуулугу бирөөлөрдүн кайгысына ортоктоштукка өтөт, авторитеттүүлүгү авторитардык бийликке өтөт, жаратмандуулугу (түзүүчүлүгү) жабыгууга, жабыркоого өтөт, адамгерчиликтүүлүгү филантропияга (бечараларга жардам демиш болуп, алдоого, алагды кылууга) өтөт. Рухий тарбияланган, өзүнүн ички табигатын баамдаган адамдар мындай жашоодон оолак болушат. Алар жашоосун абсолюттуу (таптакыр) башкача уюштурушат. Диний, илимий билимдерди өздөштүрүшөт, космостук аң-сезимди таанышат, туура, калыс чечим чыгарышат, туура курсту тандашат, жакшы адамдар менен мамиле түзүшөт. Алардын интуициясы жакшы өнүккөндүктөн керектүү мезгилде, керектүү жерде болуп, керектүү ишти бүтүрүшөт. Алар таттуу кыялга алданышпайт. Акыл-эси жүрөгүндөгү сезими менен гармониялуу болот. Ишеничке батып, жылмайганда жүзү жарк эте түшөт. Мындай адамдар өзүн дарысыз айыктырганды билишет. Башкаларга да көмөк көрсөтүшөт. Проблемалардын себеп-натыйжа байланышын ачык көрүшөт. Эл менен мамилеси жакшы болот. Рухий өнүгүү жолундагылар өзүнүн аң-сезимин чексиз акылмандуулук менен толуктап жашашат. «Акылмандуулук дегенибиз – акыйкатты таануу, өзүнүн маанисин эч качан жоготпой турган, туура нерсени түшүнүү» (Америкалык Мурас сөздүгү). Акылмандуулук адамга рухий каналдар аркылуу келет. Аны физикалык дүйнөдөгү жашоо «уктатып» коёт. Аны ойготуу үчүн физикалык жашоодон чыгып, рухий жашоого кирүү керек [164].

Рухий өнүгүү жолу – талыкпаган эмгекти талап кылуучу жол, бирок анын күтүлбөгөн тоскоолдуктары болот. Рухий жол биздеги уктап калган күчтөрдү ойготуп, биздин чектелген инсандык сапатыбызды чыдамдуулук көрсөтүү менен жеңүүгө, өнүктүрүүгө жардам берет, аң-сезимдин магдыраган жагын ойготуп, активдештирет. Рухий өнүгүү жолундагы эң оор маселе – ой жүгүртүүсүн, ниетин оңдоо, жакшыртуу. Биз көбүнчө акылдуу же акылман болуунун бирин тандайбыз. “Рухий өнүгүүсүз адам акылмандуулукка жетише албайт”, – деген Теппервайн К [167].

«Рухий ийкемдүүлүк адамды кадыресе турмуштан жогору көтөрөт, турмуштун тышкы катмарындагы күчтөрүнөн ички эркиндикке жол ачат», – дейт А. Швейцер. Кадимки аң-сезимден жогору көтөрүлүү үчүн адам мурда белгисиз, эч качан жашап көрбөгөн жашоону (башкача дүйнөнү) башынан өткөрүшөт. Башка дүйнөнүн жолун көргөзүүгө жолдоочу акылман болгону жакшы. Дин – адамга ошондой рухий жолду көрсөтүүчү окуу. Сокур көзү көргөнгө жол көрсөтө албайт. Диний билимсиз адам диний каражат аркылуу рухий өнүгүүгө жол көрсөтө албайт [167]. «Рухтун өсүшүнүн зарыл шарты – Жаратканды тартиби менен бирге болуу», – деп белгилеген П.Дж. Дженкинс [53].

“Кудайга ишеним – адамдын дүйнөнү аңдап түшүнүүсүнүн, жашап кетүүсүнүн зарыл шарты, анткени жүрөгүндө Кудайга орун бербеген адам дүйнө түзүлүшүнүн жогорку планын түшүнө албайт. Ал материалдык дүйнөнүн чегинен чыга албай жашай берет. Акыл-эси ошол дүйнөнүн чегинен чыга албаса, б.а. аң-сезими “уктаган” абалда калса, киши **АДАМ** боло албайт. Рухий өнүгүү ДУХка (Кудайга) кайрылуудан башталат. Эгер адам мындай милдетин аткарбаса, ал жараксыз звено (бөлүк) катары жок болуп кетет. Анткени адам жаныбар катары табигатка кереги жок, ансыз адам табигатты бүлдүрүүсүн уланта берет, себеби адам жаныбардын эң өркүндөгөн формасы. Адам Духка (Жогорку акыл-эске) умтулуу аркылуу жашап кетиши мүмкүн”, – деп жазат Эль Тат [185]. Өздөрүн цивилизациялуу деп эсептеген маданияттардын барында эл «ак сөөк», «кембагал» болуп

бөлүнүшөт. Бул ажырым адамды басмырлоого, адилетсиздикке алып келет, динде баары улутуна, расасына, социалдык абалына карабай тең укуктуу.

Космостук Рухий күч (Кудай) менен байланышкан (б.а. диний билимге ээ болгон) адамдарда төмөнкүдөй өзгөрүүлөр күтүлөт: (Р. Стоун)

– адам өзүнүн рухий табигатына көбүрөөк көңүл буруп, физикалык дүйнөнүн азгырыгы менен эсептешип калат;

– интуитивдүү жөндөмү өнүгөт, проблемалардын алдын ала чара көрөт, келечеги кең болот;

– кылмыштуулар азаят, зордук, аракечтик, баңгиликтин деңгээли төмөндөйт, акырындап отуруп түрмөлөр бош калат;

– кызматчылар менен менеджерлер бир эле кызыкчылыгы бар экенин түшүнүшөт, соода, коммерция иштеринде атаандашуу азаят, кызматташуу көбөйөт;

– дипломаттар өз өлкөсүнүн кызыкчылыгы үчүн жулунбай, жалпы адамзаттын өнүгүүсү үчүн аракеттенип калышат;

– өкмөт көпчүлүк бийликти элге өткөрөт, сот процессинде карала турган иштердин узун тизмеси жоголот, күнөөлүүнү айыптоону соттун чечими менен эмес, адамдардын рухий акылмандуулугу аркылуу соттоп, соттон тышкаркы келишим менен чечишет, өтө берилгендик, ышкыбоздук, кумардануу жоголот, эл эч кимге жан тартпаган калыстыкка жетишет, эл ичинде мамиле жакшырат, сүйүү арткандыктан нике туруктуу болот, ата-эне менен балдары өз ара түшүнүүгө жетишет;

– адамдын метафизикалык жөндөмү өнүгөт, адам кайрымдуу болуп, дүйнө менен гармониялуу жашайт. Рухий жөндөмү өнүккөн адамга тартипсиз өспүрүм, ишенимсиз жолдош, кара санатай партнер, кара ниетүү конкурент, жала жабуучу, жагымсыз кызматташ, тажатма кошуна менен кантип мамиле түзүү маселесин чечүү колдон келип калат [164].

Адептик-рухий тарбиянын маанилүү компоненттеринин бири – дүйнө элдеринин маанилүү рухий практикасын изилдөө. Улуттардын маданий баалуулуктарын үйрөнүү [133]. Рухий жеңиш – адамдын жанынын

шыктанган аракетинин натыйжасы, гармониялуу өнүгүү, акылмандуулук, ички дүйнөнүн тынчтыгы, акылдын тунуктугу, сезимдин тазалыгы. А.Печчеинин пикири боюнча: «Адамдын талаптарын канааттандырууга жана ырахат алууга багытталган концепциядан анын жөндөмүн, шыгын сапаттарын жакшыртууга, адамды (рухий) өнүктүрүүгө, багытталган концепцияга өтүү аркылуу өспүрүмдүн рухий калыптанышына шарт түзүлөт” [133, 229-б].

“Рухий өнүгүүнү максат кылгандар акыл-эстүү болушат, өзүнүн ден соолугуна, ички, тышкы тазалыгына камкордук көрүшөт, үй-бүлөсүнө берилген, сүйүүгө туруктуу болушат. Адамды рухий өнүктүрүү боюнча динге альтернатива жок. Рухий өнүгүүдөн кийин экономикалык өнүгүү болот. Жардылык, жокчулук, проблема – туура эмес ой жүгүртүүнүн акыркы звеносу, биринчи звеносу – рухий жардылык, ички өнүгүүнүн жетишсиздиги. Динсиз рухий өнүгүүнү элестетүүгө болбойт», – дейт. Москвадагы ислам университетинин ректору М.Ф. Муртазин [115].

Улуу адамдар материалдык баалуулуктарга караганда рухий баалуулуктарды жогору коёру белгилүү. «Рухий күч бардык материалдык күчтөрдөн күчтүү экендигин түшүнгөндөр улуу адамдар болушкан» (Ральф Уолдо Эмерсон). «Адамдын тарыхында болуп өткөн бардык жаңылануулар рухий күчтөргө таянары – талашсыз чындык» (Альберт Швейцер). «Денени сактап туруш үчүн бекем дух керек» (Дуглас Мак Артур). «Материалдык (финансылык) таяныч жакшы, рухий таяныч андан жакшы» (Р. Стоун). «Рухий тарбия – улуу иш, ал аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет» (В. Белинский). Эми жыйынтыктайлы. Биздин эл материалдык баалуулуктарга артыкчылык берип койгондуктан материалдык да, рухий да проблемаларыбыз көбөйүп бара жатат. Улуу адамдардан сабак алсак, рухий проблемаларыбыз мынча болбой, дурус болот эле.

## Биринчи глава боюнча корутунду

Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн рухий өсүшүнө, маданияттуулугунун жогорулашына, элдин жашоосунун оңолушуна дин таануу билими да, илим да керек, анткени алардын адамды өнүктүрүү багыты төмөнкүдөй.

1. Илим адамдын дене түзүлүшүн, жашоо мыйзамдарын үйрөтсө, дин – рухтун, дилдин купуя сырларын, өнүгүү мыйзамдарын үйрөтөт. Илимий билимдер табигатта кездешүүчү объективдүү мыйзамдарды үйрөтсө, дин таануу билими рухий мыйзамдарды, диндерди тааныганды үйрөтөт. Экономикалык билимсиз адам материалдык баалуулукту ысырап кылышы мүмкүн, дин таануу билимисиз адам өмүрдү ысырап кылышы мүмкүн. Илимий билимдер акыл аракетин талап кылат. Дин таануу билими аңдап түшүнүүнү, сезүүнү талап кылат. Илимий билимдер адамды рационалдуу, логикалуу ой жүгүртүүгө, акылдуулукка үйрөтсө, дин таануу билими − адамды космостук аң-сезимди сезүүгө, аны менен гармониялуу жашоого, акылмандуулукка үйрөтөт.

2. Диний жана илимий билимдерди тең өздөштүргөн адамдардын логикалык, рационалдуу жана интуитивдүү, иррационалдуу ойлому калыптанат, позитивдүү ойлорду ойлогонго көңүл бурат, интуитивдүү ойломго, практикалык аракетке өзүн даярдайт, оптимисттик духка ээ болот, стресстен кутулат, аң-сезиминин өсүшүнө камкордук көрөт, өзүн бактылуу сезет. Илимий рационалдык ойломго негизделген адамзаттын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү аз экендиги XX кылымдын аягында аныкталыптыр. Аны азыр ыймансыз (бездуховный), псевдорационалдуу коом деп окумуштуулар аташууда. Диндеги негизги тема – адам, анын ыймандык (рухий) тарбиясы, аң-сезимин өнүктүрүү, тартипке чакыруу, дилдин соолугу жөнүндө камкордук көрүү.

3. Илимий билимди жакшы өздөшүргөн Батыш ойчулдары логикасы өнүккөн, экстраверт (сырткы дүйнөгө көңүл бурат, билими кенен), динди

жакшы өздөштүргөн Чыгыш ойчулдары интуитивдүү интроверт (ички дүйнөгө көңүл бурат, билими терең) болот. Акылдуулар (илимий билимди өздөштүргөн адамдардан) Батыштан чыгат, акылмандар (диний билимди өздөштүргөн элден) Чыгыштан чыгат экен.

4. Көп окумуштуулар рационализмге альтернативалуу багыт катары – гуманисттик көз карашты, философияны, экзистенционализмди, динди эсептешет. Европада илимий рационализмдин кризиске келиши, Европа маданиятындагы кыйынчылыктардын көбөйүшү, акыркы жыйырма жылдыкта аны сынга көп алынышына себеп болууда. Илимде, социалдык турмушта рационалдык ойломдун мындай үстөмдүгү мурдагы бир канча кылымдарда болгон эмес. Элдин ишеними, көз карашы туура эмес болсо, ошол көз карашына жараша жүрүм-туруму, аракети болот. Туура эмес багытта аракет кылган элдердин кризиси тереңдей берет. Биздин кризиске келишибиздин себеби мурдагы көз карашыбыз, ишенимибиз, багытыбызга түздөн түз тиешеси бар.

5. Диний, илимий билими терең эмес элдердин рухий абалы начар, аң-сезиминин деңгээли төмөн болот. Адамзаттын өнүгүү тарыхында коомдук формациянын алмашуусу элдин аң-сезиминин өсүшүнөн, рухий абалынан көз каранды болот. Ар бир адамдын аң-сезиминин өнүгүшүнө жараша коом өнүгөт. Жер шарында болуп жаткан процесстердин көбү адамдын аң-сезими аркылуу ишке ашууда. Турмуштагы элдин бардык тарткан азабы адамзаттын аң-сезиминин пастыгы менен байланыштуу. Адамдын диний ишенимге, илимге ынтаасы, тырышып аракеттенүүсү канчалык күчтүү болсо, мээнин жаңылыштыгы ошончолук аз, аң-сезими жогору боло тургандыгы окумуштуулардын эмгеги аркылуу аныкталды.

# II ГЛАВА. ГЛОБАЛДАШУУ ШАРТЫНДА МЕКТЕПТЕРДЕ ДИН ТААНУУ БИЛИМИН КИРГИЗҮҮНҮН МАКСАТЫ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ

## *2.1. Глобалдуу кризистен чыгуу үчүн дин таануу билиминин мааниси*

Үчүнчү миң жылдыктын башында адамзаттын дүйнө таанымы өзгөрдү, коомдор глобалдуу трансформацияга (бир түрдөн башка түргө өтүүгө) дуушар болду. Дүйнөнүн жаңы түзүлүшү саясатчылардын, окумуштуулардын көңүлүн буруууда. “Социалдык постмодерн”, “жаңы дүйнө түзүлүшү”, “глобализм”, “маалымдаштырылган коом”, дүйнөнүн жаңы “социалдык-экономикалык диссоциациясы (бөлүнүү, бузулуу)” ж.б. жаңы түшүнүктөр пайда болду. “One World” типтеги (абстрактуу) ой жүгүртүү, глобалдуу ойлом, глобалдык саясат актуалдуу болууда. РТИАнын (РФнын Табигый илимдердин академиясынын) академиги Л.В. Лесковдун пикири боюнча: “XX кылымдын туура эмес саясатынын натыйжасында глобалдуу проблемалар пайда болуп, планета коркунучтуу абалда калды, коомдор социалдык, экологиялык кризиске келди” [85].

Глобалдуу проблемалар деп – жалпы адамзаттын учурдагы жашоосуна жана келечекке коркунуч туудурган проблемаларды аташат. Ал проблемаларды дүйнө жүзүндөгү өлкөлөр жана элдер биригип чечүү керек. Адамзаттын жалпы глобалдык проблемалары төмөнкүлөр:

1. Тынчтыкты камсыз кылуу, адамзаттын тынч жашоосуна коркунуч келтирген ядролук, термоядролук ж.б. куралдарды жок кылуу, НАТОнун аскердик блогунун багытын өзгөртүү, аймактык чыр-чатакты, согуштарды токтотуу.

2. Экологиялык проблемалар, коомдун табигый ресурстарды рационалдуу колдонбогондугунун натыйжасында жаратылыш чөйрөсү деградацияланып бара жатат. Өндүрүштүн катуу, суюк, газ түрүндөгү таштандылардын көптүгүнөн литосфера, гидросфера, атмосфера бузулууда.

Индустриялык антропогендик иш аракетинин натыйжасында химиялык заттардын калган калдыктары табигатты ууландырууда. Трансмодернизациялык (генетикалык өзгөртүлгөн бадыраң, буурчак, күрүч ж.б.), өндүрүштө чыгарылган продуктылар (кока-кола, пепси, йогурт, ж.б.) адамдын, жаныбарлардын өмүрүнө коркунуч алып келүүдө.

3. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү элдин жардылыгы, массалык сабатсыздыгы, караңгылык, кароосуз калган балдардын көбөйүшү.

4. Баңгилик, токсикомания, аракечтик, сойкулук, гомосексуализм, кылмыштуулук ж.б. натыйжасында өмүрү кыска жаштардын көбөйүшү.

XXI кылымда глобалдашуу өзгөчө жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Бул кылымда дүйнө жүзүндө глобалдуу проблемалар көбөйдү. Адамзатты каптаган моралдык, руханий кризистин масштабы кеңейди. Руханий кризистин, ыймансыздыктын кесепетинен Жер жүзүндө баңгилер 200 миллиондон, адам сатууга кабылгандар 4 миллиондон, СПИДке кабылгандар 50 миллиондон ашты (2008). Дүйнө жүзүндө 20 жашка чейинки 90 миллион балдар ташталып, үйдөн куулуп, кароосуз калышкан, алар селсаяктык турмушта жашашат. Планетабызда 1,3 млрд жардылар жашайт. (2001). Дүйнө жүзүндө бир жылда 1,2 млн. адам авто авариядан каза табышат, 50 млн. адам майып болуп калышат. АКШда акыркы 10 жылда 3 млн. адам автоавариядан каза болгон, согушта 650000 адам каза болгон. Европада бир жылда 50 миңден, Россияда 66 миңден ашык адам аракечтиктен о дүйнөгө сапар салууда. Азыр дүйнө жүзүндө ар бир онунчу баңги – мектеп окуучусу болду. Өсүрүмдөр аны чоңдордон 7 эсе көп колдонууда. Башкаруу органдары бюрократтык жол менен аны «чечебиз» дегени менен, жыл сайын проблемалар көбөйүүдө. Ата-энелер, үй-бүлө балдарын өзүнө окшоштуруп тарбиялай албай калышты. Үй-бүлөлүк салттар балдарга таасирдүү болбой бара жатат. Өспүрүмдөр рок, поп музыкага, компьютердик оюндарга, секс продукцияга ж.б. берилип, ар кандай асоциалдык (айрым психикалык процесстер менен байланышкан) багыттагы кыймылдар көбөйүүдө. Алардын ичинде фашизмди, улутчулдукту, каңгып-тентип жүргөн жашоону туура

көргөн диний-сектанттык топтор көбөйүүдө [85].

Официалдуу статистика боюнча бир жылда 1100000 адам өзүн өзү өлтүрөт. Анын ичинде 350 миң кытай, 110 миң индус, 55 миң орус, 31 миң американец, 30 миң япон, 12 миң украинец, 10 миң француз ж.б. бар. Өзүн өзү өлтүрүү деңгээли эң жогору өлкөлөргө (миң кишиге 20дан жогору) Литва, Белоруссия, Россия, Казакстан, Венгрия, Латвия, Украина, Япония кирет. Андан кийинки катарда (миң кишиге 10дон жогору) Франция, Молдова, Кытай, Германия, Канада, Австралия, АКШ турат. Андан төмөн (миң кишиге 10дон төмөн акт жасалган) өлкөлөргө Италия, Англия, Израиль, Греция, Грузия, Армения кирет. Ал эми Египетте, Гаитиде, Ямайкада суицид жокко эсе. Араб өлкөлөрүндө депрессия, суицид жокко эсе, анткени бизде Билим берүү жана илим министрлиги деп аталса, ал жерде Билим берүү жана тарбия министрлиги деп аталат [16]. Официалдуу статистикага суициддик акт далилденген гана учурда эсепке алынат. Ал эми дүйнө жүзүндө (бир жылда) реалдуу өзүн өзү өлтүргөндөрдүн саны – 4000000дон ашат. Соттун медициналык экспертинин жыйынтыгынын көпчүлүгү дарынын дозасы ашыкча алынган, бийиктиктен секирген ж.б. деп ырасталат. Бир жылда 19000000 адам өзүн өзү өлтүрүүгө натыйжасыз аракет жасашат. Суициддик актыларды кылган адамдардын 70% депрессиясы, 15% депрессия менен байланышкан оорулары болгон. XIX кылымдан баштап суициддик актылардын саны бир калыпта өсүп келе жатат. Суициддик актыларды эң көп аткаруучулар наркомандар, майыптар, психикалык дарты барлар, алкоголиктер, гомосексуалисттер ж.б. болуп саналышат [16].

Дүйнөдө «либералдык» идеологияны, демократиялык саясатты үлгү катары жайылтуучу АКШда 50 миңден ашуун аялдары «сойкулук» индустриясына тартылган. Баңгилик, аракечтик, уурулук, уятсыздык, адепсиздик, ач көздүк, паракордук, коррупция сыяктуу «илдеттер» каптап, адамзат адамдык сапаттан айрылып, адептик-рухий кризис тереңдөөдө. Мындай бузулуу арбыган сайын байлык үчүн алсыздарды зордоо, табиятка кол салуу, жаратылышты талкалоо көнүмүш адатка айланып,

мамлекеттердин, элдин, жердин жалпы эле ааламдын келечеги жок болуу, кыйроого келүү коркунучу күтүлүүдө.

Батыш Европа мамлекеттеринде жана АКШда окуучулар өз жолдошторун, ал тургай мугалимдерин өлтүрүү фактылары көбөйүүдө. Молдавияда 2010-жылы окуучулардын укук бузуу кылмышы бир эле жылда 28%ке өскөн. Россияда окуучулар өзүнүн классташтарын өлтүрүү, кара сыйкырдык, мистикалык иштерди жасоо көбөйүүдө. Ярославльдеги сот жети өспүрүм өздөрүнүн төрт жолдошун мыкаачылык менен өлтүрүп, алардын этин жегендиги (каннибализм) үчүн кылмыш ишине өкүм чыгарган.

Дүйнөлүк рухий кризистин эпкини Кыргызстанга терс таасирин тийгизди. Кыргызстанда арак ичкендер 2,5 миллиондон ашуун, алкоголдук ооруга чалдыккандар 100000ден, баңгилер 50000ден, сойкулар 30000ден, СПИДди жугузгандар 2000ден, кароосуз калган балдар 50000ден, ар жылына адам сатуу 4000ден ашты. Ош шаарында СПИДке чалдыккандар миңге жакын болуп, Ош аймагында баңгиликке берилгендердин 67% – мектеп курагындагы жаш балдар. Мектеп окуучулардын арасында тартип кескин начарлап, ээн баштык, рэкеттик кыймыл каптап, 2009-жылы 30 окуучу курман болуп, жаракат алгандар көп болду. Мектепте рэкет, хулиган болгон баладан зөөкүр, кылмышкер жана коррупционер чыгары белгилүү [73].

Республикалык статистика комитетинин берген маалыматына караганда бир жылда 30 миңче кылмыш катталат. Анын 10%ке жакынын жаш өспүрүмдөр жасашат. КР ИИМдин коомдук тартипти сактоо башкармалыгынын башчысы Э.Баев «24.kg» сайтына берген интервьюсунда жыл сайын зордуктоолор 16%ке, карактоолор 30% ке, тоноолор 14%ке көбөйүп жатат, – дейт. Ал эми 2010-жылдын апрелинен баштап 25169 кылмыш катталып, анын чоң үлүшү өспүрүмдөргө таандык экен. Республикада кароосуз калган балдар 2004-жылы 30000 болсо, 2005-жылы Бишкектеги кароосуз калган балдар 27000ге жеткен.

2006-2007-окуу жылда 26% балдар зордукка, зомбулукка кабылышкан, зордук, зомбулук, каракчылык фактылардын 50%ынын бети ачылбаган

бойдон калган. 38,9% балдар толук эмес үй-бүлөдөн чыгышкан. 16% ЖӨИде (ИДНде) учетто турушкан. 2,4% наркологдо учетто турушкан. 3,3% шарттуу кесилгендер болгон. 5,26% туберкулез жугузуп алышкан. 5,2% мектепте учетко алынган. 8% мээсинин функциясы проблемага дуушар болгон. Программанын оордугу, турмуштагы кризистер (экономикалык, адептик-рухий, саясый ж.б.) көбөйгөндүктөн балдарыбыз стресс, депрессия, невроз ж.б. проблемаларга дуушар болууда. Балдардын 90,5% оорукчал (И.Бекбоев). Суициддик акт (өзүн өзү өлтүрүү) жыл сайын өсүүдө. «Агым» газетасынын 23.12.05. санында чыккан «Чөнтөкчү балдар» деген макаласында 1996-жылга салыштырмалуу 2005-жылы транспортто чөнтөк уурулук 10 эсе өскөндүгү белгиленет. Ошого карабастан, алардын акылын өстүрүүгө, билиминин сапатын жогорулатууга камкордук көрүлүп, аларды стресстен, депрессиядан коргонууга, аң-сезимин негативдүү ойлордон тазалоого үйрөтүүгө жеткиликтүү камкордук көрүлбөй келе жатат.

Саясаттын жаңылыштыгынын натыйжасында глобалдык проблемалар көбөйүп жатат, мисалы, дүйнө жүзүндө байлар ого бетер бай болууда, кедейлер ого бетер кедей болууда. 1950-жылы ар бир бай менен кедейдин ички кирешесинин катышы 20:1болгон, 1971-ж. – 30:1 болсо, 1990-ж. – 75:1 болду. Мусулман эксперттердин пикири боюнча исламий дүйнөгө күч менен басым аркылуу алардын «алтын миллиардын» элдин байлыгын тоноо максатында глобализация саясаты ишке ашат. Ошентип, континент, планета жардыланып жатат. Батыш маданиятын мусулмандар кабыл алгысы келбейт, анткени алкоголизм, сойкулук, гомосексуализм ж.б. шарият тыюу салган нерселер. Мусулмандарга бөтөн маданияттын моделин таңуулап жатканы жакпайт, ал эми динин модернизацияласа, анда алар өз маданиятынан ажыраганы турат [120].

Кыргызстан геосаясый, глобалисттик умтулуштардын объектисине айландырылгандыгы көңүлдүн борборунда болууга тийиш. Алар Кыргызтандын элине эмес, географиясына, кен байлыктарына кызыккан, койнунда котур ташы бар эл аралык саясый күчтөр демократияга

жамынышып, ар кандай «диндик» миссионерлер СССРдин маңкуртчулук оорусуна чалдыккан «Общий домго» эч тоскоолдуксуз кирип, карызга баткан жакыр өлкөнүн алсыздыгынан пайдаланып, тоскоолдукка учурабай көзөмөлсүз ээн эркин өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. М., Адилет министрлигинен уруксат кагаз алып, өлкөбүздө өз ишин жүргүзүп жаткан «Иегова күбөлөрү» сектасы Кыргызстандын туусун урматтоого, шайлоолорго, мамлекеттик майрамдарга катышууга, тыюу салышат. Ал сектага кирген кыргыз уланы армияга барбайт, өзүн кыргызмын деп эсептебейт. Анын Ата мекени АКШнын Бруклин аймагы эсептелгендигин Кут билим 06.02.09. гезити маалымдаган. Ага кирген кыргыз улан-кызы өз маркум энесине топурак салууга келбей койгондугу газетага чыгууда. Мына ушинтип чет өлкөнүн кээ бир секталары улуттун руханий түп тамырын кемирип, өздөрүнүн бей рухий, бей адеп, маңкурттук атмосферасын түзүү жөнүндөгү мүдөөлөрүн деструктивдик ишмердигин көмүскө да, көрүнөө да жүзөгө ашырууда. Элдин руху, дили, салты, моралы катуу коркунучта турат. Ички турмушубуз бүлүнүп жатат. Эгерде алды-артын ойлоп, тизгинин жыя кармабаса, азыркыдай стихиялуу кете берсе, бара-бара глобализм маданияттарды бир көгөнгө тизип, унификациялоочу саясатынын баскынында калып, ассимиляцияланып, улутубузду жоготуп коюу коркунучунун алдында турабыз. Муну сезүү бизге абадай, суудай керек. Глобализация саясатынынан Россиянын пайдубалы солкулдап жатса, биздин абалыбыз кандай болот, – дейт С.О. Байгазиев [10, 201-б].

Глобалдуу кризис уникалдуу. Андан чыгуу жолу эч бир китепте жазылган эмес, анын себеби адамдын аң-сезими бир деңгээлден жогорулай албай жаткандыгы менен байланыштуу. Рухий мыйзамдар менен иши жок болуп жашаган адам өзүнө гана ишенип, адамга жакшылык кылып жашоо керек экендигин унутуп калат. Анын натыйжасында жамандыктар көбөйүп, илимди өнүктүрүү үчүн илим жазып, кубаттуулугун чыңдаш үчүн согуш ачып, билим берүү системасынын кызыкчылыгы үчүн билим берип, акчаны көбөйтүш үчүн акча таап адамдар жашап калышты, бул адамгерчиликтин

принцибинен алыстагандык, андан алыстоо – жамандык болуп эсептелет. Адамдын илимге, куралдуу күчкө, акчага сыйынышы, адамзаттын бардык азабынын булагы, биздин цивилизациябыздын шору болуп жатат [127].

«Глобалдуу кризистен рационализмдин парадигмасынын негизинде чыгууга мүмкүн эмес. Акыл-эсти гана өнүктүрүүгө умтулуу таанымдын рухий жолун торойт. Рухий жактан түшүндүрүлбөгөн илимдин өзү адам үчүн коркунучтуу. Рухий жактан максатка ылайык келбеген, логикага гана негизделген илим жашоого эмес, саясатчыларга, аскер кызматчыларына, согуш индустриясын өнүктүрүүгө кызмат кылат» (А.Нотин). Эгерде адамзат жалаң гана акыл-эске ишенип, инерция боюнча «техникалык прогресске» үмүттөнө берсе, анда дүйнөлүк цивилизация бүлгүнгө дуушар болот. Анткени АКШ элдери дүйнө жүзүндөгү элдердин 5% түзөт. Аскердик курал жарак өндүрүү потенциалы боюнча дүйнөлүк куралдын 40%ин түзөт. Алар адамзаттын 2/3ин жок кылыш керек деп эсептешет, б.а. Батыш аң-сезими адамзаттын керексиз бөлүгүнөн кутулуу керек деп эсептешет. Аң-сезимдин өсүшүнө камкордук көрбөгөн адам денесинин физиологиялык талаптарын канааттандыруунун артынан жүрүп, өзүнүн руху жөнүндө түшүнүгү жок болуп, коркунучтуу абалга чейин деградацияланып жатат. Адам түбөлүктүү рухту биринчи орунга койбой, кылымга жетпеген жашоосу бар дененин кызыкчылыгы үчүн жанына чыккынчы болду. Глобалдуу кризиске адамзаттын келүүсүнө адамдын рухий акыйкатын түшүнбөгөн элдердин бөлүгү себепкер. Батыштын азыркы абалы инсульттун алдындагы абал, – деп белгилейт А. Нотин [127].

XXI кылымда Евроатлантикалык цивилизация дүйнөгө глобалдык экспансиясын (үстөмдүгүн) таңуулоодо. Калган цивилизациялар (буддисттик, индуисттик) глобалдаштыруу саясатына лоялдуу (баш ийип) мамиле кылууда. Дүйнө жүзүндө глобалдык саясатка туруштук берүүгө жөндөмдүү бир эле цивилизация бар, алар – *исламий маданияттын* наркын түшүнгөн элдер. Азыр айрым жаштар глобалдуу катастрофанын жакындап келе жаткан коркунучунан динге кирсе, айрымдары рухий, психикалык

проблемадан чыгуу үчүн динге кирип, айрымдары ата-бабалардын жолун улантып динди өздөштүрүп жатышат.

Ар кандай жамандыктан жаштарды сактап калуунун салттуу тарыхый ыкмасын жакшы билген биздин эл дин аркылуу балдардын адамдык асыл сапаттарын сактап калуу аракетин жасап, коомдун диндик руханий билимге болгон муктаждыктары кескин өсүп, элдик каражаттар менен диний уюмдар, билим берүүчү мекемелер көбөйүп келе жатат. КРнын Билим берүү жана илим Министрлигинин 2008-ж 21.08. № 112 буйругу менен «Диний окууда жалпы бирдиктүү стандарттагы билим берүү системасын иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ» түзүлгөн. Бирок мамлекеттик деңгээлдеги аткарылган мындай иш-чаралар турмуштук зарылдыктар коомдогу диний окутуу татаал процесстерин «Кыргыз Республикасындагы дин эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзам аркылуу тескей албай тургандыгы, коомдун өнүгүүсүн өзүнчө бир татаал процесс катары «диний билим берүү боюнча» атайын мамлекеттик мыйзамдын керектигин эксперттик анализдер жана турмуштук фактылар тастыктап көрсөттү.

Ал эми окуу жайлар боюнча токтолсок, Кыргызстанда 2000ден ашуун мектептерде 1,3 миллиондон ашуун балдарды светтик таалимге (динсиз тарбия) окутулуп жатса, руханий (диний) билим берүүгө 8 исламий жогорку окуу жай, 51 медресе, 14 христиандык багыттагы чиркөөлөр иштеп, аларда болгону 2765 мусулмандарды, 1225 башка диний ишениминдеги жарандарды, б.а. жалпы жаштардын 3%ын гана окутуп жатат. Бул жагдай жаштарыбызга зарыл диний билим, руханий таалим жеткирүүгө өтө аздык кылат, такыр эле жетишсиз десек болот (А.Калмаматов) [73]. Мындай кырдаалдан алып чыгуунун жолу – адамдык сапатты, адеп-ахлакты калыптандыруу экендигин билген мамлекеттер элине диний-руханий билим берүү, ыймандык тарбиялоо менен алектенип жатышат. Алар жаштарына диний таалим-тарбия берүү менен адеп-ахлагын, адамдык моралдык сапатын бекемдөөгө бет алды [73].

Азыр Европада жана КМШда жалпы билим берүүчү мектептерде,

жогорку окуу жайларда дин таануу билими киргизилип жатат. Кыргыз Республикасында бул маселе актуалдуу экендигин түшүнгөн интеллигенттердин аз эместигине карабастан, маселени чечүүгө жөндөмдүү адамдар бириге албай жатышат. Окуу пландагы каралган предметтердин программалары өркүндөтүлүүдө, адептик аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүү, рухий тарбия боюнча диссертациялар жазылып, класстык сааттар өтүлүп эле жатат. Адептик, рухий, этикалык тарбияга арналган совет доорунда жазылган жана азыркы китептер бар болгонуна карабастан, коомдо деградацияга кетип бара жаткандар (алкоголиктер, баңгилер, кылмыштуулук ж.б.) аз эмес. Азыр бизде илимпоздорубуз, жазуучуларыбыз, искусство чеберлерибиз көп, коомубуз адептик-рухий дүйнөсү кризисте, экономисттерибиз көп, каражат кризиси бар, юристтерибиз көп, криминал гүлдөп жатат, саясатчыларыбыз көп, саясый кризис бар. Илим бул кризистерди чече албай калды. «Тобокел деп иш баштабаган, азапты мойнуна көбүрөөк үйүүгө тобокел кылат», – деген  Бунин И.А. “Асанкайгы ойлонуп отургуча, тобокелчи маарага жетиптир”. Биз ойлонуп отургуча, башка өлкөлөр ишин илгерилетип жатышат. Тобокел деп мектептерде “дин таануу” же “ыйман” сабагын киргизүү боюнча иш баштасак жакшы болот эле [73].

С. Хантингтондун пикири боюнча көп конфессиялуу шартта КРда чоң чыр-чатак күтүлөт. Палестина-израиль, православдык-серб-харваттык-христиан, иудей, мусулмандардын суннит-шиит чатагы диний келишпестикке, атаандашуууга негизделген. Батыш менен Чыгыштын өкүлдөрү элге өз саясатын, “динин” таңуулап басып жүрүшөт. Батыштын да Чыгыштын да сөзүн сүйлөгөн кыргыздар бар. Алардын ар кимиси өзү билген билимине таянышат, бирок мамлекетибиздеги жалпы картинаны да, дүйнөлүк жалпы картинаны да көрө (түшүнө) алышпагандар бар. «Ар бир жан өзү кылган иштин (б.а. ээ болгон билимдин) туткуну болот», – деп Куранда 14 кылым мурда эскертилиптир (74.а.38), б.а. элдин диний билими жок болсо, ар ким билген билиминин туткунунда болору айтылыптыр. Кыргызстандыктардын биримдигин сактоо кыйын болуп бара жатат,

мамлекеттүүлүктү сактап калуу үчүн элдин биримдиги зарыл. Эч кимди кыргызстандыктардын биримдиги толкундандырбайт. Дүйнөлүк бардык элдерде: «Билимсиздик – караңгылык, билимдүүлүк – жарыктык», – деген нуска бар. Диний билим да адамга керек нерсе. Азыр кыргыздар теңирман, мусулман, атеист, сектант ж.б. бөлүнүп жатышат. Бир элдин бир нече динге бөлүнүшү – коркунучтуу. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» (макал). Бөлүнгөн эл - душмандын жеңил олжосу. Кыргыздарды бөлүүгө кызыккан сырткы күчтөр бар. Элди чыныгы дос (чет элдик саясатчы) бөлүүгө аракеттенбеш керек эле, тилекке каршы андай эмес. «Бүгүнкү секулярдык Батыш өз маданиятын башка маданияттардан жогору «таанытып», аларды (мусулмандарды) жок кылуунун түркүн аракетин көргөндүгү – талашсыз чындык. Биз өз маданиятыбызды, көөнөрбөс рухий баалуулуктарыбызды сактап калган чакта гана эл катары сакталышыбыз мүмкүн», – дейт теология илимдеринин доктору Кадыр Өзкесе. Бизде диний билим берүүнүн Батыш моделин сунуш кылууга кызыгып жүргөн окумуштуулар да бар. Биз өз жолубузду өзүбүз аныктай албасак, жол көрсөтүүчү «достор» өз кызыкчылыгын көздөп коюп жатышат. Бул − кыргызды бирөөлөрдүн оюнчугу кылуунун ыңгайлуу каражаты. Муну жалпы кыргыз эли түшүнгөнү дурус.

## *2.2. Илимге жана дин таанууга бир жактуу мамиле кылган элдердин проблемалуулугу боюнча статистикалык анализ*

Азыр Батыш жана Чыгыш жарым шарларында жашаган элдердин илимге, динге карата мамилеси, жетишкендиги жана проблемалары жөнүндө статистикалык маалыматка көңүл бөлөлү. Россиялык тышкы иштер министрлигинин эсептөөлөрүнө караганда дүйнө жүзүндөгү 48 өлкөнүн көпчүлүгү мусулмандар, 127 өлкөдө исламий коомдор бар, алар элдин 50% түзүшөт. Дүйнөдө 1,45 млрд. мусулман, 1,8 христиан, 13,2 миллион иудей еврейлер, 0,8 млрд. буддисттер бар, б.а. бир еврейге 110дөн ашык мусулман туура келет (2006). Ошого карабастан азыркыга чейин еврейлер илимий, саясый чөйрөдө үстөмдүк кылып жашап келе жатышат. Эмне үчүн?

Фактыларга көңүл бөлөлү. А.Эйнштейн (физик, математик), А.Фридман (математик, космолог), З.Фрейд (психолог), К.Маркс (философ), П.Самюельсон (экономист), М.Фридман (экономист) ж.б. көп окумуштуулар, саясый лидерлер еврей улутунан чыгышкан. Акыркы 105 жылда 180 еврей, 3 мусулман Нобель сыйлыгынын лауреаты болгон.

Илимий билимдерди өздөштүрүү боюнча мусулмандар христиандардан артта калган. Исламий дүйнөнүн 57 өлкөсүндө болгону 500 университет бар. АКШда 5758, Индияда 8407 университет бар. Христиан дүйнөсүндө элдин 90% сабаттуу. Мусулман дүйнөсүндө элдин 40% сабаттуу. Христиан өлкөлөрдүн жаштарынын 98% орто мектепти бүтүргөн. Ислам өлкөлөрүнүн жаштарынын 50% орто мектепти бүтүрүшкөн. Будданы карманган элдердин жаштарынын 90% сабаттуу, алар диний-философиялык, илимий билимдин экөөнө бирдей мамиле кылышат. Христиан өлкөлөрдүн элинин 40% жогорку окуу жайды бүтүрүшкөн. Мусулман өлкөлөрүнүн элинин 2% жогорку окуу жайды бүтүрүшкөн. Мусулман өлкөлөрүнүн 1 млн. адамга (ар кандай кесиптеги) 230 окумуштуу туура келет. АКШда 1 млн. адамга 5000 окумуштуу туура келет. Христиан өлкөлөрүндө 1 млн. адамга 1000 техниканы өздөштүргөн адам туура келсе, араб өлкөлөрүндө 1 млн. адамга 50 техниканы өздөштүргөн адам туура келет. Мусулман дүйнөсү илимди изилдөөгө ИДПнын (жалпы казынага түшкөн пайданын) 0,2% бөлүгүн, христиан дүйнөсү 5% бөлүгүн сарптайт. Пакистанда 1000 жаранга 23 күнүмдүк газета (бирдиги) чыгат. Сингапурда 460 газета чыгат. Улуу Британияда 1 млн. адамга 2000 аталыштагы китептер чыгат. Египетте 1 млн. адамга 17 аталыштагы китеп чыгат. Пакистанда жалпы экспорттун 0,9% жогорку сапаттагы технология продукциясы түзөт. Сауд Аравиясында ал жалпы экспорттун 0,3%, Сингапурда 68% түзөт. Мусулман өлкөлөрдөгү университеттери дүйнө жүзүндөгү мыкты 500 университтердин катарына кирбейт. Дүйнө жүзүнүн 1/5 мусулман түзөт, бир индуистке, бир буддистке эки мусулман туура келет [150].

Биз ушул фактылар аркылуу илимий багыт боюнча иудейлердин,

христиандардын мусулмандарга караганда айрым жетишкендиктерине ынандык. Эми өнүккөн Германияда көз карандылыктын ар кандай формаларынан жапа чеккендердин статистикалык цифраларына (1996) көңүл бөлөлү: 6,2 миллион адам тамекиге көнүп калышкан; 2,3 миллион адам алкоголизмден көз каранды; 1,2 миллион адамдар медикаменттен көз каранды; 400000 адам баңгизатка кумарданышат. 100000 адам баңгизаттан көз каранды; 150000 кумар оюндарына азгырылышат; 500000 тамак-ашка көз карандылыктан (соргоктуктан) ден соолугу проблемалуу; 50000 адам арыктоонун ар кандай методдоруна муктаж; 1 миллион адам сексе, спортко ыгы жок берилүүдөн азап чегишет. Бул тизменин толук эмес экендигин, о.э. бул коом физикалык, психикалык соо эмес коом экендигин К.Теппервайн «Как противостоять превратностям судьбы» деген китебинде белгилейт. Демек диний билимсиз коомдор көз карандылыктын ар кандай формасына келишет экен [167, 152-б].

Материалисттик көз караштагы адамдардын үлгүсү катары германиялык материалисттер жөнүндө кыскача айта кетели. Алар үчүн жакшы үйлүү, кымбат машинелүү болуу, көңүлдүү эс алуу маанилүү. Ал эми балалуу болуу экинчи орундагы маселе. Ошондуктан эркектер өздөрүн стерилизациялап (балалуу болуу жөндөмүнөн ажыратып) салуу модага айланган. 1992-жылы ата болууга жөндөмдүү эркектердин 0,5% өзүн стерилизациялаcа, 2000-жылы 3% стерилизациялашкан, 2010жылы ал 6%га өскөн, б.а. процесс жыл сайын 0,3%га өсүүдө. Азыркы мезгилде 30 жаштан 44 жашка чейинки аялдардын 26,8%нын балдары жок. Жогорку билимдүү аялдардын 49% баласыз жашоону артык көрүшөт. Батыштын азыркы ой жүгүртүүсү өзүн өзү жок кылууга багыт алып бара жатат.

Азыр илимий билимдерди терең өздөштүргөн, акылдын өнүгүшүнө өтө жогору баа берген техноцивилизациянын алдында кетип бара жаткан Батыштын элдеринин демографиялык өзгөрүү абалы жөнүндө статистикасына көңүлүбүздү буралы (БУУнун 2010-жылдагы отчетунан алынды). Дүйнөнүн демографиялык өзгөрүүсүн изилдеген АКШлык

окумуштуулар элдин 25 жыл стабилдүү сакталышы үчүн балдардын төрөлүү коэффициенти (ар бир үй-бүлөгө туура келген орточо арифметикалык чоңдук) k=2,11 кем эмес болуш керек деп ырастайт. Эгерде k мындан кичине болсо, улут азаят. Адамзаттын тарыхында k=1,9 болгон бир да улут сакталып калган эмес. Азыр Францияда k=1,8, Англияда k=1,6, Грецияда k=1,3, Германияда k=1,3, Италияда k=1,2, Испанияда k=1,1 (2007). Жалпы Европалык континенттеги 31 мамлекеттин орточо төрөлүү коэффициенти k=1,38. Тарыхый тенденцияга таянсак, бул көрсөткүч дагы кемийт. Элдин демографиялык абалы боюнча маалыматтарга караганда бул цифраны өзгөртүүгө мүмкүн эмес, б.а. бир нече он жылдыктан кийин бүгүнкү Европа башкача болуп өзгөрүүсү күтүлөт. Ошого карабастан азыр Европада эл азайып бара жаткан жок. 1990-жылдын эсеби боюнча элдин стабилдүү кармалып турушуна 90% мусулмандардын эмиграциясынын эсебинен Европа толукталууда. Азыр француз үй-бүлөлөргө (эки адамга) балдарды бөлүштүрсө, 1,8ге туура келет, ал эми Франциядагы мусулмандардын үй-бүлөсүнө бөлүштүрсө, 8,1 саны туура келет. Француздардын карылары көп, мусулмандардын 20 жашка чейинки балдары көп. Париж, Марсель, Ниццада мусулман балдар 45% чейин көбөйгөн (2007). Азыр ар бир бешинчи француз мусулманчылыкты кабыл алган. Эгерде ушундай ыргак менен мусулмандар көбөйсө, 39 жылда Франция мусулмандардын өлкөсүнө айланат деп ырасташат АКШлык окумуштуулар.

Британияда акыркы 30 жылда мусулмандар 82000 адамдан 2,5 миллионго чейин өскөн, б.а. 30 эсе өскөн. Голландияда төрөлгөн балдардын 50%ин мусулмандардын балдары түзөт. 15 жылдан кийин Голландиянын жарымы мусулмандар болушу күтүлөт. Россияда 23 млн. мусулмандар жашашат, б.а. алар россиялыктардын 1/5ин түзөт, бирок армиясынын 40% мусулмандардан турат. Белгиянын 25% – мусулмандар, бирок төрөлгөн балдардын 50%и мусулман үй-бүлөдөн чыгууда. Германияда немец үй-бүлөлөрдө балдардын төрөлүшү кескин төмөндөөдө. Эгерде ушундай темп менен мусулмандардын миграциясы жана төрөлүшү уланса, 2050-жылда

Германия исламий мамлекет болушу күтүлөт.

Азыр мусулмандарга (ЖМКда айтылгандай) террорист болуунун да, өзүн өлүмгө өкүм кылуунун да кереги жок. Бактылуу элдер ак көңүл, айкөл, кең пейил болушат. Иши өзүнөн өзү илгерилеп жаткан элдер бактылуу болушат, бактылуу элге согуштун кереги жок. Бир нече он жылдыкта 50 миллиондон ашык мусулмандар Европаны исламий континентке айландырганы турушат. Азыр Европада 52 млн. мусулмандар жашашат. Германия өкмөтү бул цифра 20 жылда 104 миллионго чейин өсөт деп ырастайт.

Канадада k=1,6. Ал жерде 2001-жылдан 2007-жылга чейин мусулмандар 1,2 миллиондон 1,6 миллионго чейин өскөн. АКШда k=1,6, латындык улуттар менен кошкондо k=2,11 түзөт. 1970-жылы АКШда 100000 мусулман болсо, 2008-жылы 9 миллионго чейин өскөн. 30 жылдан кийин 50 млн. мусулман болушу күтүлөт. Францияда 3 млн. мусулман, 1000ден ашык мечит бар. Католик чиркөөсүндөгү адистердин эсептөөлөрүнө караганда 3-5 жылдан кийин дүйнө жүзүндө ислам үстөмдүк кылган дин болушу мүмкүн. БУУнун (ООН) 2010-жылдын эсептөөлөрү боюнча планетада 6,5 млрд. адам бар. Азыркы мезгилде 50дөн ашык христиандар жашаган мамлекеттерде төрөлгөн балдарга караганда өлгөндөрдүн саны көп. Дүйнө өзгөрүүдө. Биздин балдарыбыз мурастаган дүйнөлүк маданият азыркыдан таптакыр башкача болушу күтүлүүдө. Батыш элдери азыр тамыры үзүлгөн дарак сыяктуу. Адептик аң-сезимди өнүктүрүү, диний маданиятты билүү философиялык мааниге ээ болуп чектелбестен, адамзаттын жашап кетүүсүнүн зарыл шарты, ал тарыхый-методологиялык мааниге ээ нерсе экендиги белгилүү болууда.

Россияга башка өлкөлөрдөн жыл сайын 800000 адам келип жатат. Эгерде k (ар бир үй-бүлөдө төрөлгөн баланын санына туура келген орточо арифметикалык чоңдук) өзгөрбөсө, орустар 50 жылдан кийин эки эсе азайышы күтүлөт. Азыр 13 жаштагы балдардын 5% системалуу ичкилик ичишет. Акыркы жылдарда аракечтердин өлүмү баңгилердин өлүмүнөн 10

эсе көбөйдү. Сегизинчи класстын 1/2и; тогузунчу класстын 2/3си; 10-11-класстардын 4/5ү ичкилик ичишет, б.а. 10 окуучунун сегизи ичкилик ичип калды. Азыр орус элинин 40%и ичкилик ичет, 3 млн. алкоголик бар. 15 жашында ичкиликти ичип баштаган жаштар 21 жашында наркологиялык врачтын жардамына муктаж болуп калып жатышат (2012).

Статистикалык агенттердин маалыматына караганда Европада, Америкада, КМШ өлкөлөрүндө исламга киргендердин саны көбөйүп жатат. Франциялык “Жон Эфрек” журналынын кабарларында Франциянын ички иштер министрлигиндеги диний иштер бөлүмүнүн жооптуу катчысы Дейди Лейшинин 2009-жылкы (президент Саркозиге) отчетунда мындай делет: жыл сайын болжол менен 5000 франциялыктар исламды кабыл алып жатышат. Исламга кирген француздардын саны болжол менен 60000ге жеткен. Америкада болсо, 31.03.2009 “NBC NEWS”тин билдирүүсүнө караганда бир жылда 20000 америкалык жаран исламга кирген. “Орто Чыгыш” гезити 16.01.2009 № 10276 санында бир жылда миңдеген германиялыктар христиан дининен чыгып, исламга кирип жатышат. М., 2005-жылы 4000, 2006-жылы 5000 германиялыктар исламга кирген. Булардын басымдуу бөлүгүн аялзаты түзөт. Социолог окумуштуу Моника Фолраб Зар “Шпигель”гезитине берген интервьюсунда исламга киргендердин негизги бөлүгү жан дүйнөсүнүн тынчтануусун издөө (психикалык проблемадан кутулуу) максатын көздөгөндүгүн билдирет, анткени ата-бабаларынын дини аркылуу алар дилин тынчтандыра алган эмес (психикалык проблемадан кутула алган эмес). Азыр Батышта ар бир 12-15 адам бир психотерапевттин жардамына муктаж.

Дүйнө жүзүндө окумуштуулардын, батыштык интеллектуалдардын, маданий ишмерлердин ислам динин кабыл алуу фактылары көбөйүүдө. Мисалы: россиялык философия илиминин доктору Полосин В.С., канадалык доктор Ж.Миллер, австралиялык Леоналд Вайс, англиялык Ричард Бертон, Мармадьюк Пикхтолл, Мартин Лингз, Кет Стивене, франциялык Морис Букел (Букай), Луи Массиньон, Рэне Генон, Ева де Витрай, Роже Городи, Морис Бежар, швейцариялык Титус Буркхардт, Роже дю Паскейе, немецтик

Фритхоф Шоун ж.б. Исламий окуунун кынтыксыз экендигин мойнуна алган башка диндин өкүлдөрү: Л.Н. Толстой, А.С. Пушкин, И.А. Бунин, И.В. Гете, Бернард Шоу, Ламартин, М.Ганди, Т.Карлайл, Д.Ч.Шарма, Эдвард Гиббон, Симон Окли, Г. Хевлик ж.б. (И. Назарбеков. Ислам жана билим. – Б., 2002.)

Эмне үчүн бир нече кылым колониялык эзүүдө болуп, кыйналган мусулман элдери депрессияга дуушар болбой, суицид акты менен өлгүсү келбей, аларды бомбалап, байлыгын тартып алган, илим менен техникасы өнүккөн элдер жыргап жашоонун ордуна депрессияга дуушар болуп, суициддик өлүмгө умтулат? Эмне үчүн эзүүдө калган мусулмандар мөңгүрөп, чөгүштүн ордуна Евроатлантиканы бомбалабай, талкалабай эле ээлегени турат? Ал эми мусулмандарды бомбалап, талкалаган элдер өзүнөн өзү жок болуп бара жатышат? Эмне үчүн французадар, немецтер, англичандар ж.б. өз динин таштап, исламды кабыл алып жатышат? Ушул парадокс жөнүндө ойлонушубуз абзел. Анткени алар адамды конструкциялаган Заттын илимин (динди) бурмалашып, каалаганындай жашаган. Ислам дининин өзгөчөлүгү ушунда. Мусулмандардын куралы – рухий нерселер (билим, ыйман, дуба ж.б.). “Дин – бардык билимдердин негиздүүсү, методологиялык платформа” (Дж. Эспозито). Материалдык куралдан рухий куралдын күчтүүлүгүнө бул факт далил боло алат. АКШнын ислам изилдөөчүсү Джон Эспозито: «Ислам – асыл жол» деген китебинде «Исламдын таратылыш жараянынын эң мыкты тарабы – анын болуп көрбөгөндөй максатка умтулуучулугу менен ийгиликтүүлүгү», – дейт.

Исламий коом жер жүзүндөгү биринчи универсалдуу цивилизация болгон. Чыгыш таануу менен алектенген окумуштуулардын пикири боюнча келечекте индивид менен коомдун, мамлекеттин гармониялуу мамиле түзүүнү исламий саясат камсыз кылышы күтүлөт. Анткени исламий билими бар адамдар ар кандай карама-каршы пикирлерди, чыр-чатактарды сабырдуулук көрсөтүп, натыйжалуу чечип кетүүгө жөндөмдүү. Куранды билүү адамдын агрессивдүүлүгүн төмөндөтүп, чакчалакей ойлорду иретке салат. Азыр көпчүлүк мусулмандардын өздөрүнүн исламий билими терең

эмес. Москвадагы М.В. Ломоносов атындагы университеттин профессору В. Наумкиндин пикири боюнча: “Ислам дүйнөлүк цивилизациялардын уникалдуусу, кызыктуусу, маанилүү бөлүгү. Исламий дүйнөнүн рухий, интеллектуалдуу потенциалы өтө кубаттуу. Исламий окууда универсалдуу баалуулуктар жөнүндө түшүнүк бар” [120].

Маалымдуулугу жагынан Чыгыш Батыштан калганы менен философиялык ой жүгүртүүсү, рухий билимдүүлүк жагынан пайгамбарлар, акылмандар үйрөткөн ой жүгүртүүнүн мураскорлору болушуп, илимий билимдерден кол үзбөй жашап келе жатышат. Батыш илимий теориялык билимге таянат. Чыгыш илимий жана рухий маданиятты бирдей карманып, экөөнө тең салмактуу мамиле жасашууда. «Батыштын жанында экинчи катардагы эл сыяктуу болбоонун бир эле жолу бар, ал диний маданияттын кадырына жетүү, илимий билимди өздөштүрүү. Эң чоң өксүк – бул тексиздик» (Яхия Кемаль). «Акыл-эске, илимге, логикалык ой жүгүртүүгө приоритет (биринчилик) берип жашагандар – Батыш элдери. Логика – шексиз, абдан жаңылуу искусствосу» (Джозеф Вуд Кратч). Акыл менен сезимдин гармониялуулугун, интуитивдүү ой жүгүртүүнү артык көргөндөр – Чыгыш элдери.

Окумуштуулар: “Бул кылымда ислам дүйнөсүнүн өнүгүүсү күтүлөт, биздин континентте кайсы типтеги ислам басымдуулук болушунан жакынкы мезгилдеги адамзаттын тагдыры көз каранды”, – деп ырасташууда [39]. Биздин өлкөнүн жарандарына өнүгүүнүн алдында турган коомго кошулуу, адашуу алдындагы жана жок болуп кетүү коркунучунун алдында турган коомго кошулууга караганда пайдалуу экендигин билгени дурус. Илимий билимдер аркылуу эл жетишерлик өстү, алар сөзсүз керек, бирок рухий өсүү үчүн дин таануу билими зарыл болуп калды, муну түшүнгөн башка мамлекеттердеги элдердин динге мамилеси өзгөрүүдө.

## *2.3. Мектептерде дин таануу билимин киргизүүнүн максаты жана анын мазмуну*

Азыркы мезгилде да атеисттик цивилизация диний ритуалдардын, техниканын (адамдын сүзүлүп, сүкүт чалуусунун, зикрдин, кыялга батуунун) пайдалуу же зыяндуулугун, жандын өлбөстүгүн, рухий өнүгүүнүн же регресс абалынын динге байланыштуулугун чечкиндүү түрдө жокко чыгарууга аракеттенүүдө. Адамдын жүрүм-турумун, мотивин, бузулган талабын күчөтүүчү экзотикалык (өтө эле башкача) индустрия түзүлүүдө. Мындай индустриянын түзүлүшүнө азыркы саясат өз «салымдарын» кошууда [79]. Биздин заманда элдин жана өзүнүн жашоосунун абсолюттуу маңызынын бурмалап, ар түрдүү психотерапияны, альтернативалуу медицинаны, психо-социалдык техникаларды адамдын жоопкерчилигинен «жеңил кутулуу» максатында пайдаланып жатышат (Ф.Н. Козырев) [79].

Мектептерде дин таануу билимин киргизүү төмөнкү себептерге байланыштуу [21]:

– советтик идеологиянын, Батыштын таасиринин натыйжасында улуттун өз рухий маданияты, диний-эстетикалык салттары унутулуп бара жатат, ал баалуулуктар системасын калыбына келтирүү зарылдыгы пайда болду;

– диний маданият азыркы мезгилде бардык элдерде маанилүү орунга чыгып келе жатат;

– диний билимди өздөштүрбөгөн окуучулар, адабий лексикадагы айрым сөздөрдүн маанисин туура эмес түшүнүшөт, тарыхты, мурдагы доордогу адамдардын ойломун толук кандуу түшүнө албай калган балдар көбөйдү, аларды түшүнбөгөн балдардын стратегиялуу ойлому проблемалуу болууда;

– азыр коомдун гуманитардык билимге кызыгуусу жогорулап жатат, диний билим берүүсүз, гуманитардык билим берүүнү тереңдетүү кыйын болууда;

– дин мурдагы кылымдарда элдин (өлкөнүн) маданиятынын калыптануусунун, өнүгүүсүнүн, адамдардын (өлкөлөрдүн) алака мамиле түзүүсүндө маанилүү фактор болуп келген, азыр элдин тарыхый мурасына

кызыгуусу артууда;

– окуучулардын позитивдүү ойломуна караганда негативдүү ойлому үстөмдүк кылып, депрессияга келген балдар көбөйүүдө, иррационалдуу ойломдон рационалдуу ойлому үстөмдүк кылып, үй-бүлөнү сактай албай калган жаштар көбөйүүдө;

– окумуштуулардын арасында глобализация саясатына туруштук берүүгө жөндөмдүү идеология катары бир гана дин деп эсептегендер көбөйүүдө;

– мурдагы жаңылыштыктарды билүү, баалуулуктар системасын салыштыруу үчүн диний билим керек болууда;

– элдин менталитетинин калыптанышында диний билимдин ролу зор, элдин генетикалык программасында ал бар, анын жетишсиздиги көп проблемаларды пайда кылды, эл ичинде адептик-рухий кризистин масштабы кеңейди, дүйнө жүзүндө глобалдык, рухий проблемалар пайда болду;

– элдин менталитетинин, генетикалык программасын эске албаган билим берүү натыйжалуу болбой жатат;

– коом социомаданий кризиске келди, өспүрүмдөр арасында укук бузуу фактылары көбөйдү, улут аралык, үй-бүлө ичинде чыр-чатак чыгып кетип жатат;

– телеберүүлөрдө зордук, зомбулук, секс, порнография, кылмыштуулук көрсөтүлүүдө, анын жаштарга терс таасири тийип жатат;

– өспүрүмдөрдүн арасында сектага кирген жаштар, психикалык проблемалар көбөйүүдө, суицид актыларын токтотуу кыйын болуп бара жатат;

– октябрь, пионер, комсомол уюмдарынын жоюлушу менен таалим-тарбиядагы мазмунда бөксөлүктөр келип чыкты;

– мектептерде окуучулардын билим сапаты кескин төмөндөп кеткендиктен, билим берүүнүн мазмунун өзгөртүүгө туура келет (А.В. Бородина. История религиозной культуры. Программа учебного курса для общеобразовательных школ, лицеев и гимназий. М.,2005. Бул окуу куралы РФда колдонулуп жатат).

Эми диний билим берүүнүн максаты кайсы, ошого көңүл бөлөлү. Дж. Джеймс: «Диний мүдөөлөрү канааттанбагандык, диний суроолорго нормалдуу жооп берилбегендик – адамдын турмушунда соматикалык, психикалык патологиянын башаты. Диний мааниде дартты айыктыруунун ачкычын медицинадан эмес, педагогика илиминин арсеналынан (ичиндеги нерселерден) издеш керек” [54, 45-б]. Диний билимди берүүнүн максаты – ошол проблемалардан арылууга жардам берүү.

Билбестик коркунучтуу, жалган билим андан да коркунучтуу. Окуучуларга диний билим берүүнүн максаты – аларды жалган (секталык) билимден, жалган маданий чөйрөлөрдөн коргоо, пайгамбарлардын, акылмандардын осуяты аркылуу тарбиялоо. «Акылмандын жанында жүрө берген макоо да акыйкатты бир аз түшүнөт, бирок жалган билимди окуган акыйкатты эч качан түшүнбөйт» (Буддийские сутты).

Айрым «диний» же атеисттик топтордун «диний» же атеисттик фанатизмин жеңүү үчүн, жаман ойлордон тескери ишенимдин негизинде бирөөлөрдү жек көрүүдөн, апатиядан (сабыры суз болуп, көңүлү чөгүүдөн) кутулуу үчүн окуучуларды максаттуу социалдаштыруу зарылчылыгы бар. Мындай максатка жетүү үчүн диний билимдүү адамдардын жашоосунун мотивациясы менен таанышпай, реалдуу диний турмушту түшүнбөстөн, декларациялардын (мыйзамдуу чараларды салтанаттуу жарыялоо, кулактандыруу), чакырыктардын, курулай ураандардын жардамы аркылуу максатка жетүүгө мүмкүн эмес. Окуучуларга аны үйрөтүү үчүн: диний социалдык чөйрө, андагы көрүнүштөр менен жолугушуу керек. Окуучунун мамиле түзүү маданиятын жогорулатууга анын түздөн түз салымы болот. Европада окуучулардын ар кандай компетенциясына, көндүмдөрүнө, маданият (диндер) аралык коммуникацияга (байланыш түзүүгө) жөндөмүн өнүктүрүүгө диний каражатка көңүл бөлүнүүдө (Ф.Н.Козырев) [79].

«Такыба адам жөнүндө сөз» деген курстун (В.П. Борисенко. М., 2003) максаты – жаштарды адептик-рухий тарбиялоо, төмөнкүлөргө түрткү болуу:

– билим берүүнүн тарыхый башатына кайрылуу, улуттук маданиятты

калыбына келтирүү, балдардын чыгармачыл энергиясын өстүрүү, өз милдетин сезүүгө патриотизмге үндөө;

– адамда адептик сезимди ойготуу, жакшы жүрүм-турумду калыптандыруу;

– адамдын рухий башаты жөнүндөгү билим берүү, анын негизинде маданияттуулугун өнүктүрүү;

– Ата Мекендин маданий мурастарына, өлкөнүн табигый ресурстарына аяр мамиле кылууга үйрөтүү;

– балдардын чыгармачыл жөндөмүнүн өнүгүшүнө, социализацияга шарт түзүү;

– жаштарды адептик-рухий өнүктүрүү – мамлекеттин саясатынын өзөктүү маселеси болуп саналат. Жыйынтыктап айтсак, дин таануу билимин киргизүүнүн негизги максаттары [24,52,67,79]:

– дүйнөлүк диндер (христиан, иудаизм, ислам), агымдар, секталар, диний-философиялык (буддизм, индуизм) окуулар жөнүндө маалымат берүү;

– дүйнөнү бирдиктүү элестетүүгө жардам берүү;

– диний окуунун адептик-рухий салттардын маңызын, мурастарын түшүндүрүү;

– диний этиканын принциптеринин негизинде тарбиялоо;

– башка диндеги адамдар менен өз ара мамиле түзүү маданиятын калыптандыруу;

– инсандын өнүгүүсүндөгү адептик-рухий кризистер жөнүндө эскертүү;

– диний көз караштардын келишпестиги боюнча чыр-чатактарды айланып өтүү боюнча айрым тажрыйба менен тааныштыруу;

– элдин өткөн тажрыйбасына кайрылып, диний маданиятын калыбына келтирүү;

– окуучуну диний билимсиздиктин натыйжасында басмырлоодон, эксплуатациядан, экстремизмден, терроризмден алдын ала эскертүү;

– пайгамбарлардын тарыхынан үлгүлүү нускалар, адыстар (хадистер),

Курандан этикалык маселелери боюнча кыскача маалымат, багыт берүү;

– жаштарды көп диний агымдар, псевдомаданий окуулар, секталар бар коомдо адашпай, туура жол табууга жардам берүү;

– акыйкатты таанууга кызыгуусун ойготуу, напсини, жүрөктү тарбиялоо ;

– ыймандуулукка жетүүнүн жол-жобосун үйрөтүү;

– Ата Мекенибиздин маданиятын, баалуулуктарын, салттарын калыбына келтирүү;

– окуучулардын лексикасындагы сөз байлыгын, кругозорун диний билим аркылуу кеңейтүү, тарыхый чыгармаларда мурдагы муундагылардын ойломун туура түшүнүүгө үйрөтүү, стратегиялык ойломун калыптандыруу;

– жаштарды ийгиликтүү социализациясына жардам берүү;

– жаратылыш байлыктарына, мамлекеттин, үй-бүлөнүн мүлкүнө аяр, сарамжалдуу мамиле кылууга үйрөтүү;

– ойдун тазалыгына, дилдин соолугуна камкордук көрүүгө үйрөтүү, ыймандуу коом түзүүгө умтулуу.

Атеисттердин пикири боюнча иудаизм, христиан, ислам – үч алдамчынын: Муса (ас), Иса (ас), Мухаммед (сав) ойлоп чыгарган нерселери. Ф.Энгельс «Бардык диндерге карата атеисттердин көз карашы боюнча дин алдамчылардын ойлоп тапканы, ал канааттандыраарлык эмес» [186, 306-б]. Азыркы мезгилде дин менен илимдин рухий плюрализми коркунучтуу, – деп эсептешет атеисттер. Бул «идея» көпчүлүк интеллигенциянын аң-сезиминде бекем орногон.

Эми дин таануу билиминин мазмунуна токтололу. Билим берүүнүн мазмунун жаңылоо улуттун аң-сезимин жогорулатуунун негизги каражаты, – деп эсептеген окумуштуулар (КРда И.Бекбоев, С.О. Байгазиев, А.Мамытов, И.Букарбай, С.Иптаров, Б.Нурдинов ж.б., РФда С.Л. Выготский, Б.А. Вульфсон, О.Б. Глаголев, Зарайский-Меркурий, Т.П. Довгий, Б.Г. Лихачев ж.б.) соңку 10 жылдын ичинде 150дөн ашык окуу программаларын иштеп чыгышып өркүндөтүшкөн [71, 74].

Педагогикалык адабияттарда, күндөлүк практикада тарбиялык иштердин мазмуну деген термин өтө сейрек кездешет. Анын мааниси кандай? Бул суроого жооп берүү үчүн орусча «образование» деген сөздүн кыргызча мааниси “билим берүү” делип которулуп жүргөнүн эске салып кетели. Орусча адабияттарда мындай деп айтылат. «Образование» анолагично немецкому Bildunq происходит от слова «образ» [82]. В.А. Луначарский «Образование» деген терминди «тарбиялоо» терминин синонимии катары караган. Анын ою боюнча «образование» термини «тарбиялоо» термининен алда канча кеңири мааниге ээ.

Эми дин таануу билиминин мазмуну кандай болушу керек, аны кандай адис түзүш керек? – деген суроого токтололу. Дин таануу курсунун (предметтин) программасын диний окуулардын негиздерин өздөштүргөн, дүйнөлүк практикада диний билим берүүнүн мазмунун билген, атайы даярдыгы бар, ЖОЖдордун теология бөлүмүндө эмгектенген (же аны окуп бүтүргөн) адистер түзүшү керек. Бирок бир диндин башка динден айырмасы бар, диний билим берүүнүн мазмуну кайсы диндин негизинде түзүлүш керек? Христиан, иудей, ислам диндеринин башаты бир. Буддизм – бул диндерге байланышы жок, башка духтагы диний-философиялык окуу болуп эсептелет [141]. КРда калктын 82%ин мусулмандар түзөт. Эгерде биз бүтүрүүчүлөрдүн ыймандуу өсүшүн, рухий өнүгүшүн кааласак, анда исламий окуунун негизиндеги, диний көз караштагы мазмунду камтыган программа түзүлүш керек. Эгерде балдардын дүйнөлүк диндерди (болгонун болгондой) таанышын каалсак, анда динди өзгөртүүгө болбойт, дин мамлекеттик мыйзамдын негизинде (методологиялык платфома катары таяныт) өзгөртүүгө болбойт. Дүйнөлүк практикада христиан динин таанууга арналган программанын мазмуну христиан динине негизделген дин таануучу (религиовед) адистеринин, ислам динин таанууга арналган **программаны динди таануучу** (теологиялык) билимдүү адамдар түзүп, (теолог) **аалымдардын** сынагынан, илимий-методикалык жагы окумуштуу-педагогдордун сынагынан өтүп жүрөт. Динге тиешеси бар программаны

теӊирчилик, атеисттик же политеисттик көз караштагы адамдардын түзгөнү туура эмес, анткени ал программанын негизинде окуган балдардын көз карашы туура эмес калыптанат. Анын пайдасынан зыяны көбүрөөк [110].

Балдардын ыймандуу өсүшүн кааласак, ыймандуулукка тарбиялоонун, таалимдин жол-жобосун, мазмунун, технологиясын изилдеш керек. «Ыйман» деген сөз араб тилинен келген, ал Жаратуучунун жалгыздыгына, периштелерге, ыйык китептерге, пайгамбарларга, тагдырга, кыяматка жана сурак берчү күндө жаралууга ишенүү. Ислам дининин этикасында “ыйман, – деген сөз ичине адамдын бардык жакшы сапаттарын камтыйт, аларды өтө зарыл түгөнбөс баалуулук катары сактап калууга үндөйт, ыймандуулук коомдун өнүгүүсүнө пайдалуу. Атеист адам менен диний адамдын ыйман, ишеним, жашоонун маӊызы жөнүндөгү түшүнүктөрү бири-бирине окшобойт. Буга чейинки атеисттер рационалдуу ойлонуп, интуициянын кызматын пайдаланбай жашап өтүштү [163]. Ыймандуулукка калыптандыруу үчүн диний (исламий) билим берип, ошол билимдин негизиндеги аракет-амал, тарбия аркылуу ишке аша турган маселе.

Дин таануу предметинин негизги максаты – окуучулардын аӊ-сезимдүүлүгүн, адептик-рухий жактан өнүктүрүү, ыймандуулукка тарбиялоо, дилдин соолугуна камкордук көрүү. Динсиз ыймандуулукка тарбиялоого болот деген “идея”, билим бербей туруп эле баланы билимдүү кылам деген сыяктуу кеп. Өспүрүмдүн рухунда ыймандуулук касиетти калыптандыруу оор маселе. Окумуштуу-аалымдардын айтымына караганда ыймандуулуктун курамына 80ден ашык тарбиялык аракет менен калыптануучу адамдык сапаттар, анын карама-каршы жагына (ыймансыздыкка) 70 терс сапат кирет. *Ыймандуулуктун* курамына төмөнкү сапаттар кирет: адилеттүүлүк, акыйкатчылдык, айкөлдүк, кеӊ пейилдүүлүк, адептүүлүк, адамгерчилик, абийирдүүлүк, аброй, акылмандуулук, даанышмандык, ойдун тазалыгы, ак көӊүлдүүлүк, үй-бүлөнүн мүчөлөрүн сүйүү, аманатка кыянат кылбоо, адамды өлтүрбөө, бирөөнү жамандабоо, бирөөнүн акысын жегенден коркуу, берешендүүлүк, байкагычтык, сабырдуулук, колу ачыктык, сезгичтик, бир

сырдуулук, олуттуулук, карыздын үстүнө % кошпоо, бирөөнүн жакшылыгын унутпоо, боорукердик, чынчылдык, чечкиндүүлүк, чыныгы достукту баалоо, соопчулук жасоо, сергектик, адам сыйлоочулук, урматтоочулук, каниеттүүлүк, чыдамкайлык, сезимталдык, сыпайгерчилик, үй-бүлөнүн алдында жоопкерчиликти сезүү, тазалык, жөнөкөйлүк, табигатты сүйүү, коргоо, жардамдашуу, көмөктөшүү, жоомарттык, тырышчаактык, кордобоочулук, калыстык, уяттуулук, улуттар арасында ынтымакты бекемдөө, мээримдүүлүк, кайрымдуулук, кечиримдүүлүк, сыймыктуулук, камкордук, мажбурлабоо, кесипке ээ болуу, кеңешип чечүү, калыстык, кичи пейилдик, бирөөнүн кайгысын бөлүшүү, ой бөлүшүү, сөзгө туруктуулук, ынсаптуулук, кужүрмөндүк, ысырапкорчулукка жол бербөө, ынтымакка умтулуу, эрктүүлүк, эрегишпөөчүлүк, эстүүлүк, ден-соолугун сактоого кам көрүү, билим алууга умтулуу, пайда-зааларды билүү, коомдун келечегине кам көрүү, жасаган жакшылыгына акы сурабоо, пайдалуулук, өзүн өзү көзөмөлдөө, өткөнгө өкүнбөө, ак ниеттүүлүк, Ата Мекенди, элди-жерди сүйүү, ар-намыстуулук, атуулдук сезимдердин болуусу, аң-сезимдүүлүк, напсини аруулоо ж.б. Адептүүлүк ыймандуулуктун курамына кирет.

*Ыймансыздыкка* болсо: сараңдык, кыянатчылдык, кекирейгендик, көздү май басуу, көзгө илбегендик, кербезденүү, өзүн ашыкча баалоо, кара өзгөйлүк, карасанатайлык, ачуулануу, каардануу, кара ниеттүүлүк, мерездик, көрө албастык, кызуу кандуулук, бакылдык, чыккынчылык, кызганчаактык, калпычылык, саткынчылык, керилүү, кошоматчылык, тил жооламалык, кытмырлык, көсөлүк, кысымга алуу, көз боёмоочулук, көйрөңдүк, оолукмалык, келесоолук, акмактык, тентектик, карызын төлөбөгөндүк, оройлук, кополдук, таарынчаактык, оомолук, эркелик, ушакчылык, урушчаактык, унутчаактык, аманатка кыянат кылуу, уурулук, колу туткактык, бирөөнүн буюмуна ээ болуу, наадандык, ыпластык, кесирденүү, нанды кор тутуу, зомбулук, зордуктоо, күчкө салуу, теңсинбегендик, тыңсынгандык, арамдык, текебердик, жан-жаныбарларга азап берүү, аракечтик, арам ойлуулук, арбоочулук, жаман максат менен амалкөйлөнүү,

жалкоолук, бекерпоздук, салпаяктык, ач көздүк, дүнүйөкордук, сугалактык, суктук, алдым-жуттумдук, билип туруп, билмексен болуу, душмандык, зыян келтирүү, уятсыздык, өч алуучулук, жердешчилик, паракордук, баңгилик, бирөөнүн байлыгына көз артуу, бузукулук, өзүмчүлдүк, кекчилдик, шылуундук, кайраштыруу-күүлөштүрүү, мактанчаактык, шылдыңдоо, маскаралоо, зыян келтирүү, кемсинтүү, бейкапардык, кошкөңүлдүк, кайдигердик, мыжыгоолук, эзүү, намыс-ариетсиздик, сойкулук, мыкаачылык, адам өлтүрүү, каракчылык, тоноочулук, бетпактык, эки жүздүүлүк, жапайычылык, түркөйлүк, сыйкырчылык, кумарпоздук, өз өмүрүнө кол салуу, мушташчаактык, зөөкүрлүк, далдалчылык, кызыл кулактык, эч нерсе кылбай пайданы көздөө, жаман ойлуулук, арамзалык, адепсиздик ж.б. Булар диний тарбия-таалимдим кыскача **мазмунунун** негизин түзөт.

КМШ өлкөлөрдүн практикасында жалпы билим берүүчү мектептерде бир динди пропагандалоого, диний символдорду колдонууга уруксат берилбейт. Бирок христианда диний аракет эки түргө бөлүнөт: маданий-агартуучу иш-аракет жана рухий өсүү жолу. Биринчисине таат-ибадат (динчил адамдын аракети), диний ырым-жырымдарды аткаруу, сыйынуу, диний талабын канааттандыруу ж.б. иш-аракеттер кирет. Рухий аракеттерге диний идеяларды иштеп чыгуу, теологияны, диний чыгармаларды, жыйнактарды системалаштыруу кирет. Ошондой эле диний ынанымды социалдык практикада жүзөгө ашыруу, кайрымдуулук акцияларын уюштуруу, социалдык кызмат (тейлөө), диний-маданий предметтерди (буюмдарды) жасоо, миссионердик иш (диний үгүт) аткаруу, маданий эстеликтерди сактап калуу максатында реставрация (эскирген, бузулган имаратты, буюмду, чыгарманы калыбына келтирүү), диний сабак өтүү. Алардын коммерциялык максаты болбойт.

Эми «Такыба адам жөнүндө сөз» (В.П. Борисенко. М., 2003) деп аталган диний (христиан) билим берүүчү курстун мазмунуна көңүл бөлөлү. Псалма жөнүндө аңгеме. Жооштук. Сүйүү кантип жаралат. Акыл-эстүүлүк. Үмүт жана ишеним. Момундук. Жүрөктөгү тазалыкты сактоо. Дененин

кумардануусунан оолак бол. Оор басырыктуулуктун мааниси. Токтоо, жупуну бол. Уяттуулук. Катуу сүйлөбөө. Илбериңки маанайда сүйлөө. Тамакты, суусунду ченеп же, ич. Улуулардын көзүнчө сүйлөбө. Жетекчиге баш ий. Өз теңдүүгө сүйүктүү, кичүүлөргө мээримдүү бол. Дененин ырахатын издеген адамдан, зулумдан, (маанисиз) убаракерчиликтүү адамдан оолак бол. Аз сүйлө, көп тыңша, түшүн. Ойлобой иш кылба. Акылга салбай сүйлөбө. Бирөөлөрдү шылдыңдап күлбө. Адепсиз адам менен аңгемелешүүнүн пайдасыздыгы. Көзүңдү жайыкка, көкүрөгүңдү адамдын оюна (санаасына) бур. Талаш-тартыштан пайда жок. Жандын сулуулугу – жакшылыктуу изги иштеги шайкештиктин натыйжасы, а кебетесинин бузулгандыгы кемчиликтин, анын ниетинин бузулгандыгынын натыйжасы. Бул дүйнөдөн ызат, урмат, сый издебе. Момундун акылмандуулугу. Билбеген иш боюнча насаат айтпа. Кылык-жоругуң, ишиң, мүнөзүң үчүн Кудайдан сыйлык күтүп жаша. Пакизалык (ички тазалык). Талаш-тартыштан оолак бол. Марттык, ырайымдуулук жана сабырдуулук – изги сапаттардын улуусу. Кубаныч. Кудайдан үмүттөнүү. Өзүн өзү токтотуу күнөөдөн оолактатат, кумардануудан сактайт, аң-сезимдүүлүк менен бириккенде чоң күч болот. Исага (ас) окшошуу. Сүйүүлөрдүн эң маанилүүсү – Кудайга болгон сүйүү.

Инсандын адептик-рухий калыптанышы – туура тандалган мазмундун негизиндеги билим, максатка багытталган аракет, тарбиялык иштерди уюштуруу, адамдын өзүн өзү өнүктүрүү, турмуштук ар кандай жагдайга жараша өзгөрүү, рухий потенциалын жогорулатуу аркылуу ишке ашат. Адептик-рухий тарбия төмөнкү базалык түшүнүктөрдү, баалуулуктарды (балдардын) өздөштүрүүсү аркылуу жүзөгө ашат. Христиан, иудей, ислам, будда диний окуусундагы баалуулуктар системасын өздөштүрөт. Өз элинин рухий маданиятын өздөштүрөт. Изгиликтүү жашоо боюнча цивилизациялардын позициялары салыштырылат. Туура жолду өзү тандайт.

Профессор Н.И. Ильинскийдин пикири боюнча: «Келечекте мектеп диний мектеп болот, анткени дин таануу предметинин мазмуну – балдарды жакындарына карата сүйүүгө (мээримдүүлүккө) үйрөтүү, ал диний (тарыхый)

булакка негизделиши керек, ынанымды, көз карашты калыптандыруу диний окууга негизделиши керек. Мектеп адептүүлүктүн мектеби, балдарга жакындарын сүйүүнүн улуу мыйзамдарын үйрөтүүнүн мектеби болушу зарыл». Мугалимдин турмушунда диний жана рухий тажрыйбасы, тарбиячынын педагогикалык сезимталдыгы, балага мээрими, бала менен чоңдун эмоционалдык шайкештиги, диний окууга шыктандыруу маанилүү ролду ойнойт. Мугалимдин тарбиясы сөз, сүйлөм аркылуу эмес, анын үлгүлүү адеби аркылуу ишке ашат. «Сөз, сүйлөм аркылуу ой жүгүрткөн, эң муздак мугалим педагог эмес эле комендант сыяктуу жана ал эки жүздүү», – деп А.Н. Стрижев белгилейт [166]. «Илимдин жана агартуу системасынын жаңыча өнүгүүсү мектептин байыркы маданиятка кайрылуусунан башталат. Жаңы идея көбүнчө – абдан унутулуп калган эски нерсе. Диндеги негизги тема – адам жана аны тарбиялоо, илим, эски мазмун жана эски усулдар. Диний фанатизм да, согушчул атеизм да, экстремизм да жагымсыз сезимге, тынчсызданууга, коркууга алып келет. Ыгы жок чектен чыккан альтернативанын кереги жок», – деп ал жазган [166].

Атеисттик көз караштагы адам жазган программа аркылуу ыймандуулукка тарбиялоого мүмкүн эместигине далил катары диний, атеист адамдардын адамга мамилесин салыштыралы. Аны үчүн X, XI кылымда жазылган Ф. Печерскийдин кеңешине көңүл бөлөлү: «Милостынею же милуй не только свою веру, но и чужую, аще же видищь нагого голодного, зимою ли бедою ли одержима, аще то будет живодин ли, сорочин ли, болгарин ли, еретик ли, латынин ли, от поганых ли – всякого помилуй, от беды избави, яко же можешь» (Дьякова Е. А. Перед праздником. М.,1994.117-б). «Пусть гибнут слабые и уродливые – это первая заповедь человеколюбия атеистов. Надо еще помогать им гибнуть. Что вреднее любого порока? Сострадать слабым и калекам» (Ницше Ф) [123]. «Мусулман – мусулманга бир тууган, ага чыккынчылык кылба, кысымга алба. Муктаждыкта мусулман бир тууганга жардам бергенге Алла жардам берет, кайгысынан куткарганга анын кайгысынын биринен Алла куткарат, кыйынчылыкта коргогонго кыямат

күндө анын кыйынчылыгынан Алла коргойт» (Аль Бухари, Аль Муслим). Биз бул главада дин таануу билиминин маанисин, мазмунун баяндадык, дин таануу курсунун 8-11-класстарга арналган мазмундун калган бөлүгү тиркемеде (программада) сунушталат. Дин таануу билими керек нерсе, бирок эсиңерге түйүп койгула, ыгы жок чектен чыгуунун, "диний" фанатизмдин кереги жок, ал зыяндуу нерсе, "диний" фанатизмден азап тартып жаткан элдер аз эмес, андай азаптын кыргызстандыктарга кереги жок, дин таануу билими илимдерге каршы нерсе эмес, ал башка илимдердин өнүгүшүнө өбөлгө боло турган көп илимдердин (философия, педагогика ж.б.) катарындагы илимдердин бири, – деп эскертип кетүү ашыкча болбойт деген ойдобуз.

### Экинчи глава боюнча корутунду

Бул главада диний билимсиз коомдордун проблемалары, адептик-рухий, глобалдуу кризистин өсүү масштабы теориялык изилдөө, статистикалык анализ аркылуу берилди. Ал кризистен рационалдуу, логикалуу ойдун чегинде (интуицияны, аң-сезимди өнүктүрбөстөн) чыгууга мүмкүн эмес экен. Илимий жол менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон нерсени илим менен динди чогуу өздөштүргөн аң-сезим аркылуу түшүнсө болот. Анда сынчыл акыл-эс менен жаңы көз караш биригип, адамзаттын мындан ары өнүгүшүнө өбөлгө болот.

1. Мектептерде дин таануу билимин берүүнүн негизги максаттары – глобалдык, рухий кризистен (баңгиликтен, аракечтиктен, кылмыштуулуктан, сойкулуктан ж.б.) кутулуу, психикалык проблемалардан арылуу, балдарды деструктивдик, экстремисттик, террористтик коомдорго кирип кетишин алдын ала тыюу, мындан ары өнүгүүгө жол ачуу, ыймандуулукка тарбиялоо, кругозорун кеңейтүү, маданий деңгээлин көтөрүү, диний тарбия-таалим аркылуу адамдык сапатын калыптандыруу, дүйнөнүн конфессиялык картинасын ачуу, балдарга өз позициясын табууга жардам берүү, туура ой жүгүртүүгө үйрөтүү, рухий жардылыктан кутулуу. Ошондой эле XXI

кылымдын башында кайрадан тамырланып келе жаткан псевдомаданий окуулардын (оккультизм, экстрасенсорика, сыйкыр ж.б.) таасиринен окуучулардын аң-сезимин коргоо максатын көздөйт. Терроризмге, экстремизмге жана радикализге каршы күрөшүүнүн туура жолу – динди таанытуу.

2. “Бул кылымда ислам дүйнөсүнүн өнүгүүсү күтүлөт. Биздин континентте кайсы типтеги ислам басымдуулук болушунан жакынкы мезгилдеги адамзаттын тагдыры көз каранды, – деп ырасташууда окумуштуулар. Биздин өлкө өнүгүүнүн астында турган коомго кошулганы дурус. Адамдын акылы өзгөрөт, анын өзгөрүшүнө жараша илимге өзгөрүү киргизет, аң-сезими өзгөрөт, анын өзгөрүшүнө жараша конституцияга өзгөртүү киргизет, бирок адамдын дилинин табийгаты эч качан өзгөрбөйт. Адамдын дили рухий баалуулуктар, дин аркылуу гана тарбияланат. Диний билим берүүгө арналган предметтин (курстун) исламий, христиандык варианттары, дин таануунун негизинде таалим-тарбияга арналган программанын мазмуну кыскача баяндалды да, калган бөлүгү программада берилди.

# III ГЛАВА. ОКУУЧУЛАРГА ДИН ТААНУУ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ИЛИМИЙ-МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## *3.1. Чет өлкөлөрдө жана Кыргызстанда динди таанууга арналган билим берүүнүн практикаланышы*

Азыркы мезгилде Батыш Европа мамлекеттеринин динге мамилеси өзгөрүүдө. Москвадагы чиркөөлүк тышкы бөлүмдөрдүн байланышы (ОВЦС) боюнча бөлүм башчысынын орун басары патриарх Всеволод Чаплиндин 14.06.05. «Интерфакстагы» билдирүүлөрүнө караганда Батыш Европадагы мамлекеттерде «католик маданиятынын негиздери» окутулат. **Италияда**, **Польшада** католик динин үгүттөгөн (диний) мектептер бар. **Испанияда** 6 жаштан 16 жашка чейинки балдар жумасына 1,5 саат диний билим алууга милдеттүү. Сабакты тарых, адабият мугалими же диний ынанымдагы адам

окутушу мүмкүн (Москвадагы католик борборунун жетекчиси Т.Кондрусевичтин 8.06.05. «Интерфакска» билдирүүсү).

**Англияда диний билим берүү** маселесине үч жолу (1870, 1944, 1988-жж.) кайрылышыптыр:

1. 1870-жылы кабыл алынган Билим берүү мыйзамына ылайык Англиянын басымдуу көпчүлүк мектептери чиркөөлөргө бекитилип, билим алуу диний билимдин ажырагыс бөлүгү болгон. Чиркөө мектептеринде билим берүү бир гана христиан динин окутуу максатында жүргүзүлүп, ушул багытта гана энциклопедиялык окуу куралдары колдонулган. Мамлекеттик мектептерде диний агымдарды окутууга тыюу салынган, дин тууралуу сабактарды окутууну же окутпоону мектептер өздөрү чечишкен. Эгерде мектептин жетекчилиги «дин таануу» сабагын окутуу тууралуу чечим кабыл алса, ошол убактагы билим берүү тууралуу мыйзамынын төмөнкү эки шартын аткарыш керек болгон:

− дин таануу сабактары кайсы бир диндин бутагына (агымга) негизделбеши керек;

− окуучунун ата-энесинин макулдугу болбосо, ага «дин таануу» сабагы берилбеши керек. Демек, 1870-жылдагы Англиянын билим берүү тууралуу мыйзамы мамлекет менен чиркөөнүн мамилелерин жөнгө салууга багытталган десек болот.

2. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин көпчүлүк Батыш агартуучулары билимди диндин таасиринен чыгарып, динсиз (светтик) билим берүү керек деп чуу көтөрүшкөндө да бул көз карашты колдобостон, таптакыр динсиз билим берүүгө өтүп кетүүгө жол беришкен эмес. 1944-жылы кабыл алынган «Билим тууралуу мыйзамда» чиркөө өзүнүн мектептеринин ишинде диний билимге мамлекеттин киришүүсүнө жол берилет. Анын чечиминин негизинде мамлекеттик мектептерде диний билим берүүнү милдеттендирген. Бул мыйзамдын 25-статьясында «Бардык диний жана мамлекеттик мектептерде сабактар кудайга сыйынуудан башталат. Ошондой эле, бардык диний жана мамлекеттик мектептерде окуучулар диний билим алышат», –

деп жазылган.

3. 1988-жылы Англияда дин тууралуу мыйзамды 1944-жылда кабыл алынган мыйзамга төп келтирүү үчүн реформа жүргүзүлгөн. Бул реформага ылайык мектеп программасы төмөнкүдөй үч бөлүккө бөлүнгөн:

– атайын окутуу программалары (математика, англис тили ж.б.);

– негизги окутуу программалары (тарых, география, технология, музыка, искусство, дене тарбия ж.б.);

– фундаменталдык окутуу программасы, бул бөлүктө бир гана диний билим берүүнү белгилейт. Билим берүү министрлигинин диний сабактан башкаларынын баары боюнча окутуунун максатын, окуу программасынын негизин жана сынактын түрлөрүн аныктоого акысы бар. Азыр **Улуу Британияда**, **Данияда** дин таануу сабагы милдеттүү түрдө окутулат. Айрым гана мектептерде дүйнөлүк диндер боюнча кыскача обзор берилет [113].

Диний сабактардын өзгөчө статусу белгиленип, ал фундаменталдык деп эсептелип, анын максаты, программасы, сынак формалары мамлекет тарабынан эмес, чиркөө тарабынан аныкталат. 1988-жылы реформаланган билим тууралуу мыйзамда Англиянын башталгыч жана орто мектептеринде ислам дини да окутулушуна уруксат берилген. Азыр Англияда христиандык, исламий билим берүүнү мамлекет каржылайт. Ислам динин окутууда ибадат жана амал бөлүгүнө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Ислам дини 50 саат расмий түрдө окутулат.

**Германиядагы диний билим берүү** мектептерде расмий, милдеттүү түрдө окутуулары тууралуу Германия Федеративдик Республикасынын Конституциясынын 7-беренесинде бекитилген. Бул документке ылайык:

– билим берүүнүн жана тарбиянын бардык түрлөрү мамлекеттин көзөмөлү астында жүргүзүлөт;

– окуучунун диний сабакка катышышы ата-энесинин эрки менен чечилет;

– жеке мектептерде дин сабактарын берүү расмий, милдеттүү, бирок дин сабактары мамлекеттик көзөмөлгө каршы болбош керек;

– дин сабактарынын мазмуну чиркөө тарабынан аныкталат;

– дин сабагын берүүнү каалабаган мугалим мажбурланбайт.

Каалоочулар чиркөөдө жана мечитте кошумча сабак алууга укуктуу. Дин сабагы мамлекеттик жана чиркөөгө караштуу мектептерде тереңдетип окутулат. Бул сабакты чиркөө кызматкерлери жана атайын даярдыгы бар теологдор окутушат. Ислам дини боюнча сабактарды мусулман дин кызматкерлери окутушат. Ал окуу планга киргизилген [113].

**Бельгияда** мектептер төрт түргө бөлүнүшөт: муниципалдык (коммуналдык), мамлекеттик, атайын, чиркөөлүк. Алгачкы үчөөндө католик, протестант, ислам, иудаизм, мораль сабактары тандаганына жараша окутулат. Ага жумасына 2 саат бөлүнөт. Чиркөөлүк мектептерде христиан дининин католик канаты гана окутулат.

**АКШдагы диний билим берүү** 1900-1930-жылдары Массачусетс штатындагы гана мамлекеттик мектептерде Библияны окууга уруксат берилген. 1930-1960-жылдары 17 штатта Библияны окутууга уруксат берилген. Андан кийин 22 сот болуп, 8 сот чечими диний билимге тыюу салган. 1962-жылы Конституцияга өзгөртүү киргизилип, атайын диний билим берүүгө эркиндик берилген. Аны чектөөчү шарттары бар. АКШнын бир канча штаттарында дин таануу сабагынын өлчөмүн социумдун талабына жараша жергиликтүү администрация (директор) аныктайт.

**Швецияда** мектептерде диний билим берүү милдеттүү (мажбур), аны чиркөө кызматкерлери окутушат. Аларда негизинен христиан дининин лютеран тармагы терең окутулат. Мындай билим берүү Швецияда 100 жылдан бери уланып келе жатат. Швецияда 400000 тегерегинде мусулман жашагандыктан, мектептерде ислам сабагы да окутулат, бирок аны мусулман балдар гана бөлүнүп окушат. Аларга дин кызматкери ислам дини боюнча гана билим берет.

**Голландияда** диний билим берүү милдеттүү эмес. Бирок мектептен университетке чейин тандоо сабагы катары христиан дининин кальвинист багыты киргизилген. Каалаган окуучулар жана студеттер кальвинизм

системасы боюнча билим алышат. Башталгыч класста бул сабакты ата-энеси тандап беришет.

**Грецияда** 1838-жылдан бери дин сабагы мектептерде милдеттүү түрдө окутулуп келе жатат. Мектептерде дин сабагы Грециянын билим берүү министрлиги тарабынан расмий абалда киргизилген. Греция православдык христиандыгын кармангандыктан, мектептерде дин негизинен ушул багытта берилет. Буга кошумча грек мектептеринде ислам дини да окутулат. Айрыкча ислам дининдеги беш парзга жана тасаввуфка (ислам мистикасына) өзгөчө көңүл бөлүнөт.

**Австрия** мектептеринде дин сабагы 1982-83-жылдардан баштап расмий түрдө окутула баштады. Мектептердеги дин сабактарын чиркөө жана мусулман диний кызматкерлери окутушат. Австрияда 400000 мусулман жашайт. Ошондуктан христиан дининин протестант багыты жана ислам дини боюнча сабак окутулат. 14 жаштан кийин сабактар окуучунун тандоосу менен ишке ашырылат. Австрия мектептеринде диний ибадат кылууга уруксат берилген. Каалаган окуучулар атайын бөлмөлөрдө ибадат кыла алышат [113].

**Алжир** мамлекетинин негизги калкы мусулман жана араб тилдүү болгондуктан мектептерде ислам динине өзгөчө орун берилген. Анда ислам дининин негизги тармактары боюнча терең билим берилет. Мамлекет жаштарды ислам адеби менен тарбиялоо саясатын жүргүзөт. Жалпы билим берүү системасынын ичинде диндердин тарыхы да окутулат. Анда дүйнөлүк диндерге жалпы токтолот. Мектептерден баштап жогорку окуу жайларга чейин бул предмет милдеттүү түрдө окутулат.

**Сенегал** калкынын 95% ын мусулмандар түзөт. Алар көп жылдар бою француздардын калониясында болушкан. Алардын расмий тили – француз тили. Азыркы учурда эгемендүүлүгүн алган бул мамалекет светтик өлкө болуп эсептелет. Бирок мектептерге дин сабагы расмий түрдө киргизилген. Анда негизинен ислам дини окутулат.

**Сауд Аравиясында** дин сабагы 1968-жылы мыйзамдашып, ислам дини

акыйкат дин жана илим катары таанылып, мектептерге киргизилген. Ал өлкөдө 9-класска чейин гана милдеттүү билим берилет. Мектепте жана жогорку окуу жайларда Куранды таанууга, шарият мыйзамдарын өздөштүрүүгө кеңири орун берилген.

**Иран** 1976-жылы Иран Ислам Республикасы болуп жарыяланган. Иран мамлекетинин билим берүүдөгү негизги максаты – жаштарды динге талапкер кылып тарбиялоо болуп эсептелет. Иранда шиизмдик багыт өкүм сүргөндүктөн мектептерде азирети Алинин урпактары жана 12 имам боюнча терең билим берилет. Ал Республиканын башка өлкөлөрдөн айырмасы, ислам саясый максатта окутулат. Дин менен саясат бирге иш жүргүзөт. Аятолла Хомейнинин пикири боюнча: «Ислам коомдогу жана жашоодогу эң негизги нерсе». Анын айтканы мыйзам катары кабыл алынат.

**Афганистанда** ислам дини боюнча радикалдуу түшүнүк болгондуктан, мечиттерде, медреселерде жана мектептерде эркек балдар гана билим алышат. Кыздар 10-12 жашка чейин медреселерде гана билим алуу укугуна ээ. Андан кийин кыздардын коомдук жайларда жүрүшүнө уруксат берилбейт. Башка илимдерге караганда ислам дини көп окутулат. Кээ бир илимдер дүнүйөлүк илим делип, окутулбай келе жатат. Талибан режими боюнча кыздардын илимий билим алуусу – күнөө деп эсептешет. Учурда Хамид Карзай аялдарга да эркиндик бере турган саясатты иштеп чыгуунун үстүндө эмгектенип жатат. Жакында кыздар мектепте билим алышы мүмкүн.

**Пакистанда** дин сабагы мектептерде расмий түрдө окутулат. Айрыкча ислам дини терең үйрөтүлөт. Профессор, доктор Абдул Х. Наййардын (DIL−Developments in Literacy – Pakistan) берген маалыматы боюнча Пакистандын мектептериндеги негизги саясат окуучулардын мужахит (эркиндик үчүн күрөшүүчү) болуп чыгышын талап кылат. Дин боюнча мектептерде жетиштүү деңгээлде маалымат берилгенине карабастан, элдеринин ортосунда келишпестик көбүнчө динге байланыштуу маселелерден келип чыгат.

**Индонезияда** диний билим берүү маселеси 1945-жылдан баштап ар

кандай талаш тартыштарды жараткан. Натыйжада 1975-жылы Индонезия мектептеринде мыйзамдуу түрдө киргизилген. Азыр мектептерде ислам жана христиан дини боюнча кеңири маалымат берилет.

**Малайзия** 1957-жылы эгемендүү мамлекет болуп жарыяланган. Малайзия 400 жылга жакын англиянын колониясы болгон. Эгемендүүлүктөн кийин кытайлар келип отурукташа баштайт. Бул кырдаал Малайзия элинин түрдүү динге бөлүнүшүнө өбөлгө болгон. Англиянын колониясы болуп турган учурда Малайзияда англис системасы боюнча билим берилген. Азыркы учурда мамлекеттин расмий дини – ислам дини, ал мектептерде дин милдеттүү түрдө окутулат [113].

**Канадада** 2 млн. бала христиандык диний (католик – 90%, протестант – 10%) мектебинде окушат.

**Италиянын** мамлекеттик мектептеринде христиан дини окутулат. Христиандык крестин ар бир класска коюуга уруксат берилген. Италиянын конституциясынын принциптерине мамлекеттик билим берүү системасында диний билим берүү «светтик» болушуна ал каршы келбейт.

**Турция.** Ататүрк М. Кемаль мындай деген: «Дин – талашсыз керектүү институт, динсиз мамлекеттердин түбөлүктүү жашашына мүмкүнчүлүк жок». Турцияда «Диний билим берүү жана дин тутуу эркиндиги» жөнүндө конституциянын 24-беренесинде төмөнкүдөй белгиленет. Ар бир жаран диний ишенимге жана билим алууга укуктуу. Диний ритуалдарга, ибадаттарды аткарууга эркиндик берилет. Ар бир жаран ибадатка, диний ритуалга катышууга, диний ишенимин ачык билдирүүгө мажбурланбайт. Диний ишеними жана көз карашы үчүн жазаланбайт. Диний билим берүүгө мамлекет көзөмөл жүргүзөт. Дин маданияты жана адеп-ахлак сабагы орто мектептерде милдеттүү түрдө окутулат. Башталгыч класста окуучулар диний билим алууга милдеттүү, мамлекеттик мектептерде билим алуу акысыз жүргүзүлөт. “Дин таануу” сабагы башталгыч, 4-8-класстарда жумасына эки саат окутулат, 9-11-класстарда жумасына бир сааттан окутулат. Дин маданиятын жана адеп-ахлак сабагын теология факультетин бүтүргөн адис

мугалимдер окутушат. Мындан тышкары тереңдетип билим берүүчү «Куран таануу» курстары, Имам Хатиб лицейлери бар. **Турцияда, АКШда, Батыш Европадан баштап, Израилге** чейин «дин таануу» сабактары окутулат. **Данияда** Инжилди факультативдик курс катары окутушат. Бул факультатив милдеттүү эмес, аны тандаган балдар гана окушат. Ал сабак 1976-жылдан бери берилип келе жатат. **Литвада, Латвияда** тандоо курсу сыяктуу дин таануу окутулат. **Грецияда, Турцияда, Норвегияда жана Израилде** диний билим берүү жана тарбия-таалим боюнча бай тажрыйбалары бар. Бул өлкөлөрдө диний билим берүү багытын, окутуу моделин, концепциясынын тандалышын мамлекеттик диний бирикмелердин саясаты аныктайт [157]. Израиль мамлекетинин мыйзамдары Тоорат жана Талмуд окууларына негизделген. Мунун мектеп турмушуна тиешеси бар. Окуу диний ынанымды таркатууга эмес, адамзаттык маданияттын өнүгүү тарыхында диндин ролун түшүндүрүүгө багытталган.

**Францияда** башталгыч жана орто мектептерде диний билим берүү маселеси мыйзамдуу түрдө чечилген. Аны ата-энелердин өтүнүчүнүн негизинде ыктыярдуу балдар окушат. Сабак үчүнчү, төртүнчү күндөрдө өтөт. Бул сабакты диний мекемелердин адистери өткөрүшөт, анткени дин таануу предмети педагог адисттердин компетенциясынан тышкаркы билим болуп эсептелет. Менчиктик, конфессиялык мектептерде жалпы билимдин көлөмүнүн 20%, диний билимди ар кандай программанын негизинде окушат.

Дин мамлекеттен бөлүнгөндүгүнүн негизинде диний көз караштагы адамдарды өгөйлөп, четтетүүгө болбойт. Мындай практика жакшы натыйжага алып келбейт. Мисалы, Францияда (XXI кылымдын башында) бир нече жыл мурда мамлекеттик билим берүү системасында диний билим берүү, тарбия-таалим тыюу салынган болчу. Мамлекеттин саясаты боюнча диний мекемелер мамлекеттик билим берүү системасынан бөлүнгөн эле. Алар улуттук салттардын, маданияттын негизинде тарбиялайбыз деп ойлошкон. «Светтик» тарбия менен ийгиликке келебиз деп ойлогондор парадокстуу жыйынтыкка келишкен. Улуттук билим берүү системасында деградациялык

(начарлоо) тенденция пайда болгонун байкашкан. Ал эми кошуна католик жана протестант мектептердин, колледждердин бүтүрүүчүлөрү турмушка социалдашууга көбүрөөк жөндөмдүү, тың, маданияттуу, аң-сезими өнүккөн бүтүрүүчүлөр чыкканын көрүшкөн. Азыр Францияда атайын диний билим берүүгө, тарбия-таалимге бюджет бөлүнүп, светтик мекемелерге да киргизилген [113].

**Исландиянын** окуу планында жумасына 3 саат дин таануу киргизилген. **Украинада** 2006-жылы Билим берүү жана илим Министрлиги “Жалпы билим берүүчү мекемелерде рухий-моралдык багыттагы предметтерди окутуунун концепциясын” иштеп чыгышып, 5-6-класстарга “Христиан этикасынын негиздерин” киргизишкен. Министрликтин 26.01.2006. № 46 буйругунун негизинде 7-12-класстардын программасын иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүлгөн. **Азербайжан** Республикасы Союз бөлүнгөндөн баштап милдеттүү эмес окутуу жолун тандаган. **Тажикстанда** “Ислам маданияты” курсу окутулат. **Грузияда** диний эркиндиги жарыяланганы менен грузиндик православдык апостолдук ынанымга негизги көңүл бөлүнөт. Дин таануу сабагын окуу аларда милдеттүү, бирок православдык теология же диндин тарыхынын экөөнүн бирин тандоого балдардын укугу бар. **Арменияда** 5-6-класстарда “Армян апосталдык диндин тарыхы” курсу берилет. **Молдовада** 2010-жылы “Дин” деген аталыштагы факультатив киргизилген. Ал 1200 мектептин 700үндө гана окутулат [135].

**Өзбекстанда** 9-класста “Дүйнөлүк диндердин тарыхы” предмети, лицейлерде, колледждерде “Диний экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнүн рухий-агартуу негиздери” курсу окутулат. Өзбекстандын мыйзамында мектептерде дин боюнча билим берүүгө тыюу салынган. Диний таалим-тарбия светтик гана мүнөздө болуп, толеранттуулукка, бардык диндерге, диний адамдарга бирдей мамиле кылууга, мамлекеттин өнүгүшүнө, диндер менен конструктивдүү кызматташууга багытталган. Өзбекстан көп конфессиялуу коом түзүүгө багыт алды. Предмет диндердин пайда болушу, өнүгүшү ж.б. тарыхый маалымат берүү менен чектелет. Динге пропагандага

жол берилбейт. Башка конфессиядагыларды урматтаганга үйрөтөт. Ошого карабастан Өзбекстан эгемендүүлүктү алгандан баштап, практика жүзүндө динди таанытуу боюнча билим берүү тармагында позитивдүү өзгөрүүлөр болду. “Диний уюмдар жана аны тутуу эркиндиги” мыйзамын 1.05.1998. өлкөнүн парламенти кабыл алды.

Мамлекеттик билим берүү системасында эмгектенген орто мектептердин мугалимдеринин, академиялык лицейлердин, колледждердин, ЖОЖдордун окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу курсунда дин таануу кошо окутулат. Билим берүү системасында динди таанытуу, рухий тарбия маселелери боюнча Ташкенттеги Ислам Университети эмгектенет, ал 1999-жылы Ислам Каримовдун демилгеси менен ачылган. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатууда “Ыймандуулуктун негизи жана дин таануу” адистиги боюнча диндеги проблемалар окутулат. 2000-жылдан бери 49236 коомдук бирикмелердин адистери курстан өтүштү. 37163 мугалимге өз жеринде көчмө курс аркылуу агартуу иштери жүргүзүлдү. Булардын 4000и – профессорлор, окутуучулар, окуу жайлардын эксперттери, диний мекемелердин мугалимдери болгон. Диний мекемелерде рецензияланган окуу колдонмолору аз. Республиканын адистери 20 окуу китепти, окуу колдонмону окуучуларга, студенттерге арнап түзүшкөн. У. Алимов “Сиз сураңыз”, “Ислам укугу” деген китепти, А. Мансуров “Курандын маанисин которуу”, А.Тулепов “Ислам жана фундаментализм”, авторлор тобу “Борбордук Азиядагы элдердин диний, коомдук-саясый агымдарынын тарыхы” (2007-2013) ж.б. ӨМРБнын (ДУМУ) адистери жазган окуу китептери чыккан.

Ташкенттин ӨМРБдагы Ислам Университетинин алдында 9 орто-атайын окуу жайлар ачылган. Алар мамлекеттик стандартка жакын билим алышат, дин менен илимди интеграциялоо диапазонун кеңейтип жатышат. Ташкенттеги Ислам Университетинде илим изилдөө борбору иштейт. Алар фундаменталдык прикладдык багытта изилдөө иштерин жүргүзүшөт, кол жазмаларды эксперттен өткөрөт, окуу программаларды түзүшөт,

колдонмолорду жазышат. Изилдөө борбору 2011-2013- жылдары 20дан ашык китептерди чыгарышты. Дин таануу, ислам таануу, исламий философия ж.б. багытта светтик билим берүүчү мекемелер үчүн китептер жазылып жатат, анын ичинде программалар да бар.

Министрлердин Кабинетинин алдында Дин иштери боюнча Комитет диний адабияттарды эксперттен өткөрүп, диний билим берүүнү мамлекет көзөмөлдүгүнө алган. Жогоруда айтылган предметтерде гумандуулукка, патриотизмге, үй-бүлөнү сактоого, ата-энени сыйлоого, жакшы адеп-ахлак күтүүгө арналган Курандын аяттары, хадистер, ривояттар (айтылышы) окутулат. Имам Бухари атындагы эл аралык борбор 23.05.2008-жылдан баштап иштеп жатат. Бул жерде жаштарга хадис таануу боюнча билим берилет. Өзбекстандын Министрлер Кабинетинин №364 жобосунун негизинде (22.08.2003) ЖОЖдордо дин таануу боюнча компетенттүү адистерди даярдоо боюнча Ташкенттеги Ислам Университетинде бөлүм ачылып, светтик, диний билим берилип, алардын диплому мамлекеттик дипломдун катарында таанылат ("Дин жана коом" 24-25.02.2016 эл аралык илимий конференциянын материалдары. Бишкек).

**Казакстанда** Билим берүү жана илим Министрлигинде 2009-жылы сентябрда 9-класста "Дин таануунун негиздери" предметин киргизүү маселеси чечилген. Азыркыга чейин ушул курс республиканын бардык аймагында диний билим берүүчү курс болуп саналган. Бул курс бардык балдарга милдеттүү түрдө окутулган, бирок 9-класстын бүтүрүүчүлөрү курс боюнча экзамен беришкен эмес. Бул предметтин мамлекеттин заказы боюнча түзүлгөн "Билим" басмаканасы даярдаган программасы эксперттин сынагында жактырылбай калгандыктан, ББжИМ тарабынан аны кайрадан иштеп чыгууга жөнөтүлгөн [103].

Билим берүү жана илим Министрлигинин 15.06.2014-ж. №281 Приказынын негизинде "Светтүүлүк жана динди таануунун негиздери" 9-класстарда 1.09.2016-жылдан баштап типтүү программасынын негизинде милдеттүү түрдө окутуу киргизилди. Азыркы жаңы предмет мурдагыдан

айырмаланат, бул светтик предмет болуп саналат. Аны ушул предметти окутуунун атайын курсунан өткөн тарых мугалимдери окутушат. Ал программаны дин таануучу-философ Гарифолла Эсимдин жетекчилиги астында эмгектенген автордук топ түзүшкөн. Көлөмү жумасына 1 саат (34с). 2017-жылдан баштап, Казакстандын ЖОЖдорунда "Дин таануу" дисциплинасы окутулат.

Техногендик цивилизациянын таасири менен Казакстанда аракечтик, сойкулук, баңгилик, суицид, ажырашуу ж.б. рухий илдеттер көбөйгөн. Мисалы, 1982-92-жылдары Казакстанда ажырашуу 2%, орустарда 21-24%, 1992-97-жылдары казактарда 7-12%, орустарда 43-47% түздү. Азыр бул көрсөткүч казактарда ошол бойдон калды, орустарда 2005-жылы 22% болуп азайган. Себеби эмнеде? Себеби казак улутунда турмушка жеңил караган жаштар көбөйүп, ата-эненин, коомчулуктун, диндин үй-бүлө ынтымагын сактоодо таасирин жоготкондугунда. Россияда диний билимди өздөштүрүүгө абдан көңүл бөлүп жатышат.

Көйгөйдүн башаты – ата-эненин ажырашуусу. Илгери казакта ажырашуу уят эсептелген. Ажырашкан жаштар айылда баш көтөрүп жүрө алган эмес, андай үй-бүлөнү уруу башчылары, аксакалдар жараштырып койчу. Азыр казак үй бүлөнүн ¼ ажарышкан же ажырашуу алдында турат же "жарандык нике" деген болор-болбос нерсе менен кармалып турат (Мацкевич И.К. Казакская семья: контекст для этнопедагогического подхода. Этнопсихология жэнэ этнопедагогика. Алматы. "Казак университети". 2007. 39-б). Азыр эмне көп, педагогика көп, музей педагогикасы, кызматташтык педагогикасы, биргелешкен педагогика, өнүгүүнүн педагогикасы, спорттук, коррекциялык педагогика ж.б. педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары көп, бирок чыныгы педагогдор аз. Тарбия натыйжасыз (И. Исамидинов. Ааламдашуу доорунда жаштардын трабиясы. //Мугалим №2. 2014).

**Россияда** Революциядан мурда дин кызматкерлери (көпчүлүк) окуу жайларда атеисттик билим берүүгө тыюу салып келгендиктен чиркөө менен

мектептин келишпестиги уланып келген. Бул жөнүндө К.Д. Ушинский, В.Я. Стоюнин, П.Ф. Каптерев ж.б. көрүнүктүү педагогдор өз эмгектеринде алардын келишпестигинин себеби ишеним деп белгилешкен. «Светская школа» деген мектептер Россияда революцяга чейин пайда болгон. Ал мектептер материалисттик философияга таянып, окутуунун диний формасына келишпес мамиле кылышып, айыгышкан күрөш жүргүзүп келишкен. Тарбия маселесин колго алып, жаңы идеология түзүлгөн, ал совет доорундагы идеологиянын негизин түзгөн. Ал мектептерде «рухий» деген түшүнүктү материалисттердин көз карашы боюнча интерпретациялашкан [2].

1.04.2010-жылы Россия Федерациясында 18 аймагындагы мектептерде Россиянын экс-президенти Д.В. Медведевдин тапшырмасы боюнча «Россиянын элдеринин рухий-адептик маданиятынын негиздери» деп аталган жаңы предмет киргизилди. 2010-2011-жылдарды жаңы предмет эксперименталдык режимде 4-класстарда IV-чейректе, 5-класста I-чейректе окутулат. «Россия элдеринин адептик-рухий маданиятынын негиздери» окуу предмети төмөнкү модулдарды ичине камтыйт: «Православдык маданиятынын негиздери», «Ислам маданиятынын негиздери», «Иудей маданиятынын негиздери», «Будда маданиятынын негиздери», «Россиялык диндердин тарыхы», «Этиканын негиздери». Алар динди 25 жылдан бери окутуп жатышат. Россияда педагог-практиктер, окумуштуулар диний жана динден тышкаркы адамдар даярдаган программанын жана окуу китептердин ондогон варианттары бар. Окуучулар бул модулдардын ичинен ата-энесинин макулдугу берилген модулду окушат. Бул предметке кирген модулдар бирдиктүү билим берүү мейкиндигинде рухий-адептик өнүгүүгө багытталган, анда тарбиялык маселелер менен таанышат. Бул предмет өз ичинде сабакты, класстан, мектептен тышкары иштерди жана коомдук пайдалуу эмгекти камтыйт. Россиянын жарандарын рухий-адептик өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун концепциясы жазылып, башталгыч жана негизги жалпы билим берүү системасында окуучуларды рухий-адептик жактан өнүктүрүүнүн жана тарбиянын болжолдуу программасы түзүлгөн.

Программа 4-5-класстарга эсептелген [49].

Революциядан мурда педагогиканын негизги милдети – окуучуларга «адеп-ахлак», «мораль», «дин», «гуманизм», «рухий», «традиция» деген сыяктуу маданий феноменди түшүндүрүп, адамга, коомго, үй-бүлөгө позитивдүү мамиле кылууга үйрөтүү болгон, бирок совет доорунда дин «элдин апийими» болуп өзгөргөн. Россиялык педагогдор аны кайрадан калыбына келтирүүгө аракеттенип жатышат. Азыр рухий-этикалык салттарды, православие, ислам, будда маданияттарын жана этикасын интеграциялоого аракеттенүүдө. Ал диндердин базалык баалуулуктарынын системасы улуттук маданияттын өзөгүн (ядросун) түзөт, (ошол өзөгүн) Ата Мекен, үй-бүлө, дин түзүш керек деп ырасташат. Авторлордун: «Мындай интеграция көп улуттун жана конфессиялардын консолидациясына (чыңдоого, бекитүүгө, топтоого, мыктылоого) өбөлгө болот», – деген үмүтү бар. Мындай программа коомдук аң-сезимдин, топтордун көз караштары боюнча бөлүнүшүнө өбөлгө болот деп ойлогон окумуштуулар да бар. Анткени балдардын бир нече топко бөлүнүшү, атеист, православие, мусулман, иудей, буддист, сектант деген ар түрдүү вектордогу «окшоштук» кошулат. Бул идеянын келечеги кең эмес, анткени бул диндердеги бири-бирине карама-каршы келген позициялары көп, жаманды жакшы деп айта албайсың, ал диндердин биринде жаман дегенин башкасында жакшы делсе, аны кантип бириктирүүгө болот?- деп ырасташат [50].

Балдарды адептик-рухий жактан өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун мазмуну улуттун базалык баалуулуктарына ылайык аныкталат. Ал муундан муунга эмнени калыптандыргандыгынан, мурастагандыгынан көз каранды. Улуттун базалык баалуулуктары болуп: ар кандай социалдык, кесиптик жана этноконфессиялык (элдин салты, карманган диний) ишеними эсептелет. Россия көп улуттуу элдердин федерациясы болгондуктан, адептик-рухий өнүктүрүүнү: үй-бүлөдөн, аймактык маданий коомдордон, элинин маданиятынан, диндердин баалуулуктар системасынан, дүйнөлүк адамзаттык баалуулуктардан, россиялык жарандык биримдигинен издешүүдө.

Кыргызстандын шартында мунун акыркы пункту эле туура келбейт, анткени, бизде жашаган элдин көпчүлүгү (82%) ислам, (17%) христиан (православие) динине ишенишет. Адептик-рухий тарбиянын традициялуу булактары болуп, Россиялык көп улуттуу элдердин жарандык коомдору: үй-бүлө, эмгек, искусство, илим, дин, табигат, адамзат эсептелет. Улуттук баалуулуктарга негизделген адептик-рухий баалуулуктары төмөнкүлөр эсептелет:

– атуулдук (патриотизм) сезим, Ата Мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу;

– социалдык тилектештик, адамдын эркиндиги, элге ишенүү, мамлекеттин институттарына ишенүү, жарандын, коомдун адилеттүүлүгүнө, ырайымдуулугуна, ак ниеттүүлүгүнө ж.б. моралдык сапаттарына ишенүү;

– жарандуулукка, укуктук мамлекетке, жарандык коомго, тартипти коргоочу мыйзамга, көп маданиятты ичине камтыган дүйнөгө, динге ишенүү эркиндиги;

– үй-бүлөдө мээрим, туура жашоо, ата-энеге урмат, улуу-кичүүгө сый, укум-тукумдун уланышына камкордук көрүү;

– эмгектенүү, чыгармачыл өсүү, жаратман эмгек, максатка умтулуу, тырышчаактык;

– илимий билимди баалоо, акыйкат-чындыкты таанууга умтулуу, дүйнөнүн илимий картинасын элестетүү;

– салттуу диндерди билүү, ишенимдүүлүк, адамдын диний, рухий жашоосу, диний көз караштагы баалуулуктарды, толеранттуулукту, конфессиялык диалогду калыптандыруу;

– адабиятка жана искусствого кызыгуу, сулуулукту сезүү, гармонияга умтулуу, адепти тандоо, жашоонун маңызын түшүнүү, эстетикалык, этикалык, рухий өнүктүрүү;

– жаратылышка камкордук көрүү, өз жерин корукка алуу, Жерди, планетаны сүйүү, экологиялык аң-сезимди өнүктүрүү;

– адамзаттын, дүйнө жүзүндө элдердин тынчтыкта жанаша жашоосу, маданияттардын көп түрдүүлүгү, адамзаттын өнүгүүсү, эл аралык кызматташтык [51].

Азыр Россияда Батыш педагогдорун туурап, билим берүүнү коммерциялап, мектеп программасы адептик нарктуулуктан ажырап калгандыгы жөнүндө көп сын пикирлер айтылууда. Айрым авторлор билим берүүнүн «Агартуу системасынан» мураска калган, азыркы билим берүүгө карама-каршы холистикалык (бүтүндүк философияга негизделген) парадигмага өтүү жөнүндөгү маселени көтөрүүдө. «Бул процесс Европанын билим берүү системасынын аброюн көтөрөт, релеванттуулугун жана маанилүүлүгүн жогорулатат. Дин, этика, идеология, көркөм маданияттын рухий ченеми адамдын көз карашынын аныкталышынын, тажрыйба топтошунун бөлүнгүс бөлүгүн түзөт», – дейт педагогика илимдеринин доктору, профессор, орус Гуманитардык христиан Академиясынын Диний-педагогикалык Институтунун директору Ф.Н. Козырев. Европада «светтик» билим берүүнү «гарантиялоочу» динге альтернативалык формасы катары «этика», «көз карашты калыптандыруучу гуманизмдин негиздери» ж.б. курстар да практикаланууда. Ф.Н. Козырев: «Светтик мектептерде диний билим берүү» деген монографиясында: «Россияда мектепте билим берүүнү өнүктүрүү мүмкүн болбой калган сыяктанат. Анткени айрым окумуштуулар «Православие же өлүм» десе, башкалары «Православиенин өзү – өлүм» дешет. Секулярдык (чиркөөлүк, монастырдык) билим берүү керек деп сунуш эткендер да бар», – дейт [79].

Диний ишенимге тыюу салынбаган (чектелбеген), өз көз карашынын негизинде аракет этүү эркиндиги берилген түрдүү коомдор болгон шартта гана конфессиялык же конфессиялык эмес «диний» билим берүүнү тандоо – чындыгында балдарды дин менен бирдиктүү же ажыратылган окутуу жана тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Динден ажыраган «диний» билим берүү «светтик» (атеисттик) теориялык билимге негизделет. Европанын акыркы он жылдык практикасында атеисттик билим берүү конфессиялык жактан мамилелердин оор абалын жеңилдете албагандыгын Ф.Н. Козырев [79] макаласында белгилейт.

РФда 25 жылдан бери диний билим берүүнүн ар кандай варианттары

сынактан өтүп жатат. Педагог практиктер, окумуштуулар, диний жана атеисттик көз караштагы адамдар түзгөн программалардын ар кандай варианттары бар. Ошого карабастан диний маданиятты чагылдырган мазмундагы программаны ишке киргизүү боюнча соттошуу процесси дагы эле токтой элек. Ал өлкөдө балдарга диний мазмундагы билим берүү, салттуу диндин баалуулуктарынын негизинде тарбиялоо укугу берилген, бирок толук чечилип бүтө элек. Анткени орустардын арасында православиенин адептик-рухий баалуулуктарын тоотпогон орустар, исламий канондорду тоотпогон мусулмандар азыр да бар. Динсиз балдардын рухий таянычы жок деп ырасташат программаны түзүүчү окумуштуулар [21].

«Салттуу диндердеги адамзаттык дөөлөттөрдү (баалуулуктарды), адептик-рухий нарктуулукту үйрөнбөстөн ыймандуулукту, моралды сактап калууга мүмкүн эмес деген көз караш азыр үстөмдүк кылып турат», – дейт п.и.д. Л.А. Харисова. Анын пикири боюнча дүйнөлүк маданият менен бирдикте исламий билим берүү анын адептик нарктуулугун көтөрүү, рухий дөөлөттү түшүнүү, өздөштүрүү үч деңгээлдүү структурадан турат. Биринчи деңгээли исламдын маңызы жөнүндө билимди ичине камтыган окуу материалы, анын тарыхы, өнүгүшү, социалдык, укуктук, экономикалык, саясый аспектилери эсептелет. Россиялык практиктер биринчи деңгээлдеги билимди мамлекеттик жалпы билим берүү системасы камсыз кылыш керек деп эсептешет. Экинчи деңгээлдеги билим алуу жана көз караштты калыптандыруу үй-бүлөдө жана конфессиялык окуу жайларда берилет жана калыптанат. Үчүнчү деңгээлге адам өзү диний билимге тартылып, диний окуунун негизги канондорун (принциптерин, үлгүлөрүн, эрежелерин), осуяттардын жыйындысын (хадистерди, Куранды) өздөштүрүп, практика жүзүндө ишке ашыруу менен жетет. Мындай практикадан россиялыктар 25 жылдан бери өтүп, айрым тажрыйбага ээ болушкан.

Жалпы билим берүү стандартына конфессиялык предметтерди тандап окутуунун ордуна «профилдүү окутуу» деген «жүйө» менен атеисттик доордогу материалдан алынган «диндин тарыхын» окутуу киргизилген, бул

атеисттик тарбияга кирет. “Окуган предметке баланын мамилеси жакшы болбосо, андай предметти таңуулоо зыяндуу», – дейт п.и.д. И.В. Метлик. Бардык диндерди таануу сабактарынын методологиялык платформасы позитивисттик философияга негизделген. Балдар диний этика, маданияттын башаты (дин) менен таанышат. Ал эми атеисттик көз караштагы «диндин тарыхынын» методологиялык платформасы – коммунисттик идеология. Диний билим берүү таңууланбаш керек. Аны ыктыярдуу тандаган балдар өздөштүргөнү дурус. Орус православдык чиркөө (атеисттик) «диндин тарыхын» окутууну идеологиялык диктат деп эсептейт, б.а. эски идеологияны таңуулоо катары баалайт. Мындай предметти киргизүү, окуу китебинин мазмунунун тандалышы боюнча талаш-тартыш болорун белгилейт. «Диндин тарыхы» (атеисттик) билим берүүчүлүк максатты көздөйт, ал адептик-рухий таалим-тарбияга үйрөтүүчү милдетти чече албайт [110]. Россияда «Адептик-рухий маданият» деп аталган курс да «диндин тарыхы” сыяктуу – «светтик» билим берүүнүн бир формасы. Ал программа да балага үй-бүлөнү, элди, маданиятты интеграциялоочу функцияны аткара албайт деп чиркөө өкүлдөрү ырасташууда [110].

Диний концепцияга негизделген секулярдуу (чиркөөдөн, мечиттен алынган) билим берүү жөнүндө талаш 25 жылдан бери жүрүп келе жатат. В.В. Путин: «Жалпы билим берүүчү мектептерде диний маданияттын негизин окутуу, православдык, исламий, иудейлик, буддалык диндерди тааныткан курстардын болууга укугу бар», – деп эсептейт. «Православие маданиятынын негиздерин» окуу планга киргизүүгө атеисттер, айрым конфессиянын лидерлери каршы чыгышкан. Өзгөчө Россиядагы муфтияттардын Союзу, Еврейлердин коомунун федерациясы активдүү каршы чыгышып, өз конфессиясынын негизин окутууну киргизип алышты. 2006-2007-окуу жылы православие маданиятынын негизин 500-600 миң, исламий курсту 150-200 миң, дин таануу курсун 50 миң, иудаизмди 10 миң, буддизмди 10 миң, түндүктөгү аз сандуу элдердин салттуу диндерин 10 миң бала окушкан. Жалпысынан 700-870 миң бала диний билим алышты. Жыл

сайын алардын саны көбөйүп келе жатат. Мисалы, 2005-2006-окуу жылга караганда кийинки окуу жылы 15-18%, б.а. 100-120 миңге көбөйгөн. Православие маданиятына 6-7 млн. окуучунун 500-600 миңи кызыгышат. Бул жалпы аудиториянын 8-9%ын түзөт. 1,5-1,7 млн. мусулман окуучулардын 150-200 миңи динди таанышат, бул жалпы балдардын 10-12%ын түзөт. Иудаизм ынанымындагы 18-20 миң баланын 14 миңи динге кызыгышат, бул жалпы балдардын 70-80%ын түзөт. Андан тышкары Еврейлердин Россиядагы коомдук федерациясынын колдоосу менен 29 иудейлик диний мектептери, 28 балдар бакчасы иштейт, б.а. еврейлер өз балдарынын диний билим алуусу жөнүндө эң жакшы камкордук көрүшүүдө.

Мусулмандардын Россиядагы Союзунун исламий билим берүүгө арналган программасын окутууну, өнүктүрүүнү чет өлкөнүн демөөрчүлөрү каржылашат. Ислам таануу боюнча окуу китептери, программасы РББАда (РАО) презентацияланды, б.а. РББА Ата Мекенинде жашаган бардык конфессиялардын өкүлдөрү өз балдарына өзүнүн ата-бабасынын динин таанууга жолтоо болбойт. Башкалардын укугун урматтап, демократиянын принциптеринин негизинде иш жүргүзүүдө. Диний билимди өздөштүргөн балдар этникалык жана диний экстремизмге, оккультизмге, терроризмге, деструктивдүү сектантизмге, «эркин тарбияга», «радикалдуу элитаризмге», «толерантизмге» (чеги жок толеранттуулукка) туура баа беришип, өз позициясына, көз карашына ээ болууда.

Россиянын президенти В.В. Путиндин ою боюнча: «Баңгиликтен, аракечтиктен, тукумсуздуктан, сойкулуктан, кылмышкердиктен кутулуунун каражаты – дин». Орус эли православиенин кайрадан жаралуусун жакшы жөрөлгө катары карашат. Мисалы: А.Карташов «Православие жана Россия» (1999) деген эмгегинде «Православие Россияга муктаж эмес, бирок православиесиз Россия жок болуп кетмек. Православие башка диндер сыяктуу эле Россияны бутуна тургузуп, чогултуучу империялык маданиятын, өз мөөрүн, өз жүзүн, өз иконасын, ыйык Русун кайрып берет, – деген пикирди жазат. Ал эми Н.Крылатскийдин пикири боюнча «Православиенин

негизинде кайрадан жаралуу орус элинин абсолюттук чындыкты кабыл алуусуна, ааламдын мыйзамдарынын негизинде жашоосуна, азыркы муунду өткөндөгү муундар менен рухий жактан бириктирүүгө өбөлгө болот». Михаил Дунаевдин «Православие жана орус адабияты» курсу да, 6-7-класстар үчүн Александр Орловдун (МГУнун профессору) дин камтыган «Россиянын тарыхы» окуу китеби да окутулууда.

«Православие маданиятынын жана светтик этиканын негиздерин» тандагандардын айрымдары диний маданиятты жана этиканы окуса, айрымдары (ата-энесинин каалоосу менен) «светтик этиканы» окушат. «Ишенимди тандоодо зордук болбош керек» (Кирилл) деген принцип менен эмгектенип жатышат. Ростов-на-Донунун мектептеринде 9-класстын окуучулары Библия, Куран, Тоорат, Забурду окушуп, мындай жыйынтыкка келишиптир: «Бул китептерде Кудайга караганда адам жөнүндө көбүрөөк баяндалат, демек алар элдин апийими болушу мүмкүн эмес» [85].

РФнын Билим Берүү жана илим министрлигинде педагогдордун квалификациясын жогорулатуу курсунда ушул предметти окутуу программасын өздөштүрүү максатында 15000 мугалим курстан өткөрүлдү. Диний билим берүү жана катехизация (христиан дининин ажыттары) бөлүмү түзүлгөн [59]. «Православие маданиятынын тарыхы» курсу Смоленскиде 8-класста өтүлүүдө. «Орус православие чиркөөсүнүн тарыхы», «Православие этикасы», «Диндин тарыхы», «Зайыт» (дин жолун катуу карманган такыба адам), «Орус жергесинин ыйык адамдары», «Адептүүлүктүн алиппеси», «Православие жана азыркы жашоо» деген сыяктуу 32 аталыштагы курстар, факультативдер бар. «Православие маданиятынын негиздери» боюнча 502 мектептерде 16062 бала кошумча билим алат жана 25 орто, жогорку профессионалдык мекемелерде атайын курс катары киргизилген. Ага 18000 студенттер жана курсанттар катышууда. 60 жекшембилик мектептери уюштурулуп, «Православие маданиятынын тарыхы» окутулууда. Россияда 1991-жылы 870 мечит болгон. Азыр 100дөн ашык медреселер, исламий окуу жайлар, 7000 мечит бар (2002). Россиянын диний бирикмелер жөнүндө жана

динди чектөө жөнүндөгү мыйзамында (1997) ачык эле төмөнкүдөй тапшырма берилген: «Баланын аң-сезиминин өнүгүшүн, адептик-рухий негизинин калыптанышын камсыз кыла турган бирдиктүү маданият жана билим берүү мейкиндигин бириктирүүчү борбор түзүп, билим берүүнүн жаңы мазмунун иштеп чыгуу керек» [59].

2010-жылдын 10-апрелинен баштап «Диний маданияттын жана светтик (динден тышкары) этиканын негиздери» деп аталган факультатив Россия Федерациясынын 18 аймагында милдеттүү киргизилди. Бул жөнүндө 30-июнда Москвада өткөрүлгөн пресс-конференцияда Москвадагы Духовный академиянын профессору А.Кураев билдирди. «Төртүнчү класска жаңы предмет киргизилет, ага жумасына эки саат бөлүнөт. Диндин маданий негиздерин үйрөтүү жана таалимге көндүрүү мектепте жүргүзүлүш керек. Бул предметтерди өтүүдө динди пропагандалоонун кереги жок. Бул светтик предмет», – деп белгиленди.

РББАнын мурдагы президенти Н.Д. Никандров: «Светтик мектепте динди тандоо маселеси оор, ал эркиндикке чыгуу маселесинен да оор болуп турат. Ачык-айкын социалдык заказдын жоктугу педагогикалык коомчулукту адаштырууда. Динге, жалпы адамзаттык моралга көңүл кош мамиленин негизинде жүргүзүлүүчү адептик тарбия жакшы натыйжага алып келбейт. Айрым окумуштуулар жана педагогдор ал коомдун өнүгүүсүн кечеңдетет деп эсептешет. Ал окумуштуулар, педагогдор мектепте диний билим берүү конституциянын принциптерине каршы келерин түшүнүшөт. Ошондуктан мамлекеттик, муниципалдык мектептерде светтик мүнөздөгү билим берүүчү абалды оңдоо актуалдуу жана акыл-эстүү көрүнүп турат», – деген [125].

А.Колодин светский мекемелерде диний билим берүүнү мындайча киргизүүнү сунуш этет.

1. Конституцияда жарыяланган динге ишенүү эркиндигин билим берүү процессине дин таануу предметин киргизүү аркылуу жүзөгө ашыруу керек, ал бардык диндерге толеранттуу мамиле кылууга үйрөтөт. Бул предметти окутууда окутуучунун дүйнөгө көз карашы нейтралдуу болуш керек.

2. Дин таануу курсун иштеп чыгууда диний чөйрөдөн компетенттүү адистерди катыштыруу зарыл, ал окуу процессинин сапатын жогорулатат.

3. Диний билим берүүнүн негизги принциптери: толеранттуулуктун тилинде сүйлөөгө, диндердин окшоштугуна бардык балдардын көңүлүн бөлүүгө, адам, коом жана дүйнө жөнүндө диний эмес көз караштардын айырмачылыгын ачууга көңүл бөлүү, маданияттардын диалогунун маанисин түшүндүрүү зарыл.

Россияда 2010-жылкы билим берүүнүн мазмунун жана структурасын модернизациялоо идеясы маданияттын, армиянын, мамлекеттик жана ар кандай кызмат кылуу чөйрөсүнүн талабына негизделет. Мында педагогика илимине жалпы билим берүүнүн стратегиясын иштеп чыгуу, жаңы критерийлерди киргизүү, тарбиянын натыйжалуу жолдорун табуу маселеси келип чыгат. Бирок жаңы нерсени ойлоп табуу кыйын, педагогиканын жаңылыштыгы кийинки мамлекеттик кризистин себеби болушу мүмкүн. “Педагогика” журналынын башкы редактору В.П. Борисенко мындай дейт: «Биз илимпоздор, социалдык институттар келечегибиз анык эмес шартта иштеп жатабыз, анткени коомдун эртеңки жашоосу кандай болору белгисиз. Балдарды кандай жашоого даярдоо керек экендиги да белгисиз” [20].

Россияда «Православие маданиятынын негиздери» 76 федерациялык субъектилерде киргизилди. «Салттуу диндердин негиздери» деген предметтин программасы иштелип жатат. Окуу китебинин аталышы «Россиядагы диндер» деп аталат [187]. Азыр дүйнө жүзүнүн 144 динден бөлүнгөн мамлекеттердин 78инде диний билим берүү киргизилди (2009-ж.). Академик Б.С. Гершунский: «Үчүнчү миң жылдыкта билим берүү системасында динге жол берилет. Илим менен диндин, ишеним менен билимдин синтези сөзсүз билим берүүдөгү чоң ийгилигине өбөлгө болот. Ансыз коомдун адептик-рухий кризиси өтө оор абалга кете берет», – дейт. (Образование в третьем тысячелетии: гармония знания и веры. – М.,1997).

**Кыргызстандагы диний билим берүү** 1864-жылдарга чейин медреселерде исламий окуунун негиздери, шариат окутулган. 1917-жылга

чейин медреселерде ислам, ал эми чиркөөлөрдө христиан дининин православдык канаты окутулган. 1917-жылдын аягынан баштап диний билим берүүгө тыюу салынган [8].

XIX кылымдын аягында жадид (жаңы) усулу (метод) менен окутуу пайда болуп, XX кылымдын 20-жылдарында совет бийлиги тарабынан тыюу салынган. Жадид мектептеринен билим алгандар: И. Арабаев, К. Мифтаков, Ы. Абдрахманов, Алдаш Молдо, Б. Солтоноев, М. Копобаев ж.б. болушкан. КРнын УИАнын Кол жазмалар фондунда К. Мифтаковдун кол жазмасында кадим (диний) жана жадид (диний, илимий усулдар менен окутулуучу) мектебин салыштырып, жадид мектебинин артыкчылыгын белгилеген. Жадидчилер улуттук баалуулуктарга, патриотизмге өтө аяр мамиле жасашып, цивилизациянын жетишкендиктерин окуучуларга үйрөтүшүп, турмушта пайдаланууга үндөшкөн. Окутуу жана тарбиялоо ыкмаларын жөнөкөйлөтүү жана өнүктүрүү аркылуу миңдеген окумуштууларды, жазуучуларды, башкаруучуларды, дарыгерлерди, географтарды, тарыхчыларды, химиктерди, деңизде сүзүүчүлөрдү, комерсанттарды, өнөр жайчыларды даярдоону камсыздоону максат кылышкан. Казань окуу округунун татар, башкыр, кыргыз мектептеринин инспектору В.В. Радловдун жадид мектептерине өзгөчө баа берип: “Шакирттердин бир тараптуу билим алганына карабастан, акыл-эсинин өнүгүүсү жагынан шаардык приходдук мектептердин мугалимдерине, окуучуларына караганда бир топ жогору турарын” белгилеген.

Советтик билим берүү системасы билим алуучулардын адептик концепциясын коммунисттик идеологияга негиздеп, атеизмге кызыктырган. Тарбия процессинде марксисттик-лениндик философияга жана коммунизмди куруучунун моралдык кодексине негизделген тарбия жүргүзүлгөн, б.а. атеизмдин зор пайдубалы курулган. Авторитардык режимдеги советтик идеологияга сугарылган адепти карманган адис гана системанын тейлөөчүсү боло алган. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин светтик билим берүү системасына Манастын жети осуяты киргизилген. Д. Сарыгуловдун

демилгеси менен «ыйман» сабагынын программасы сунушталып, бирок теңирчиликти идеология катары киргизүүгө аракеттенген. Бирок аны эл идеология катары (расмий) кабыл алган жок. Ө. Чотонов, Б. Нурдинов ж.б. түзгөн программанын негизинде «ыйман» сабагын окутууга алгачкы аракеттер болгон [180]. Бирок аны окуткан мугалимдердин диний билими жетишсиз болгондуктан, билим берүү натыйжасыз болгон. Ал эми молдокелерибиздин педагогикалык билиминин жетишсиздигинин натыйжасында сабакты уюштуруусу проблемага айланып кеткендиктен, ага тыюу салынган. Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин чечимине негизделип, КРнын Билим берүү министрлиги «Ыйман сабагынын» окуу программасынын аталашын «Адеп сабагы» деп өзгөртүү жөнүндө буйрук чыгарылган. (19.07.2004. № 545/1) «Кандай болсо да ыйман менен адеп динсиз болууга мүмкүн эмес экендигин моюнга алуу керек. Анткени ыйман менен адеп диндин ичиндеги бөлүк болуп эсептелет», – дейт Б. Мурзараимов [113, 7-б.].

КРнын конституциясы мектептерде дин таануу билимин киргизүүгө каршы эмес. КРнын «Диний билим берүү жана диний окуу жайлары жөнүндөгү» мыйзамынын долбоорунун 1-беренесиинде:

1. Азыркы мыйзам Кыргыз Республикасында диний билим берүүнү системалаштырууга, мамлекеттик мекемелер, диний эмес билим берүүчү мекемелер ж.б. субъектилер менен диний билим берүүдөгү укуктук мамилесин жөнгө салууга, диний окуу жайлардын иш-аракетинин түрлөрүн, формаларын аныктоого жана диний билим берүү областында мамлекеттин талаптарына ылайык диний бирикмелердин иш аракетин иретке салууга багытталган.

2. Азыркы мыйзам Кыргыз Республикасынын элдеринин диний жана рухий маданиятын сактап калууга, диний билим берүүнү тартипке салууга, диний жана адептик билим берүүнү камсыз кылууга, укугун гарантиялоого багытталган.

4-беренесинде: 1. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны жынысына,

улутуна, тилине, социалдык жана мүлктүк абалына, диний ишенимине, саясый жана диний ынанымына карабастан баштапкы, орто, атайын-кесиптик, жогорку диний билим алууга укуктуу.

6-беренесинде: 1. Диний билим берүүнүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык камсыз кылынышын көзөмөлдөө жагы билим берүү жана диний чөйрөдөгү органдар тарабынан жүргүзүлөт.

7-беренесинде: 1. Диний билим берүүчү программалар инсандын маданиятын калыптандыруу маселелерин чечүүгө багытталган, диний кесиптеги адисти даярдоого, инсанды коомдо жашоого ийкемдешүүгө, окуучуга башталгыч, жалпы билим берүүчү жана профессионалдык программаны аң-сезимдүү тандоого негиз түзүү үчүн багытталган.

19-беренесинде: 1. Стандарттын жоболору милдетүү түрдө төмөнкү мекемелерде колдонулат:

– жаштарга диний билим берүү боюнча уюштурулган курстарда, ЖОЖдордо теология факультетинде, диний билим берүүчү мекемелерде;

– окуу программаларды, окуу пландарды, окуу китептерди, окуу-методикалык куралдарды иштеп чыгууда;

– диний билимге кызыккандар үчүн курстарды ачууда колдонулат, – деп жазылган.

«Динге ишенүү эркиндиги жана диний мекемелер» мыйзамынын 4-беренесине ылайык диний мектептерде диний билим, адептик-рухий тарбия боюнча сабак киргизүүгө болот. Мамлекеттик окуу мекемелери светтик болгонуна карабастан диний мекемелер менен адептик-рухий тарбия боюнча кызматташууга жол берилет. Ал практикада оң натыйжа алып келүүдө. Бирок мектептерде «дин таануу» боюнча билим берүү, таанып билүү, маалымат берүү мүнөздө гана болуш керек [100, 25-б]. Биз ушу пикирге кошулабыз.

Кыргыз билим берүү системасы дин сабактарынын пропагандага айланып кетүүсүнөн чочулап, атеисттик доордогу программалар, макалалар сунуш этилүүдө. «Алар келечекте анчейин натыйжа бербейт деп ойлойбуз. Анткени алар динди жана анын канондорун, адептик нормаларын, атеисттик

теориядан гана түшүндүргөндүктөн, диндин чыныгы идеологиялык табигатына негизделген мобилизациялык потенциалы ачылбайт. Демек бул убактылуу анестезия, заманбап илимий жетишкендиктер, ачылыштар талкалап жаткан атеисттик билим, мурдагы кубатында платформасын эми сактап кала албайт. Бирок бул сабактын окуучуларга ача стандартты, эки жүздүү моралды пайда кылуучу зор кесепети бар», – дейт Мыктыбек Арстанбек [119,11- б].

Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөр светтик болгондугуна карабастан, өз жарандарынын диний билим алуу маселесине кайдигер эмес. Аны стихиялуу калтырбай, расмий түрдө чечип коюшкан жана өз көзөмөлдүгүнө алган. Бул маселе бизде чечилбей келе жатат. «Адам укугун жана эркиндигин коргоо боюнча Европалык конвенциянын» 2-беренесинде «Ата-энелердин диний жана философиялык ынанымын мамлекет урматтайт жана ага жараша балдарына билим берүү боюнча мамлекет тарабынан камкордук көрүлөт», – деп жазылган. 4-беренесинде «Мамлекеттин аймагында жашаган улуттардын жана этностордун тилдик жана диний азчылыктын укугу корголууга, алардын тарыхын, салттарын, тилин, динин мамлекет окутууга милдетүү», – деп жазылган. Венада Европа кызматташтыгына кирген өлкөлөрдүн кеңешмесинин жыйынтыктоочу документинин 16.1 пунктунда «Ар бир жаранга өзүнүн тилинде жана тандаган дини боюнча жеке же коллективдүү билим алуу укугуна ээ» экендиги белгиленген. РФнын «Динге ишенүү эркиндиги жана диний бирикмелер жөнүндөгү» мыйзамынын 5-беренесинин 4-пунктунда 26.03.1997. № 125-фз. мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүчү мекемелерде диний билим берүү маселеси чечилген. Ал РФнын Билим Берүү Министрлигинин 01.07.2003. № 2833 буйругунда чагылдырылган: «Дин таануу сабагын окутууга юридикалык жактан регистрациядан өткөн адамдар, б.а. диний мекемелердин адистери гана сабак берүүгө укуктуу» экендиги белгиленген. Ал эми юридикалык статусу жок диний жамааттардын, уюмдардын адистери мамлекеттик жана муниципалдык билим берүүчү мекемелерде сабак берүүгө укугу жок. 27-

беренесинин 3-пункту «Регистрациядан өткөн адамга убактылуу (бир жылдык мөөнөткө) күбөлүк берилиши каралган. Бир жылдан кийин кайра регистрациядан өтүшөт. Бул сектанын өкүлдөрүнөн балдардын аң-сезимин коргоо максатында жүргүзүлөт.

«Диний ишенимге ээ болуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» КРнын мыйзамы 1991-жылы бекитилген. Анын диний билим берүү области боюнча бир нече кемчилиги, каталыгы бар. Ал мыйзамдын 6-беренесинин негизинде мамлекеттик билим берүү системасы диний мекемелерден бөлүнгөн. Диний уюмдар диний мекемелерди ачууга укуктуу. Балдарга ата-энелеринин же анын ордуна балага камкордук көргөн адамынын макулдугу боюнча диний билим берүү диний мекемелерде гана жүргүзүлөт. Тилекке каршы диний мекемелерде билим берүү системага салына элек, бирдиктүү тартипке келе элек. Көпчүлүк майда жана орто диний мекемелерде атайын иштелип чыккан жана бекитилген программалары жок. Мекемелердин имараты кабыл алынган нормага ылайык эмес. Мамлекет диний мекемелерден ажыратылган деп декларацияланган соң, алардын функциясын мамлекет көзөмөлдөй албайт [109, 150-б].

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары КМШ өлкөлөрүнүн мыйзамдарынан анча айырмаланбайт, бирок бизде эки түрдүү диний билим берүү каралган. 1. Мамлекеттик эмес мекемелерде, диний бирикмелерде же үйдө диний билим берилет. 2. Мамлекеттик окуу мекемелерде жарандардын каалоосу боюнча факультатив (курс) окутулат. Мындан тышкары окуу жайларда гуманитардык предметтерде дин жөнүндө маалымат берилет. Ал жерде диний ырым-жырым кошулбайт [146, 17-б].

Бишкекте Азирети Умар (ра) атындагы Ислам университети ачылган. 6 ислам институту (Токмокто, Ошто, Кара-Балтада ж.б.), ОшМУда 1993-жылдан бери теология (исламий окууга негизделген) факультети иштеп жатат. Аны Турция Республикасы каржылайт. И. Арабаев атындагы КМУда, Манас атындагы Кыргыз-Түрк университетинде теология бөлүмү иштейт. Республикада 51дан ашык медреселер, 20дан ашык христиан, будда, иудей

диний уюмдар, бирикмелер, борборлор бар. «Тоораттык колледж», «Бириккен рухий семинария», «Эл аралык сырттан окутулуучу Тоораттык университет», «Эммануил» теологиялык институту (Бишкек), пресвитериан чиркөөсү, христиандык билим берүү, буддалык окуу борбору, будда храмы (Бишкек) бар. Алардын айрымдары менен жаштарды тарбиялоо боюнча кызматташуу зарылдыгы бышып жетилди, бирок диний адамдарды окумуштуулардын көпчүлүгүнүн түшүнө албастыгы коомдун рухий жактан өсүшүнө жолтоо болуп жатат.

«Динди үйрөтүү гуманитардык билим берүүнүн социомаданий феномен катары социалдык илимдердин, гуманисттик тарбиянын бөлүнгүс компоненти болуп саналат» [36, 95-б]. «Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн дин илимий (гуманитардык) билим берүүнүн компоненти болуп эсептелерин баары билишет, бирок динди атеисттик көз караштагы адамдардын китеби боюнча мугалимдер азыркы күнгө чейин окутуп жатышат. Мындай аракет аркылуу дин жөнүндө окуучуларда туура көз караш калыптанбай жатат. Динсиз гуманизм – адамдагы чыныгы адамгерчиликтин пределинен сыртына алып чыгуучу нерсе», – дейт психология илимдеринин доктору, профессор, РББАнын (РАО) мүчө-корреспонденти В.И.Слободчиков [157].

Диний билим берүүнүн максаты, артыкчылыгы жөнүндө макалалар көп жылдан бери эле чыгып жатат. Мисалы, «Диний билим берүү жашоонун ар түрдүү формалары боюнча билимин кеңейтет, жарандык аң-сезимди калыптандырат, укуктук аң-сезимди жогорулатат, мамлекет менен чиркөөнүн, мечиттин мамилелерин үйрөтөт, улут менен диндик, саясат менен диний моралдык маселелер боюнча туура жүрүм-турумга үйрөтөт, коомдун, мамлекеттин динге толеранттуулугун жогорулатат» [67]. Биздин республикабызда экстремизмди пропагандалаган «диний» агымдар да бар. Ошондуктан ислам боюнча муфтияттын рецензиясынын негизинде чыккан адабияттарды гана окууга уруксат берилет [112, 16-б].

Мамлекеттин «светтик» болгондугу үчүн динди радикалдуу (биротоло)

сүрүп чыгаруу, диний мекемелерди, адамдарды коомдук маанилүү маселени чечүүдөн четтетүүгө болбойт [107]. Кыргызстандын мектептеринде дин таануу боюнча билим берүү мектепке кире элек. Айрым эксперименталдык мектептерде «Ыйман сабагынын» (Ө.Чотонов, Б.Нурдинов түзгөн) программасынын негизинде диний жана илимий моралдык нормалар жөнүндө ой жүгүртүүгө үйрөтүлөт. Айрым мектептерде адептик-рухий темада сабактар киргизилген, бирок ички мазмуну такталбаган [105, 353-б]. Айрым мектептер Имады Букарбай түзгөн «Ыман сабагынын» программасынын негизинде окутуп жатышат. Азыр мектептерде идеологиялык тарбия системалаштырылбаган абалда калды. Алыскы аймактарда дүйнө тааным боюнча диний адамдардын жардамын алышат.

Кыргыз-Түрк Себат лицейлеринде Куран окутулат. Дело № 31(1077) 12.10.2016. санында "Себатты тазалоо керек. Гюленчилердин ысмы белгилүү. Саясый эрктин жетишсиздиги" деген аталыштагы макалада бул лицейлердин Турциядан келген мугалимдери ЦРУнун көзөмөлдүгүндө эмгектенгендиги жазылган. "Силер Хизбут Тахрир, салафит ж.б. жасалма агымдар менен күрөшкүлө, бирок сен өз окууңду радикалдык секталардан айырмаланбаган окууга айландырдың, сенин идеяң мээни айландырып, бийликке ээ болуу",- деп жазат Түрк элдеринин Конгрессинин башкармасы Эдил Марлис уулу. ЦРУ ислам динин таратууга эч качан кызыктар болгон эмес. Ф.Гюлендин таасириндеги Себат мектептеринде эмгектенген түрк мугалимдерин экстремисттик аракети үчүн РФдан, Казакстандан, Өзбекстандан, Азербайжандан, Тажикстандан, Түркмөнстандан депортациялап (чыгарып), мамлекет мектептерди өз көзөмөлдүгүнө алган. Азыр практикада секталар менен кызматташып кеткен мектептер бар. Мисалы, Караколдо, Аксу районунда, Чүй районунун Чүй айылында "Адвентийлик мураскорлордун мектеби" (Адентийская школа наследие), Токмок шаарында "Ак Бата"деп аталган мектеп бар, аларды АКШ, Иран демөөрчүлүк кылышат. Бишкек шаарында "Илим" менчик мектебинде кыргыз балдарга католик ынанымы сунушталат.

Кыргызстандын шартында дин таануу курсун киргизүү үчүн көптөгөн проблемаларды чечүү керек. Алар төмөнкүлөр:

1) коомчулукка мамлекеттик билим берүүчү мекемелерде диний билим берүүнүн зарылчылыгын түшүндүрүү;

2) мамлекеттик стандартты иштеп чыгуу, китептерди, окуу колдонмолорду чыгаруу боюнча каражат маселесин чечүү;

3) окутуучуларды атайын даярдоочу курстан өткөрүү, башка конфессиялардагы балдардын окутуу маселесин чечүү;

4) диний билим берүү Кыргыз Билим берүү академиясы, Диний билим берүү боюнча илимий изилдөө борбору (И. Арабаев ат. КМУнун теология бөлүмү) менен бирдикте координациялык маселерди чечүү ж.б. көптөгөн маселелерди чечүү зарыл.

И. Арабаев атындагы КМУнун базасында «Билим берүү жана дин: Ата Мекендик жана эл аралык тажрыйба» деген темада 22-23-декабрда (2010) эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлгөн. Конференцияда мамлекеттик билим берүүчү мекемелерде дин таануу маселеси козголду. Диний билим берүүнү координациялоо максатында Диний билим берүү боюнча илимий изилдөө борборун түзүүгө карата иш жүргүзүлүп жатат. Диний билим берүү боюнча мыйзамдык, укуктук нормативдик база иштелип жатат.

Диний программаны теологиялык билими бар адистер жазганы туура. Анткени динди атеист, христиан, буддист, мусулман, сектант ар башкача түшүнүшөт. Атеист, сектант таңуулаган “билим” диний билим эмес. Ошондуктан диний билимди сунуш эткибиз келсе, теолог адистердин маалыматын пайдалануу максатка ылайык.

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин тапшырмасы менен республикада дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясы иштелип чыкты жана ал акырындап, этап этабы менен дин тууралуу билимдерди Кыргызстандагы диний эмес (светтик) жалпы билим берүүнү интеграциялоо максатын коёт [52]. Дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясында:

“Азыркы көп көз караштуу жана көп конфессиялуу кыргыз коомундагы окуучуларга руханий-адептик билим берүү проблемасын чечүүнүн социомаданий, илимий-педагогикалык жана уюштуруучу жолдорун ачып берип, ошонун ичинде окуучуларды Кыргызстандын элдеринин салттуу диндеринин, дүйнө элдеринин диндерин тарыхый жана маданий негиздерин аралаштырууга мүмкүндүк түзөт”, – деп белгиленген. Концепция Кыргыз Республикасынын балдарына жана жаштарына жалпы орто билим берүү, аларды тарбиялоо жана коомго аралаштыруу процессинде окуучуларга руханий-адептик билим берүүнү өркүндөтүүгө багытталган. (Кут билим. “Кыргыз Республикасында дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясы”. 7.02.2014.).

Билим берүү системасына дин таанууну киргизүү – жаңы тенденция. Дүйнөлүк билим берүү системасындагы жаңы тенденцияны тоотпой, аны менен эсептешпей коюудан эч ким пайда таппайт. Ар бир мамлекет өз элинин конфессиялык абалына жараша окуучуларга динди таанытып жатышат. Жогоруда айтылгандардын негизинде КРнын дин таануу курсунун (предметинин) мазмуну башкалардан айырмаланган, бирок бардык мамлекеттер окутуп жаткан минимум (эң аз, бирок зарыл болгон) бөлүгү программада камтылышы керек, – деген тыянак чыгарабыз.

### *3.2. Дин таануунун негизиндеги таалим-тарбия иштерин уюштуруу боюнча аракеттер*

Россияда ар кандай региондордо ондогон «Православие маданиятынын негиздери» боюнча окуу колдонмолор жарык көргөн. Башка салттуу диндер боюнча колдонмолор да бар. Алардын айрымдары электрондук тиркеме менен чыгууда. Азыр бирдиктүү окуу китеп түзүү жөнүндө аракет кылып жатышат. «Светтик этика» боюнча колдонмолору да бар. Авторлорду диний уюмдар (чиркөө, мечит, пагода) аныктап, РББА колдоп, ынтымактуу өнүгүп жатышат. «Ынтымак бар жерде майда иштер да өнүгөт, ынтымак жок жерде улуу иш да бүлгүнгө учурайт» (Байыркы Римдиктердин макалы). Айрым

аймактарда «Рухий маданий борбор» түзүшүп, тарбиялык иштерди уюштуруп жатышат. Мисалы, Саратовдо Балашов атындагы институтта, анын курамына кирген билим берүү чөйрөсүндө андай уюмдарга диний адистер, философтор, филологдор, маданият таануучулар, тарыхчылар, педагогдор, методист-практиктер чогулууда. Алар жаштардын арасында адептик-рухий тарбия боюнча жана диний билим берүү боюнча атайын курстун, факультативдин программаларын иштеп чыгууда, аны жүзөгө ашыруу боюнча илимий-методикалык маалымат берүү үчүн ар кандай диний көз караштагы иш-чараларды (конференция, тегерек стол, семинар) уюштурууда. Алар ар кандай тоталитардык секталарга каршы күрөшүүгө, салттуу эмес диний билим берүүнү тыюуга, жашоонун сергек мүнөзүн (спирт ичимдиги жок жашоону) пропагандалоого, физикалык жана рухий соолукту сактоого үндөө үчүн биригишкен. Алар жаштарды билим алууга, социализацияга, өзгөргөн коомго ыңгайлашууга жардам беришет. Балдар бакчасынан баштап, мектептерге, институттарга атайын курстарды: «Социалдык баш калкалоо», «Кайрадан жаралуу», «Социалдык жактан тейлөө борбору», «Үй-бүлөгө жана балдарга жардам берүү борбору», «Карыларга, майыптарга жана балдарга жардам берүү борбору», «Социум», «Атайын курстардын борбору», «Балдарга мээрим тартуулоо», «Жардам берүү», «Камкордук», «Студенттердин демилгеси» ж.у.с. аталыштагы борборлор түзүлүп, ар кандай практикалык тарбиялык маселелер чечилүүдө [98]. Бул курстарды өткөн адистер, окумуштуулар светтик этиканын негизиндеги тарбия жөнүндө кескин сындарды айтышууда. Мисалы, «Илимий-техникалык прогресске негизделген цивилизация канчалык ийгиликтүү алга жылган сайын, табигый, социалдык, психологиялык, экологиялык, дүйнө бузулуп, адамдын ички дүйнөсү деградацияланып, аң-сезимдүү аракеттенүүсү төмөндөп, алаңгазарлыгы артууда. Ошого карабастан коммунисттик идеалдан чарчабаган адамдар дагы эле бар, аларга эми “башка идеал табыш керек, ага өзүн жана башкаларды баш ийдириш керек», – деп дагы эле жулунуп жүрүшөт» (Б.Т. Лихачев). «Ошондуктан

адамга чыныгы акыйкатты таануу жөндөмүн, аң-сезимдүүлүгүн өстүрүп, алаңгазарлыкка жол бербей, цивилизациянын негативдүү жагы менен күрөшүү керек. «Этика» программасынын, китептеринин авторлору дүйнө коркунучтуу абалга жетсе да адамдын акылына, аң-сезимдүүлүгүнө ишенишет. Диний билим берүүнү жактоочулар адамдын акыл-эсинин, аң-сезимдүүлүгүнүн чектелүү экендигин моюнга алышат, чексиз акыл-эстүү Заттан жардам алуу керек, – деп эсептешет (Б.Т. Лихачев).[98, 10-11-б].

Азыр илимий чөйрөдөгү айрым аракеттер жөнүндө айта кетели. 1999-жылы Донбасста Донецктин (Украина) илимий борборунда адамдын рухий өнүгүүсүн изилдөө институту ачылган. Алардын багыты педагогикалык, психологиялык модель-методдор менен балдардын адептик-рухий тарбиясын изилдөөгө арналган. Культурологиялык, аксиологиялык, антропологиялык, синергетикалык, цивилизациялык аспектилерди эске алып, инсанга багытталган мамиле түзүүнүн негизинде адептик-рухий тарбия маселелерин изилдешүүдө. Искусство каражаты аркылуу окуучулардын рухий маданиятын калыптандырууга профессор Г. Шевченко, таланттуу балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө профессор В. Альфинов, өспүрүмдөрдү экологиялык жактан тарбиялоого доценттер В. Черновецкий, Г. Марченко, үй-бүлөдө тарбиялоонун рухий негиздерине, мектепке чейинки куракта рухий баалуулуктардын негизинде тарбиялоого профессор В. Сынченко, дүйнөгө көз карашынын калыптанышына, диний салттар аркылуу адамдын рухий маданиятынын калыптанышына профессор В. Распутин ж.у.с. рухий маселелерди изилдешүүдө [182].

Институтта «Бизнес жана рухий дүйнө», «Христиан этикасынын негиздери», «Чыгармачыл инсанды өнүктүрүүнүн технологиясы», «Адамдын өзүн өзү өнүктүрүүсү», «Краетивдик ой жүгүртүүнү өнүктүрүү тренингдери», «Аң-сезимди манипуляциялоого (өз кызыкчылыгы үчүн татаал амалга) каршы аракет» ж.у.с. тематикада семинарлардын сериялары өткөрүлүүдө.

Ал инситут рухий (илимий жана диний интеграцияланган) тарбиянын

төмөнкү формаларын сунуш этет:

– ар кандай ийримдер, клубдар, студиялар (илим менен искусство чеберлеринин кызматташтыгы);

– интеллектуалдык-рухий маданий борборлорду түзүү (илимий борбор);

– жекшембилик мектеби, рухий агартуу борборлору (диний борборлор);

– мектеп менен диний адамдардын кызматташтыгы, адептик-рухий маданий борборлор (илим менен диний борборлор) кызматташуудa.

Эми Мароккодо муршидаттарды даярдоо жөнүндө айта кетели. Муршидат деп – мечиттерде диний адамдар менен кызматташып, балдарга жардам берген социалдык педагогдорду аташат. Бул кызматка орношуу үчүн 45 жашка чейинки жогорку окуу жайды эң жакшы бүтүргөн же толук эмес жогорку билимдүү, жогорку моралдык сапаттагы жарандар конкурстун негизинде кабыл алынышат. Кадрлар оозеки экзаменди берүү аркылуу тандалат. Конкурстан өткөндөр диний билимдерди өздөштүрүү боюнча курстан өтүшөт. Андан ийгиликтүү билим алгандарга титул берилет. Аларга «Исламдын негиздери», «Ритуалдуу доктриналуу (илимий, философиялык же саясый система) исламдын негиздери», «Улуттук биримдиктин негиздери», «Улуттук жана улуттар аралык чөйрө» деген предметтер сунуш этилет. Андан тышкары аялдар үчүн «Аялдардын фыхк (укук) сабагы», «Ислам маданиятындагы теориянын мечиттерде практикалынышы» курсу боюнча лекциялар окулат [182].

Ал жерде официалдуу түрдө илимий билим берүү менен кошо диний билим, таалим-тарбия көрсөтүү да кошо жүргүзүлөт. Диний иштер жана Вакуф боюнча министрдин пикирине караганда социалдык тарбиячылардын мечиттеги иштери жеткиликтүү эмес. Вакуф деп – социалдык жактан колдоо максатында түзүлгөн коомдук мүлк, фонд, анын тегерегинде педагогикалык иш, көмөк көрсөтүүчү уюмду аташат. Аны мусулмандар өз каражаттарын төгүп чогултушат. Бул фонд жалаң эле диний иш-чараларга демөөрчүлүк

кылып чектелбестен, коомдук маданий, педагогикалык, санитардык иш-чара, талап-мүдөөлөрүнө жардам берет. Алардын ою боюнча педагогикалык кадрлар жана коомчулук мечитти социомаданий борбор кылууга, улуттун аң-сезимин агартууга, адеп-ахлагын (оңго) өзгөртүүгө жардам бериш керек. Мечиттерде, медреселерде илимий билимдер окутулуш керек деп эсептешет. Аны педагогдор иш жүзүнө ашырышат, ал эми диний көз караштЫ таратуу иштери философ же дин ажыттарын үйрөтүүчү педагог аткарат. Ал жерде имамдардын ролу өтө жогору, ошондуктан аны пайгамбарды сыйлагандай эле сыйлашат. Өкмөт имамдардын, муршидаттардын жетишсиздиги жөнүндө камкордук көрүшөт.

Алжир азыр муршидаттардын педагогикалык илимий-концептуалдык жана практикалык иш-аракети боюнча Мароккодон ашып, бул маселелерди чечүү боюнча лидерликке жеткен. Үй-бүлөлүк тарбия көптөгөн модернизацияга дуушар болгондуктан дүйнө жүзүндө үй-бүлөнүн бекемдигин камсыз кылуу кыйын болуп калган. Алжирдеги муршидаттар үй-бүлөнү сактап калууга, үй-бүлөдөгү ар кандай зордуктун формаларынан кутулууга, аялдарга карата ырайымдуу болууга тарбиялашууда.

Тунисте Диний иштер боюнча Министрлиги да педагогикалык чөйрө менен кызматташат. Алар куттаб (куран таануу мектебин) түзүү маселелерин чечишет. Балдарды ыймандуулукка: өз ара бири-бирин түшүнүүгө, ак-көңүл, ачык-айрым болууга, толеранттуулукка үйрөтүүгө, улуттук, расалык ж.б. дискриминацияга, обскурантизмге (агартууга, “прогресске” каршылык кылууга) каршы күрөшүүгө, эркин ой жүгүртүүгө, эл аралык, дин аралык, цивилизация аралык диалог (мамиле) түзүүгө үйрөтөт.

Ливанда, Турцияда, Иорданияда ж.б. өлкөлөрдө акыркы жылдарда вакуфтардын институттарын калыбына келтирүүдө. Вакуфтардын Министрлигинин функциясы административдик көзөмөлдөө мүнөздө, алар акылга туура келгендей кылып, элдин, Ата Мекендин жыргалчылыгына кам көрүп, кайыр-садаганы калыс таратып, диний илимдүү адамдарды бардык жерге калыс бөлүштүрүшөт. Ал жерде борбордук органдардын кээ бир

функцияларын жергиликтүү органдарга берүүгө негизделген башкаруу системасы иштейт.

Дагестанда ушуга аналогиялуу система кызмат өтөп жатат. Кайыр-садага, зекет берүү практикасы бизде 73 жылдан ашык мезгил токтотулган. Ал айрым элдердин коллективдүү эске тутумунда калган, азыркы күндө диний институттардын салттуу башкаруу системасын Дагестан эли калыбына келтирүүдө. Дагестандык илимпоз педагогдордун таалим-тарбияны жандандыруу жөнүндө теориялык жана практикалык сунуштары көп чыгууда. Мектептердин мечиттер менен кызматташуусу нормалдуу көрүнүш катары кабыл алынып, мечит балдар үчүн тарбиялоочу мекемеге айланууда.

Махачкала шаарында «Жума-мечит» деп аталган уюмдар балдардын жайында эс алуусун уюштурушат. Алардын тажрыйбасынан урунттуу учурларды келтирели. Мындай социалдык акциянын максаты – салттуу рухий баалуулуктарды калыбына келтирүү, толеранттуулукка тарбиялоо, диний салттар менен тааныштыруу. Бул жаңыча уюштурулган практика биздеги динден бөлүнгөн (өзүнчө) педагогикалык практикадан айырмаланат. Светтик жана диний институттар биргелешип тарбиялык иштерди уюштурууда, бирок өздөрү иштин азыркы абалы менен канааттанышпай, социалдаштыруу мейкиндигинде, кесип тандоо моделинде, социалдык педагогикалык иш-аракеттерде мындан да көбүрөөк иш жүргүзүүгө боло тургандыгын белгилешүүдө.

Европалык социалдаштыруу системасы иш процессинде, институционалдашууга (ар кандай багыттагы: партиялар, үй-бүлө, профсоюз ж.б. комплесин өздөштүрүүгө), кесип тандоого, социалдашууга үйрөтүүдө, ага жакшы кырдаал түзүшүүдө. Аларды негизги эки категорияга бөлүүгө болот: социалдык-экономикалык ассистент болуу (жогорку маалыматтуу адамдардын балага жардам берүү) жана социалдык-педагогикалык жардам берүү. Мурда мусулмандардын зекет, кайыр-садагасы институционалдашууга мүмкүндүгү болбой жаткан. Хабустардын, вакуфтардын системасы чектелген мейкиндикте гана ишенген адамдарга

жардам берип жүрүшчү. Өзгөрүп жаткан индустриялуу дүйнөдө өтө көптөгөн миграция алардын өзгөрүүсүнө түрткү болууда. 1962-ж. Магрибде (Африкада: Тунис, Алжир, Марокко, Ливия, Мавритания, Батыш Сахара ж.б.) Хабус (кайрымдуулук фонду) менен вакуфтардын зекет, кайыр-садага таратуу системасы юридикалык жактан уруксат алынган, алар эми анын жок болушу жөнүндө ойдон алыс жашап жатышат.

Египетте Мохаммед Кодри Паша «Вакуф боюнча кодекс» иштеп чыккан. Ал вакуф жана хабус боюнча мыйзамдар XX кылымдын экинчи жарымына чейин ачыкка чыгарылган эмес. Ошондуктан 1962-жылы аны кайрадан жаралды деп ырасташат. Кайрымдуулук фондун түзүшүп, жетим-жесирлерге, муктаждарга, мусапырларга жардам берүү институту алгачкы жазылган мыйзамдын негизинде иштеп жатышат.

Коом азыр индустриализация маалыматташтыруу аркылуу модернизациялануудa. Ошондуктан вакуфтар мамлекеттердин азыркы системасына, юридикалык мыйзамдарга залакасын тийгизбей кирип жатат. Юстиция, үй-бүлөнү социалдык жактан өнүктүрүү Министрлиги, светтик институттары алардын ишине жолтоо болбогондугун белгилөөдө. Магрибдин тажрыйбасы да аракет этүү процессин ачык демонстрациялоодо. Азыр «надыр» деп аталган милдетти (кызмат ордун) вакуф институттары социалдык-экономикалык ассистент болууну жаңы шартка логикалуу кылууга аракеттенип жатышат. Муршидат институттары светтик-диний социалдык-педагогикалык иштердин потенциалдуу аракет этүүчүлөрү болууда.

Иудей, христиан, мусулман дүйнөсүндө кайыр-садага берүү мүнөздүү. Педагогикалык иш-аракет христиандарда XX кылымда кенен тараган. Мусулмандарда хабустар, вакуфтар ошол мезгилдерде көп тыюу салынып, кысымга алынып, кайрадан жаралгандыктан, алгачкы формасынан башкача болуп өзгөргөн. Ислам өлкөлөрүндө зекет берүүнүн табигый өнүгүүсү эч качан токтогон эмес, аларга социалдык-педагогикалык кызматташтык илимий-диний тажрыйба алмашуу орто кылымдардан бери өз ара сиңишип

келген. Магриб өлкөлөрүндө диний-илимий педагогикалык коомчулуктун ролу жогору. Вакуф – иш аракети натыйжалуу болгон педагогикалык коомдук борбор болуп эсептелет.

Азыр Дагестанда жогоруда көрсөтүлгөн практика микрорайондордо, айылдарда, кварталдарда социалдык-педагогикалык инфраструктура (инфра-түзүлүш) бөлүгү катары кызмат өтөй баштаган. Булардын дарегине деструктивдүү аракет үчүн сын айтылбай эле, эл чогулган: мектеп, клуб, медпункт, китепкана, мечит сыяктуу жерлерде өзүнүн мыйзамдуу ордун ээлөөдө. Бул мекемелерге адатта илимий жана диний билимдүү адамдар өтө кылдаттык менен тандалат. Светтик мекемелер менен диний адамдардын карым-катышы болгону менен мечиттер кээде дагы эле мурдагыдай обочолонуп, өзүн кармаган учурлары болот. Эки тараптагыларга тең секуляризация (мечиттин мүлкүн мамлекеттештирүү), десекуляризация (мечиттештирүү) тажрыйбасы жетишпей жатат. Дагестанда азыр социалдаштыруу боюнча педагогикалык, диний адамдар кызматташып, балдарды тарбиялоо боюнча ар бир звенонун ролун түшүнүп, бири-бирине өз ара адаптация (ийкемдешүү) процесси жүрүп жатат. Мектептин социалдык педагогдору, мекемелердин социалдык кызматкерлеринин эвристикалык тапкычтыгын өзгөчө белгилеп кетүүгө болот.

Революцияга чейин вакуфтун каражаттары жалаң эле билим берүү максатына жумшалып келген болсо, азыр билим берүүгө кеткен каражатты мамлекет өзүнө алгандыктан, жергиликтүү тарбия-таалим, социалдашуу, көптөгөн конфессиянын, маданияттардын диалогун чечүү маселелерине жумшап жатышат [24, 106-110-б].

### *3.3. Мектептеги дин таануу сабагы боюнча таалим-тарбиянын усулдары жана алынган жыйынтыктар*

Дин таануу предмети педагогика, куран таануу, хадис таануу, диний психология, ислам укугу, араб тили ж.б. предметтер менен байланышта болгондуктан, ошол предметтердин усулдары колдонулат. Сабакта диний

этиканын нормалары (саламдашуу, коштошуу ж.б.) сакталат.

Окутуунун төмөнкү усулдары сунуш этилет:

– түшүндүрүү, суроо-жооп, ойду бир объектке концентрациялоо;

– чакан аңгеме, баян айтуу, икая, чыгарманын сюжетин баяндоо;

– тема боюнча суроолорду талкуулоо;

– материалды бышыктоо максатында маектешүү;

– окуучулардын изденүү аракетине түрткү болуучу жолдомо тапшырма берүү;

– кыскартылган сабак, өз алдынча иш уюштуруу;

– иллюстрациялуу лекция окуу;

– текст окуу, аудио, видео тасманы угуу, көрүү, адептик-рухий маселелерге тиешеси бар маалымат таап келүүгө тапшырма берүү, аны талкуулоо;

– диндин тарыхын, пайгамбарлардын өмүр баянынан адептик-рухий маселелерге тиешеси бар материал сунуш этүү;

– диний мазмундагы (кыргыз же исламий) акындардын поэтикалык, жазуучулардын прозалык тексттерин окуу, сюжетин баяндоо, анализдөө;

– текст менен иштөө, түгөй менен иштөө, изилдөө иштерин жүргүзүү;

– доклад, реферат, дил баянын жазуу;

– ата-энелердин, билимдүү адамдардын суроолору аркылуу баланын өсүшүн аныктоо;

– өзүн өзү баалоо, бири-бирин баалоо ж.б.

– 9-11-класстарда (жалпы билим берүүчү мектептерде, дин таануу курсу боюнча билим берген мугалим) бир жылда бир (же эки) жолу реферат жаздырууга болот.

Дин таануу боюнча билим берүүдө ынандыруу, насаат айтуу, методдору кенен колдонулат, мында билимди айрымдары аңдоо деңгээлинде өздөштүрүшү мүмкүн. Азыр практикада программаланган дистанциялык окутуу формасы да бар. Ал төрт баскычтан турат: репродуктивдүү этап, (базалык түшүнүк, сөздөр, тарыхый материалдар берилет), алгоритмдик этап

(окутуучу билим алуунун алгоритмин айтат), эвристикалык этап (билимин текшерүү), креативдүү этап (дил баяны, эссе, реферат, тапшырма аткаруу). Дин таануу курсун окутууда диндин негизине, эрежелерине, жоболоруна, сыйынууга анча көңүл бөлбөй, диндин педагогикалык потенциалын ачууга, окутуунун методикалык жагына, оптималдуу жолду издөөгө көңүл бөлүү керек. Мугалим диний көз карашты таңуулабай, нейтралдуулук (бир тарапка кошулбоо) принцибин сактоо – максатка ылайык. Дүйнөлүк практикада дин таануу курсунун (предметинин) мазмуну теолог адистердин сынагында жактырылышы керек, методикалык бөлүгү Билим берүү академиясынын окумуштуулар кеңешинин сынагында бектилиши керек. КББАнын окумуштууларынын кеңеши боюнча азырынча салттуу методдор менен чектелип, кийин акырындап, улам бир этап менен жаңы усулдарды киргизүү максатка ылайык, болбосо "ыйман" сабагынын тагдырын кайталап калуу коркунучу бар.

Дин таануу курсун (предметин) окутуу боюнча айрым КМШлык педагогдор анча-мынча тажрыйбаларга ээ болууда, алар куран таануу, хадис таануу, араб тилин окутуунун методдорун ж.б. синтездеп колдонууда. Динди таанууга арналган предметтердин методдору, методологиясы кылымдап негизделген. Методдор курстун (предметтин) мазмунуна, логикасына жараша тандалат. Салттуу методдор практикалык билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандырууга, ой жүгүртүүгө үйрөтүүгө, жалпы билимге ээ болууга өбөлгө болуп эле чектелбестен, инсан катары адептик-рухий сапаттарынын калыптанышына таасир этет. Диний этиканы жана динди таанууну окутуунун методикасын теолог окумуштуулар хадис таануунун, куран таануунун ж.б. предметтердин негизи деп аташат. Куранды окутуунун этикасы (адеби) болот. Аны окутууда (окууда) бисмилла, дуба сыяктуу милдеттүү элементтери бар.

Дин таануу курсунун мугалими диний билим берүүнүн тарыхын, окутуунун исламий усулдарын билиш керек. Динди таанытуунун биринчи окутуучусу – Мухаммед (сав) оозеки түшүндүрүү, насаат, икая айтуу усулун

колдонгон. Ошондуктан насаат айтуу – дин таануу боюнча билим берүүнүн маанилүү, кенен тараган усулу болуп саналат.

Курандын муундарын кошуп окутуу – иджек усулу деп аталат. Сүрөөлөрдү шар окутууну – иджига усулу деп аташат. Дин таанууда катехизистик (үйрөтүү) метод деп аталган усул бар. Мугалим суроо коюп, жообун өзү айтуу менен окуучуларды кайталатып, жаттатуу методун катехизистик усул деп аташат. Кийинки сабакта мугалим суроо берет, окуучулар эстеп калган тексти айтышат. Мында диний моралды, элементардык маалыматтарды окуучулар эсине сактап калышат. Концентрациялоо методу деп – өткөн материалга окуучулардын көңүлүн буруп, андан кийинки (оор) хадисти өздөштүрүүгө жардам берүү усулун аташат. Бул усул класстык сабак системасында кенен колдонулуп жүрөт. Эвристикалык усул окуучулардын логикалык ойломун өнүктүрүүгө колдонулат.

Окуучулардын ичинен “караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан” адам чыгышы керек. Дин таануу курсу ушундай сапатты өнүктүрүүгө көңүл бөлөт. Андай адамды тарбиялоого башка предметтерде да көңүл бөлүнүшү керек. Окуучуну чукугандай сөз табууга үйрөтүү үчүн (теолог) мугалимдер акындык айтыш уюштурат. Аны мушагара усулу дешет. Мугалим ырдын биринчи сабын (белгилүү ойду) жазат. Кийинки сабын же 3-4-сабын окуучу табат. Айрым шакирттер (окуучулар) төрт сап ыр менен чектелбей биит (ыр түрүндө трагедиялуу сюжет), мунаджат (чыгыш адабиятында лирикалык эпикалык чыгарма, фольклор) жазышат. Окуучулар арасындагы интеллектуалдык мелдешти моназар усулу дешет. Мугалимдер кошуна мектеп менен талкуу формасында интеллектуалдык мелдеш (моназар) уюштурушат. Ал сынчыл ойломду, чечендик чеберчиликти өнүктүрүүгө, өз көз карашын аргументтөөгө үйрөтүүгө арналат. Кейс-методу деп – ар кандай сценарий түзүп, окуяга ылайык маселенин чечилишин окуучуга табууга сунуштоону аташат. “Ыйман” сабагынын тагдырын кайталабаш үчүн бул методдорду колдонууда азырынча абайлаш керек.

Дин таанууну өздөштүрүүнүн үч деңгээли бар: эстеп калуу, түшүнүү, көзү жетүү. Дин таануу боюнча билим берүүдө икаялар кенен колдонулат. Икая деп – адептик жактан тарбиялоо максатында конкреттүү образды баяндоо аркылуу абстрактуу ой айтылган кыска чыгарманы аташат. Куранда адамды бир нерсеге үйрөтүү максатында тарыхтан алынган кыскача үлгүлүү аңгемени икая деп аташат. Икаялар күнүмдүк турмуштан алынган, рухий реалдуулукту терең аңдап түшүнүүгө керек. Алар адептик нормаларды сактоонун маанилүүлүгүн баса белгилейт, адамды эскертет, маанилүү нерсени маанисизден ажыратып көрсөтөт. Икаялар жөнөкөй тил менен айтылат, бирок аны түшүнүү кыйын, анткени ал жөнөкөй аңгемедей эмес, маанилүү нерсени көрүүгө үйрөтөт. Икаялар дин таануу предметинде (курсунда) дидактикалык каражат сыяктуу. Алар эске оңой тутулат. Анын маанисин аягына чейин түшүнбөй калдым дегендей сезим калтырат.

Дин таануу предметин окутууда төмөнкү технологияны колдонсо болот: проблема түзүп өнүктүрүү технологиясы, инсанга багытталган окутуу, маалымат берүү технологиясы, модулдук технология, долборлоо технологиясы ж.б. Дин таануу предметин окутууда адамдын денесинин жана рухунун тазалыгы маанилүү.

“Асл”деген араб сөзү – негизи, ***принциптери*** деген мааниде которулат, ал исламий педагогиканын фундаменти сыяктуу. Исламий педагогиканын принциптерин орто кылымдардын педагогдору иштеп чыгышкан. Алар ошол доордун педагогдорунун эмгектеринде жазылып калтырылган. Жүрүм-турум нормаларды, этикалык маселелерди, турмуштун бардык жагын ичине камтыган, адамдын дүйнөгө көз карашын калыптандыра турган биримдиктеги системаны аалымдар түзүшкөн.

***Окутууда жана тарбиялоодо дидактиканын принциптери:*** адамдын төрөлгөн жана жашай турган жерин, маданиятын, улуттун өзгөчөлүгүн эске алуу. Аны педагогикада маданиятка ылайыктуулук (культурасообразность) принциби деп аташат, ал исламий системада – негиздүү принциптердин бири. Билим берүү принциптерин, жалпы көрсөтмөлөрдү исламий

педагогиканын методологиялык негизи катары түшүнбөш керек. Азыркы педагогиканын дидактикалык принциптери: илимдүүлүк, объективдүүлүк, системалуулук, иреттүүлүк, мазмундун жарандык аң-сезимин калыптандырууга, гумандуулукка багытталгандыгы, тутумдаш предметтердин өз ара байланыштуулугу, аң-сезимдүүлүк, чыгармачылык, активдүүлүк ж.б. Булар көп кылымдап илимпоздордун тажрыйбалары аркылуу топтолгон. Мында диний педагогиканын да салымы бар. Диний педагогикада таалим-тарбия төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт: жеткиликтүүлүк, эмоциялуулук, этабы менен түшүндүрүү, реалдуу турмуш менен эсептешүү, көргөзмөлүүлүк, курак өзгөчөлүгүн эске алуу, диний окуунун жоболорун эске алуу [129].

***Дин таануу боюнча билим берүүгө арналган курстун (предметтин) билим берүүчүлүк жана психологиялык адаптациялоочу (ийкемдешүү) милдеттери:***

– диний адептик-рухий тарбияны илимий негизде түшүндүрүү;

– адамдын Жер жүзүндө бактылуу жашап кетүүсү үчүн дин таануу билиминин маанисин түшүндүрүү;

– христиандык, иудейлик, буддисттик, индуисттик окуунун позитивдүү-негативдүү жагын, айырмачылыгын ачуу;

– ислам, христиан, будда окууларынын адептик аң-сезимди калыптандыруу салттары менен тааныштыруу;

– инсандын өз милдетин, жоопкерчилигин, күнөөсүн билүүнүн маанисин түшүндүрүү;

– эрктүүлүктүн, туура ой жүгүртүүнүн, дилдин соолугунун маанисин ачуу;

– элибиздин диний маданиятынын, традицияларынын (укумдан тукумга өтүп келе жаткан тартибин, салтын) негизи, этикалык принциптери менен тааныштыруу;

– Кыргыз Республикасында жашаган элдердин маданий биримдигин сактоонун маанисин түшүндүрүү;

– элдин асыл-нарктарын, философиясын, баалуулуктарын түшүндүрүү;

– диний (исламий) окуудан кыргыз лексиконуна кирген сөздөрдүн, башка маданий окуулардагы айрым сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү;

– миграциянын (элдин көчүүсү) шартында ар кандай элдердин көз караштарынын таасирине ийгиликтүү адаптациялашуунун (ийкемдешүүнүн) маанисин түшүндүрүү;

– ыймандуулуктун кемишинин залалын түшүндүрүү;

– акыйкат айтылган булакты, бурмаланган булактан айырмасын, советтик императив түзгөн тарыхтагы жашырылган чындыктын мотивациясын (жүйөсүн ) түшүндүрүү;

– Ата Мекенибиздин табигый байлыктарын баалоонун, аны коргоп, байытуунун маанисин түшүндүрүү;

–напсини (маанисиз каалоолорун, керектөөлөрүн, өзүмчүлдүгүн, кумардануусун ж.б.) тыюунун маанисин түшүндүрүү;

– интуицияны өнүктүрүүнүн маанисин түшүндүрүү;

– диний билимдин негизиндеги амалдардын адамдын дилинин жана денесинин соолугуна тийгизген таасирлерин түшүндүрүү;

–“динчилдердин” (сектанттардын, экстремисттик, террористтик ж.б. коомдордун) көбөйүшүнөн мамлекеттүүлүктү, элдин биримдигин сактап калууга коркунучтуулугун түшүндүрүү;

–“диний” (сектанттык) көз караштагы адамдардын “касиетүү” деп эсептеген (реликвия) тумары, көз мончогу, “кереметтүү” буюмдардын, эстеликтердин, “унутулгус ардактуу нерселердин” чыныгы маанисин түшүндүрүү;

– “диний” адамдардын (сектанттардын) көпчүлүгүнүн өздөрүнүн рухий, психикалык проблемасы бар экендигин түшүндүрүү.

– псевдомаданий (сыйкыр, экстросенсорика, спиритуалисттик б.а. арбак менен сүйлөшүүнү реалдуу деп эсептеген ж.б.) коомдордун таасиринен окуучулардын аң-сезимин коргоого камкордук көрүү.

Дин таануу сабагын окутуудагы коюлуучу талаптары төмөнкүлөр:

1) дин таануу сабагы бир конфессиянын (насраний балдарга христиан, мусулман балдарга ислам) негизги жоболорунун негизинде окутулат, дин элди улутуна, расага карата бөлбөйт;

2) бир мугалим да (анын каалоосу болбосо) сабак берүүгө мажбурланбайт;

3) мугалим республикалык диний (теологиялык) билимге ээ болуп, аттестациядан өтүп, сабак берүү укугуна ээ болушу керек;

4) дин таануу курсуна (сабагына) кабинет бөлүнүп берилиш керек;

5) мектептерде сабакта динге ишенген, ишенбеген балдардын сезимин сыйлоо зарыл, тандоо курсун окугусу келбегендер мажбурланбайт.

Аны окугусу келгендердин (ата-энесинин же баланын) арызы чогултулат. Окуучуларды ыймандуулукка (адептик-рухий) тарбиялоо боюнча изилдөөнүн методологиялык негизи катары классикалык философияга негизделген педагогикалык, психологиялык адабияттарга, исламий адабияттарга, Куранга, адыстарга (хадистерге), пайгамбарлардын осуяттарына, даанышман адамдардын ойлоруна таянат. Диний билим берүүдө КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын саясаты, Муфтияттын пикири жана Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдары эске алынат. Мунун максаты – анархияга жол бербөө, окуучуларды секталардын тузагынан, диний экстремизмден, радикализмден ж.б. адашуудан коргоо.

***Дин таануу боюнча билим берүүдө мугалимге коюлуучу талаптар жана сунуштар:***

– мугалим окуучуларга карата мээримдүү болуп, алардын көз карашын урматтап, курак өзгөчөлүктөрүн жана рухий өнүгүүсүнүн белгилерин билиши керек;

– мугалим өзүнүн жеке көз карашын, ой корутундусун таңуулабай, тарбиялык мааниси бар маалыматтарды сунуштайт;

– окуучулардын өз алдынча жана коллективдүү изилдөө иштерин жүргүзүүгө шыктандыруу керек;

– сабактын тиби мазмунуна жана милдетине ылайык тандалып, салттуу моделде уюштуруусу максатка ылайык;

– мугалим окутуунун ар кандай ыкмаларын жана усулдарын колдоно билиши керек;

– окуучунун окуу материалдарынын өздөштүрүлүшүн мугалим көзөмөлдөйт;

– мугалимдин динди таануучу, педагогикалык жогорку билиминин (диндин тарыхына, маданий мурастарга, элдин рухий тажрыйбасына терең кызыккан адам болуш керек, б.а. теологиялык билими) болушу керек;

– мугалим мезгилдин сынагына туруштук берген окууну, традицияларды, рухий маданиятты азыркы коомдо кездешүүчү псевдомаданияттан (сыйкыр, оккультизм, астрология, соционика) ажырата билиши керек, балдарды ошого үйрөтөт;

– рефлексивдүү (ой жүгүртүүгө, өз башынан өткөнүн анализдөөгө) окутууга үйрөтөт;

– окуу материалдарын жеңилден ооргo, жөнөкөйдөн татаалга өтүү, турмуш жана практика менен байланышта болуу, ырааттуулук, системалуулук, гумандуу мамиле түзүү, дин таануу (теологияга) илимине таянуу принциби аркылуу сунуш этилет;

– тарыхый фактыларды, илимий фактылар менен, атеист, христиан, буддист адамдардын нускаларын, адебин тарыхый инсандардын адебин пайгамбарлардын, сахабалардын ж.б. адеби менен айырмачылыгын түшүндүрүү максатында салыштырууга уруксат берилет, башка диндерди сындоого, жамандоого уруксат берилбейт;

– Курандын, пайгамбарыбыздын (сав) хадистеринин, исламий салттардын негизинде сабак өтүлөт;

– көргөзмө курал пайдаланууга болот;

– материалдын өздөштүрүлүшүнө педагог жана окуучу жоопкерчиликтүү.

***Дин таануу курсун (предметти) бүтүргөн окуучунун билимине, билгичтигине, көндүмүмдөрүнө коюлуучу талаптар:***

– дүйнөлүк диндер (ислам, христиан, иудей), диний-философиялык окуулар (буддизм, индуизм), агымдар (секталар), мифология, диний этика ж.б. жөнүндө түшүнүгү болуусу;

– исламий салттарды, майрамдарды, айрым мыйзамдарын билүү;

– исламий этиканын негизиндеги жүрүм-турум көндүмү, түшүнүгү болуусу;

– Инжил, Тоорат, Забур, Талмуд жөнүндө кыскача түшүнүккө ээ болуу;

– Курандын адеп-ахлак маселелерине тиешелүү жерлерин билүү;

– пайгамбарыбыздын (сав) адеп-ахлак менен байланышкан хадистерин билүү;

– маалымат тапканды, тарыхый документ, карта, маалымдамалар менен иштегенди билүү;

– энциклопедиялык, исламий, культурологиялык түшүнүктөргө ээ болуу;

– иудейлер, насранийлер (христиандар), сектанттар жазган адабияттарды исламий адабияттардан ажырата билүү (буларды 15 жылдык изденүүгө таянып, диссертант иштеп чыкты).

Өспүрүмдөрдүн диний таалим-тарбиясына бир нече билим берүүчү институттар: үй-бүлө, мечит (исламда), чиркөө (христианда), мектеп, балдар бакчасы, техникум, институт ж.б. катышат. Элдик диний (христиан, ислам) салттар жөнүндө билим берилет. Үй-бүлөдө ар кими өзү билген билимди беришет, тарбия-таалимге үйрөтүшөт. Баланын көз карашынын, ынанымынын, ишениминин калыптанышында үй-бүлөнүн ролу негиздүү болот. Бала дүйнөнү үй-бүлө көрсөткөндөй тааныйт, анын алгачкы багыты үй-бүлөдө аныкталат. Үй-бүлө – кичи мектеп, мечит (чиркөө) сыяктуу. Мектеп адамзаттын кылымдап иштеп чыккан акыл-эстүү билим-тажрыйбасын берет. Жапайы көчөттүн маданий өсүмдүк болуш үчүн камкордук көргөн багбан сыяктуу мектеп баланы маданияттуулука тарбиялайт. Диний осуяттар – дин таануу билиминин негизи болуп эсептелет. «Акыйкатта мен бул дүйнөгө эң жогорку, эң бийик, эң жакшы адеп-ахлакты

толтуруу үчүн жөнөтүлгөм», – деген сыяктуу Мухаммеддин (сав) диний осуяттары жетекчиликке алынат.

Дин таануу курсунун (диссертант иштеп чыккан) программасы КРнын президентинин алдындагы Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиянын заказы менен түзүлгөн, КРнын мусулмандардын башкармалыгынын (ДУМК), адистеринин сынагында жактырылган. Ал курстун программасы www Reliqion. kg адреси боюнча интернет-сайтка (2009) элдин сынагына коюлган. Программага Кыргыз Эл Аралык Университетинин (МУК) ректору, ю.и.д. профессор Т.Асаналиевден, Ислам университетинин ректору А.Нарматовдон, КРнын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Турсунбай Акундан, ошол кездеги райОНОлордон, мугалимдерден оң пикир келип түшкөн. Программа ОшМУнун теология факультетинин, Арашан атындагы Гуманитардык институтунун, И. Арабаев ат. КМУнун теология кафедрасынын, КРдагы теологдордун ассоциациясынын, Манас атындагы Кыргыз-Түрк Университетинин теология кафедрасынын, КРнын президентинин алдындагы Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиясынын адистеринин сынагында жактырылган. Диссертациянын негизи, жоболору, жыйынтыктары чагылдырылган “Адамзаттын рухий өнүгүүсүндө диний билимдин ролу” – деген аталыштагы китеп (2013) ушул эле ЖОЖдордун, мекемелердин адистери тарабынан рецензияланган. Макалалар мугалимдердин Республикалык педагогикалык окууларында, август кеңешмелеринде, илимий-методикалык эл аралык конференцияларда, симпозиумдарда талкууланган. Изилдөө И. Арабаев ат. КМУнун теология бөлүмүндө 2, 3, 4, 5-курста “Дин таануу предметин окутуунун методикасы”, “Диний педагогика” боюнча практикада эксперименттик сынакта тастыкталган.

Дин таануу курсунун программасын № 11 мектептин базасында 10-11-класстарда 71 окуучу менен **эксперименталдык сынак** өткөрдүк. Аларга жумасына эки саат сабак бердик. Сынак окуучулардын өзүнө ишенимдүүлүгүн жогорулатууга, агрессивдүүлүгүн төмөндөтүүгө, терс жүрүм-турумун (ичкилик, тамеки, рэкет) оңдоого, интуициясын өнүктүрүүгө

программанын өбөлгө боло тургандыгын аныктоо максатында жүргүзүлдү, бул – башталгыч этап болгондуктан көп кыйынчылыкка кездештик. Сектага кирген окуучулар менен иш жүргүзүү усулун аныктоо максатында К.Жантөшев көчөсүндөгү № 69 үйүндө жайгашкан тикмечилик, тамак-аш даярдоо боюнча кесиптик билим берип жаткан менчик мектептин 48 таблиг жамаат сектасына кирген кыздарга бир жыл сабак бердик. Аларга жумасына 4 саат сунушталды. Анткени педагогикалык жактан кароосуз калган окуучулар көбүрөөк эмгекти талап кылат. Сынакка катышкан кыздардын отуз сегизи 7 ай дин таануу сабагын окугандан кийин, калганы 9 айдан кийин сектаны таштап кетишти. Мазмундун туура тандалгандыгын аныктоо максатында сынактын башында жана аягында окуучулардан, студенттерден төмөнкү тест алдык. Алар менен аңгемелешүү, маектешүү ишин жүргүздүк.

**Тест-1. Өзүнө ишенимдүү, агрессивдүү, уялчаак жүрүм-турумду аныктоо.**

*Инструкция.* Бир нече чыр-чатакка алып келүүчү, жагымсыз окуя менен байланышкан адамдын төрт түрдүү реакциясын сунуштайбыз, мындай окуяга кабылган өспүрүмдөрдүн реакциясы ар кандай болушу мүмкүн. Төрт учурдун ар биринде сенин реакцияң кандай болмок, экисин тандап, биринчисин 2 балл менен, экинчисин бир балл менен баала.

1. Сен дептериңди текшерүүгө бергенсиң, балдардын дептерлерин мугалим текшерип, таратты, сенин дептериң жоголуп кетиптир, анысы аз келгенсип, “сен дептериңди тапшырган эмессиң да, анткени тапшырманы чыгара албай койгонсуң, сага эки коём”, – деп жатат.

А) Дептерди жакшылап караңызчы, – дейм, эгер табылбаса, экинчи вариантты мугалимдин көзүнчө чыгарып, билимим бар экендигин далилдемекмин.

Б) Эгер “2” койсо, дептеримди балдардын көзүнчө тапшыргамын, – деп айтам да, директорго арызданам.

С) Дептеримди тапшырбадым беле, – деп уялсам да айтам, бирок дептеримди таппай, “2” койсо, жагдайды кантип өзгөртмөк элем?

D) Бул жагдайга кайдыгер мамиле кылам, «2» коёбу, «5» коёбу, мейли коё берсин, мага баары бир.

2. Сен велосипед менен кетип бара жаткансың, бир мезгилде бурчтан башка бир велосипедчен учуп чыга калды, силер кагылышып, экөөңөр тең жыгылдыңар. Ким күнөөлүү экени белгисиз, экөөңөр тең күнөөлү сыяктанасыңар.

A) Турам да, жыгылган велосипедистке турганга жардам берем, эч жериң ооруган жокпу, – деп сурайм.

B) Көзүң жокпу, жолдо жүргөндү билбесең, эмне катуу айдайсың, – деп сурайм.

C) Велосипедченден кечирим сурайм, күнөөмдү мойнума алам.

D) Жыгылып калдык, эми эмне кылмак элем, турам да, чаңымды күбүп, велосипедимди айдап кете берем.

3. Жолдошум менден бир нече күнгө китеп алды, ал китепти бербей жатат, анын эсине салып, сурасам да бербей жатат. Эртең ал китеп абдан керек эле.

A) Телефон чалып, китепти унута элегиңде портфелге салып койчу, – деп суранам.

B) Сен убадага турбаган немесиң го, эртең китепти алып келбесең, сага жаман болот, – дейм.

C) Мага кайра-кайра эскертүү ыңгайсыз. Китепти алып келбей жатса, демек ага керек, проблемасы көп болгондуктан, китеп эсине келбей жатат.

D) Бул китеп анын абийиринде калсын, китепканага барам да ушундай эле башка китеп алам.

4. Сен дүкөндөн товар алып жатасың, ал 40 сом турат, сен 100 сом берсең, аны кассага салып, сага 10 сом кайрып берет, сен калган 50сомду сурасаң, сен 100 сом эмес, 50 эле сом бергенсиң деп алганын танат.

A) Мен 100 сом бергем, 50 сом кайрып бериңиз дейм. Эгерде ага макул болбосо, менеджерди чакырып, кассадагы акчаларды санашын талап кылам.

B) Сатуучуга ачууланам, «эй алдамчы, акчамды бер», – деп талап

кылам. Эгерде акчамды бербесе, директорго барып арызданам, «мындай дүкөнчүнү жумуштан бошотсун», – дейм.

C) Мен өзүм 100 сом бердим белем, же 50 сом бердим белем, – деп күмөн санап, кетип калам.

D) 50 сом чыр чыгарганга арзыбайт. Мен унчукпай кете берем, 50 сом анын абийирине калсын.

5. Таанышың 50 сом берип койчу деп сурады. Капчыгыңда болгону 50 сомуң бар экен, аны түштө тамак жейин деп ойлогонсуң.

A) Эмне маанилүүрөөк деп ойлоном, адамга жардам берүү маанилүүбү же тамак ичип алганым жакшыбы. Аныкы маанилүүрөөк болсо, берем, болбосо тамак ичем.

B) Сен менден акча алып бербей койгонсуң, мунуң туура эмес, адептүүлүккө жатпайт, – дейм.

C) Акчаны берип коюп, өзүм кайгырам, менин акчамды алып, ал жыргап жүрөт, мен ачка калдым.

D) Түшүнбөгөн кишиче мамиле кылам, эгер өжөрлөнүп сураса, «менин акчам жок, башкадан сура», – дейм.

6. Сенин таанышың кийимиңди жаман экен деп сынады. Бул сени капа кылды, анткени сен биринчи жолу жаңы модалуу кийим кийип келгенсиң, сенин оюңча ага жакшы мүнөздөмө бериш керек болчу.

A) Менин кийимдеримдин эмнеси жакпайт, – деп сурайм.

B) «Андан көрө өзүңдү карасаң боло, өзүң кембагалдай кийинип алып, башканы сынап коёсуң», – дейм.

C) Эч нерсе деп айтпайм, жаңы кийимди шкафка катып коюп, кийбейм, өзүм капа болуп калам.

D) Эч кандай сөздөрүнө көңүл бөлбөйм, ар кандай келесоонун сөзүн уга бергенде эмне пайда?

7. Көчөдө сени татынакай кыз токтотуп, бир лотереяда катышыңызды өтүнөт. Сенин оюңча бул лотерея – алдамчылардын иши, анткени досуңдун акчасын ошентип алдап алышкан.

A) Мени мындай оюндар кызыктырбайт, – деп жолума түшөм.

B) “Сен жалганчысың, сенин лотереяңдын бир эле максаты бар, акча чогултуу”, – деп айтам.

C) Жөн эле өтүп кетүүгө болбойт, ал лотереясы жөнүндө эмне айтаар экен, токтоп, угуп көрөм.

D) Аны укмаксан болуп, өтүп кетем.

8. Эшикти почточу чырылдатып жатат, – деп бирөө айтты, эшикти ачсаң, почта ташыган киши эмес, соода агенти экен. Сага керексиз товарын сатып ал, – деп жабышып жатат.

A) Сенин сунушуң мени кызыктырбайт деймин, ал анда да болбосо, эшикти жаап, кирип кетем.

B) Ага «эмне калп айтасың, почточу эмес, соода агенти турбайсыңбы, кетчи нары”, – деймин.

C) Кишини жөн эле кууп жиберүүгө болбостур, товарын карап көрөм, жакса, сатып алам.

D) Унчукпай эшикти жаап, кирип кетем да, өз ишимди кыла берем, кийинки жолу «почтальондорго» эшик ачпай коём.

9) Сенин ынак классташын үй тапшырманы көчүрүп алыш үчүн дептериңди сурады, бирок сен аны бергиң келбей жатат, анткени мугалим абдан кыраакы адам, окшош аткарылган тапшырмаларга «2» коёт.

A) «Бербейм, эже экөөбүзгө тең эки коёт», – дейм.

B) «Көчүргөнгө бербейм, өзүң чыгарбайсыңбы, жалкоолугуң аз келгенсип, эми мугалимди алдап жатасың», – дейм.

C) Көчүрсө мейли, ага тынчсызданбайм, «2» койсо абдан капа болом.

D) Мен өзүм да аны чыгарган жокмун, – деп калп айтып коём.

*Жооптун жыйынтыгын чыгаруу*. Биринчи орундагы жоопко 2 балл, экинчиге 1 балл койгула. A, B, C, Dнын ар биринин баллын эсептегиле. Эгерде үч жолу биринчини тандасаңыз, 3Х2+6=12 балл болот.

Ар бир варианттын чогулган баллы өспүрүмдүн кыйынчылыкта кандай реакция кылып, өз ара мамиле түзүүдө кайсы типке кирерин аныктайт.

А) Өзүнө ишенет, максатка жетүүгө умтулган, эч ким менен чырдашпай тынч ишин бүтүрөт.

В) Агрессивдүү жүрүм-турумдагы өспүрүм, өз максатына жетүүдө ким ага жолтоо болсо, оюндагысын бербейт.

С) Уяң өспүрүм, мындай жүрүм-турумдагы балдар кайгырууга көп энергия коротот.

D) Этибар албаган өспүрүм, проблема болсо да андан «качып» ал болбогон сыяктуу мамиле кылат, өзүнүн максатына жетүүгө умтулат.

Ким кайсы типке таандык экендигин аныкташ үчүн 2-таблица жардам берет.

*Тесттин жыйынтыгын баалоо ирээти* 2-таблица

| Шыгынын деңгээли | А, өзүнө ишенимдүү жүрүм-турум | В, агрессивдүү жүрүм-турум | С, уяң жүрүм-турум | D, этибар албаган жүрүм-турум |
|---|---|---|---|---|
| Төмөн | <6 | <4 | <3 | <3 |
| Ортодон төмөн | 7-9 | 5-7 | 3-5 | 3-5 |
| Ортодон жогору | 10-12 | 7-9 | 6-8 | 6-8 |
| Жогору | 13-16 | 10-13 | 9-12 | 9-12 |
| Эң жогору | >16 | >13 | >12 | >12 |

***Өзүнө ишенимдүү жана ишенимдүү эмес окуучунун жүрүм-турумунун белгилери.*** Өзүнө ишенимдүү жүрүм-турумдагы окуучу өзүн тынч алып жүрөт, жакшы сыпаттары байкалат, көз карашы жайдары болот, тулку боюн түз кармап басат, үнү ишенимдүү, жай чыгат. Күйкөлөктөбөйт, кыжаалат болбойт, болор болбоско нерви бузулбайт. Ал эми өзүнө ишеними жок окуучу эки типте болот: агрессивдүү, пассивдүү, көз каранды. Өзүнө ишеними жок өспүрүм агрессивдүү болсо, кыйкырат, ачууланат, шылдыңдайт, колун катуу шилтеп, катуу сүйлөйт, адамды жек көрүп карайт. Агрессивдүү жүрүм-турум – өзүнө ишеними жок экендигинин көрсөткүчү. Мындай жүрүм-турумдуу окуучу талапты катуу коёт же душмандык мамилеге өтөт, сен андайсың, мындайсың дейт. Күнөөкөрдү жазалагандын ордуна өзүнүн талабын канааттандырууга ашыгат.

Уяң окуучулардын дагы өзүнө ишеними жок болот. Мындай өспүрүмдөр акырын сүйлөйт, башын ылдый салып, бир аз бүкүрөйүп басат, адамды түз карай албайт, ага үстөмдүк кылса, баш иет. Проблеманы талкуулагандан көрө өзүнүн каалаганын кыйыр формада айтат, пассивдүү болот, шериги сунуш кылган нерсени кабыл алат.

Өзүнө ишенимдүү адам өзүнүн позициясына бекем турат, талашууда агрессияга жол бербейт, пассивдүү эмес, эч кимден көз каранды эмес болот. Өзүнүн талаптарын ачык айтат, шеригине душмандык мамилеси болбойт, өзүн өзү актабайт, чыр чыга турган жерде нервин коргоп, чатакташпай кетип калат.

**Тест-2. Сен логик-экстравертсиңби же интуитивдүү-интровертсиңби?**

Бул тест биз түзгөн программада дин таануу предметинин милдеттүү минимуму камтылгандыгын аныкташ үчүн керек.

Берилген суроолорго 3 жооптун бирөөнө токтолушуң керек, б.а. сага жаккан бир жооптун тушуна «+» белгисин койгун.

1) Сен бейтааныш адам менен сүйлөшүүнү каалайсыңбы?

а) жок, б) ооба, в) менин жаңы тааныш күткүм келбейт.

2) Сен тамашалаганды жакшы көрөсүңбү?

а) ооба, б) жок, в) эч кандай тамашаны билбейм.

3) Сен жалгыз калганда жазылган ырларга кошулуп ырдагың келеби?

а) жок, б) ооба, в) эч качан кошулбайм.

4) Сенин досуң (даяр текст боюнча) ырдайлы десе макул болосуңбу?

а) ооба, б) эч качан болбойт, в) мен ырдаганды жактырбайм.

5) Сага жалгыз калуу же жалгыз жүрө берүү жагабы?

а) ооба, б) жок, в) кээде.

6) Сен адашып калган учурда эмне кыласың?

а) жол көрсөтүп кой деп сураганды жек көрөм. б) өтүп бара жаткан адамдан сурайм, бул мага проблема эмес, в) картаны караганды артык көрөм.

7) Сен кантип күлөсүң?

а) акырын, катуу эмес, б) ха-халап катуу күлөм, в) өтө сейрек күлөм.

8) Чатыраган ачык өңдөгү кийим кийгиң келеби?

а) ооба, б) өтө ачык эмес болсо, в) жок.

9) Сен конокто отурганда үй ээси карта ойногонду же жакындашып сүйлөшүүнү сунуш кылды дейли.

а) сага экөө тең жагат, б) карта ойногуң келет, в) экөө тең жакпайт.

10) Үлпөт тойдо отурганда бирөөнүн бетине бир нерсе жугуп калганын байкадың, аны сен айтасыңбы?

а) ооба, б) жок, в) мүмкүн.

11) Сага эле көңүл бөлүп турганды жактырасыңбы?

а) кээде, б) бардык убакта, в) эч качан.

2-тесттин ачкычы. 3-таблица

| Суроолор | А | Б | В |
|---|---|---|---|
| 1 | 1 | 3 | 2 |
| 2 | 3 | 1 | 0 |
| 3 | 1 | 3 | 0 |
| 4 | 3 | 1 | 2 |
| 5 | 1 | 3 | 2 |
| 6 | 1 | 3 | 2 |
| 7 | 2 | 3 | 1 |
| 8 | 3 | 2 | 1 |
| 9 | 3 | 2 | 1 |
| 10 | 3 | 1 | 2 |
| 11 | 2 | 3 | 1 |

2-тестке берген жооптор боюнча топтолгон упайлардын чечмелениши төмөнкүдөй: 10-17 упай. Жашооңуз эң сонун өтөт. Сиз интуит-интровертсиз. Сиз ушул жөнүндө көбүрөөк ойлонуп, пессимизмге жана уяндыкка жол бербешиңиз керек. Өзүңүздөгү сезимдериңизди көбүрөөк көрсөтүүгө тийишсиз. Эч качан кабатыр болбоңуз, ал жөнүндө башкалар ойлонушсун.

17-29 упай. Сиз интроверт да, экстраверт да эмессиз. Досторуңуз менен көңүл ачканды жакшы көрөсүз. Кадыресе уяңдыкка алдырып койгон, ыкташып кеткен учурларыңыз да болот.

29-33 упай. Сиз жаңылыктарга өтө кызыгасыз. Сиз даана логик-экстравертсиз. Кээ бир кырдаалда өтө чырсыз, аша чаап кетесиз. Мындан

коркпой койсоңуз деле болот. Ал анча коркунучтуу жакка алып барбайт.

*Эксперименттин жыйынтыгы* 4-таблица

| Тарбиясы начарлар, тартиптүүлөр | Сынактын башындагы саны | Пайызы | Сынактын аягындагы саны | Пайызы |
|---|---|---|---|---|
| Д. Т. окугандар (сынактагылар)<br>Ичкилик ичип көргөндөр<br>Тамеки тартып көргөндөр<br>Рэкет (карактоо)<br>Агрессиясы жогорулар | 71 окуучу 19 студент<br>39 окуучу<br>2 студент<br>38 окуучу<br>1 студент<br>40 окуучу<br>0 студент<br>43 окуучу<br>0 студент | 100%<br>100%<br>54,9%<br>10,5%<br>53,5%<br>5,2%<br>56,3%<br>0<br>60,5%<br>0 | 71 окуучу<br>16 студент<br>38 окуучу<br>0<br>37 окуучу<br>0<br>37 окуучу<br>0<br>39 окуучу<br>0 | 100%<br>100%<br>53,5%<br>0<br>52,1%<br>0<br>52,1%<br>0<br>54,9%<br>0 |
| Ичкилик ичпегендер<br>Тамеки тартпагандар<br>Рэкетке катышпагандар<br>Агрессиясы нормадагылар | 32 окуучу<br>17 студент<br>33 окуучу<br>18 студент<br>31окуучу<br>19 студент<br>28 окуучу<br>19 студент | 45,1%<br>89, 4%<br>46,5%<br>94,8%<br>43,7%<br>100%<br>39,5%<br>100% | 33 окуучу<br>16 студент<br>34 окуучу<br>16 студент<br>34 окуучу<br>16 студент<br>32 окуучу<br>16 студент | 46,4%<br>100%<br>47,9%<br>100%<br>47,9%<br>100%<br>45,1%<br>100% |
| Көзөмөлдөөчү класс | 36 окуучу | 100% | 36 окуучу | 100% |
| Ичкилик ичип көргөндөр | 16 окуучу | 44,4% | 19 окуучу | 52,8% |
| Тамеки тартып көргөндөр | 19 окуучу | 52,8% | 22 окуучу | 61,1% |
| Рэкет (карактоо) | 20 окуучу | 55,6% | 26 окуучу | 72,2% |
| Агрессиясы нормадан жогорулап кеткендер | 18 окуучу | 50% | 19 окуучу | 52,7% |
| Ичкилик ичпегендер | 20 окуучу | 55,6% | 17 окуучу | 47,2% |
| Тамеки тартпагандар | 17 окуучу | 47,2% | 14 окуучу | 38,9% |
| Рэкетке катышпагандар | 16 окуучу | 44,4% | 10 окуучу | 27,8% |
| Агрессиясы нормадагылар | 18 окуучу | 50% | 17 окуучу | 47,2% |

5-таблица

| Ким кайсы топко кошулат | Сынактын башындагы саны | Пайызы | Сынактын аягындагы саны | Пайызы |
|---|---|---|---|---|
| Эксперименттал. Кл.<br>Үлгүлүүлөр<br>Канаатандырарлык | 71 окуучу<br>28<br>43 | 100%<br>39,4%<br>60,6% | 71 окуучу<br>35<br>36 | 100%<br>49,3%<br>50,7% |
| Логикасы өнүккөн экстраверт<br>Интуициясы өнүккөн интроверт<br>Экөөнө кошулбаган | 12 студент<br>60 окуучу<br>5 студент<br>6 окуучу<br>2 студент<br>5 окуучу | 63,1%<br>84,5%<br>36,3%<br>8,5%<br>10,5%<br>7% | 2 студент<br>58 окуучу<br>17 студент<br>11 окуучу<br><br>2 окуучу | 10,5%<br>81,7%<br>89,7%<br>15,5%<br><br>2,8% |
| Көзөмөлдөөчү класс<br>Үлгүлүүлөр<br>Канааттандырарлык<br>Логик-экстраверт<br>Интуициясы өнүккөн интроверт<br>Экөөнө тең кошулбайт | 36 окуучу<br><br>15 окуучу<br>21 окуучу<br>13 окуучу<br>3 окуучу<br><br>20 окуучу | 100%<br><br>41,7%<br>58,3%<br>36,1%<br>8,3%<br><br>55,6% | 36 окуучу<br><br>13 окуучу<br>23 окуучу<br>15 окуучу<br>3 окуучу<br><br>18 окуучу | 100%<br><br>36,1%<br>63,8%<br>41,7%<br>8,3%<br><br>50% |

Демек, дин таануу предметинин милдеттүү минимуму биз түзгөн программада камтылган экен деген жыйынтык чыгардык.

Эми жыйынтыктайлы. Дүйнө жүзүнүн окумуштуулары үчүнчү миң жылдык баштала электе эле билим берүү системасындагы диндин орду, ролу жөнүндө жаза баштаган. Анткени илим табигаттын, коомдун жана адамдын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү билимдердин системасын толук кандуу камсыз кыла албастыгы XX кылымдын аягында белгилүү болуптур. Гуманитардык билимдин теориялык божомолдорунун көпчүлүгү негизсиз, экендигин академик Б.С. Гершунскийдин, РББАнын экс-президенти, проф. Н.Д. Никандровдун, РББАнын мүчө-корреспонденти В.И. Слободчиковдун ж.б. эмгектеринде аныкталыптыр, биз ага теориялык изилдөө, анализ аркылуу ынандык. Билим берүү системасы, коом кризиске келди. Инсандын табигаты эске алынбаган, мамлекеттин заказы боюнча адамды “калыптандырууга” кенен жол берилди. Билим берүүнү реформалоо “идеялар”, декларация, ураан, чакырыктар менен чектелип, жетишсиз болуп

жатат. Азыр КМШ курамына кирген өлкөлөрдө педагогика илими үч багыт боюнча өнүгүп жатат: советтик педагогиканы корректировкалоо, чет өлкөлүк жаңылыктар менен толуктоо, дин таануу багытында изилдөө. Бул дүйнөлүк тенденцияны тоготпой коюу – өлкө үчүн зыян. Эртеңки муун "элге берген куруттан, мени неге куруткан" дебес үчүн дин таануу маданияты менен окуучуларды тааныштыруу керек.

## Үчүнчү глава боюнча корутунду

1. Чет элдик тажрыйбадан демократиялуу мамлекеттер "светтик" көз караштагы коомчулуктун укугун, кызыкчылыгын сыйлаган сыяктуу эле, диний коомчулуктун да укугун, билим алууга талабын урматтай тургандыгын аныкталды. Азыр Батыш, Чыгыш өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө мамлекеттик билим берүүчү мекемелерде балдардын өзү (же ата-энеси) тандаган конфессия боюнча билим алууга укуктуу. Биз бул тенденцияны эске алышыбыз керек. Мектептерде дин таануу билими аркылуу экономикалык, адептик-рухий, глобалдык ж.б. кризистен, психикалык проблемалардан чыгып кетебиз деген үмүттө дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде дин таануу (же ага аналогиялуу башка аталыштагы) предметти (курстарды) киргизип жаткандыгын айкындадык.

2. Диний билим берүүгө тыюу салынган өлкөлөрдө жаштардын өкмөттөн жашырынып билим алышы секталардын, алардын мүчөлөрүнүн санынын көбөйүшүнө түрткү болот. Кыргызстандын шартына кайрылсак, бизде көп тилдүүлүк, көп улуттуулук мүнөздүү. Көп идеология, терроризм, суицид, экстремизм, криминал ж.б. менен күрөшүү үчүн каражат коротууга караганда диний билим берүү арзан. Мамлекеттин диний билим берүүнү көзөмөлдөгөнү максатка ылайык. Диний билим берүүгө арналган предметтин (курстун) мазмунунун исламий, христиандык варианттары, дин таануунун негизинде таалим-тарбияга арналган программанын билим берүүчүлүк милдеттери, аны окуткан мугалимге коюлуучу талаптар, окутуунун усулдары, РФда практикаланып жаткан методдор, дин таануу курсун

(предметин) бүтүргөн окуучунун билими, билгичтиги, көндүмү, окуучуга коюлуучу талаптар талданды.

3. “Дин таануу” курсун өздөштүргөн окуучулардын турмушка мамилеси өзгөрдү. Эксперименттик сынакта: адамдын рухий дүйнөсүнүн (рух, дил) табигатын билбестик – адамдын билимсиздиги экендиги айкындалды. Бул жоготуунун натыйжасында адамдар диний суррогаттарды (секталарды), пайдасыз коомдук кыймылдарды (хиппи, панкт ж.б.), илимге негизделбеген идеологияларды (ИГИЛ, Хизбут Тахрир, Өзбекстандын ислам кыймылы ж.б.) түзүшөт тура, – деген тыянакты окуучулар чыгарышты.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Дин таануу билимине арналган философиялык, педагогикалык, психологиялык адабияттарды талдоонун натыйжасында төмөнкүдөй корутунду чыгардык.

1. Революцияга чейинки билим берүү системасы окуучуларды үч багыт боюнча өнүктүрүп келген: Акыл тарбиясы (өзүн жана курчаган дүйнөнү таанытып билдирүү, илимдердин негизин өздөштүрүүгө жардам берүү), адептик тарбия (өзүн өзү башкарууга үйрөтүү, азыркы класс жетекчинин, тарбия завучунун иши), диний тарбия (динди таанытуу, окуучулардын аң-сезимин агартуу). Тарбиянын үчүнчү багыты азыр – педагогика илими унутуп бараткан нерсе болгондуктан, ал багыт боюнча иш жетишерлик деңгээлде жүргүзүлбөй калган. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде диний тарбия-таалим берүү тажрыйбасына арналган адабияттарды анализдөө аркылуу ошол жоготулган звенонун ролу, аны калыбына келтирүүнүн зарылдыгы тастыкталды, о.э. элдин социалдык, рухий (ыймандык), глобалдык ж.б кризистен чыгып кетүүнүн натыйжалуу жолу катары диний билимдин негиздери, дин таануу (же ага аналогиялуу) предмети (курстар) таанылып, аны киргизип жаткандыгы аныкталды. Мектептин бүтүрүүчүлөрү диний билим аркылуу көз карандылыктын ар кандай түрлөрүнөн (баңгилик, аракечтик ж.б.), психикалык проблемалардан кутулушу, кылмыштуулуктун

төмөндөшү (буюрса) күтүлөт. Андан кийин экономикалык өнүгүү күтүлөрү теориялык анализ аркылуу аныкталды.

2. КРда мектептерде дин таануу билимин киргизүүгө элдин мамилесин, Республиканын конфессиялык абалын аныктоо үчүн КРнын Дин иштери боюнча Мамлекеттик Комиссиясы, И. Арабаев ат. КМУнун теология бөлүмүнүн адистери, студенттери менен бирдикте 3600 адамга социологиялык сурамжылоо жүргүзүлдү. Мектептерде дин таануу билимин киргизүүгө макулдар – 65,3%, каршылары – 21,4%, калыстары – 13,3% түзөт.

3. Дин таануу билимин мектептерге киргизүүнүн максаты, себептери такталды, себептери төмөнкүлөр: окуучулардын арасында адабий лексикадагы айрым сөздөрдүн маанисин, тарыхты, мурдагы доордогу адамдардын ойломун түшүнө албаган балдар көбөйдү, окуучулардын позитивдүү ойломуна караганда негативдүү ойлому үстөмдүк кылып, депрессияга келген балдар көбөйдү, иррационалдуу ойломдон рационалдуу ойлому үстөмдүк кылып, үй-бүлөнү сактай албаган жаштар көбөйдү, диний билимдин жетишсиздиги көп проблемаларды пайда кылды, адептик-рухий кризистин масштабы кеңейди, дүйнө жүзүндө глобалдык проблемалар пайда болду, өспүрүмдөр арасында кылмыштуулук өстү, өспүрүмдөрдүн сектага кирүүсүнүн натыйжасында үй-бүлөдө чыр-чатак чыгып жатат, суицид актыларын токтотуу кыйын болуп калды.

Мектептерде дин таануу боюнча билим берүүнүн максаты – глобалдык, рухий кризистен (баңгиликтен, аракечтиктен, кылмыштуулуктан, сойкулуктан ж.б.) кутулуу, психикалык проблемалардан арылуу, балдарды деструктивдик, экстремисттик коомдорго кирип кетишин алдын ала тыюу, билимсиз балдарды террористтик коомдорго кирип кетүүсүнөн коргоо. Ошондой эле XXI кылымдын башында кайрадан тамырланып келе жаткан псевдомаданий окуулардын (оккультизм, экстрасенсорика, сыйкыр ж.б.) таасиринен окуучулардын аң-сезимин коргоо, ыймандуулукка тарбиялоо, кругозорун кеңейтүү, маданий деңгээлин көтөрүү. Педагогикада напси тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөйт. Тарбиянын максаты толук эмес

болсо, мазмуну толук болбойт, анда бүтүрүүчүлөрдүн алдында койгон максатынын кемчилиги болот, б.а. алар улуу максаттарды алдына коё албайт, анда улуу инсан чыкпайт, андай элдин кризиси көп, келечеги кең эмес болот.

4. Диний билим берүүгө арналган курстун мазмунунун исламий, христиандык варианттары жазылды. Жалпы билим берүүчү мектептердин 8-11-класстар үчүн сынак программасы, дин таануу курсун окутуунун КРда колдонууга сунушталган усулдары иштелип чыкты, РФда колдонулуп жаткан айрым усулдар баяндалды. Аны окуткан мугалимге коюлуучу талаптар, дин таануу курсун бүтүргөн окуучунун билими, билгичтиги, көндүмү, окуучуга коюлуучу талаптар жазылды. Изилдөөнүн негизинде: терроризмге, экстремизмге, радикализмге, секталарга жана илимге негизделбеген идеологиялык системаларга (ИГИЛ) каршы күрөшүүнүн туура жолу – динди таанытуу, – деген жыйынтык чыгарылды.

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**

ББжИМге, ЖОЖдорго, РОНОго, мектеп администрациясына берилүүчү сунуштар:

1. Ар бир элдин башкалардан айырмаланган ойлому, этикасы болот. Кыргыз элинин да өзгөчө ойлому, этикасы бар. Секталык идеологиялар кыргыздын элдик педагогикасына, рухий тарбиясына туура келбейт. Ошондуктан мектептердин (администациясынын, мугалимдердин) секталар менен кызматташуусуна жол берилбеши керек.

2. Мектепте диний билим берүүнүн коммерциялык максаты болбойт. Батыштан, Чыгыштан келген секталык фонддор менен билим берүү системасынын кызматашуусу зыяндуу.

3. “Дин таануу” (же ага аналогиялуу) курсту (предметти) окутууну (окууну) каалабаган мектептер, мугалимдер, (окуучулар) мажбурланбаш керек. Бүтүрүүчүлөрдүн ыймандык (рухий) өсүшүн камсыз кылуу үчүн, дин таануу курсунун программасын, диний окуулардын негизин өздөштүргөн, дүйнөлүк

практикада диний билим берүүнүн мазмунун билген, теология (дин таануу) боюнча атайы даярдыгы бар адис түзүшү керек. Динди таанууга арналган курстун программасынын мазмуну, методикалык жагы динди таануучу (теология бөлүмүнүн) окутуучулардын (окумуштуу-педагогдордун) сынагынан өтүүсү керек. Ал программа КРда ЖОЖдордо теология бөлүмүндө иштеген адистердин талкуусунда жактырылгандан кийин КРнын ББжИМде бекитилиши керек. Бардык этапта жактырылган программанын негизинде мектептерде билим берүү жана тарбиялоо максатка ылайык.

4. Динди таанууга арналган программаны, окуу китепти, колдонмону дин таануу (теология) боюнча билими, атайы даярдыгы жок педагогдордун түзүшү жана окутушу зыяндуу. Андай билим берүү балдардын аң-сезимине туура эмес маалыматтарды таңуулайт, өлкөдө этносепаратизмдин, конфессия аралык бөлүнүүнүн негизинде конфронтациянын масштабын кеңейтет. Ошондуктан динди таанбаган педагогдор диний билим берүү маселесине кийлигишпегени дурус. Республикабызда ислам менен христиан done

5. Динди теологиялык позициядан таанығысы келбеген, философиялык, культурологиялык позициядан таанығысы келген окуучуларга “дин маданиятынын тарыхы” сунушталат. Аны ЖОЖдордо диндин тарыхын өздөштүргөн педагогдор окутушат. Анын программасына, колдонмолоруна, окутуусуна, теолог (динди таануучу) адистер кийлигишпейт. Бул эки курс бири-бирин өз ара толуктоочу вариант болуп эсептелет.

6. “Дин таануу” же “дин маданиятынын тарыхы” курсун окугусу келген окуучулардын ата-энелеринин арыздары чогултулат. “Дин таануу” курсун окутууну каалаган, динди тааныган мугалимдер (М.Кашгари ат.Чыгыш университетинин, БГУнун, КГУСТАнын араб тилин өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр) теология бөлүмүндө атайын курстан өткөрүлүп,

дипломундагы айрым айырмачылыгы боюнча зачет, экзамендерин тапшырып, теология бөлүмүнүн окутуучуларынын сынагында аттестацияланат, бул окуучулардын аң-сезимин сектанттык (экстремисттик, деструктивдүү, радикалдык ж.б.) коомдордун таасиринен коргоо максатында жүргүзүлөт.

7. Райондук билим берүү бөлүмдөрүндө рухий (маданий) борборлор ачылып, педагогдор, медиктер, психологдор диний (теолог) адистер биргелешип, өспүрүмдөргө ар кандай тоталитардык секталардын зыяндуулугун түшүндүрүү максатында атайын курс уюштуруп, конференцияларды, семинарларды өткөрсө болот. Ошондой эле окуучулардын социализациясына, проблемаларын чечүүгө жардам берүү максатка ылайык.

Мугалимдерге берилүүчү сунуштар:

1. Сектага кирген окуучуларга толеранттуу мамиле түзүү керек.
2. Адамзаттын өнүгүү тарыхында дин таануу билиминин маанисин, диний окуялардын, майрамдардын маанисин өспүрүмдөргө түшүндүрүүгө болот, бирок пропагандага жол берүүгө болбойт.
3. Билим берүүчүлүк мааниси бар болгон учурда гана (оң-терс жагын ачуу үчүн) диний, сектанттык китептерди пайдаланууга болот, бирок класстан тышкаркы иштерде концерттик программада кришнаиттик, шииттик ж.б. секталык китепти колдонуу, музыка коюу максатка ылайыксыз.
4. Пайгамбарлардын турмушу, аракети жөнүндөгү, диний сюжеттеги пьесалар жалпы билим берүүчү мектептерге ылайыксыз.
5. Окуу программасы менен тыгыз байланышта болгон учурда (пайда-зыянын түшүндүрүү үчүн) диний атрибутиканы, символдорду, маданий мурастарды көргөзмө курал катары пайдаланууга болот.
6. Жалпы билим берүүчү мектептердеги дин менен байланышкан тематикалар жалпы мыйзамга каршы болбошу зарыл, ошондой эле ыйманыбызга доо кетирбешибиз керек.

7. Адабият, тарых ж.б. гуманитардык предметтерди дин таануу курсу менен интеграциялап, сабак өткөрүүгө, класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурууга болот.

8. Музыка сабагын диний музыка менен комбинациялоого, сүрөт сабагын диний живопись менен комбинациялоого болот.

**Таблица 6. – Динди таанытууга арналган билим берүү**

| Мамлекеттер | Предметтин (курстун) аталышы | Христиан, ислам, иудаизм, буддизм | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1.Англия | 1.Дин таануу | 1.Христиан, ислам | Католик |
| 2.АКШ | 2.Дин таануу | 2.Христиан | 17 штат. Протестант |
| 3.Австрия | 3.Дин таануу | 3.Христиан, ислам | Католик |
| 4.Алжир | 4.Дин сабагы, диндин тарыхы | 4.Ислам | Куран, шариат |
| 5.Афганистан | 5.Дин сабагы | 5.Ислам | Кыздар 12 жаш.чей. |
| 6.Азербайжан | 6.Ислам таануу | 6.Ислам | Курс |
| 7.Армения | 7.Апосталдык д. тарыхы | 7.Христиан | Курс |
| 8.Бельгия | 8.Дин таануу | 8.Христиан, ислам, иудаизм | Католик, протестант Мораль |
| 9.Голландия | 9.Дин таануу | 9.Христиан | Кальвинизм |
| 10.Греция | 10.Дин сабагы | 10.Христиан, ислам | Православ |
| 11.Грузия | 11.Д.Т.,диндин тарыхы | 11.Христиан | Правосл.Тандоо |
| 12.Германия | 12.Дин таануу | 12.Христиан, ислам | Католик, православ |
| 13.Дания | 13. Инжил | 13. Христиан | Католик,факульт. |
| 14.Египет | 14. Ислам таануу | 14. Ислам | |
| 15.Исландия | 15.Дин таануу | 15. Христиан | |
| 16.Иран | 16.Дин сабагы | 16.Ислам | Шиизм |
| 17.Индонезия | 17.Дин сабагы | 17.Ислам, христиан | |
| 18.Израиль | 18.Дин таануу | 18. Иудаизм | |
| 19.Италия | 19.Дин таануу | 19. Христиан. | Католик |
| 20.Канада | 20.Дин таануу | 20.Христиан | Католик, протестант |
| 21.Казакстан | 21.Дин маданиятынын негиздери | 21.Ислам, христиан | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 22.Кыргыз Республикасы | 22.Дин таануу, дин маданиятынын тарыхы | 22.Ислам, христиан. | Пландаштырылып жатат |
| 23.Латвия | 23.Дин таануу | 23.Христиан | Курс, католик |
| 24.Литва | 24. Дин таануу | 24.Христиан. | Курс, католик |
| 25.Ливан | 25.Дин сабагы | 25. Ислам | |
| 26.Норвегия | 26.Дин таануу | 26.Христиан | Католик |
| 27.Малайзия. | 27.Дин сабагы | 27.Ислам | |
| 28.Марокко | 28.Дин сабагы | 28. Ислам | |
| 29.Молдова | 29.Дин | 29.Христиан | Факульт.Православ. |
| 30.Пакистан | 30.Дин сабагы | 30.Ислам | |
| 31.Польша | 31. Дин таануу | 31. Христиан | Католик |
| 32.Россия | 32.Дин маданият. негиз. светтик.этика | 32.Ислам,христиан, иудаизм, буддизм | Башка аталыштагы 32 курстары бар |
| 33.Сенегал | 33.Дин сабагы | 33.Ислам | |
| 34.Сауд Араб | 34. Дин сабагы | 34. Ислам | Куран, шариат |
| 35.Турция | 35.Дин таануу | 35.Ислам | Суннит |
| 36.Тунис | 36. Дин сабагы | 36. Ислам | Куран |
| 37.Тажикстан | 37.Ислам маданияты. | 37.Ислам | Суннит |
| 38.Украина | 38.Христ.этика.негиздери. | 38.Христиан | Правосл. |
| 39.Өзбекстан | 39.Дүйнөлүк дин.тарыхы | 39.Ислам | |
| 40.Франция | 40.Дин таануу | 40.Христиан | Католик |
| 41.Швеция | 41.Дин таануу | 41. Христиан, ислам | Лютеран |

**Дин таануунун негизинде класстан жана мектептен тышкаркы иш-аракеттин түрлөрү**

7-таблица

| Ийримдин, борбордун аталышы | Кызматташтыктын түрлөрү |
|---|---|
| Интеллектуалдык-рухий борбор | Илим менен дин таануу |
| Ийримдер менен клубдар | Илимдер менен искусство |
| Интеллектуалдык-маданий борбор | Илим менен диндерди таануу |
| Жекшембилик мектеп-рух.агартуу | Дин таануу менен чиркөө кызматташ. |
| Балдарга мээрим тартуулоо борбору | Мектеп менен диний кызматкерлер |
| Социалдык баш калкалоо борбору | Педагог, теолог, медик, психолог |
| Кайрадан жаралуу борбору | Мектеп менен диний кызматкерлер |

| | |
|---|---|
| Социалдык жактан тейлөө борбору | Мектеп, жер.администрация, дин |
| Үй-бүлөгө, балдарга жардам берүү | Үй-бүлө, мектеп, дин, администрация |
| Кары-майыптарга, балдарга жардам | Үй-бүлө, мектеп, медик, психолог |
| Атайын курстар | Мектеп, медик, дин таануу адиси |
| Студенттердин демилгеси | Студенттер, мугалимдер, медик, дин |
| Чыгармачыл адамды өнүктүрүү техн. | Илимпоз, педагог, интеллигент, дин |
| Адамдын өзүн өзү өнүктүрүү борб. | Педагог, ата-эне, психолог, дин т. |
| Креативдик ой жүгүртүүнү өнүктүр. | Педагог-предмет, интеллигент, дин |
| Аң-сезимди манипуляцияга каршы аракет. | Саясый ишмер, педагог, ИДН, дин |
| Улуттук биримдикти сактоо борбору | Педагог, саясатчы, аксакал, дин т. |
| Гуманитардык илимдер борбору | Тарыхчы, адабиятчы ж.б. дин т. |
| Муршидат | Теолог, мечит, китепкана, соц. пед. |
| Улут аралык биримдик борбору | Улуттар. өкүлдөрү, китепкана, теолог |
| Жума-мечит борбору | Педагог, теолог, соц. пед. Аксакал |
| Илимий-рухий агартуу борбору | Илим менен диний кызматкерлер |

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:**


1. Абасов, З. Преодоление психологических барьеров в инновационной педагогической деятельности [Текст] / З. Абасов // Народное образование: Рос. обществ.- пед. журн. – 2009. – № 2. – С. 103-109.
2. Абрашов, С.И. Духовно-нравственное воспитание школьников в системе дополнительного образования в условиях малого города [Текст] / С.И. Абрашов // Педагогика. – 2009. – № 8. – С. 27-37.
3. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст] / А.Алимбеков. Бишкек: Педагогика. 2001. 35-б.
4. Алексеев, П.В. Философия. учеб. для вузов [Текст] / П.В. Алексеев, А.В. Панин. – М.: Проспект, 2007. – С.592.
5. Аникеев, Е.Н. Диалог цивилизаций: Восток-Запад [Текст] / Е.Н. Аникеев, А.В.Семушкин // Вопросы философии. – 1998. – № 2. – С. 171-187.
6. Андреев, И.В. Педагогика творческого саморазвития [Текст] / И.В. Андреев. – Казань: Изд-во Казан. ун-та, 1996. – С. 567.
7. Асипова, Н.А. Формирование ценностного отношения к здоровью как основная задача школьного и семейного воспитания [Текст] / Н.А. Асипова //Известия КАО. – 2014. №2 (30). – С. 41-44.
8. Ашыралиев, А. Дин сабактарын мектептерде окутуу зарыл [Текст] / А.Ашыралиев // III илимий симпозиум. Билим берүүнүн философиясы ж-а технологиясы. – Бишкек, 2009.
9. Бадмаев, Б.Д. Психология в работе учителя [Текст]: в 2 кн. / Б.Д. Бадмаев. – М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 2000. – Кн. 1: Практическое пособие по теории развития, обучения и воспитания. – 240 с.; Кн.2: Психологический практикум для учителя: развитие, обучение, воспитание. – 160 с.
10. Байгазиев, С.О. Педагогикалык руханият [Текст] / С.О. Байгазиев. – Бишкек: Алтын руханият, 2008. – 201- б.

11. Бауэр, Е.А. Духовно-нравственное воспитание детей и подростков: Германия и Россия [Текст] / Е.А. Бауэр // Педагогика. – 2010. – № 8. – С. 105-108.
12. Базарбаев, Ш. Рухий маданият жана дин [Текст] / Ш. Базарбаев. – Ош: Ош обл. басмаканасы, 1995. – 20-б.
13. Бекбоев, И.Б. Ориентация на личность [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Педагогика, 2000. – 205 с.
14. Бекбоев, И.Б. Педагогикалык процесс: Эски көнүмүштөр жана жаңы көз караштар [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: 2006. – 160 б.
15. Бекбоев, И.Б. Педагогическая способность учителя – основа его творчества [Текст] / И.Б. Бекбоев // Эл агартуу. – 1998. – № 5. – С. 41-45.
16. Бектуров, Э.Ш. Суицид жалпы коомдун көйгөйү [Текст] / Э.Ш. Бектуров // Ак Башат. – 2012. – № 1.
17. Бекембай, Апыш. Тарбия назарияты [Текст] / Бекембай Апыш. – Ош. 1966. 45-46-б.
18. Бобров, В. Введение в философию [Текст]: учеб. пособие / В. Бобров. – М.: ИНФРА-М, 2000. – 286 с.
19. Борисенко, В.П. Слово о богобоязненном человеке. [Текст] / Борисенко В.П. М.: 2003. – 79 б.
20. Борисенко, В.П. Вызовы современной эпохи и приоритетные задачи педагогической науки [Текст] / В.П. Борисенко // Педагогика. – 2004. – № 1. – С. 3-10.
21. Бородина, А.В. История религиозной культуры: Программа учебного курса для общеобразовательных школ, лицеев и гимназий [Текст] / А.В. Бородина. Основы Православной культуры,– М.: 2009. – 64 с.
22. Борщов, Н.А. Первенция информационного насилия: возможности и границы [Текст] / Н.А. Борщов // Высш. образование сегодня. – 2010. – № 4. – С. 28-31.
23. Бультман, Р. Избранное: Вера и понимание [Текст] / Р.Бультман, М., 2004. – С. 34.

24. Булатова-Закаричева, П.М. Социально-педагогические основы взаимодействия религиозного и светского образования [Текст] / П.М. Булатова-Закаричева // Педагогика. – 2010. – № 4. – С. 106-110.
25. Бьюзен, Т.А. Максимально используйте свой разум [Текст] / Т.А. Бьюзен. – Минск: Попурри, 2001. – 45 с.
26. Власова, Т.И. Духовно-нравственное развитие современных школьников как процесс овладения смыслом жизни [Текст] / Т.И. Власова // Педагогика. – 2008. – № 9. – С. 108-113.
27. Вознесенская, А. Зависть – это болезнь [Текст] / А. Вознесенская // Пси-фактор. – 2003. – 15 янв.
28. Волков, Г.Н. Этнопедагогика: учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: Академия, 2000. – 168 с.
29. Вопросы психологии нравственного развития школьников [Текст] / под ред. В.Н. Колбановского, В.А. Крутецкого В. А. – М.: АПН РСФСР, 1992. – 196 с.
30. Вульфсон, Б.Л. Стратегия развития образования на Западе на пороге XXI века [Текст] / Б.Л. Вульфсон. – М.: Изд-во УРАО, 1999. – 204 с.
31. Вульфов, Б.З. Педагогические проблемы деятельности организатора воспитательной и классной работы [Текст] / М.М. Ященко, Б.З. Вульфов, С.Е. Хозе. – М.: Просвещение, 1980. – 190 с.
32. Вульфов, Б.З. Классный руководитель [Текст] / Вульфов Б.З. – М.: 1999.
33. Выготский, Л. С. Проблемы возрастной периодизации детского развития [Текст] / Л.С. Выготский // Вопросы психологии. – 1972. – № 2. – С. 114-123.
34. Гайнудин, Р. Ислам против терроризма [Текст] / Р. Гайнудин //Азия и Африка сегодня. – 2005. – № 7. – С. 2-8.
35. Гараджа, В.И. Реализация свободы совести в общеобразовательной школе [Текст] / В.И. Гараджа // Свобода совести в современном

демократическом государстве обществе: материалы Междунар. конф. – М.: 1996. – С. 91-98.

36. Галагузова, М.А. Образование против преступности [Текст] / М.А. Галагузова, А.Г. Сломченский // Педагогика. – 2007. – № 3. – С. 103-111.

37. Гаспринский, И. Б. Россия и Восток: русское мусульманство [Текст]: мысли, заметки, наблюдения / И.Б. Гаспринский. – Казань: Татар. кн. изд-во, 1993. – 132 с.

38. Гершунский, Б.С. Концепция самореализации личности в системе обоснования ценностей и целей образования [Текст] / Б.С. Гершунский // Педагогика. – 2003. – № 10. – С. 3-7.

39. Гершунский, Б.С. Философия образования для XXI века [Текст] / Б.С. Гершунский. – М.: Пед. об-во России, 2002. – 512 с.

40. Гликман, И.З. Воспитание в школе жизни [Текст] / И.З. Гликман // Педагогика. – 2010. – № 4. – С. 43-48.

41. Гликман, И.З. Практический аспект нравственного воспитания [Текст] / И.З. Гликман // Народное образование. – 2010. – № 5. – С. 259-263.

42. Гоноболин, Ф. Н. Психология [Текст] / Ф.Н. Гоноболин. – М.: Просвещение, 1973. – 240 с.

43. Глаголев, О.Б. Настольная книга классного руководителя 9-класса [Текст] / О.Б. Глаголев. – Ростов-н/Д.: Феникс, 2009. – 251 с.

44. Грабовой, Г.П. Воскресение людей и вечная жизнь – отныне наша реальность [Текст] / Г.П. Грабовой. – М.: Издатель А.В. Калашников, 2003. – 42 с.

45. Григорьев, Д. В. Духовное и социальное воспитание человека [Текст] / Д.В. Григорьев // Народное образование. – 2010. – № 1. – С. 47-51.

46. Громыко, Ю. Изменение в содержании и оценка качества образования и образовательные технологии [Текст] / Ю.Громыко, В.Давыдов, В.Зинченко и др. // Вестн. высш. шк. – 1998. – № 3. – С. 17-21.

47. Гусейнов, А. Золотое правило нравственности [Текст] / А. Гусейнов А. – М.: Молодая гвардия, 1988. – 67 с.

48. Гюлчур, М.К. Культура поведения в исламе [Текст] / М.К. Гюлчур М.К. – М.: Диля, 2008. – 184 с.
49. Данилюк, А.Я. Концепция духовно-нравственного развития и воспитания личности гражданина России [Текст] / А.Я. Данилюк, А.М. Кондаков, В.А. Тишков. – М.: Просвещение, 2009. – С. 23. (Сер. Стандарты второго поколения).
50. Данилюк А.Я. Учебный предмет «Основы духовно-нравственного воспитания народов России» [Текст] / А.Я. Данилюк, А.М. Кондаков, В.А. Тишков // Педагогика. – 2009. – № 9. – С. 15-21.
51. Данилюк, А.Я. Концепция духовно-нравственного развития и воспитания личности гражданина России [Текст] /А.Я. Данилюк, А.М. Кондаков, В.А. Тишков // Народное образование. – 2010. – № 1 – С. 15-18.
52. Жалпы орто билим берүүнүн окуу планына динди таанытуучу жаңы предмет киргизүү максатында түзүлгөн концепция [Текст] // Кут билим. – 2011. – 7 янв.
53. Дженкинс, П. Д. Воспитание духовности у детей [Текст] / П.Д. Дженкинс. – Киев: София, 2005. – 69 с.
54. Джеймс, У. Зависимость веры от воли и другие опыты популярной философии [Текст] / У. Джеймс. – СПб., 1904. – 106 с.
55. Джуманазарова, А. Терроризмге жана радикализмге каршы күрөшүүнүн ыкмасы – диний билим берүү [Текст] / А. Джуманазарова // И. Арабаев атындагы КМУ Жарчысы. – 2011. – №1 – 21-23-бб.
56. Дъякова, Е.А. Перед праздником [Текст] / Дъякова Е.А. – М., 1994. 117-б.
57. Егоров, Е.Ф. Педагогические сочинения [Текст] / Е.Ф. Егоров. – М., 1998. 21-с.
58. Ефремов, И. А. Лезвие бритвы [Текст] / И. А. Ефремов. – М.: Правда, 1986. – 672 с.
59. Зарайский-Меркурий (И.В. Иванов). Основы православной культуры. (ОПКСЭ). [Текст] / Меркурий (И.В.Иванов), Т.П. Довгий // Педагогика. – 2011. – № 1. – С. 34-40.

60. Зарайский-Меркурий (И.В. Иванов). Государственно-церковное сотрудничество на Федеральном и региональном уровнях в реализации эксперимента по преподаванию учебного курса «Основы православной културы» [Текст] / Зарайский-Меркурий, Т.П.Довгий // Педагогика. – 2012. – № 1. – С. 36-41.
61. Зикратов, В. Девиантное поведение детей и подростков [Текст] / В. Зикратов // Социальная педагогика. – 2008. – № 1. – С. 47-49.
62. Зуев, Д.Д. Какой должна быть педагогика XXI века [Текст] / Д.Д. Зуев, В.Ю. Троицкий //Педагогика. – 2003. – № 10. – С. 97-101.
63. Ибрихим, Малик. Параллельный мир [Текст] / Ибрихим Малик. – Казань: Идел-пресс, 2004. – 432 с.
64. Идейно-нравственное воспитание [Текст] / сост. О.А. Минич, О.А. Хаткевич. – Минск: Высш. шк., 2004. – 125 с.
65. Ильин, И.А. Наши задачи. Историческая судьба и будущее России: статьи 1948-1954 годов [Текст]: в 2 т. / И.А. Ильин. – М.: Рус. кн., 1992. – Т. 1. – 496 с.; Т. 2. – 480 с.
66. Ильин, И.А. Аксиомы религиозного опыта [Текст]: в 2 т. / Ильин И.А. – М.: Рapor, 1993. – Т. 1. – 1-239 с.; Т.2. – 241-448 с.
67. Исмаилов, Н.А. Кыргызстанда диний билим берүү сферасындагы актуалдуу маселелер [Текст] / Н.А. Исмаилов // Жалпы билим берүүчү мекемелерде дин таанууну окутуу ж-а диний билим берүү маселелери. – Бишкек, 2007.
68. Йонсон, Л. Политический ислам и конфликты Евразии [Текст] /Л. Йонсон //Центральная Азия и Кавказ. – 1999. - № 4(5). – С. 56.
69. Казин, Э.М. Социально-психологические, медико-биологические и педагогические аспекты здоровья и адаптации [Текст] / Э.М. Казин, Н.Г. Блинова, А.И. Федоров // Материалы 13-й Междунар. научно-практ. конф. – Кемерово; Томск, 2007. – С. 318-321.
70. Кан-Калик, В.А. Педагогическое творчество [Текст] / В.А. Кан-Калик, Н.Д. Никандров. – М.: Педагогика, 1990. – 144 с.

71. Камбаралиев, М. Билим берүүнүн мазмунун жаңылоодо улуттук аң-сезимди жогорулатуунун негизги багыттары. [Текст] / Камбаралиев М. //Билим берүүнүн философиясы жана технологиясы. – Б. 2009. 80-б.

72. Каптерев, П.Ф. Педагогический процесс [Текст] / П.Ф. Каптерев // Избр. пед. соч. – М., 1982. – С. 207-208.

73. Калмаматов, А. Руханий жакырчылыктан диний таалим арылтат [Текст] / А. Калмаматов // Кыргыз туусу. – 5 февр., 2010.

74. Калдыбаева, А.Т. Организация учебного процесса по кредитной технологии в КГУ им. Арабаева в рамках Болонского процесса [Текст] / А.Т. Калдыбаева. //КББА Кабарлары. – № 2 (30) – Б. 2014. – С.156.

75. Кехо, Джон. Подсознание может все (Живите с умом) [Текст]: пер. с англ. / Кехо Джон. – Минск: Попурри, 2004. – 176-с.

76. Ким, О. Д. Биз жана укук [Текст]: исламий окуу жайларынын мугалимдери үчүн колдонмо / О.Д. Ким, В.Л. Ким, М.Ю. Никифоров. – Бишкек: Турар, 2008.

77. Ковалев, А.Г. Воспитание ума, воли и чувств у детей [Текст] / А.Г. Ковалев. – Минск: Нар. асвета, 1974. – 143 с.

78. Ключников, С.Ю. 14 уроков по развитию интуиции [Текст] / С.Ю. Ключников. – М.: АСТ, 2005. – 310 с.

79. Козырев, Ф.Н. Религиозный компонент духовно-нравственного воспитания [Текст] / Ф.Н. Козырев // Педагогика. – 2008. – № 9. – С.62-71.

80. Колесова, И.С. Два подхода к религиозному образованию [Текст] / И.С. Колесова // Педагогика. – 2007. – № 3. – С. 112-115.

81. Косалс, Л.Я. Инновационное поведение педагогических работников [Текст] / Л.Я. Косалс // Социс: социол. исслед. – 1989. – № 3. – С. 64-66.

82. Колесников, Л.Ф. Эффективность образования [Текст] / Л.Ф. Колесников, В.Н. Турченко, Л.Б. Борисова. – М.: Педагогика, 1991. – С. 272.

83. Кожушко, Е.П. Современный терроризм анализ основных направлений [Текст] / Е.П. Кожушко. – Минск: Харвест, 2000. – 448 с.

84. Кукушин, В.С. Этнопедагогика и этнопсихология [Текст] / В.С. Кукушин, Л.Д. Столяренко. – Ростов-н/Д.: Феникс, 2000. – 448 с.
85. Кукушин, В.С. Общие основы педагогики [Текст]: учеб. пособие для студ. пед. вузов / В.С. Кукушин. – Ростов н/Д.: МарТ, 2002. С. 42
86. Кукушин, В.С. Теория и методика воспитательной работы [Текст]: учеб. пособие / В.С. Кукушин. – Ростов-н/Д.: МарТ, 2002. – 224 с.
87. Кыргыз Республикасында дин маданиятынын тарыхын окутуу концепциясы. [Текст]: Кут билим. 7.02.2014.
88. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы [Текст]: Энцикл. / башкы ред. Б.О. Орузбаева. – Фрунзе: Кыргыз совет энцикл. башкы редакциясы, 1983. – 496-б.
89. Краснобаев, И.М. Формирование нравственных убеждений у старших школьников [Текст] / И.М. Краснобаев. – М.: Гос. учебно-пед. изд-во, 1960. – 159 с.
90. Кузык, Б.Н. Цивилизации: теория, история, диалог, будущее [Текст]: в 2 т. / Б.Н. Кузык, Ю.В. Яковец. – М.: Ин-т экон. стратегий, 2007. – Т.1: Теория и история цивилизаций. – 768 с.; Т.2: Будущее цивилизаций и геоцивилизационные измерения. – 648 с.
91. Кулиев, Э.Р. Исламоведение: пособие для преподавателя [Текст] / Э.Р. Кулиев, М.Ф. Муртазин. – М.: Изд-во Моск. ислам. ун-та, 2008. – 416 с.
92. Куран [Текст] / котор. Э.Турсунов. – Бишкек: Кыргызстан, 1991. – 608-б.
93. Кучинский, С.А. Человек моральный [Текст]: науч. изд. / С.А. Кучинский. – М.: Политиздат, 1987. – 271 с.
94. Лазарев, С.Н. Диагностика кармы [Текст] / С.Н. Лазарев. – СПб., 2005. – Кн. 11: Завершение диалога. – С.191.
95. Левчук, С. Организация сетевого взаимодействия по профилактике безнадзорности и правонарушений несовершеннолетних [Текст] / С. Левчук // Социальная педагогика. – 2008. – № 1. – С. 50-56.

96. Леонард, Д. Ребифинг. Техника дыхательных трансов для психотерапии и самосовершенствования [Текст] / Д. Леонард, Ф. Лаут. – М.: ВИНИТИА, 2000. – 180 с.
97. Левада, Ю.А. Социальная природа религии. [Текст] / Ю.А. Левада, – М.: 1995. С. 132.
98. Лихачев, Б. Т. Воспитание и этика [Текст] / Б.Т. Лихачев. – Ярославль: Аверс-Плюс, 2009. – 204 с.
99. Лора, Дей. Самоучитель по развитию интуиции [Текст] / Лора Дей; пер. К.И. Алексеева. – М.: Изд-во АСТ, 2000. – 186 с.
100. Ловинюков, А.С. Свобода совести: анализ, практика, выводы [Текст] / А.С.Ловинюков // Государство и право. – 1995. – № 1. – С. 24-25.
101. Луиза, Хей. Новейшая энциклопедия здоровья и счастья [Текст] / Луиза Хей. – М.: ОЛМА-Пресс, 2006. – 896 с.
102. Лю Гуань Юй. Мудрость Востока [Текст] / Лю Гуань Юй. – Бишкек: Одиссей, 1993. – 670 с.
103. Мавлоний, Д. Учебник «Основы религиоведения» стал предметом спора о свободе религий [Электронный ресурс] / Д. Мавлоний. – Режим доступа: rus.azattyq.org/content/.../2087396.html . – Загл. с экрана.
104. Мамытов, А.М. Сергек жашоо образынын негиздери, структурасы жана аны калыптандыруунун орчундуу багыттары / [Текст] А.М. Мамытов // КББАнын Кабарлары. – 2014 №2 (30). 33-37-б.
105. Мамаюсупов, О.Ш. Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде [Текст] / О.Ш. Мамаюсупов. – Бишкек, 2003. – С. 353.
106. Мамбетакунов, Э. Орто мектептерде таалим-тарбиянын мазмунун аныктоо [Текст] / Э.Мамбетакунов // Билим берүүнүн философиясы жана технологиясы. – Бишкек, 2009.
107. Масылканова У. Преподавание религиоведения и основ религии в общеобразовательных учреждениях [Текст] / У. Масылканова, Б. Ибраимова, А. Кулатов. – Бишкек, 2003.

108. Манасеина, М.М. Основы воспитания первых лет до полного окончания университетского образования [Текст]: в 5 т. / М.М. Манасеина. – СПб.: – Вып. 1. – 1994. – 404 с.
109. Маматалиев, К.К. Общие проблемы религиозного образования в Кыргызстане [Текст] / К.К. Маматалиев, К.С. Мурзахалилов // Материалы научно-практ. конф.: Свобода вероисповедания и обеспечения межрелигиозного взаимопонимания в странах Центр. Азии. – Бишкек, 2004. – С. 150-159.
110. Метлик, И.В. Изучение религии и воспитание учащихся в современной российской школе [Текст] / И.В. Метлик //Педагогика. – 2009. – № 8. – С. 51-61.
111. Медведко, Л.И. Россия, Запад, ислам: столкновение цивилизаций? [Текст] / Л.И. Медведко. – М.: Кучково поле, 2003. – 512 с.
112. Мурзалиева, А. Основные сферы деятельности религиозных организаций [Текст] / А. Мурзалиева // Проблемы религиозного образования и преподавания религиоведение в общеобразовательных учреждениях: сб. науч. ст. – Бишкек, 2007. – С. 54.
113. Мурзараимов, Б. Чет өлкөлөрдө диний билим берүү жөнүндө жана Кыргызстанда диний билим берүүнүн проблемалары [Текст] / Б. Мурзараимов // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2011. – № 1. – 6-12-бб.
114. Моисеев, Н. Н. На пути нравственному идеалу [Текст] / Н.Н. Моисеев // Экология и жизнь. – 1998. – № 1. – С. 8-10.
115. Муртазин, М.Ф. Религия, школа, общество: мусульманский взгляд. [Текст] / М.Ф. Муртазин // Педагогика. – 2008. - № 9. – С. 79-82.
116. Мудрик, А.В. Личностный подход. // В кн.Российская педагогическая энциклопедия. Т. 1. – М., БРЭ. 1999. С. 52.
117. Мухаммад, Р.К. Ыйман нурлары [Текст] / Р.К. Мухаммад. – Ош. 2004.

118. Мирский, Г. Исламский фундаментализм и международный терроризм [Текст] / Г. Мирский // Центральная Азия и Кавказ. – 2001. – № 6. – С. 30-42.
119. Мыктыбек, Арстанбек. Мектеп жана дин. Маселенин терезесин шыкаалап [Текст] / Мыктыбек Арстанбек // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. – 2011. – № 1. 74-б.
120. Наумкин, В. Пора понимать Коран [Текст] / В. Наумкин // Наш мир. – 2007. – 20 апр. № 8.
121. Некрасов, А. Эгрегоры. Сердце-ум-эрос [Текст] / А. Некрасов. – Краснодар: Сотвори свое будущее. 2002. – С.160.
122. Немов, Р. С. Психология [Текст]: в 3 кн. / Р.С. Немов. – М.: Владос, 2003. – Кн. 1: Общие основы психологии. – 688 с.; Кн. 2: Психология образования. – 1995. – 496 с.; Кн. 3: Психодиагностика. – 2001. – 640 с.
123. Ницше, Ф. Антихристианин [Текст] / Ф. Ницше. – Ашхабад: Метбугат, 1994. – 326 с.
124. Никитин, А.А. Концепция есть, а что дальше? [Текст] / А.А. Никитин // Народное образование. – 2010. – № 1. – С. 52-58.
125. Никандров, Н. Д. Духовность и религия в светском образовании [Текст] / Н.Д. Никандров // Сб. докл. VI Междунар. рождественских образовательных чтений. – М., 1998. – С. 37-51.
126. Никандров, Н.Д. Светское образование и духовное просвещение: проблемы взаимодействия [Текст] / Н.Д. Никандров // Педагогика. – 2010. – № 3. – С. 10-14.
127. Нотин, А. Какая элита нам нужна. Попытка кризисной диагностики [Текст] / А. Нотин // Народная педагогика. – 2009. – № 6. – С. 272-278.
128. Новиков, А.А. Рациональность в ее истоках и утробах // Исторические рациональности [Текст] / А.А. Новиков. – М., 1995. – Т. 1. – С. 30-55.
129. Основы духовности: серия уроков имама Аль Газали. – СПб., 2008. С. 17-20.

130. Осман, Нури Топбаш. Бакытка багыт [Текст] / Осман Нури Топбаш. – Бишкек: 2008. – 201- б.
131. Осман, Нури Топбаш. Пайгамбарлар тарыхы [Текст] / Осман Нури Топбаш. – Бишкек: 2007. 31-45 б.
132. Педагогическая энциклопедия [Текст] / гл. ред. И.А. Каиров, Ф.Н. Петров. – М.: Сов. энцикл., 1966. – Т. 3. – 879 с.
133. Печчеи, А. Человеческие качества [Текст] / А. Печчеи. – М.: Прогресс, 1995. – 246 с.
134. Понкин, И.В. Зарубежные законы и документы о формировании и защите общественной нравственности несовершеннолетних [Текст] / И.В. Понкин. – М.: Обществ. совет Центр. федерального округа, 2002. – 222 с.
135. Подласый, И.П. Педагогика [Текст] / И.П. Подласый. – М.: Владос, 2003. – 107 с.
136. Подымов, Н.А. Психологические барьеры в педагогической деятельности [Текст] / Н.А. Подымов. – М.: Прогресс, 1998. – 129 с.
137. Пруссаков, В. Ислам – без альтернативный модель XXI века [Текст] / В. Пруссаков // Наш мир. – 2007. – 20 апр. № 8.
138. Психология личности в трудах зарубежных психологов [Текст]: хрестоматия / сост. А.А. Реан. – СПб.: Питер, 2000. – 320 с.
139. Приходько, О. Религия в школе – стандарты совета Европы [Текст] / О. Приходько // Рос. газ. – 2004., 20 янв.
140. Религиозная культура в школе. Новый проект российского образования // Образовательная политика. – 2010. – № 1 – С. 39-40.
141. Религоведение [Текст]: учеб. пособие / под ред. М.М.Шахнович. – М.: Изд-во ист. фак. Моск. ун-та, 2009. – 210 с.
142. Рожков, М. И. Организация воспитательного процесса в школе [Текст] / М.И. Рожков, Л.В. Байбородова. – М.: Владос, 2001. – 256 с.
143. Российская школа на рубеже 90-х годов [Текст]: социол. анализ / под. ред. В.С. Собкина. – М.: Центр социологии образования РАО, 1993. – С. 147.

144. Ротарь, И. Исламский радикализм на просторах СНГ [Текст] / И. Ротарь // Независимая газ. – 1999. – 22 сент.

145. Розенберг, О.О. Труды по буддизму [Текст]: О.О. Розенберг, М.: Наука, 1991. – С. 218.

146. Рудинский, Ф.М., Шапиро М.А. Свобода совести и религия: международно-правовые пакты и национальное законодательство [Текст] / Ф.М. Рудинский // Государство и право. – 1992. – № 5. – С. 11-20.

147. Рубинштейн, С.Л. О мышлении и путях его исследования [Текст] / С.Л. Рубинштейн. – М.: Педагогика, 1998. – С. 147.

148. Сабитов, М.А. Светлое будущее миф или реальность [Текст]: сб. ст. автора о духовности и её роли в жизни человека и об-ва / М.А. Сабитов. – Бишкек: Наука и образование, 2005. – С. 148.

149. Сагадеев, М. Исламский фундаментализм. Жизненный факт или пропагандийская фикция? [Текст] / М. Сагадеев // Россия и мусульманский мир: бюл. реферативно-аналит. информ. – 1993. - № 10. – С. 57.

150. Салим, Фаррух. Еврейлер жөнүндө кызыктуу фактылар [Текст] / Салим Фаррух // Уста Медия. – 2006., 10 янв.

151. Свияш, А. Улыбнись, пока не поздно [Текст]: позитивная психология для повседневной жизни / А. Свияш. – М.: АСТ, 2004. – 352 с.

152. Свияш, А. Уроки судьбы в вопросах и ответах. Диагностика ситуаций [Текст] / А. Свияш. – М.: Центрполиграф, 2003. – 266 с.

153. Свияш, А. Как формировать события своей жизни с помощью мысли [Текст] / А. Свияш. – М.: Центраполиграф, 2003. – С. 219.

154. Семиздралова, О.А. Психологическое здоровье педагога и пути его сохранения [Текст] / О.А. Семиздралова // Народное образование. – 2010. – № 1. – С. 130-135.

155. Серпуховская, Е. Азбука неопознанного [Текст] / Е. Серпуховская. – М.: Изд-во АСТ, 2003. – С. 286.

156. Селиванов, В.И. Воспитание воли школьника [Текст] / В.И. Селиванов. – М.: Учпедгиз, 1994. – 208 с.

157. Слободчиков, В.И. Духовные проблемы человека в современном мире [Текст] / В.И. Слободчиков // Педагогика. – 2008. – № 9. – С. 33-39.
158. Смородинская, М.Д. Путешествуя на кораблях мысли [Текст] / М.Д. Смородинская. – М.: Знание, 1972. – 96 с.
159. Советский энциклопедический словарь [Текст] / Гл. ред. А.М. Прохоров. – М.: Сов. энцикл., 1980. – С.1600.
160. Спиноза, Б.О. О происхождении и природе эффектов [Текст] / Б.О. Спиноза // Психология эмоции. – М., 1984. – С. 29-46.
161. Сухомлинский, В.А. Духовный мир школьника [Текст] / В.А. Сухомлинский. – М.: Учпедгиз, 1961. – 223 с.
162. Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев: Радяньска шк., 1974. – 288 с.
163. Стоун, Р. Небесная-911. Как обращаться за помощью к правому полушарию мозга [Текст] / Р. Стоун. – Киев: София, 2000. – С. 190.
164. Стоун, Р. Жизнь без ограничений [Текст]: 10 простых шагов к успеху и счастью / Р. Стоун Р. – Киев; М.: София Гемос, 2002. – С. 190.
165. Стражевский, Р.Л. О связи морального понятия и поведения подростков – ученые записки Краснодарского института [Текст] / Р.Л. Стражевский. – М.:1956.
166. Стрижев, А.Н. Школа православного воспитания [Текст] / А.Н. Стрижев. – М.: Паломник, 1999. – С. 480.
167. Теппервайн, К. Как противостоять превратностям судьбы [Текст] / К. Теппервайн. – СПб.: Питер, 1996. – С. 201.
168. Тиле, К. Основные принципы науки о религии. [Текст] / К. Тиле // Классики мирового религиоведения. – М.: 1996.
169. Торсунов, О.Т. Законы счастливой жизни [Текст] / О.Т. Торсунов. – М.: Ведабук, 2004. – 368 с.
170. Торукало, В.П. Терроризм как глобальная проблема современности. Современный терроризм: взгляд из Центральной Азии [Текст] / В.П. Торукало, А.М. Бородин. – Алматы, 2002.

171. Турбовской, Я.С. Духовность как объект методологического рассмотрения [Текст] / Я.С. Турбовской // Педагогика 2009. – № 9. – С. 3-13.

172. Турковский В.А. Статья о воспитательных кадетских корпусов и актуальности исторического наследия. Духовное воспитание и православие. [Текст] / В.А. Турковский // Народное образование. – 2010. – № 3. 26с.

173. Фельдштейн, Д.И. Педагогические основы формирования нравственной сферы подростков [Текст] / Д.И. Фельдштейн. – М.: Знание. 1978. – № 3.

174. Хазанов, А.М. Хезболла: невыученные уроки [Текст] / А.М.Хазанов // Азия, Африка сегодня. – 2006. – № 10. – С. 42-44.

175. Хазанов, А.М. Христианская и исламская цивилизации: Диалог культур [Текст] / А.М. Хазанов. – М.: Отражение, 2009. – С. 129.

176. Харисова, Л.А. Ислам. Духовно-нравственное обучение школьников [Текст]: конспекты заниятий / Л.А. Харисова. – М.: Владос, 2002. – С.17

177. Харисова, Л.А. Духовно-нравственные ценности ислама [Текст] / Л.А. Харисова // Педагогика. – 2008. - № 9. – С. 72-78.

178. Харламов, И.Ф. Нравсвтвенное воспитание школьников [Текст] / И.Ф. Харламов. – М.: Просвещение, 1983. – С. 160.

179. Хорева, О.Б. Демографический кризис и нравственность [Текст] / О.Б. Хорева // География в школе. – 1998. – № 6. – С. 27-32.

180. Чотонов, Ө. Ыйман сабагы [Текст] / Чотонов, Ө Нурдинов Б. – Бишкек, 1999.

181. Шадриков, В.Д. Духовные способности [Текст] / В.Д. Шадриков. – М.: Магистр, 2000. – С. 102.

182. Шевченко, И.П. Система духовно-нравственного развития учащейся молодежи Украины [Текст] / И.П. Шевченко // Педагогика. – 2008. – № 9. – С. 114-120.

183. Чмелева, Е.В. Концепция религиозного воспитания Манасеиной М.М. [Текст] / Е.В. Чмелева // Педагогика. – 2007. – № 3. – С. 94-102.

184. Эрик Фромм. Душа человека [Текст]: сб. / Э.Фромм. – М.: АСТ, 2004. – 572 с.

185. Эль Тат. Преодоление кармы. Древние истины о здоровье и счастье [Текст] / Эль Тат. – СПб.: ИД “Невский проспект”, 1999. – С. 178.

186. Энгельс, Ф. Бруно Бауэр и первоначальное христианство [Текст] / Ф.Энгельс // Маркс, К., Энгельс, Ф. Соч. – М., 1978. – Т.19. – С. 306-314.

187. ЮНЕСКО. Растет ли религиозное образование в мире. – Париж, 2003.

188. Ященко, И.К. Василий Великий и духовно-нравственное становление личности [Текст] / И.К. Ященко // Педагогика. – 2011. – № 1. – С. 40-47.

189. Pew Global Attitudes Project, 2007.

**Тиркеме**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# ДИН ТААНУУ САБАГЫ
## Жалпы билим берүүчү мектептердин 8-11-класстары үчүн сынак окуу программасы

Бишкек −2017

## Киришүү

Материалисттик философия илимий окуу катары мезгилдин сынагына туруштук бере албай калды. Методологиялык негизи ал философияга таянган педагогика кризиске келди. КМШнын курамына кирген өлкөлөрдө коммунисттик идеологиянын ордуна балдарды адептик-рухий (ыймандуулукка) тарбиялоого улуттук конструктивдүү идея издеп, мурдагы ата-бабаларынын тажрыйбаларына кайрылышууда.

Кыргызстан Чыгышта жайгашкан, бирок билим берүүнүн Батыш моделин тандап, дин таануу билимин мектептен чыгарып салды. Билим берүүнүн моделинин туура же туура эмес тандалышы элдин ой жүгүртүүсүнүн багытын аныктайт. Элдин туура же туура эмес ой жүгүртүүсүнө жараша ийгилиги же проблемасы болот. Азыркы жашообузда адептик-рухий проблема көбөйдү. Бул − натыйжа. Себеби − билим берүүнүн мурдагы моделинин кемчилигинде.

Бүгүнкү күндө коомдогу баңгилик, аракечтик, сойкулук, токсикомания, никесиз союз ж.б. − напсинин бала кезде тарбияланбай калуусунун натыйжасы. Напсиси тарбияланбаган адам бүгүн бир нерсени кааласа, эртең башка нерсени каалайт. Каалаган нерсени эңсей берген адам аны аткарууга умтулат. Ошентип адам напсинин жетегинде калат. Педагогика илими адамдын рухий дүйнөсүнүн, напсинин табигатын тааныганды жеткиликтүү үйрөтпөйт, адамды, коомду, дүйнөнү тааныганды үйрөтөт. Биз азыр алыскы Галлактиканы адамдын рухунун табигатынан жакшы билебиз. Бир кылымга жетпеген өмүрү бар дененин жашоосуна жакшы кам көрүп, түбөлүк өлбөс рухтун жашоосуна, дилдин соолугуна жеткиликтүү кам көрүлбөйт.

Дин таануу билими адамдын өзүнүн (дилдин, рухтун, напсинин, ыймандын, аң-сезимдин ж.б.) табигатын таанууга үйрөтөт. Ал окуунун негизги максаты − напсинин үстүнөн рухий жеңишке жетишүү.

Орустар Библиядан алынган маалыматтарды гуманитардык предметтерде кенен пайдаланып жатышат. “Православие маданиятынын негиздери” сабагы айрым областтарда милдеттүү окутулуучу предмет катары киргизилди. “Православие жана орус адабияты”, “Дин таануу”, “Ислам маданиятынын негиздери”, “Ислам таануу” (мусулмандарда), “Диний маданияттын тарыхы”, “Динсиз (светтик) мектепте диний билим берүү” ж.у.с. курстар 1991-жылдан бери окутула баштаган (б.а. 25 жыл болду). Өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумуна, адеп-ахлагына жогоруда аталган курстардын, диндин, секталардын таасирин изилдешип, орус окумуштуулары өнүгүп жатышат.

Адамдардын дүйнөгө көз карашынын мозаикалуулугу (көп түрдүүлүгү) коомдо идеологиялык вакуумга алып келди. Тилекке каршы элдин диний жактан билимдери терең эмес. Борбордук Азияда элдин сабатсыздыгынан пайдаланышып, ар кандай радикалдык

секталар үгүт-насыятын балдарыбыздын аң-сезимине таңуулоодо. Кыргыз Республикасынын аймагында жашыруун аракет кылып жаткан диний агымдар бар. Мисалы: Сан Мен Мун чиркөөсү, ак боордоштук (Белое братство) деп аталган коом ж.б. Борбордук Азия өлкөлөрүндө диний экстремисттик партия Хизбут Тахрир аль Ислами реакциячыл аракетин кылууда. Алар көбүнчө кембагал элдин, билимсиз жаштардын арасында өз ишин жүргүзүүдө. Азыр 885 чет элдик жаран-миссионер каттодон өткөн. Алардын 600 христиан, 200 мусулман, 70 салттуу эмес диний агымдар. Балдарды сектанттарга, ар кандай агымдагы чала билимдүү адамдардын таасирине калтырып, педагогдордун кайдигер жашаганы туура эмес. Тарбия маселесине келгенде билим берүү системасы кайдигер боло албайт. Жаштарды тарбиялоо – педагогдордун милдетинин бири.

Окуучуларды ыймандуулукка (адептик-рухий) тарбиялоо боюнча изилдөөнүн методологиялык негизи катары классикалык философияга негизделген педагогикалык адабияттарга таянабыз.

Программа КРнын президентинин алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын заказы боюнча түзүлдү жана Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамынын 40-беренеси жетекчиликке алынды.

**8-класс**

1-чейрек

1. Дилдин соолугу жана анын мааниси.

Дилдин жайгашкан жери ─ жүрөк. Дил соолугунун шарттары. Ак көңүлдүүлүк, жүрөгүндө кара жоктук, чын ыкластуулук. Соо дил, кесел дил, өлүк дил жөнүндө түшүнүк.

2. Ойдун тазалыгы, рухий тазалык жана анын мааниси.

Тазалык ─ жарым ыйман. Ойдун тазалыгы, дененин тазалыгы, рухий тазалык. Ойдун тазалыгы ─ ийгиликтин, жетишкендиктин, улуу ачылыштын булагы. “Бузуку ойдон (эл жөнүндө) сактангыла, бузуку ой ─ жалган пикир” (хадис). Бир адамдын бузулушу ─ шаардын бузулушу. Бир үй-бүлөнүн бузулушу ─ коомдун бузулушу.

3. Адептик кылмыш жана анын жазасы.

Адыстар, үлгүлүү маек. Кыянаттык, чектен чыгуу, бузуу, кылмыш. Ак жеринен күйгүзүү. Кесепети. Жазасы. “Ак жеринен күйгүзсөң, айланып келет жазасы” (ф).

4. Экологиялык тарбия.

Табигый байлыктар, жаратылыш жана жаныбарлар жөнүндө исламий көз караш. Кыргыздардын табигатка мамилеси. Табигаттын сулуулугу. Табигаттын кокусунан жаралбагандыгын түшүнүүгө аракет. Табигатка адам камкордугунун зарылдыгы. Айланага сарасеп салуу.

5. Кайыр-садага, зекет, битир, соопчулук жөнүндө түшүнүк.

Кимге, качан берилет? Кайрымдуулук — ибадат. Туура ишке колдоо көрсөтүү. Колуңан келген жакшылык кылуу — соопчулук. Карыз берүү — сооп, аны кайтарып берүү — парз.
6.Улуттук маданият түшүнүгү.
Өз маданиятыбызды өнүктүрөлү. Башка элдин маданиятын туураба, өз маданиятыңан кол үзөсүң. Сага кереги жок маданияттын кимге кереги бар? Башка маданиятты баарыбыз туурасак, биздин маданият жоголот. Маданиятыбыздын жоголушуна салым кошпо.
7.Тил алчаактык, ийкемдүүлүк, көктүк.
Ата-энеге тил албоочулуктун кесепети. Ийкемдүүлүк — ылайыктуу аракет, жөндөмдүүлүктүн белгиси. Ийкемдүүлүк — иштиктүү аракет. Ийкемдүү бала өтүмдүү. Көктүк, өжөрлүк, кармашуучулук, карышуучулук — чыгармачыл ой жүгүртүүсү, жөндөмү өнүкпөй калган балдардын сапаты. Өнүгүүгө жол изде.
8.Мушташ, жаңжал, талаш, чыр-чатак, ээн баштык, киши өлтүрүү. Токонаалат. Ээн баштык — адептик билимсиздиктин, тарбиясыздыктын, аң-сезимдүүлүгү пастыктын натыйжасы. Чыр-чатакты, жаңжалды, талашты, зөөкүрдүктү, токмоктошууну сүйгөн адам бир балээнин ичинен чыгат. Киши өлтүрүү — мыкаачылык, кечиримсиз кылмыш, ал ыймансыздыктан. Алардын кесепети.
9.Чейректик кайталоо.
2-чейрек
1. Өз эне тилиңде таза сүйлө.
Улут маселеси. Улуттук тилдин сакталып калышынын мааниси. Эне тилин сүйбөгөн элин сүйөбү? Сен сүйбөгөн тилди ким сүйөт? Сен сүйбөгөн элди ким сүйөт?
2.Ыйман нуру.
Ыймандуулуктун белгилери: уяттуулук, каниеттүүлүк, азга ыраазы болуу, кең пейилдүүлүк, сабырдуулук, абийирдүүлүк, шүгүрчүлүк, чынчылдык, ак ниеттүүлүк, ойдун тазалыгы, дилдин соолугу, момундук, такыбалык. Ыймандуулук — бейпилдиктин кепили. Ыйман аркылуу гана адамзат сакталып калат.
3.Пайдалуулук.
Пайдалуу иш, пайдалуу жумуш. Пайдасы тиер адам, эч кимге пайдасы тийбес адам. Сен эмне пайдалуу иш кылдың? Ниетиңде пайдалуу болгуң келеби? Ойлон. “Силердин эң жакшыраагыңар элге пайдалуурагыңар” (а). “Өз пайдаңды ойлобо, эл пайдасын ойло, эл пайдасын ойлосоң өз пайдаң болот ойдо” (Жусуп Баласагын).
4.Талоончулук, каракчылык.
Талоончулук менен каракчылыктын айырмасы, кесепеттери. Талоончулук менен каракчылык эмне үчүн арам? “Талоонду койду үйүмө, такыр жетет түбүмө” (ф). “Ууруну каракчы тоноптур” (м).
5.Нарк, насил түшүнүгү.
Нарктуулук — жүрүм-турум нормасын билген, эстүү-баштуу, салабаттуу, салмактуу адамдын сапаты. Нарктуу сөз. Ата-бабалардын наркы. Нарксыз адам. Нарк сүйлөгөн, эл бийлеген − акылман. “Билбеди менин баркымды,

өткөздү менин наркымды”(ф). Насили ─ төркүнү, түпкү теги. Насил орундуу сөз.
6.Адамдын ниетинин актыгы менен бактылуу болушундагы байланыш. Жакшы ниет – жарым ырыс. Багы ачыктын маңдайы жарык (м).
7.Чейректик кайталоо.
3-чейрек
1. Акыл тарбиясы.
Акылы аздын азабы көп. Акылы аздын белгилери: уйкучу, күлкүчү, алаңгазар, алын билбей эдиреңдейт, жаман адаттарга көнөт (тамеки, арак, баңги, сойкулук ж.б.), сөзү чоркок, каап сүйлөйт, калп айтат, ачуусу чукул, таарынчаак, ою арам, ичи тар, кылыгы жаман ж.б. Азабы: терс жолго түшөт, дили кесел болот, бактысыздык, деградация, проблема, оору ж.б. Зыяндуулугу. Кутулуу усулдары.
2.Адамдын тизгини акыл.
Акылдуунун белгилери: аз сүйлөйт, көп тыңшайт, аракетчил болот, бир сөздөн түшүнөт, билимди самайт, ойчул болот, кызыгуу чөйрөлөрү көп, окуянын пайдалуулугу, зыяндуулугу жөнүндө ойлонот, башкалардын ийгилигинен, жаңылыштыгынан сабак алат. Акыл − адамга берилген керемет. Акылды туура иштетүү − ыйманга алып барат. Акылдын пазилеттери. Акылды өнүктүрүү усулдары. Акылдуу адам жөнүндө үлгүлүү маек. Акылды туура эмес иштетүү − азапка жол.
3.Бакыттын сыры, адептик аң-сезимдүүлүк.
Аң-сезимдүүлүктүн өнүгүүсүнө кам көрүү. Аң-сезимдүүлүгүнүн өнүгүшүнө кам көрбөгөн адам. Анын төмөндөшү, маанайдын пас болушу, адам өзүн бактысыз сезиши. Бакытты дене сезбейт, жан сезет.
4.Улуттун менталитетинин өзгөчөлүгү.
Улуттун аң-сезими, көз карашы, саясаты, дини, идеологиясы. Улуттун менталитетинин деңгээлинин жогорулашы ─ тарыхый өнүгүүнүн зарыл шарты.
5.Табигаттын мыйзамдары, рухий мыйзамдар. Акыл-эстүү адам табигый дүйнөгө жоопкерчиликтүү. Байланышы.
6.Дүйнө түзүлүшү.
Тартип, гармония, ички жана тышкы дүйнөнүн байланышы.
7.Башка адамдарга кылган мамилебизден өзүбүздүн ички абалыбыздын көз карандылыгы.
8.Адамдын физикалык (денеси) жана рухий дүйнөсү бирдиктүү система катары.
Адамдын жашоосунун рухий маани-маңызы.
9.Чейректик кайталоо.
4-чейрек
1. Дүйнө таануу багыты.
Дин ─ маданияттын байыркы формасы. Дин – адамзаттын жашап кетүүсүнүн зарыл бөлүгү. Дин − адамзатты аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун зарыл каражаты. Дин жана ибадат. Ибадат менен ритуалды чаташтыргандар. Эреже менен жашоо.

2.Элдин маданияттуулугунун ар бир адамдын билимдүүлүгүнөн жана ыймандуулугунан көз карандылыгы.
3.Жалпы гармониянын сакталышы жана бузулушу.
Келишкендик, өз ара жылуу мамиле, бири-бирине байланыштуулук, ылайыкташуу, ынтымакка умтулуу. Гармониянын сакталышынын мааниси. Бузулушуна карата сабактар.
4.Элдик традициялар.
Элдин муундан муунга мурас катары өтүүчү маданий баалуулуктары, адат, тартип, салт. Эл ─ жалпы тили, маданияты, максаты, дини, идеясы аркылуу бириккен коом. Үй-бүлөгө элдин салттуу мамилеси. Элдик баалуулуктар.
5.Элдин өз ара маданий, рухий, тарыхый байланышы.
Маданият ─ элдин бирдиктүү чыгармачылыгынын натыйжасы. Маданияттуулук ─ адамдын колунан келген нерселеринин эң жакшысы. Маданият − элдин акыл-ою, кулк-мүнөздү жакшыртууга таламдары, мүдөөлөрү, тарбиясы, агартуу иши, өсүү багытындагы байланышы. Тарых − элдин басып өткөн жолу, кийинки муунга жазып калтырган осуяты.
6.Коомдук мугалим.
Мечит коому. Өзүн өзү тарбиялаган коом. Тарбиялуу коомдун ар бир атуулу кайрымдуу. Жакшыга үндөө, жамандан тосуу. Мугалимге көрсөтүлгөн ишеним. Коомдук адеп сакчысы − мугалим. Коомдук мугалим оор, бирок ардактуу миссия.
7.Чейректик жана жылдык кайталоо.
**9-класс**
1-чейрек
1. Үй- бүлө түзүү. Жар тандоо.
Сулуулугу, ата-теги, ыйманы, байлыгы. Кызды күйөөгө берүү. Бактылуу үй-бүлө куруу. Үй-бүлө – маанилүү институт.
2.Никелүү жана никесиз союз.
Никенин мааниси. Никенин тартиби, шарттары. Ысыраптан качуу. Той үлпөтү.
3.Эркектин милдеттери.
Аялдын тарбиясы. Аялды кийиндирүү. Аны багуу. Бактылуу кылуу. Коргоо жана жамандыктан сактоо.
4.Аялдын милдеттери.
Эр кадырын жана баркын билүү. Сиңиримдүүлүк. Көтөрүмдүүлүк. Мээримдүүлүк. Берилгендик. Сүйүү жана бала төрөө.
5.Бала тарбиялоо.
Тарбия деген эмне? Тарбияны баштоо мөөнөтү. Тарбия таза тамактан башталат. Тарбия башаты ─ эне. Тарбиянын зарылдыгы, өзгөчөлүгү.
6.Ата-эненин укуктары жана баланын милдеттери.
Акы жана укук. Укуктун сакталуусу милдеттин аткарылуусунан көз каранды.
7.Уулдун күч-кубаты менен аткарылуучу милдеттер.
Ата-энеге дайыма кызмат кылуу. Аларга урмат-сый көрсөтүү, туура мамиле түзүү, чакырса ылдам баруу. Ата-эне бир мезгилде чакырса, адегенде энесине баруу, анан атасына баруу. Дайындаган ишти аткаруу. Шариятка туура

келбеген ишти аткарбоо. Ата-эненин уруксатысыз сапарга чыкпоо. Ата-энеге таазим кылуу жана алардын ордуна отурбоо.Чогуу бир жакка жулунуп өтпөй, жол берүү же катарлаш басуу. Ата-эненин алдында адептүү болуу. Алардын атын атап чакырбоо. Аларга буйрук берип сүйлөбөө. Алардын алдында үшкүрбөө.

8.Уулдун ата-эне алдындагы дили менен аткарылчу милдеттери.

Ата-энеге ырайымдуу болуу. Алардын кубанычына ортоктош болуп, кайгысын тең бөлүшүү. Оорусуна шыпаа издөө. Алардын сүйлөгөнүнө кыжырданбоо. Аларды алакчылабай (жашырынып сүйлөбөй, бөлбөй), тең кароо. Алардын өмүрүн тилөө.

9.Чейректик кайталоо.

2-чейрек

1.Уулдун ата-эне алдындагы каражат менен аткарылчу милдеттери.

Өзүнүкүнөн мурда алардын муктаждыгын камсыздоо. Ата-энесин ачка калтырбоо. Акыбалын сурап туруу. Ата-энесин коноктоп туруу. Алардын досторун дос, душманын душман деп билүү, досторун меймандап туруу.

2.Уулдун ата-эне көзү өткөндөн кийинки милдеттери.

Эң оболу сөөктү тез коюуга аракет кылуу. Тажиясында ысырапкерчиликке жол бербөө. Жаназасын окуу.

3.Биздин ички дүйнөбүз.

Ички дүйнөбүздүн билимдүүлүктөн, адамдар менен мамиле түзүүбүздөн, рухий жана материалдык талаптарыбыздан көз карандылыгы.

4.Адамдын ички дүйнөсүнүн тынчтыгы.

Бейпилдик менен бактылуулуктун себеп-натыйжа байланышы.

5.Бизди курчаган дүйнөнүн бизге таасири.

Биздин абалыбыздын башка адамдардын көз карашынан, маанайынан, мамилесинен көз карандылыгы. Көңүлдө калган ой, пикир.

6.Жакшы маанай, таза ой, ак ниет, адамгерчиликтүү мамиле менен ден-соолуктун көз карандылыгы. Дени соонун, дили соонун – руху соо.

7.Чейректик кайталоо.

3-чейрек

1.Башка диндеги адамдарга туура мамиле түзүү.

Дүйнөлүк цивилизация жөнүндө түшүнүк берүү. Башка диндеги элдерди сыйлоо. Алар менен ынтымактуу жашоонун маанисин түшүндүрүү.

2.Улутчулдукка, шовинизмге, расизмге, фашизмге кандай мамиле керек?

Шовинизм – саясатта чыныгы эл менин элим деп, башка элдерди жек көрүү, кемсинтүү, улуттар арасында душмандык туудуруучу барып турган улутчулдук. Расизм − илимге каршы реакциячыл теория, бул − адамдар расасы бирдей эмес, тандамал раса башкаларга үстөмдүк кылыш керек деген сандырак. Фашизм − реакциячыл, агрессивдүү, террористтик диктатураны эңсеген саясый агым, идеология. Экинчи дүйнөлүк согуштун себепкери. Туура эмес идеология менен күрөшүү. Чыдамдуулук көрсөтүү, калыс болуу, адилет сөз айтуу, ыйман тилеп дуба кылуу.

3.Толеранттуулукка тарбиялоо.

Толеранттуулук (лат. toĺérantia − чыдамдуулук көрсөтүү, жол берүү, көңүлүнө карап мамиле кылуу). Башка көз караштагы, ынанымдагы, ишенимдеги адамдарга сабырдуу мамиле кылуу. Башка расадагы, улуттагы элдердин маданиятын сыйлоо. Аныкы туура эмес, сеники туура болсо да чыдоо. Пайгамбар аларды эмес, бизди үйрөткөн. Эми сиз аларды үйрөтүңүз. Мусулман үлгү көрсөтүш керек. "Кийимиңерди жарашыктуу кылыңыздар. Адамдарга беттеги калдай үлгү болуңуздар"(а). Адептүүлүктү адепсизден (иренжип, аны кайталабай) үйрөнүү.

4.Атак-даңкка, белгилүү адам болууга умтулуу.

Популярдуу болууга умтулган бала элдин баарына жагынууга умтулат, элдин баарына жагынуу мүмкүн эмес, андай бала кризиске келет. Дайыма эле мени ардактап турса деп ойлогон адам пайдасыз. Абийир менен беделинин көтөрүлүүсү. Атак-даңкка жетишкен адамдар. Менменсинүүгө жол берип коюу. Жаман аттуу болуу, бедели түшүү менен "атакка" конуу. Эл ичинде кеп болуу.

5.Исламда тыюу салынган нерселер.

Жалганчы күбө болбо. Таразадан алдаба. Пайгамбарлардын сөзүн өзгөртпө. Курандын канондорун өзгөртпө. Таза аялдын намысына шек келтирбе. Өзүңдү өзүң өлтүрбө ж.у.с.

6.Кыздардын эмансипацияланышы, балдардын феминизацияланышы.

Кыздардын эркектерден көз каранды эместиги, эркек сыяктанып кийинип, эркек сыяктанган жүрүм-турумуна ээ болушу − эмансипация деп аталат. Кыздарга эркек сыяктанып кийинүү − күнөө, жүрүм-турумун тууроо туура эмес. Эркек чалыш кыз аял затына берилген назиктиктен, жумшактыктан ж.б. касиеттерден куру калат. Феминизация – коомдо аялдардын маанисинин жана таасиринин жогорулашы, эркектерде аялдык белгилердин пайда болуусу. Кыздардын кийимин эркекке кийүү, жибек, баркыт ж.б. кездемеден кийим кийүү − арам. Кыздай жүрүм-турум күткөн уулда эркектик сапаттар тарбияланбай калат. "Кыздын кыздай, уулдун уулдай болгону дурус" (м).

7.Өзүн өзү таануу.

Өзүнүн күчүн, жөндөмүн, талантын, шыгын, зээндүүлүгүн, сапатын таануу. Өзүнө өзү байкоо жүргүзүү, өз мүдөөсүн аныктоо, напсинин каалаганын, ниетинин актыгын, оюнун тазалыгын, дилинин багытын байкоо, өзүнүн Жер жүзүндөгү милдетин аныктоо.

8.Өзүн өзү көзөмөлдөө, мааниси.

Өз айыбын, кемчилигин, күнөөсүн моюнга алуу, тобо кылуу, жаман адаттан кутулууга бел байлоо, ыза болгон учурда өзүн өзү токтотуу, өз алдынча билим алууга умтулуу, өз камын өзү көрүү, напсини оздуктоо, өзүн өзү текшерүү. Кебинин тазалыгына умтулуу, ниетин оңдоо, жаман ойдон кутулуу, жакшы тилек менен дуба кылуу. Аң-сезимдүүлүгүнүн өсүшүнө кам көрүү.

9.Чейректик кайталоо.

4-чейрек

1.Эңсөө, кыял, иллюзия.

Адамдын бир нерсеге өтө кумарланып, берилип, каалаганын “эңседи” деп коюшат. “Эңсесин кес” (укротить, лишить силы), “эңсеси каткан” (обессиленный), “эңсеси кесилди” (пал духом), “эңсеси жок” (нет прежнего духа) деген сөздөрдү чечмелегиле. Дайыма эңсегенин аткарууга умтулган адам энергиясын сарптай берет. Ал өз эңсөөлөрүнүн кулуна айланат. Кыял − элестетүү, көз алдына келтирүү. Өзүн өзү кыялы менен жубатуу, кыялга чөмүү, куру ойлоно берүү, санаасы менен баюу, фантазия. Иш жүзүнө ашпай турган үмүт. Булардын зыяндуулугу.

2. Эске тутуу.

Унутчаактыктын себеби эмнеде? “Эске тутуу”, “эсин жыйнады”, “эсинен танып калды”, “эс-учун билбей калды”, “эсине келди”, “эси жок”, “эстүү” деген сөздөрдүн маанисин чечмелегиле. Эске тутумду бекемдөө. Куран жаттоо, кайталоо, окуу. “Эстүүлөргө ынак болгун, кулак сал, эси жокко жакындаба, тилим ал” (ф). “Эстүү көпчүл, эси жок өзүмчүл” (м).

3.Ойду концентрациялоо.

Дин таануу илимин өздөштүрүүгө багыт алуу, Кунт коюп окуу, даанышман адамдардын осуяттары жөнүндө ой жүгүртүү, дилдин соолугуна умтулуу, көңүл буруу ж.б.

4.Назар, көз тийүү.

Назар − байкоо, үңүлүп кароо, тикийген көз караш, кабагынын асты менен кароо, астыртан көз чаптыруу, ага кунт коюу, көңүл бөлүү, көздөө, ал жөнүндө ойлоо. Назар − тийген каргыш, сук же көз. “Байдын уулу назары ач, ыймандуу пенде андан кач” (ф). Көз тийүүнүн себептери − ач көздүк менен кароо, назар түшүү, ич күйдүлүк, көрө албастык. Көз тийүүнүн илимий түшүндүрүлүшү. Коргонуу каражаттары.

5.Кыргыз жергесинде рухий талаптарды коргоочулар.

“Урук-тууган”, “урук кууп” (по родам, по племенам), “руху түштү” (падать духом) деген сөздөрдү чечмелөө. Урук, рух (дух) синоним сөздөр.Талап − суроо, умтулуу, издөө, тартип, шарт. Кыргыздын рухий талабын ким коргош керек?

6.Мусулмандардын төрт масхабы (бөлүнүшү) жөнүндөгү кыскача түшүнүк берүү.

Сахабалар деген ким? Төрт улуу сахабалар жөнүндө үлгүлүү маек. Ансарлар, мухаджирлер, алардын адеби.

7.Чейректик жана жылдык кайталоо.

**10-класс**

1-чейрек

1. Зордук, зомбулук, зулумдук, ага диндин мамилеси.

Зордук, зомбулук, зулумдук, алардын айырмасы. Күч жана алсыздык, мажбурлоо, алардын кесепеттери. Зордуктоо жана зордук, айырмасы. Зомбулуктан зордукка жол. “Зордук кылба жесирге, зомбулук кылба жетимге” (ф). Зомбунун, зулумдун жүрөгүн жумшартуу усулдары.

2.Ислам ─ идеология катары.

Ислам ─ маданияттын эң байыркы формасы. Ал идеологиянын мусулман элдеринин жашоосундагы ролу.

3.Ислам жана илим.
Исламдын илимге мамилеси. Исламдын адамзаттын өнүгүүсүнө тийгизген таасири. “А түгүл Кытайда болсоңуз да илим алыңыз. Анткени илимге ээ болуу − ар бир момун (чыныгы мусулман, кудайчыл, такыбаа) үчүн парз” (а). “Садаганын жакшысы момун адамдын илимин үйрөнүп, андан соң аны башка момун бурадарларга үйрөтүү болуп саналат” (а).
4.Караңгылыкта жарык чачкан мусулман аалымдар жөнүндө.
Дүйнөдөгү эң биринчи илимдер академиясы. Европа элине биринчилерден болуп сабак берген аалымдар жөнүндө маек.
5.Медицина илиминин өнүгүшүнө мусулмандардын кошкон салымы.
Дүйнөдөгү биринчи медицина институту. Медицина илиминин негизделишине салым кошкон окумуштуулар.
6.Математика илиминин өнүгүшүнө мусулмандардын кошкон салымы.
Дүйнөдөгү биринчи “Алгебра” китебин түзгөн математик. Тригонометрия китебин алгачкы түзгөн математик. Чыгыш математиктери. Математиканы XII кылымда Европалыктар Чыгыш окумуштууларынан үйрөнүшкөн.
7.Табигый илимдердин өнүгүшүнө мусулмандардын кошкон салымы.
Дүйнөлүк картаны алгач түзгөн географ. Ислам атласын түзгөн географ. Мусулман илимпоздор түзгөн энциклопедия. Дүйнөдөгү биринчи обсерватория (астрономиялык, метеорологиялык байкоолор жүргүзүлчү атайын жабдылган имарат).
8.Дин − бирдиктүү система.
Биримдүүлүктүн зарылдыгы. Ислам − жалпы адамзатка таандык дин. Исламда расага, улутка, жердешчиликке бөлүнүү жок. Мусулман − мусулмандын бир тууганы. “Мурдагы пайгамбарлардын ар бири өз калкына келген, мен болсо адамзатка жиберилдим”, ─ деген Мухаммед (сав). Биримдүүлүктүн негиздери. Коом бөлүнсө, өнүгүүгө зыян. Суннит, шиит, мутазалит ж.б. болуп бөлүнүүнүн зыяны. Фитна, фирка түшүнүгү. Эхли сүннөт валь жамаат, Бахаизм, Ахмедия, Хизб-ут-Тахрир-аль Ислами, Таблиг жамаат, Вахабизм ж.б. жөнүндө кыскача түшүнүк. Зыяндуулугу.
9.Чейректик кайталоо.
2-чейрек
1.Ортодоксалдуу көз караш жөнүндө түшүнүк.
Ортодоксалдуу (грек. Orthodoxos − кандайдыр бир динди бек кармануучу). Кандайдыр бир окуунун, теориянын, көз караштын жолун кыйшаюусуз жолдоочу, ырааттуу, тартиптүү, логикалуу.
2.Библия.
Библия ─ иудейлик жана христиандык “ыйык китептердин” жыйнагы (грек. biblia ─ китеп), “библиотека” деген сөздүн уңгусу. Забурдун (Эски осуяттын) кыскача мазмуну, адептик эрежелери, үлгүлөрү, негизги принциптери.
4.Тоорат (Азирети Муса алейхи саламга берилген беш китеп).
Кыскача мазмуну. Он осуят. Иудаизм дининдеги Кудай тааным. Иудаизм адеби. Азирети Иса (алейхи салам), Мухаммед (салляллаху алейхи ва саллям) пайгамбарлардын иудаизмге мамилеси.

4.Талмуд (иудейлердин колдонгон диний-этикалык, укуктук, турмуштук буйрук, тапшырма, Эски осуятка негизделген түшүндүрмө). Тарыхы, кыскача мазмуну.
5.Сионизм. Еврейлердин шовинисттик, реакциячыл, расисттик агымы, идеологиясы.
6.Инжил (Азирети Иса алейхи салам жөнүндө баяндалган китеп).
Жаңы осуяттын кыскача мазмуну, аскетизм түшүнүгү. Төрт Инжилдеги төп келишпестиктер.
7.Чейректик кайталоо.
3-чейрек
1.Христианчылык (Аз. Иса пайгамбар Кудайдын баласы деп ишенүүгө негизделген дин). Үчилтик (троица) Кудайга: Кудай-ата, Кудай-уул, ыйык рухка сыйынуу. Ыйык китеби – Библия.
2.Православие ─ орустун улуттук маданиятынын рухий негизи. Адеби. 9-11-кылымда чыгыш христиан чиркөөсү катары Византияда түзүлгөн, христианчылыктын негизги багыттарынын бири.
3.Католицизм. Рим папасы башында турган, чиркөө уюму (Ватикан) менен христианчылыктын негизги багыттарынын бири. Христиан элдеринин көпчүлүк бөлүгүн католик ынанымындагылар түзүшөт. Батыш этикасы. Батыш элдеринин адеби. Проблемалары.
4.Протестантизм. Батышта (христиан双 материнде) католицизмге каршы чыгуунун натыйжасынан пайда болгон диний окуу. Лютеранчылыктын (16-кылымда немец реформатору Мартин Лютер негиздеген протестант дини), кальвинизмдин (16- кылымда реформатор Ж.Кальвин негиздеген дин) пайда болушу. Протестантизмдин жалпы мүнөздөмөсү, адеби. Мүчүлүштүктөрү.
5.Секталар.
Үстөмдүк кылган чиркөөдөн бөлүнгөн диний коомду, топту секта деп аташат. Тоталитардык секталар. Секталардын жаралуу тарыхы, мүчүлүштүктөрү. Кыргыз Республикасындагы секталар. Мүчүлүштүктөрү.
6.Сыйкыр.
Африкалык вуду үлгүсүндөгү сыйкыр, христиан үлгүсүндөгү сыйкыр, латын америкалык Карлос Кастанеддин үлгүсүндөгү сыйкыр. Чыгышта колдонулган сыйкыр. “Жай ташты көлгө урду дейт, жай дубасын күбүрөп, жайлап карап турду дейт” (ф). “Кара ташты дубалап, кара сууга уруптур, кар жаадырып кытайлар, дуба окуп туруптур” (ф).Чечмелөө. Адашуу жана адаштыруу. Зыяндуулугу.
7.Гипноз − жасалма жол менен уктатуу, дарылоонун бир түрү. Көз байлап коюу (тиктеп өз эркине багындыруу).
8.Иллюзионизм (сезимди алдоонун негизинде чыныгы нерсени буруп көрсөтүү). Жалган философиялык көз караш, субъективдүү идеализмдин чектен чыккан формасы, анда дүйнө сезимдердин алдоосунун натыйжасында тим эле көрүнүү деп ыраталат. Искусстводо колдонулушу.
9.Чейректик кайталоо
4-чейрек
1.Параллель дүйнө.

"Мен жин жана адамдарды Өзүмө сыйынуулары үчүн жараттым" (Куран, Аз-Заарийат, 56). Космостук зыяндуу күчтөр (жин-шайтандар) алардын түрлөрү. Адамга зыяны. Адамдын көз карашына, акыл-эсине, эркине алардын тийгизген терс таасири. "Жин оору", "жинин какты", "жини кармады", "жин тийди", "жиниме тийбе", "жин чыгар", "жин агыт". Чечмелегиле. "Жин оору тийбей бакшы жок" (ф). "Акылдан адашса, жин болот" (м). Мусулмандын коргону.

2.Моралдык жактан бузулуу.

Бачабаз (гомосексуализм), лесбиян (аялдардын бузулушу), педофилия (балдарды бузуу). Инкуб, суккуб түшүнүгү. "Идеянын" таасири астында акылдын оопай болушу. Коомго зыяны. Реабилитация (жаманатты боло электен мурунку беделин калыбына келтирүү).

3. Галлюцинация. Депрессия.

Мээнин ишинин бузулгандыгынын аркасында жок нерсени элестетип көрүү, угуу. Коомдук турмуштун төмөндөшү, кери кетиши. Көңүл чөгөт болгон дилдин кеселдиги. Реабилитация.

4.Акылмандуулук, даанышмандык.

Турмуштук тажрыйбага, билимге таянган терең акыл, акылмандуулук. "Баш – акыл үчүн, акылман – эл үчүн" (м). Эстүү-баштуу, туура ой жүгүрткөн адам. Иштин жакшы жагын ойлогон адам. Алыскы келечекти билимге таянып ойлогон адам. "Айткан сөзү калкынын жүрөгүнө эм болсо, даанышман көркү сөзүндө" (ф).

5-6.Зээн, дээр, зиректик.

Зээндүүлүгү деп түшүнүктүүлүгүн, ачык жана даана түшүндүрө билүүсүн, шыктуулугун, жөндөмдүүлүгүн, таланттуулугун айтышат. "Зээни кейиди"(сердце кровью облилось), "зээни бузулду" (настроение испортилось) сөздөрдү чечмелегиле. Дээри деп аң-сезимин, акылын, жөндөмүн, ой жүгүртүүсүн айтышат. "Дээринде жок, кантип окуйт", "Дээринде жок болсо, айткан менен пайда жок" (ф). Аларды өнүктүрүү.

7.Чейректик жана жылдык кайталоо.

**11-класс**

1-чейрек

1.Ишенимдер.

Адамдын жашоосундагы ишенимдин ролу. Диний ишенимдин өзгөчүлүгү. Ишенимдин генезиси (чыгышы, өнүгүү процесси). Туура эмес ишенимди тандаган адамдын, элдердин проблемалары жөнүндө маек.

2.Тотемизм.

Тотем (англ. totem – анын уруусу, тукуму, бул сөз индеецтерден келген.) Уруунун уюткусу деп сыйынышкан айбан же өсүмдүк. Тотем түшүнүгү. Тотемдин сүрөтү менен тартылган герб. Проблемалары.

3.Фетишизм.

Фетишизм (француз. fetiche – бут, жасалма кудай, аздек). Уруунун буюмга, тумарга сыйынуусу, далилсиз эле кубулушка, идеяга сыйынуу, жыгачтан жасалган буюмдарды, асыл таштарды, баалуу металлдарды ызааттоо, ыйык

деп таануу. Саясый экономиядагы товардык фетишизм. Медицинадагы фетишизм (адамдын жыныстык жактан бузулушу, аялдын чачына же буюмуна жыныстык умтулуу). Проблемалары.

4.Астрология. Астрология (грек. astron − жылдыз + логия − окуу). Байыркы заманда пайда болгон жана орто кылымда өнүккөн, жылдызга карап кишинин тагдырын айтып берүүгө болот деген илим. Гороскоп түшүнүгү. Зыяндуулугу.

5.Анимизм. Анимизм (лат. anima − жан). Бардык нерселерде жан бар деп түшүнүүгө негизделген фантастикалык система. Байыркы адамдардан келе жаткан ишеним. Зыяндуулугу.

6.Спиритизм. Спиритизм (лат. spiritus − рух) өлгөн адамдын жаны менен сүйлөшүүгө болот деген жалган ишеним. Медиум түшүнүгү. XIX кылымдын аягында аристократия чөйрөсүндө кенен тараган ишеним. Оккультизм (лат. occultus – жашыруун) – табияттан тышкаркы “жашыруун күч”, “дух” бар деген мистикалык окуу. Батыш өлкөлөрдө кеңири тараган. Зыяндуулугу.

7.Мифология.

Адамдын тажрыйбасынын негизиндеги ой жүгүртүүнүн натыйжасы. Мифти (грек. mythos − сөз, байыркынын аңгемеси, байыркы замандан ылакап) аллегорияга (адабиятта, искусстводо абстракттуу түшүнүктү конкреттүү образдар аркылуу көрсөтүү), тарыхка айландыруу. Мифтин пайда болушу, түшүндүрүлүшү.

8.Жылдыздардын, айдын, топ жылдыздардын мифологиядагы орду. Философиялык мифтер. Геологиялык мифтер. Фантастикалык мифтер.

Өлкөнүн, элдин, уруунун аталышы боюнча этимологиялык (тил таануу илиминин сөздөрдүн формаларынын чыгышын изилдөө бөлүмү) мифтер.

9.Чейректик кайталоо.

2-чейрек

1.Марксизм-ленинизм (материалисттик философия, саясый экономия, социалдык-саясый көз караштардын системасы) теориясы. Мезгилдин сынагына туруштук бере албаган “илимий” система.

2.Коммунисттик (лат.communis − жалпы) идеология. Коммунизмдин моралдык кодекси. Адеби. КМШда жашаган өспүрүмдөрдүн проблемалары.

3.Атеизм. Атеизм (франц. atheisme − кудайсыз). Марксисттик философиянын негизине таянып, Кудайдын бар экендигин тануучу “илим”. Динге ишенбөөчүлүк, кудайсыздык. Ой жүгүртүүнүн стереотиптүүлүгү (чектүү ой жүгүртүү).

**Дүйнөлүк жана улуттук диндер алардын өзгөчөлүктөрү**

4.Политеизм (бутпарастык). Көп кудайга ишенүүгө негизделген алгачкы теисттик (филос. дүйнөнү Кудай жараткан жана башкарат деп кароочу диний көз караш) эмес диндердин жалпы аталышы. Бутка табынуучулук, көп кудайга табынууга негизделген дин (язычество). Политеизм. Политеизмдин монотеизмден айырмасы. Этникалык диндер. Синтоизм, шаманизм жөнүндө кыскача түшүнүк. Мүчүлүштүктөрү.

5.Зороастризм. Байыркы, орто кылымдарда Орто Азияда, Жакынкы жана Орто Чыгышта, Иранда, Азербайжанда тараган дин. Ыйык канону − “Авеста”. Отпарастык. Мүчүлүштүктөрү.
6.Теңирчилик.
Теңир ( “Кудай” деген сөздүн ордуна колдонулган сөз). “Бекерден Теңирим безер”. “Момундун ишин Теңирим иштейт”. “Теңир жалгасын”. “Теңир урсун”. “Теңирден тескери”. Чечмелөө. Теңирчиликтин тарыхы. Мүчүлүштүктөрү.
7.Чейректик кайталоо.
3-чейрек
1.Вед окуусу. Кришнаизм. Брахманизм. Карма, каста түшүнүгү. Жайнизм.
2.Вед окуусу боюнча адептик аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүү жолдору.
3.Индуизм. Жандын кайра жаралуусуна ишенген окуу. Философиясы. Адеби.
4.Буддизм. Гаутаманын жашоо жолу, рухий изденүүсү. Буддизмдеги политеизм.
5.Буддисттик космогония (дүйнөнүн, ааламдын, күн системасынын жаралышы жөнүндөгү илим) жана космология (бүткүл дүйнө, ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү илим).
6.Абсолют (дүйнөнүн түбөлүк, өзгөрбөс, рухий түпкү негизи). Нирвана (буддисттерде өзүнүн жеке бытиесинин азабынан кутулган жандын магдырап, жыргап калышы). Буддизмди тутунган элдин адеби. Мүчүлүштүктөрү.
7.Буддисттик окуунун негизинде адептик аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүү ыкмалары.
8.Кытай дини. Конфуцийдин окуусу. Даосизм. Кытай философиясы.
9.Чейректик кайталоо.
4-чейрек
1.“Көзү ачыктар”. “Диний” ырым-жырымдар. Чындык жана шумдуктар. Бал ачуу, төлгө салуу, кофе, карта менен келечекти божомолдоо. Зыяндуулугу.
2.Азыркы мезгилдеги дүйнө жүзүндөгү конфессионалдык картина.
3.Ислам философиясы.
Экөөнүн айырмасы. Философия (грек. phileo + sophia − акылмандуулукту сүйүү) − акылмандуулукту сүйгөн адамдар түзгөн окуу. Акыйда, исламий этика. Тоухид.
4.Жаштарга ислам этикасынын негиздерин билүүнүн мааниси. Азыркы коомдогу баңгилик, аракечтик ооруга чалдыккандарды реабилитациялоо боюнча ислам этикасынын жолдомолору.
5.Исламий окуудагы адептик аң-сезимдүүлүктү өнүктүрүү усулдары.
6. Исламий позициядагы эркиндик түшүнүгү.
XIX кылымдын аягында либералдык-оппозициялык көз караштагылар “динди тануу − эркин ой жүгүртүүгө жетишүү” деп эсептеши. Эркиндик − боштондук, азаттык. Эркиндикке жетүүнүн каражаты – илимий, диний билим үйрөнүү.
7.Чейректик жана жылдык кайталоо.